М-22

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Терминология комиссиясы

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
Терминологическая комиссия

М. С. Мамбетов

# КЛИНИКАЛЫК МЕДИЦИНА ТЕРМИНДЕРИНИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ ТЕРМИНОВ КЛИНИЧЕСКОЙ МЕДИЦИНЫ

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

М. С. МАМБЕТОВ

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ ТЕРМИНОВ КЛИНИЧЕСКОЙ МЕДИЦИНЫ

ИЗДАТЕЛЬСТВО „ИЛИМ"
Фрунзе 1973

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ

М. С. МАМБЕТОВ

# КЛИНИКАЛЫК МЕДИЦИНА ТЕРМИНДЕРИНИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

„ИЛИМ" БАСМАСЫ
Фрунзе 1973

М 22

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын
Терминология Комиссиясынын чечими боюнча басылды

Редактор Ж. Молдакматов

433832

Центральная научная
БИБЛИОТЕКА
Академии наук Кирг. ССР

# КИРИШ СӨЗ

Медицина илимий терминдерине муктаждык жылдан =жылга арбып бара жатат. Анткени бул илимдин теориялык жана тажрыйбалык зарылчылыгы да уламдан=улам күч алууда.

Ал эми Кыргыз ССР илимдер Академиясынын академиги И.К. Ахунбаев тарабынан түзүлгөн "Анатомиялык=физиологиялык терминдердин орусча=кыргызча сөздүгү" жана медицина илимдеринин докторлору М.А.Алиев жана Т. Тыналиевалар түзүшкөн жалпы эле "Медициналык терминдердин орусча=кыргызча сөздүгүнүн" долбоору медицина илимине тиешелүү терминдерди бир кыйла камтыганы менен анын клиникалык тармагына тиешелүү терминдерге бул сөздүктөрдө кеңири орун берилген эмес. Ошого байланыштуу бул сөздүктү түзүүдө негизинен ооруkана практикасында кеңири колдонулуучу терминдер тандалып алынып, алардын тиешелүү эквиваленттери берилип, алар кыскача түшүндүрмөлөр менен да жабдылды. Ошондуктан бул сөздүктөгү терминдер жогорудагы сөздүктөрдү кошумча толуктап, айрым бир жерлерине тактоо максатын өз алдына коёт. Сөздүктү түзүүдө негизинен I9 томдуу "Чоң медициналык энциклопедиянын" словниги пайдаланылды.

Терминдердин кыргызча эквиваленттерин тандоодо кыргызча башка терминологиялык сөздүктөрдөгү принциптер /сөзмө=сөз которуу жана даяр, котормосуз алуу/ жетекчиликке алынды.

Байкалган кемчиликтер жөнүндө Фрунзе шаары, ХХП партсъезд көчөсү, 265а үй, Илимдер академиясынын Терминкомуна билдирүүңүздөрдү өтүнөбүз.

## А

АБА́ЗИЯ абазия /басууга мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу/.

АБДЕРГАЛЬДЕНА РЕА́КЦИЯ Абдергалден реакциясы /аялдын бойунда бар экендигин алдын ала билүү үчүн колдонулуучу швейцариялык физиолог, 1877-1950 ; тарабынан иштелип чыккан реакция/.

АБДО́МЕН абдомен /ич; ичеги карын аймагы/.

АБДОМЕНОСКОПИ́Я абдоменоскопия / ич көңдөйүндөгү органдардагы ооруну аныктоо үчүн карап, текшерип көрүү/.

АБДОМИНА́ЛЬНЫЙ абдоминалдуу /ичке, курсакка, тиешелүү/.

АБДОМИНА́ЛЬНАЯ АО́РТА абдоминалдык аорта/аортанын ичтин аймагындагы бөлүгү/.

АБДОМИНА́ЛЬНЫЙ СИНДРО́М ич оорунун белгиси /жаш балдарда кан тамырлардын дартынан келип чыккан ич оорусу/.

АБДУ́КТОР абдуктор /колду же бутту сырт жакка кайрылтып, денеден оолактатуучу, алыстатуучу булчуң/.

АБДУ́КЦИЯ абдукция /колдун же буттун сырт жакка кайрылып, денеден оолактоо абалы/.

АБДУЛА́ДЗЕ ПРИЕ́М Абдуладзе ыгы /Абдуладзе деген окумуштуунун ыгы менен жаңыдан түшүп келе жаткан баланын тонун түшүрүүгө жардамдашкан аракет/.

АБЕРРА́ЦИЯ аберрация/дене түзүлүштүн нормадан жогору же төмөн болуп аз гана өзгөрүлүшү/.

АБИО́З абиоз /мүчөнүн же денедеги системалардын кызматы начарлоодон,алардын аткарган ишинин начарлап калышы/.

АБЛАКТА́ЦИЯ аблактация /баланы эмчектен чыгаруу/.

АБЛЕ́ПСИЯ аблепсия /көрбөй калуу, сокур/.

АБЛЕФА́ТИЯ аблефатия / көз жапкычынын оң жагынын асты-үстү, же сол жагынын же экөөнүн тең жоктугу/.



АБЛЯ́ЦИЯ абляция/дененин бөлүгүн операциялык жол менен кесип алып таштоо, М.; эмчекти/.

АБО́РТ аборт /жатындагы баланын үч айга чейинки мезгилиндеги бойунан түшүшү. Бойдон түшүү себеби, убакытына,денеге тийгизген таасирине жараша бир топ түрлөргө бөлүнөт/.

АБОРТА́РИЙ абортарий /бойдон түшүрүү иштерин жасоочу жай/.

АБОРТИ́ВНОЕ ЛЕЧЕНИЕ аборттук дарылоо /кыскартууга ылайыкталган дарылоо/.

АБОРТИ́ВНЫЕ СРЕ́ДСТВА бойдон түшүрүүчү дарылар

АБО́РТ ИСКУ́ССТВЕННЫЙ жасалма аборт /оорулуунун жалпы абалына байланыштуу жана ар кайсы өлкөнүн законуна туура келген учурда аялдын бойунан түшүрүү/.

АБО́РТ КРИМИНА́ЛЬНЫЙ криминалдык аборт /кылмыштуу, карасанатайлык менен бойдон түшүрүү. Бул аракетти кош бойлуу аял өзүнө өзү же башка бирөө жасайт/.

АБО́РТ НЕПО́ЛНЫЙ толук эмес аборт / болочок баланын өзүнүн же анын тонунун кечигип түшкөн учуру/.

АБО́РТ ПО́ЛНЫЙ толук аборт /жатындын ичиндеги түйүлдүктүн сырткы катмарынын,тону менен кошо алынган учуру/.

АБО́РТ ПРИВЫ́ЧНЫЙ өнөкөт аборт /аялдын бойуна бүткөн сайын, белгилүү бир мезгилде /дайыма/ бойунан түшүп калышы/.

АБО́РТ УГРОЖА́ЮЩИЙ коркунучтуу аборт / кош бойлуу аялдардын бойунан өтө эрте түшүшү/.

АБО́РТ СПОНТА́ННЫЙ спонтандуу аборт /өзүнөн -өзү белгисиз себептерден бойдон түшүү/.

АБРА́ЗИЯ абразия /атайын жасалган кырдуу кашык менен жа-

катындын ичин, тиштин кеңдейүн кируу аракети/.

АБСАНС абсанс /талма оорулуу адамдын көз ачып-жумган-да эсинен тана түшүү/.

АБСОРБЕНТЫ абсорбенттер /суюктукту соруп алуучу дарылар/.

АБСТИНЕНЦИЯ абстиненция /спирттик ичимдиктерди ичүүнүн натыйжасында жыныстык катнашуудан убактылуу баш тартуучу адамдар/.

АБСЦЕСС абсцесс /ириңдетүүчү бактериялардын кесепетинен пайда болгон, дененин бир бөлүгүнө чогулган ириң. Дененин кайсы жеринен орун алышына карата абсцесс ар түрдүү аталат/.

АБСЦЕСС ДУГЛАСА Дуглас абсцесси /англиялык анатом, 1675-1742; Аялдардын жатыны менен көтөн чучугунун ортосундагы коБулга ириңдин жыйналып калышы/.

АБУЛИЯ абулия /эрки начар, эрксиз адам/.

АВИАЦИОННЫЙ САНИТАРНЫЙ ТРАНСПОРТ санитардык авиация транспорту

АВИРУЛЕНТНЫЕ МИКРОБЫ авирулент микробдор /организмде ал микробдор болгону менен адам оорубайт/.

АВИТАМИНОЗ авитаминоз /организмде витаминдин жетишсиздиги; витамин жетишсиздиктен пайда болгон оору/.

АВТОГЕННЫЙ автогендүү / адамдын өзүнүн денесинен келип чыгуучу бардык өзгөрүүлөр/.

АВТОЭЖЕКТОР автожектор /канды жасалма жол менен айландыруучу аппарат/.

АВТОИНТОКСИКАЦИЯ автоинтоксикация / адамдагы зат алмашуу учурунда өз денесинен пайда болгон уу заттарга өзү уулануу/.



АВТОИНФЕКЦИЯ автоинфекция /мурунтан ооруга чалдыктырбай, организмде жөнөкөй жүргөн микробдордон ооруп калуу/.

АВТОКЛАВ автоклав /ооруга чалдыктыруучу микробдорду жоготууга ылайыкталып, жогорку басымдагы буу менен операцияга керектелүүчү аспаптарды, дакилерди микробдордон арылтууга багытталган атайын жасалган шкаф/.

АВТОЛИЗ автолиз /клетка менен ткандарга фермент таасир кылуудан өзүнөн -өзү эрүү, эзилүү жолу/.

АВТООПЕРАЦИОННАЯ автооперационная /автомобилге орнотулган операция жасоого ылайыктуу бөлмө. Бул көбүнчө согуш убагында колдонулат/.

АВТОПЕРЕВЯЗОЧНАЯ автоперевязочная/автомобилге орнотулган бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүп жарадарлардын жаралуу жерин таңууга ылайыкталган бөлмө/.

АВТОПЛАСТИКА автопластика / адамдын өз тканын өзүнө бир жерден экинчи жерге кесип алып барып жамоо,жабыштыруу/.

АВТОРЕНТГЕН авторентген /автомобилге орнотулган, бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүп элдерди рентген менен кароочу рентген аппараты/.

АВТОСУГГЕСТИЯ автосуггестия /адам өзүн-өзү бир нерсеге ишендирүү/.

АВТОТРАНСФУЗИЯ автотрансфузия /өз канын өзүнө куюу; ичке операция жасаган мезгилде ичине куюлган канды кайра венага куюу жолу/.

АВТОФАГИЯ автофагия /адам арыктай баштаганда, денедеги өз майын өзү иштетип кылуу/.

АГАЛАКТИЯ агалактия /төрөгөн аялдын сүт чыкпоо/.

АГАММАГЛОБУЛИНЕ́МИЯ агаммаглобулинемия /балдардын организминде гаммаглобулин затынын жоктугу. Мындай балдардын ар түрдүү жугуштуу ооруларга туруштугу начар болот/.

АГГЛЮТИНА́ЦИЯ агглютинация/клеткалардын же бактериялардын жана эритроциттердин чаптанып, чогулуп калышы/.

АГГЛЮТИНИ́НЫ агглютининдер /кандын суюктугунда пайда болгон эритроциттердин чаптанып калышына себепкер болуучу атайын бөтөн денелер/.

АГГРАВА́ЦИЯ аггравация/денесиндеги оорусу жөнүндө күчөтүп, калпган айтуучу адамдар/.

АГЕ́ВЗИЯ агевзия /даам таткы албоо/.

АГЕНЕ́ЗИЯ агенезия /мүчөнүн бир бөлүгүнүн туулгандан эле өсүп жетилбей туулушу/.

АГНО́ЗИЯ агнозия /сезүү органдары аркылуу буюмдарды аныктап биле албоо/.

АГО́НИЯ агония /адамдын жаны чыгаар, өлөөр алдындагы абалы/.

АГРЕССИ́НЫ агрессиндер /ооруга чалдыктыруучу микробдор пайда кылып, адамдын организминин микробго каршылык көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн начарлатып, ошондо микробдор күч алуучу заттар/.

АГРА́ФИЯ аграфия /адамдын өз=учу өз ордунда туруп эле жаза албай калышы/.

АДАМАНТИНО́МА адамантинома/тиштен өсүп чыккан эзиктеги шишик/.

АДАПТА́ЦИЯ адаптация,көнүгүү /айлана чөйрөнүн бардык шартына организмдин көнүшү/.

АДАПТА́ЦИЯ СЛУХОВА́Я угуу көнүгүү / адамдын угуу органдарынын ар түрдүү добушту кабыл алууга көнүгүүсү/.

АДВЕНТИ́ЦИЯ адвентиция/кан тамырлардын тышкы катмары/.



АДЕНОЛИМФО́МА аденолимфома /алдыңкы эзктин бурчунан орун алган, кулактын жанындагы безге тийишип өскөн шишик/.

АДГЕ́ЗИЯ адгезия /ткандардын жабышып, чаташып өсүшү/.

АДДИСОНИ́ЗМ аддисонизм /оорунун көрүнүшү жагынан аддисон оорусуна окшош, денедеги бардык өзгөрүүлөр/.

Т.АДДИСО́НОВА БОЛЕ́ЗНЬ Т.Аддисонов оорусу /Бронза оорусу деп да аталат. Бөйрөктүн үстүндөгү бездин иштеши начарлаганда ушул оору байкалат. Анда кыймылдоо начарлап, арыктап, кээ бир жердеги былжырлуу бездер жана теринин түсү күңүрт тартып, кандын басымы төмөндөө менен мүнөздөлөт. Ал бөз көбүнчө туберкулёз оорусуна чалдыкканда жогоркудай көрүнүш менен чектелет/.

АДДУ́КЦИЯ аддукция /буту-колду бүгүү абалына алып келүү/.

АДЕКВА́ТНЫЙ адекваттуу,шайкеш /туура келүү, бирдей, окшош/.

АДЕНИ́Т аденит /лимфа бездин түйүндөрүнүн сезгениши/.

АДЕНОВИ́РУС аденовирус / суук тийип ооруганда дем алуу жолдорунун жогорку бөлүгүн сезгентип оорутуучу жугуштуу вирустардын бир тобу/.

АДЕНОИ́ДНЫЙ аденоиддүү /лимфа бездеринин ткандарына окшош, түспөлдөш ткандар/.

АДЕНОКАРЦИНО́МА аденокарцинома / бездин эпителий клеткасынан өсүп чыккан рак-шишик/.

АДЕНО́МА аденома /бездин эпителий клеткасынан өсүп чыккан коркунучсуз шишик/.

АДЕНОМИО́МА аденомиома /без жана булчуң ткандарынан аралашып өсүп чыккан коркунучсуз шишик/.

АДЕНОМИО́ЗИС аденомиозис /дененин бир жеринен, жатындын

ички бетиндеги ткандарының клеткаларының учурап калышы/.

АДЕНОПАТИЯ аденопатия /без түйүндөрүнүн жалпы оорусу/.

АДИАДОХОКИНЕЗ адиадохокинез /колду же бутту бат-бат кыймылдатып, ачса жума албоо, жумса ача албоо, сыртка кайыр-са ичине кайра албоо/.

АДИНАМИЯ адинамия /көп түрлүү себептерден пайда болгон алсыздык, күчсүздүк/.

АДИПОЗА адипоза / семирүү/.

АДИПОСИР адипосир /аба кирбеген суулуу жерде жаткан өлүктүн денесине май аралашкан чайыр пайда болушу/.

АДНЕКСИТ аднексит /аялдардын жатынынын урчугунун түтүгү менен кошо сезгениши/.

АДРЕНОМИМУЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА Адреномимикалык заттар /организмге тийгизген таасири боюнча адреналинге окшош дарылар/.

АДРЕНОЛИТИЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА Адренолитикалык заттар/адреналин гормонунун таасирине карама=каршы таасир берүүчү дарылар/.

АДРЕНАЛЭКТОМИЯ адреналэктомия /бөйрөктүн үстүндөгү безди операциялык жол менен алып таштоо/.

АДРЕНАЛИН адреналин /бөйрөктүн үстүндөгү без чыгарган суюктук гормон. Гормон уйлардын бөйрөгүнүн үстүндөгү безинин ортосунан алынат да медицинада колдонулат/.

АДРЕНАЛОЛИТИЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА адреналиндин күчүн көтирүүчү заттар /адреналиндин таасирин организмге тийгизбөөчү көп заттардын [illegible]/.

АДСОРБЦИЯ адсорбция /заттардын үстүнкү катмары теге-



региндеги заттарды же газдарды өзүнчө сиңирип алуу/.

АДСТРИНГЕНТНЫЙ адстрингенттүү/чоюлуп, илешкендей кылкыл-дек заттар/.

АДУЛТУС адултус /балалыгы калып, эс тарткан адам/.

АЖИТАЦИЯ ажитация /оорулуунун кыймылы күчөп, алып учуп турган абалы/.

АЗООСПЕРМИЯ азооспермия / эрендикте кыймылдаган сперматозоиддердин жоктугу/.

АЗОТЕМИЯ азотемия /организмдеги белок алмашуула, кандагы азоттуу заттын көптүгү/.

АЗОТНЫЕ ВАННЫ азот ваннаси /жаратылышта газ түрүндөгү азот заты бар сууну ооруган жерге басып, мемиретүүчү касиетинен пайдалануу/.

АКАНТОЗ акантоз /теринин тышкы катмарынын оорусу/.

АКАПНИЯ акапния /кандын тутумунда көмүр кычкыл газынын жоктугу/.

АКАРАФОБИЯ акарафобия /котур болуп айыккандан кийин көэ бир адамдардын бир жери кычышса, терисинде котурдун митеси бар деп бардык адамдарды ишендирүүгө далалат кылышы/.

АКАТИЗИЯ акатизия /невроз оорусунун түрү. Оорулуу бул абалда бир жерге көп убакытка отура албай калат/.

АКВЕДУК акведук /түтүкчө суу өткөөлү. Кулактын ички бөлүгүндөгү түтүкчөнүн анатомиялык аты/.

АКЕСТОМА акестома /дененин бир бөлүгү жаралангандан кийинки жакынкы эле арадагы пайда болгон тырык/.

АКМЕ акме /оорунун өсүп жеткен чеги, дененин температурасы жогору көтөрүлүп жеткен жери/.

АКНЕ акне/чачтын түбү сезгенип, аны менен кошо май

чыгып туруучу түтүкчөлөр да өзгөнүүдөн, бетте пайда болгон бүдүрлөр-бөөрткөлөр/.

АКИНЕМИЯ акинемия /бүттүн тубаса жоктугу/.

АКИНЕЗИЯ акинезия/кыймылдай албоо, шал/.

АККОМОДАЦИЯ аккомодация /көздүн алыскы же жакынкы нерселерди көрүү үчүн ыңгайланышы/.

АККЛИМАТИЗАЦИЯ акклиматизация /организмдин жаңы шарттагы климатка көнүгүшү/.

АККУМУЛЯЦИЯ аккумуляция / дарынын же суюктуктун бир жерге кайналуусу, чогулуусу/.

АКОАЗМА акоазма /шырт-шырт, каң-куң деген үндөр чыкпаса да оорулууга алардын угулгансып туруусу. Көбүнчө жин оорусуна чалдыккан оорулууларда байкалат/.

АКОРИЯ акория I /адамдын тамак жегенден кийинки тойгондугун сезбеген абалы/.

АКОРИЯ акория II /төрөлгөндөн эле көздүн ичиндеги көк жаа сымал кабыгынын жоктугу/.

АКРЕМОНИОЗ КОЖИ теринин акремониоз оорусу /теринин тереңине залал келтирип акремонион грибогу пайда кылуучу оору. Бул оору көпчүлүк учурда тропикалык өлкөлөрдө кездешет/.

АКРИЛАТЫ акрилаттар /акрил кислотасынан алынган зат. Анын полимери тунук илээшкен зат. Медициналык практикада, өзгөчө хирургияда кесилген жерди тикпей эле ушул желим менен жабыштырууга колдонулат/.

АКРИХИН акрихин /безгек оорусун дарылоочу дары/.

АКРОДЕРМИТ акродермит /адамдын бутунун терисин гана дартка чалдыктыруучу тери оорусунун тобу/.

АК Суу Ак-Суу /Кыргызстандын түндүгүндө деңиз деңгээ-



линен 950 метр жогору жайгашкан курорт. Ал курорт катары 1806-жылдан баштап белгилүү. Чыккан суунун жылуулугу 60 градуска жетет. Негизинен муундун сөөктөрүн, шал оорусунун калдыктарын дарылайт. Башка булактарынан чыккан суу ичеги-карын оорусун дарылоого колдонулат/.

АКРОМЕГАЛИЯ акромегалия /колдун, буттун өзгөчө, өсүп чоңоюп кетиши. Аны менен кошо кулактын, мурундун алдыңкы өөктүн чоңоюшу дагы кошумча болот. Бул дарт гипофиз безинин алдыңкы бөлүгү дартка чалдыкканда байкалат/.

АКРОМИКРИЯ акромикрия /ириң оорусунан кийин манчалардын кыскарып калышы/.

АКРОПАРЕСТЕЗИЯ акропарестезия /буттун кетменинин, өзгөчө колдун манчаларынын жана кээде бут ооругандыкты да сезбей калышы/.

АКРОТИЗМ акротизм /тамырдын кагышын кармап биле албоо, тамырдын жоктугу/.

АКРОТРОФОНЕВРОЗЫ акротрофоневроздор /кан менен камсыз кылуучу тамырлардын дартынан келип чыккан, колдун жана буттун манчаларынын ооруларынын тобу/.

АКРОФОБИЯ акрофобия / адам жогору көтөрүлүүдөн өтө коркуу, башы айлануу/.

АКРОЦИАНОЗ акроцианоз /кан айлануу процесси бузулганда байкалуучу мурундун, эриндин жана буту-колдун учунун кара көк тартып кетиши/.

АКСОН аксон /нерв жипчелеринин эң узун бутагы/.

АКТГ -адренокортикотропный гормон / гипофиз безинин алдыңкы бөлүгүнүн чыгарган суюктугу. Организмге көп түрдүү таасир тийгизет/.

АКТИНОТЕРАПИЯ актинотерапия /күндүн ультрафиолет нуру, рентген, радий нурларынын күчү менен дарылоо/.

АКТИНОМИЦЕТ актиномицет /залал келтирүүчү грибок/.

АКУПУНКТУРА акупунктура / атайын жасалган ийне менен сайып дарылоо; мындай дарылоо Китай Эл Республикасында кеңири жайылган/.

АКУСТИЧЕСКИЙ акустикалык / үнгө, угууга байланыштуу/.

АКУТНЫЙ- курч мүнөздөгү /өтө тез кармаган оорунун учурунун аты/.

АКЦИДЕНС акциденс /денесинин бир бөлүгү жаралануга дуушар болуп, кокусунан пайда болгон кырсык/.

АКУШЕРКА акушерка /төрөткө жардамдашуучу адис/.

АКУШЕРСТВО акушерство /аялдардын боюнда болушун, төрөшүн, төрөттөн кийинки мезгилдеги ооруларды жөнүндөгү медицинанын тармагы/.

АКУШЕРСКИЕ ОПЕРАЦИИ акушердик операциялар/аялдардын жыныстык мүчөлөрүнө жана туул жаткан учурда, балага жасалуучу бардык операциялар/.

АКУШЕРСКИЕ РУЧНЫЕ ПРИЕМЫ кол менен аткарылуучу ыкмалар /аялдардын боюнда бар мезгилинде, баланын туура эмес жатышын оңдоп жана ал төрөп жаткан учурда дарылоо катары же оорунун атын табуу үчүн жүргүзүлгөн кол менен жасалган бардык аракеттер/.

АКУШЕРСКИЙ ПОВОРОТ акушердик буруу /төрөт убагында туура эмес келген баланы, оңуна келтирип коюу жолу/.

АЛАЛИЯ алалия /мээ дартка чалдыкканда жаш балдардын так сүйлөй албай калган учуру/.



АЛЬБИНИЗМ альбинизм /теринин жана чачтын кадимкидей түстө болбостон агарып калышы/.

АЛЬТОМИЦИН альтомицин /антибиотик дарысы; бул микробдорго кеңири таасир тийгизет;1949-жылы Советтер Союзунда жасалган/.

АЛЬБУМИНУРИЯ альбуминурия /оорунун себебинен сийдик аркылуу белок затынын бөлүнүп чыгышы. Көбүнчө бөйрөк дартка чалдыкканда байкалат/.

АЛЬВЕОЛЯРНЫЙ ВОЗДУХ альвеолдогу аба /дем алганда өпкөнүн өтө терециндеги аба/.

АЛЛЕРГОЗ аллергоз /аллергия оорусундагы абал; кээ бир адамдар кээ бир тамакты жегенде этине бөрү жатып чыгып, денеси кызарып же денесинин бир бөлүгүнө шишик пайда болгон учуру/.

АЛЬФЕЛЬДА ПРИЗНАК альфельд белгиси/кесилген киндиктин эне жак учу өтө жалпайып жана кичине узарса, баланын тону жатындан толук ажыраган учурун далилдеген белги/.

АЛЕЙКИЯ алейкия /кан чыгаруучу органдардын оорусу. Мында лейкоциттер, тромбоциттер өтө азаят/.

АЛЕКСИЯ алексия /адамдын тамганы таануу жөндөмдүүлүгүнөн айрылуусу/.

АЛИГНИН алигнин /жаратты таңууга колдонулуучу медициналык кагаз/.

АЛИМЕНТАРНАЯ ИНФЕКЦИЯ тамак-аштагы жугуш /оору жугуучу микробдору бар тамактан жуккан жугуш/.

АЛИМЕНТАРНЫЙ алиментардуу /тамакка, тамактанууга байланыштуу/.

АЛИМЕНТАЦИЯ алиментация /тамактандыруу, тойгузуу/.



Центральная научная БИБЛИОТЕКА ... ССР

АЛИМФАЦИТОЗ алимфацитоз /канда лимфоциттерднн чоголу-шу/.

АЛИБУРА ВОДА алибура суусу /тутумунда дезинфекция-лоочу заты бар, аптекада жасалган суу. Кебунче ириңдеген черди жуур уннн колдонулат/.

АЛКАЛОИД алкалоид /тутумунда азот заты бар органикалык зат; буд есумдуктен алынат/.

АЛКОГОЛЬНЫЕ ПСИХОЗЫ алкоголь психозу /алкоголь ичимди-гин дайыма ичип чурген адамдарда байкадуучу чин оору/.

АЛКОГОЛИЗМ алкоголизм /алкоголдук ичимдиктерди ичүү енекет болуп, дайыма мас болуп турган абал/.

АЛКОГОЛИЗАЦИЯ алкоголизация/дененин бир белүгү ооруганда аны басыш үчүн ага баруучу нервдин бутагына спирт куюп кожу операциясы/.

АЛЛАНТОИС аллантоис /түйүлдүктегү табарсык капчасы/.

АЛЛОЛАЛИЯ аллолалия / сөздү туура сүйлөй албоо; көпчүлүк учурда мээ дартка чалдыкканда байкалат/.

АЛЛОПЛАСТИКА аллопластика /организмге пилдин сеегүн, алтынды, пласмассты жана башка заттарды жабыштыруу/.

АЛЛОТРАНСПЛАНТАЦИЯ аллотрансплантация /бир адамдын тканын экинчи адамга жамоо, жалгоо/.

АЛЛОХОЛ аллохол /тутумунда сарымсак, чалкан, уйдун өтү аралашкан дары. Көбүнчө боордун өнөкөт оорусунда колдонулат/.

АЛЬТЕРАЦИЯ альтерация /органдардын жана ткандардын клеткаларынын түзүлүшү өзгөрүү менен алардын жашоо шартынын бузулушу/.

АЛЛЕРГЕН аллерген /бул организмге киргенде, адамды өтө кыйын реакцияга дуушар кылуучу зат/.



АЛЛЕРГИЯ аллергия /адамдын айлана чөйрөнүн таасирин өтө сезгичтик менен кабыл алуусу. Бул абал таасир экинчи жолу кайталаганда байкалат/.

АЛОПЕЦИЯ алопеция /чач түшүп, такыр баш болуу/.

АМАВРОЗ амавроз / тышкы көрүнүшү жагынан өзгөрбөй туруп эле көз көрбөй калуу/.

АМАЛЬГАМЫ амальгамдар /металл менен сымаптын кошулдусу; тиш доктурлар муну курт жеген тиштин чуңкурун толтуруу үчүн колдонушат/.

АМБЛИОПИЯ амблиопия /эч бир оорусуз эле көздүн көрүшүнүн начарлыгы/.

АМБУЛАТОРИЯ амбулатория /өзү келген ооруларга, ошондой эле оорулардын үйүнө барып медициналык жардам бере турган медициналык мекеме/.

АМЕБИАЗ амебиаз /көбүнчө жоон ичегини дартка чалдыктыруучу мите курт пайда кылган ич өткөк оорусу/.

АМЕНОРЕЯ аменорея /алек кир келе турган учурда келбей, анын токтолуп калышы/.

АМИЛАЗА амилаза /гликоген жана крахмалды глюкозага ажыратуучу фермент/.

АМИМИЯ амимия / кээ бир оорулардан кийин кабак-кашты кыймылдатуучу булчуңдардын кыймылдабай калган учуру/.

АМИЛОИДОЗ амилоидоз /организмде белок алмашуунун бузулушу. Бул узакка созулган ириң ооруларында байкалат/.

АМИНАЗИН аминазин /таасири боюнча адамдын жанын жай алдыруучу дары/.

АМИОТАКСИЯ амиотаксия/дененин бир жериндеги булчуңдардын эрксизден кыймылдашы, тартылышы/.

АМНЕ́ЗИЯ амнезия /адамдын болуп өткөн окуяларды эстей албай калган учуру/.

АМНИО́Н амнион /жатындагы баланын тонунун ички кабаты/.

АМПЛЕОТЕРАПИ́Я амплеотерапия / кээ бир ооруларды жүзүм менен дарылоо/.

АМПУ́ЛА ампула /формасы түтүк сыяктуу органдардын бир жери чоңоюп, кеңейген жери. М.; жоон ичегинин бүткөн жери/.

АМПУТА́ЦИЯ ампутация /операциялык жол менен денени бир бөлүгүн кесип таштоо. М.: колду же бутту/.

АМПУТА́ЦИЯ Н.И.ПИРОГОВА Пироговдун ампутациясы /орус хирургу, 1810-1881, Кызыл ашыктын муунунан жогору, жото жиликтин сөөктөрүн таарып алып таштоо. Жото жиликтин учуна согончок сөөктү эп кылып аштоо менен бутту жер баскыдай кылып ылайыктоо/.

АМФИАРТРО́З амфиартроз /аз кыймылдагы муун; м.: жамбаш менен куймулчак сөөгүнүн кошулган жери/.

АМФОТО́НИЯ амфотония /вегитативдүү нерв системасынын өзгөчө тез козголуусу/.

АНАБИО́З анабиоз/организмдин бардык функциялары убактылуу эң начар иштеш абалы, чала жандуулук/.

АНАЛГЕ́ЗИЯ аналгезия /дененин ооругандыгын сездирбөө чаралары/.

АНАЛГЕ́ТИКИ аналгетиктер /дененин бир жериндеги ооругандыкты басуучу дарылар/.

АНАЛЬГИ́Н анальгин /денедеги ооругандыкты басуучу дары/.

АНАЛЕ́ПТИКИ аналептиктер /нерв системанын ишине түрткү берип, анын ичинен аткарган кызматын калыптандыруучу дарылар; аналептиктердин таасиринен кан айлануу, дем алуу процесси жакшырат/.

АНАЛИЗА́ТОРЫ анализаторлор /айлана чөйрөдөгү кубулушту сезүүчү органдар: көз, мурун, кулак/.

АНАМНЕЗ анамнез /оорулуута суроо берүү, оорулуунун жана анын жакындарын суроо аркылуу оорунун башталыш маалыматын билүү /.

АНАРТРИ́Я анартрия /кээ бир сөздөрдү таза сүйлөй албоочу кекеч адам/.

АНАСТОМО́З анастомоз /кан тамырды, лимфотамырды жана ичегилерди өз кобулун бузбай улаштырып жамап кошуу/.

АНАТОКСИ́Н анатоксин /формалиндин таасири менен ууландыруучу алын кетирген дифтериянын, столбняктын токсини/.

АНАЦИДИТАС анацидитас /аш казандын маңызынын тутумунда бош туз кычкылдыгынын жоктугу/.

АНАЭРО́БЫ анаэробдор / кислородсуз шартта көбөйө турган бактериялар/.

АНАЭРО́БНАЯ ИНФЕ́КЦИЯ Анаэроб инфекциясы /абасыз шартта жашаган микробдордон пайда болгон жугуш оорусу/.

АНГИДРЕМИ́Я ангидремия /кандын суюктугу азайып, кан коюлуу/.

АНГИДРО́З ангидроз /тер чыкпоо/.

АНГИ́НА ангина /оозду ичиндеги жуткуч мүчөсүнүн лимфа безинин курчоосундагы лимфа чокморунун сезгениши/.

АНГИ́НА ПЕКТОРА́ЛИС көкүрөктүн ангинасы /көкүрөктүн сол жагында жүрөк тушта заматта пайда болгон катуу оору. Ал негизинен төштүн арт жагында болгондой сезилет. Кээ учурда сол кол ийни менен кошо ооруйт. Оорунун себеби жу-

рөктүн кан тамыры ж тишсиз иштегендиктен келип чыгат/.

АНГИНА В.Ф.ЛЮДВИГА Людвиг ангинасы /немецтик врач, 1790-1865; алдыңкы эөктин, алкымдын кошуучу ткандарынын ириң оорусу/.

АНГИНА АБДОМИНАЛЬНАЯ ич ангинасы/бул оорудa ичтин тушу өтө катуу ооруп, адам кусат. Анын себеби; чычыркай артериясы ичинин, ичегиге кан аз баргандыктан келип чыгат/.

АНГИНА Г.К.ПЛАУТА,Г.ВИНЦЕНТА Плаут -Винцент ангинасы /кемекейде байыр алган ар түрлүү микробдордон пайда болуп, андагы лимфа ткандуу бездерде калыгынан кармаган өңү кыпкызыл болуп, ак кебер менен капталган кемекейдөгү бездин сезгенч оорусу/.

АНГИИТ ангиит /артерия жана вена тамырларынын сезгениши/.

АНГИОГРАФИЯ ангиография /рентгендик нур өтпөс суюктукту кан тамырдын ичине куюп, аны сүрөткө тартып алуу/.

АНГИОКАРДИОГРАФИЯ ангиокардиография/жалпы кан системасына рентген нуру өтпөгөн суюктук куюп, жүрөктүн ичиндеги көбүлдү жана кан тамырларды сүрөткө түшүрүү/.

АНГИОЛОГИЯ ангиология /лимфа жана кан тамыр системаларын окуп үйрөнүү илими/.

АНГИОМА ангиома /жаңыдан өсүп келе жаткан лимфа же кан тамырлардан пайда болгон залалсыз шишик/.

АНГИОПАТИЯ ангиопатия /кан тамырлардын жалпы оорусу/.

АНГИОПСАТИРОЗ ангиопсатироз /майда кан тамырлардын бат жарылууга ыңгайлуулугу/.

АНГИОРЕКСИС ангиорексис /лимфа же кан тамырлардын үзүлүшү/.



АНГИОРРАФИЯ ангиоррафия /кан тамырдын тигиши, тамырды тигүү/.

АНГИОСПАЗМ ангиоспазм /майда кан тамырлардын капталынын жыйрылышы/.

АНГИОТРИПСИЯ ангиотрипсия /кан агып жаткан тамырды катуу кыпчып,толгоп,аккан канын токтотуу/.

АНГИОХОЛЕЦИСТИТ ангиохолецистит / өт баштыкчасы менен катар, боордун ичиндеги өт жолдорунун түтүкчөлөрүнүн сезгениши/.

АНДРОГЕН андроген /эркектин жыныстык гормонундай таасир берген зат/.

АНДРОЛОГИЯ андрология /эркектин сийдик мүчөлөрү жана жыныстык мүчөлөрүнүн оорусу жөнүндөгү илим/.

АНЕВРИЗМ аневризм /кан тамырдын капталы чоюлуп,урчуюп сыртка чыгып калышы/.

АНЕВРИЗМА СЕРДЦА жүрөктүн аневризмы /жүрөктүн булчуңу бир жеринен кеңейип, урчуюп тышка чыгып калышы/.

АНЕМИЯ анемия / аз кандуулук; аз кандуулуктун пайда болуусу анын себебине жараша көп түргө бөлүнөт/.

АНЕМИЯ АГАСТРИЧЕСКАЯ агастралык анемия / аш казандын бөлүгүн операциялык жол менен кесип таштаганда байкалуучу аз кандуулук/.

АНЕМИЯ АПЛАСТИЧЕСКАЯ апластикалык анемия /дарылардын, нурдун жана кээ бир уулардын кесепети сөөктөгү чучуктарга тийгенде байкалуучу аз кандуулук/.

АНЕМИЯ ВТОРИЧНАЯ экинчи анемия /ачарчылык мезгилде тамактын жоктугунан, дайыма ууланyудан же ариктатуучу оорулардан кийин келип чыккан аз кандуулук/.

АНЕМИЯ ГЕМОЛИТИЧЕСКАЯ гемолитикалык анемия /кандагы эритроциттердин жарылышынан келип чыккан аз кандуулук. Ал безгек оорусунда же кан куюуда жаңылыш кетирилген учурда байкалат/.

АНЕМИЯ ПЕРНИЦИОЗНАЯ пернициоздуу анемия /кандын ичиндеги клеткалардын көрүнүшү ар түрлүү өзгөрүп, андан башка дагы тамак сиңирүү аппараттары менен нерв системасы өзгөрүүлөргө учурагандагы аз кандуулук/.

АНЕМИЯ ПОСТГЕМОРРАГИЧЕСКАЯ постгеморагиялык анемия /дененин бир бөлүгүнөн бир нече жолу кан кетүүдөн кийин байкалуучу аз кандуулук/.

АНЕМИЯ СИДЕРОПРИВНАЯ сидероприлдүү анемия /организмде керектелүүчү темир заттары жетишсиздиктен келип чыккан аз кандуулук/.

АНГИОПСАТИРОЗ ангиопсатироз / майда кан тамырлардын бат жарылууга ыңгайлуулугу/.

АНЕМИЯ Т.Б.КУЛИ Кули анемиясы /америкалык врач 1871-1945; Жер Ортолук деңизинин аймагындагы балдарда байкалуучу, төрөлгөндөн эле пайда болгон аз кандуулук/.

АНЕСТЕЗИН анестезин / ооругандыкты сездирбөөчү дары/.

АНЕСТЕЗИОЛОГИЯ анестезиология /дененин ооругандыгын сездирбөө чаралары жөнүндөгү илим/.

АНЕСТЕЗИЯ анестезия /дененин бир бөлүгү тышкы чөйрөнүн жагымсыз шарттарын, ооругандыкты сезбей калуу абалы/.

АНЕСТЕЗИЯ МЕСТНАЯ чөйрөлүк анестезия / дененин белгилүү бир бөлүгүнүн жанын дары менен өлтүрүп коюу, сезбей калуусу/.



АНЕСТЕТИКА анестетиктер /дененин бир жеринин ооругандыгын борборго—мээге жеткирбей турган дарылар/.

АНИДРИЯ анидрия /көздүн жаа сымал катмарынын жоктугу/.

АНИЗОКОРИЯ анизокория /көздүн карегинин эки жагында эки түрлүү көлөмдө болушу/.

АНИЗОРЕФЛЕКСИЯ анизорефлексия /дененин оң жак бөлүгү менен сол жак бөлүгүнүн рефлексинин бирдей эместиги/.

АНИЗОЦИТОЗ анизоцитоз /кандагы эритроциттердин ар түрдүү көлөмдө болушу/.

АНКИЛОЗ анкилоз /дарттын себебинен муундун кыймылдабастыгы/.

АНКИЛОСТОМА анкилостома /ичегиде жашаган мите курттун бир түрү/.

АНОДИНЫ анодиндер /ооругандыкты билдирбей, аны басуучу дарылар/.

АНОКСЕМИЯ аноксемия /кандагы кислороддун аздыгы/.

АНОКСИЯ аноксия /ткандагы кислороддун аздыгы/.

АНОМАЛОСКОП аномалоскоп /көздүн түстөрдү көрүү жөндөмдүүлүгүнүн бузулушунун ар түрлүү формасын аныктоочу аспап/.

АНОНИХИЯ анонихия /колдо, бутта тырмактын жоктугу/.

АНОПСИЯ анопсия/бир көздүн күрчүнүн жоктугу; буюмду көрө албастыгы/.

АНОРЕКСИЯ анорексия /тамакка табиты тартпоо, аппетиттин жоктугу/.

АНОРХИЗМ анорхизм /туулгандан эле бир жумурткасы жок адам/.

АНОСМИЯ аносмия /жытты биле албоо/.

АНОФТАЛЬМИЯ анофтальмия / бир көздүн же эки көздүн тең

жоктугу/.

АНОФЕЛЕС анофелес /безгек оорусун таратуучу чиркейдин түрүнүн ургаачысы/.

АНТАБУС антабус /алкоголдон ооруган адамдарды дарылоого кеңири колдонулуучу дары/.

АНТАРТРИТИЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА антартритикалык заттар /подагра оорусуна каршы дары заттар/.

АНТАЦИДНЫЕ СРЕДСТВА антацид дарылары /аш казандын маңызындагы кычкылдуулукту төмөндөтүүчү дарылар/.

АНТЕВЕРСИЯ антеверсия /органдардын алды жакка эңкейүү, козголуу, абалы; м.: жатындын антеверсия абалында тургандыгы жөнүндө айтылат/.

АНТЕМЕТИКИ антеметиктер /кусууга каршы дарылар/.

АНТЕНАЛЬНАЯ ОХРАНА ПЛОДА
/бала бойго бүткөндөн баштап төрөгөнгө чейинки мезгилде баланы жакшы шартта өстүрүү үчүн колдонулуучу бардык тазалык чаралар/.

АНТИБАКТЕРИАЛЬНЫЕ СРЕДСТВА бактерияга каршы дарылар /бактериянын өсүшүн токтотуп же аны өлтүрүүчү дарылар/.

АНТИАСМАТИКИ антиасматиктер /бронхиалдуу асма оорусуна каршы дарылар/.

АНТИБИОЗ антибиоз /микробдордун жашашындагы өз ара карама-каршылыктары; майда жандыктардын бирин-бири өлтүрүшү/.

АНТИБИОТИКИ антибиотиктер /өзүнүн түзүлүшү микробдордон, өсүмдүктөрдөн жана тирүү жандыктардан турган, тирүү жандыктардын /микробдордун/жашашына каршы таасир тийгизүүчү зат/.

АНТИВОЛИТИВЫ антиволитивдер /кусууга каршылык көрсөтүү-



чү дарылар/.

АНТИГЕН антиген /организм үчүн бөтөн /антитела/ пайда болушуна көмөктөшүүчү зат/.

АНТИГИДРОТИКИ антигидротиктер /тердөөгө каршы таасир тийгизүүчү заттар/.

АНТИГОНОРРОИКА антигонорроиктер /алдынан сөзгөнүүгө /гоноррея/ каршы дарылар/.

АНТИДИАБЕТИЧЕСКОЕ ЛЕКАРСТВО диабетке каршы дары /кант оорусу менен ооруган адамдарга бергенден кийин, кандагы канттын деңгээлин азайтуучу дарылар/.

АНТИДИАРРОИКИ антидиарроиктер /ич өтүүгө каршы таасир тийгизүүчү дары заттар/.

АНТИДИУРЕЗ антидиурез /сийдик бөлүп чыгарууга каршы гормондордун күчтүү иштешинен, сийдиктин аз бөлүнүп чыгышы/.

АНТИДОТЫ антидоттор /денеде пайда болгон уулуу заттардын алын кетирип сиңирүү же ага химиялык жактан таасир тийгизип уулук касиетин жоготуучу дарылар/.

АНТИКОАГУЛЯНТЫ антикоагулянттар /кандын уюшуна тоскоолдук көрсөтүүчү заттар/.

АНТИКОНВУЛЬСИВНЫЕ ЛЕКАРСТВО тырыштырууга каршы дарылар /талма оорусу кармаган адамдарга тырышып калбагандай алдын ала таасир тийгизүүчү дарылар/.

АНТИКОНЦИПЕНСИЯ антиконципенсия /бойдун бүтүшүнө каршылык көрсөтүүчү дарылар/.

АНТИМИКРОБНЫЕ ВЕЩЕСТВА микробго каршы заттар /микробго каршы, өлтүргүч таасир тийгизүүчү заттар; м.: дезинфекциялоочу жана дагы антибиотик заттары/.

АНТИНЕВРАЛГИЧЕСКОЕ СРЕДСТВА нервдин сыздап оорушуна

каршы таасир берүүчү дарылар

АНТИПИРЕ́З антипирез /дене ысып-күйүп калтыроого каршы дарылар/.

АНТИПИРЕ́ТИКИ антипиретиктер /дене ысып-күйүп температура жогорулаганда аны төмөндөтүүчү дарылар/.

АНТИПИРИ́Н антипирин /денесин алсыз ысыткан ооруда температураны төмөндөтүүчү дары/.

АНТИСЕ́ПТИКА антисептика /дене жараланганда ага ириңдетүүчү микробдор кирип кетишине каршы дарылар. Антисептиктер физикалык жана химиялык болуп бөлүнөт/.

АНТИСЕ́ПТИКИ антисептиктер /микробдордун күчүн кетирип же аны өлтүрүүчү дарылардын тобу/.

АНТИСКАБИ́ЕС антискабиес /котурга каршы дарылар/.

АНТИСПАЗМАТИ́ЧЕСКИЕ СРЕДСТВА́ булчуңдардын карышып калышына каршы таасир тийгизүүчү дарылар

АНТИТОКСИ́Н антитоксин /токсинге каршы дарылар/.

АНТИФЕБРИЛИТИ́ЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА́ антифебрилдүү заттар /дене ысыгандагы температураны төмөндөтүүчү заттар/.

АНТИФЛОГИСТИ́ЧЕСКИЕ СРЕДСТВА́ антифлогистик дарылар /дененин бир гана бөлүгүнүн сезгенишине каршы дарылар/.

АНТОДОНТОЛО́ГИКИ антодонтологиялар / тиш ооруга каршы дарылар/.

АНТРАКО́З КО́ЖИ теринин антракоз оорусу / кесиби шахтер, от жагуучу, паровоздун машинисти болгон адамдарда байкалуучу теринин терең катмарына кара түстөгү чаңдар шыкалып, карарган терининн оорусу/.

АНТРАКО́З ЛЁГКИХ өпкөнүн антракозу /таш көмүрдүн чаңы өпкөгө жыйылып, андан пайда болгон оору/.



АНТРИ́Т антрит /кыныжаар сөөгүнүн ички бетиндеги былжырлуу катмарынын сезгениши/.

АНТРОПОФО́БИЯ антропофобия / элге жакындоодон качуу, өмнөгөйлүр элдерден коркуу. Бул жин оорусунда байкалат/.

АНТРОТОМИ́Я антротомия / чыкый сөөктүн учу сымал урчугундагы ириңди чыгаруу максатында аны тешүү/.

АНУРИ́Я анурия /сийдиктин чыкпай калышы; көбүнчө бөйрөк иштебей калганда, кан тамырлардын ишинин жетишсиздигинде, сийдик чыгуучу жолдор бүтөлгөн учурда байкалат/.

А́НУС анус /адамдын арткы, заңдоочу тешиги/.

А́НУС ПРЕТЕРНАТУРА́ЛИС табигый тешикке каршы жасалган арткы тешик /заң тышка чыкпаганда, ичегиден жел чыкпаганда жоон ичегини ич жактан тышка чыгарып коюучу операция/.

АНЭРГИЯ анэргия /айлана чөйрөнүн кубулушуна жана анын тийгизген таасирине организмдин жооп кайтара албастыгы/.

АО́РТА аорта /толто; артериалык кан тамырдын башталган эң тамыры/.

АОРТАЛЬГИЯ аорталгия /аортанын тушундагы оору. Ал аортанын сифилис же склероз оорусунда пайда болуп, сыздап ооруу көкүректен башталып сол жак күрөө тамырга чейин жетет/.

АОРТИ́Т аортит /аортанын, толтонун сезгениши/.

АПА́ТИЯ апатия /адамдын көңүлү эргибөө, айлана чөйрөдөгү кубулуштарга кызыкпоочу абалы; маанайы пастык/.

АПЕРИЕ́НТИ апериенттер /ичегини күчтүү жыйрылтып, ичти бир аз өткөрүүчү дарылар/.

АПЕРИТИВЫ **аперитивдер** /адамды тамакка көңүлдендүрүүчү, алкип ачуучу дарылар/.

АПИКОЛИЗ **апиколиз** /өпкөнүн учу жогору жабышып өсүшүн операциялык жол менен төмөндөтүү/.

АПЛАЗИЯ **аплазия** /ткандардын же органдардын түйүлдүк башталганда эле жоктугу, бүтпөшү/.

АПЕКС **апекс** /чоку, төбө/.

АПНОЭ **апноэ** /дем алуу токтоо; кыска убакытка дем ала албоочулук/.

АПИРЕКСИЯ **апирексия**/ температура жогорулоочу, калтыратуучу кээ бир ооруларда дененин температурасы жогору көтөрүлбөй турган абал/.

АПИРЕТИКУС **апиретикус** /денеси ысып, калтырап титиреөөчү учур/.

АПИТУИТАРИЗМ **апитуитаризм** /гипофиздин өзүнүн же ал чыгарган ички секрециясынын жоктугу/.

АПИЦИТ **апицит** /өпкөнүн учунун сезгенип оорушу. Көбүнчө туберкулез оорусунда байкалат/.

АПОНЕВРОЗ **апоневроз** /жука, жайык чарым/.

АПОПЛЕКСИЯ **апоплексия** /мээге кан куюлуу; бул кан тамыр үзүлгөндө байкалат/.

АПОФИЗ **апофиз** /сөөктүн чыгып турган учугу/.

АППЕНДЭКТОМИЯ **аппендэктомия** /курт сымал ичегини алып таштагандагы операция/.

АППЕНДИЦИТ **аппендицит** /курт сымал ичегинин сезгениши/.

АППЕТИТ **аппетит** /тамакка табиты тартуу же ага көңүлдөнбөө учуру/.

АППЛИКАЦИЯ **аппликация** /дары берүү жана аны денеге сиңпоо чаралары/.



АПРАКСИЯ **апраксия** /колун кыймылдатып, максатына жетпес учур; м.: кол көтөрүлгөнү менен бал кыймын кийе албоо сыяктуу абал/.

АПРЕССИН **апрессин** /тамырдагы кандын басымын төмөндөтүүчү дары/.

АПРОЗЕКСИЯ **апрозексия** / ар нерсени тактай албай, айгына жете албоо; адам өтө карыганда байкалуучу абал/.

АПТЕКАРСКАЯ ТАКСА **аптекалык нарк** /дарынын наркын атайын белгилөөчү документ/.

АПТИАЛИЗМ **аптиализм** /шилекей чыкпоо, ооз кургоо/.

АРАХНОДАКТИЛИЯ **арахнодактилия** /колдун манжаларынын туулгандан эле узундугу, шадылуулугу/.

АРАХНОИДИТ **арахноидит** /мээнин жана жүлүндүн желе кабыкчаларынын сезгениши/.

АРГИРИЗМ **аргиризм** /тутумунда күмүш заты бар дарыларды дайыма ичкендеги пайда болгон оору/.

АРГИРОЗ **аргироз** / кээ бир органдын былжырлуу кабыкчасынын же терисинин күкүрт тартып өзгөрүшү. Ал тутумунда күмүш заты бар дарыларды ичкенде байкалат/.

АРЕОЛА **ареола** /эмчектин учундагы тегерек уюл/.

АРЕОЛИТ **ареолит** /эмчектин үрпүнүн тегерегиндеги сезгенич оору/.

АРЕФЛЕКСИЯ **арефлексия** /рефлекстин жоголуп кетиши, организмдин ар кандай дүүлүктүрүүчү аракеттерине анын жооп кайтарбастыгы/.

АРИТМИЯ **аритмия** / жүректүн кагуу калыбынын өзгөрүшү/.

АРРОЗИЯ аррозия/жешилип кетүү,сезгенүүнүн натыйжасында кан тамырдын капталы тешилип, андан кан агуу/.

АРТЕРИИТ артериит /артериялык тамырдын сезгенч оорусу/.

АРТЕРИОГРАФИЯ артериография /кан тамырларга рентген нуру өтпөгөн зат куюп,анын түзүлүшүн сүрөткө түшүрүү/.

АРТЕРИОЛА артериола/артерия тамырынын эң майда бөлүкчөлөргө капиллярга бөлүнгөн бөлүгү/.

АРТЕРИОРАФИЯ артериорафия /артерия тамырына тигиш салуу/.

АРТЕРИОСКЛЕРОЗ артериосклероз /карыганда артерия тамырынын капталы катууланып жоонойшу; кандын басымы жогорулоочу ооруда байкалат/.

АРТЕРИОТОМИЯ артериотомия /артериялык тамырдын капталын кан чыгаруу үчүн кесүү/.

АРТЕРИЯ артерия/тутуунда кислороду көп кандуу кан тамыр жана ал агуучу түтүкчө/.

АРТЕФИЦИАЛЬНЫЙ артефициалдуу /табигый эмес жасалма, жалган/.

АРТРАЛГИЯ артралгия /муундун дайыма сыздап ооруусу/.

АРТРИТ артрит /муундардын ар түрлүү оорусу/.

АРТРОЗ артроз /муундун өнөкөт оорудан жабыр тартуусу/.

АРТРОГРИПОЗ артрогрипоз /муундун такыр кыймылдабай, сеңек болуп калган учуру/.

АРТРОДЕЗ артродез /мууңду операциялык жол менен кыймылдатпай аштоо/.

АРТРОЛИЗ артролиз /муун такыр кыймылдабай калганда, операция жасап кыймылга келтирүү/.



АРТРОПАТИЯ артропатия /муундун нерв жабдууларынын бузулушунан келип чыккан оору /.

АРТРОПЛАСТИКА артропластика / операциялык жол менен жаңы муун жасап,анын кыймылын калыбына келтирүү чаралары/.

АРТРОРИЗ артроризм / жасалма жол менен муундардын кыймылын азайтуу/.

АРТРОТОМИЯ артротомия /мууңду оорунун атын табуу же дарылоо максатында кесип; ачуу/.

АСБЕСТОЗ асбестоз /асбест чаңын узак убакытка чейин дем алуудан пайда болгон өпкө оорусу/.

АСИНКЛИТИЗМ асинклитизм /төрөт убагында баланын башы капталына кайрылыбыраак келүү учуру/.

АСИСТОЛИЯ асистолия /жүрөк булчуңунун начарлыгынан анын жыйрылуусунун начарлашы, бошоңдошу/.

АСКАРИДОЗ аскаридоз /аскарид митесинен пайда болгон оорулар/.

АСПЕРГИЛЛЕЗ аспергиллез / плесенден /көк миттан/ пайда болгон теринин, былжырлуу бездин,өпкөнүн оорусу/.

АСПЕРМАТИЗМ аспрематизм /жыныс катышуу мезгилинде эрендиктин чыкпаотыгн/.

АСПЕРМИЯ аспермия / эрендиктин такир эле жоктугу/.

АСПИРАЦИЯ аспирация / дем алганда кекиртек аркылуу катуу же суюк заттын өпкөгө өтүп кетиши, адамдын көңдөйлүү органдарынан суюктукту тарттирип алуу аракети/.

АСПИРАТОРЫ аспираторлор /жараттан жана дененин бир жеринде пайда болгон суюктукту бордуруп ала турган аспап/.

АСТЕАТОЗ астеатоз / теринин майынын аз гана бөлүнүп

чыгышы; териден ак кып бөлүнүп, кургак тартышы/.

АСТЕНИЯ астения /адамдын дарманы жок, алсыз абалы/.

АСТЕНОПИЯ астенопия /көздүн көрүү курчунун начарлашы/.

АСТМА астма /таза эле адамдарда кезек кезеги менен тумчугууну сезүүчү абал. Ал бронхдордун булчуңдары карышуудан пайда болот/.

АСФИКСИЯ асфиксия /муунуу, тумчугуу/.

АСЦИТ асцит /ич көңдөйгө сары суу толуп кеткен учур/.

АТАВИЗМ атавизм /адамдын кээ бир көрүнүштөрү ата-энесине окшобой, мурунку өткөн жакындарына жана ата-бабаларына окшоштугу/.

АТАКСИЯ атаксия/ денедеги кыймылдын бир калыпта эместиги/.

АТАРАКТИЧЕСКИЕ ЛЕКАРСТВА атарактикалык дарылар /психикалык бузулууда таза абалга алып келүүчү дарылар/.

АТЕЛЕКТАЗ ателектаз /оорунун себебинен өпкөнүн бөлүгүнө абанын аз барышы/.

АТЕРОМА атерома /май бездеринин суюктук чыгуучу жолу бүтүүдөн пайда болгон шишик/.

АТЕТОЗ атетоз /денедеги кыймылдоочу органдар дайыма курттун кыймылына окшош жай кыймылдоо; м.: ичегинин кыймылы/.

АТЕРОМАТОЗ атероматоз /артерия тамырларынын капталдары жумшап анын өзгөрүүсүнөн, боткого окшош зат пайда болуп, жаратка чалдыгуу/.

АТЕНУАЦИЯ атенуация /жугуш ооруга чалдыктыруучу микробдордун күчүн касалма жол менен алсыздандыруу/.

АТИРЕОЗ атиреоз /төрөлгөндө эле же андан кийинки адам-



дын калкан безинин жоктугу/.

АТЛАНТ атлант /биринчи же ооз омуртка/.

АТОНИЯ атония / органдын же ткандын алсыздыгы/.

АТРЕЗИЯ атрезия /туулганда эле ооздун же арткы тешиктин бүтөлүп түшүшү. Кээ бир оорулардан кийин кээ бир мүчөлөрдүн көлөмү кичирейип жокко эсе болуп калышы/.

АТРЕПСИЯ атрепсия /эмчексиз багылган баланын тамактануу эрежесинин оор формага бузулушу/.

АТРИХОЗ атрихоз /чачтын өспөгөндүгү же такыр эле жоктугу/.

АТРОФИЯ атрофия /ткандардын же органдардын тамактануусу начарлагандыгынан алардын көлөмүнүн кичирейиши/.

АУРА аура /талма оорусунун башталышын билгизе турган мезгил/.

АУСКУЛЬТАЦИЯ аускультация /адамдын денесиндеги добушту атайын курал менен же кулак менен тыңшап угуу/.

АУТОГЕМОТЕРАПИЯ аутогемотерапия /өз канын өзүнө куюп дарылоо/.

АУТОПСИЯ аутопсия/өлүктү изилдөө, байкоо максатында союу/.

АУТОСЕРОТЕРАПИЯ аутосеротерапия /өзүнүн канынын суюктугун гана өзүнө куюп дарылоо/.

АУТОФОНИЯ аутофония / өз үнү өзүнө кетерүңкү катуу чыккандай угулуу/.

АФАГИЯ афагия /жута албоо, кулкун булчуңдарынын шал болуп иштебегендигинде байкалуучу учур/.

АФАЗИЯ афазия /мээ жабыркагандагы адамдын сүйлөөсүнүн бузулушу/.

АФАЗИЯ ДВИГАТЕЛЬНАЯ кыймылдуу афазия /оорулуунун сүйлөөчү аппараттары жана акыл эси ордунда туруп эле сүйлөй албоосу айткан сөзгө түшүнүп, бирок сүйлөй албаган учур/.

АФАЗИЯ СЕНСОРНАЯ сенсордуу афазия /угуу органдары бузулбай элэ, сөздүн маанисине түшүнбөстүктөн оорулуу сүйлөйт, бирок ага башка бирөөлөр сүйлөгөндү түшүнбөгөн учур/.

АФАКИЯ афакия /чечекейдин жана каректин каниндагы жарыкты чагылдыруучу линзанын жоктугу/.

АФЕОБРИЛЬНЫЙ афеобрилдуу / кээ бир оорулуунун оорусуна жараша температурасы жогору болуш керек болсо, ал анын тескерисинче жогору көтөрүлбөстүгү/.

АФИБРИНОГЕНЕМИЯ афибриногенемия /фибрин заты жоктугунан кандын уюбастыгы/.

АФОНИЯ афония /үнсүздүк, үнү басыңкы чыгуу, шыбырап сүйлөө/.

АФРОДИЗИАКИ афродизиакалар / жыныстык козголууга көмөктөшүүчү дарылар/.

АФРОДИТИ афодиттер / жыныстык делебесин козголууну басаңдатуучу дарылар/.

АФТЫ афты, оозул оорусу /ооздун былжырлуу кабыкчасындагы нилдакча бат эле жарылып, анын ордуна сары так калышы/.

АФФЕКТ ПЕРВИЧНЫЙ дартка биринчи чалдыккан жер / денеге микроб кирген жердин же жарадар болгон жердин сезгенч балталган жери/.

АФФИНИСТЕТ аффинистет /организмдин ар түрдөгү ткандары жана клеткалары денедеги химиялык заттарды өзүнө тандап тартып алуусу/.

АХЕЙЛИЯ ахейлия /адамдын төрөлгөндөн эле эрди жок төрөлүшү/.

АХИЛИЯ ахилия /карындын суюктугунун жалпы эле жоктугу. Ал суюктукта же туз кислотасынын же пепсин ферментинин жоктугу/.

АХЛОРГИДРИЯ ахлоргидрия /карындын чыгарган суюктугунун маңызында туз кислотасынын жоктугу/.

АХОЛИЯ ахолия /боордун оорусунун себебинен пайда болгон сарык оорусундагы өттүн бөлүнүп чыкпай калышы/.

АХРОМАТОЗ ахроматоз /теринин кадимки түсү болбой бир жери агарып же башка түстө болушу/.

АХРОМАТОПСИЯ ахроматопсия /кээ бир түстөрдү көрүп, аны башка түстөрдөн ажырата албоо/.

АЦЕРВУЛУС ацервулус /баш мээге калыңий заттары чогулуп, кум чогулгандай болуп калуу абалы/.

АЦЕТАБУЛУМ ацетабулум /жамбаш сөөгүнүн кашка жиликтин башы ашталуучу чуңкуру/.

АЦИДОЗ ацидоз /канда жана ткандарда кычкыл заттардын көбөйүшү же щелочь запастарынын азайышы. Мындай көрүнүштөр өтө ачка болгондо же диабет оорусунда байкалат/.

АЦЕТОНУРИЯ ацетонурия /кант оорусунда, көпкө чейин кускан адамдарда, ачка болгон мезгилдерде, сийдиктеги ацетон затынын пайда болушу/.

АЦЕФАЛИЯ ацефалия /Чанда учуроочу башы жок төрөлгөн бала. Кээ бир учурда андан башка да бир мүчөлөрүнүн кем экендиги да байкалып калат/.

АЭРАЦИЯ аэрация /аба толтуруу, комнатаны желдетүү чаралары/.

АЭРОБЫ аэробдор /өзүнүн жашоосуна абадагы кычкылтекти

сезгүз керектөөчү жандыктар-микробдор/.

АЭРОЗОЛЬ аэрозоль /өтө майда катуу же газ түрүндөгү заттарды өпкө жолдорунун оорусун дарылоо үчүн аны абанын жогорку басымынын жардамы менен өпкөгө үйлөтүү/.

АЭРОН аэрон /самолетто учканда, деңизде сүзгөндө кустурбоочу дары/.

АЭРОФОБИЯ аэрофобия /карама-каршы терезени же эшикти ачканда, бөлмөнүн ичинен шыдыр өткөн желден өтө коркуу/.

АЭРОТЕРАПИЯ аэротерапия /оорулууну абада алып жүрүү менен дарылоо/.

АЭРОФАГИЯ аэрофагия / жел жутуунун себебинен ич көөп, аны кайра кекирүү.Бул ымыркай балдарда көп учурайт/.

АЭРОИОНОТЕРАПИЯ аэроионотерапия /дем алуу жолдорунун жогорку бөлүгүндөгү ооруларды атайын оң жана терс заряддалган иондордун жардамы менен дем алдырып дарылоо/.

АЭРООТИТ аэроотит /атмосфералык басым төмөндөшүнөн ортоңку кулактын сезгениши. Ал өзгөчө учкучтарда жана самолётто учкан кээ бир жүргүнчүлөрдө,чанда суукта жана шамалда калган адамдарда кезигет/.

## Б

БАБИНСКОГО РЕФЛЕКС Бабинскийдин рефлекси /буттун таманынын чоң бармак тушун катуу нерсе менен эти айрылбагыдай кылып сүртсө, баш бармак акырындык менен төмөн кайрылат дагы аны менен кошо калган бармактар кайрылат. Кээде чоң бармак анын тескерисинче артына кайкалап, калган бармактар чар жайыт туш-тушка жайылат. Эгерде жүлүн дартка чалдыккан-



да экинчи шарттагыдай учур байкалат. Алты айга чейинки жаш балдардын бутун дүүлүктүрсө, алардын баш бармагы да жүлүнү ооруган чондордун бармагына окшоп жайрылат. Бул адамдын өсүп жетилбегендигин ашкерелейт/.

БАЗАЛИОМА базалиома /теринин тышкы катмарынан өсүп чыккан рак оорусу/.

БАЗАЛЬНАЯ МЕМБРАНА базалдык мембрана /кошуучу ткандардан пайда болуп, ар түрдүү ткандарды бөлүп турган жука чел катмар/.

БАЗЕДОФИКАЦИЯ базедофикация /калкан безинин тышкы түрү боюнча, базедова оорусуна жакын дарттын көрүнүшү/.

БАЗЕЛЬСКАЯ АНАТОМИЧЕСКАЯ НОМЕНКЛАТУРА базелдик анатомиялык аттар /1895-жылы анатомиялык коомдун Базелде болуп өткөн съездинде кабыл алынган бир системадагы анатомиялык терминдердин аттары/.

БАЗЕНА ЭРИТЕМА Базен эритемасы /теринин туберкулез оорусунда байкалуучу жана ага өзгөчө мүнөздүү кызарган жери/.

БАЗИС НАРКОЗ негизги, алгачкы наркоз /киргизип берүүчү наркозду берерден мурун баштап берген негизги наркоз/.

БАЗОФИЛИЯ /ткандардын жана клеткалардын негизги сөйгү деп аталган боёкко чыккый боёлушу/.

БАЗОФИЛЬНАЯ АДЕНОМА Базофилдик аденома /гипофиздин сейрек учурай турган шишиги. Ал гипофиздин алдыңкы бөлүгүндөгү негизги боёк менен каныга боёлгон клеткалын өсүп чыгат/.

БАКТЕРИАЛЬНЫЕ КАМНИ бактерия таштары /бактериялардын өтө көп чогулуп, таштай катып калышы, бактериялык таш сийдик жолдоруна таш пайда болгондо байкалат. Ал сейрек учурайт/.

БАКТЕРИЕМИЯ бактериемия / бактериянын, микробдун канга кошулушу. Бул ич келте оорусунда көбүрөөк кезигет/.

БАКТЕРИОЛИЗИНЫ бактериолизиндер /бактерияларды эритүүчү зат. Ал зат денеде жугуштуу оорулар менен оорун айыккандан кийин пайда болот/.

БАКТЕРИОЛОГИЯ бактериология /биологиянын бактерияларды изилдөөчү тармагы/.

БАКТЕРИОЛОГИЧЕСКОЕ ОРУЖИЕ бактериялык курал /адамдарды, жан-жаныбарларды, өсүмдүктөрдү жоготууга багытталган бактерия менен толтурулган, атылууга колдонулуучу курал жабдыктар. Бактерияны элди кыруу үчүн колдонот/.

БАКТЕРИОСТАЗ бактериостаз /бактериялар айлана чөйрөнүн физикалык жана химиялык таасиринен убактылуу көбөйбөй, өспөй калган учуру/.

БАКТЕРИЦИДНАЯ БУМАГА бактерияны өлтүрүүчү кагаз/анчейин чоң эмес жараларды дарылоого ылайыкталган, майда тешиктерин күмүштүн туздарына шыретип койгон кагаз/.

БАКТЕРИЦИДНАЯ ЛАМПА бактерияны өлтүрүүчү лампа /кыска толкундагы ультра фиалет нурлары өтүп кетүүчү айнектин ичиндеги сымапка электр кошулганда, буулануудан айлана чөйрөгү жарыгы тийген жерлердеги микробдорду өлтүрүүчү чырак/.

БАКТЕРИЦИДНЫЕ ВЕЩЕСТВА бактерициддүү заттар /тийгизген таасири боюнча бактерияларды өлтүрүүчү заттар/.

БАКТЕРИЯ бактерия /тыш жука чел менен курчалган бир клеткалуу майда жандык, микробдордун бир түрү/.

БАКТЕРИИ ДИЗЕНТЕРИИ К.ШИГА Шига бактериясы /япониялык бактериолог Шиганын наамындагы дизентерия оорусун пайда кылуучу бактериянын бир түрү/.



БАКТЕРУРИЯ бактериурия /сийдик жолдору сезгенбей эле, сийдикте бактериянын пайда болушу/.

БАЛАНИТ баланит /эркектин жыныс мүчөсүнүн баш жагы сезгенип оорушу/.

БАЛАНОПОСТИТ баланопостит /эркектин жыныс мүчөсүнүн баш жагынын териси менен кошо сезгенип оорушу/.

БАЛАНТИДИАЗ балантидиаз /ците инфузориясы жоон ичегинин капталын жемирүүдөн пайда болгон оору/.

БАЛЛИЗМ баллизм /колдун күтүлбөгөн жерден эле бат-бат кайталап эрксиз кыймылдоосу/.

БАЛЛИСТОКАРДИОГРАФИЯ баллистокардиография /жүрөктүн кыймылынын таасиринен пайда болгон дененин бардык жериндеги кыймылды жазып алуу. Ал атайын курал аркылуу жүргүзүлөт/.

БАЛЬЗАМ бальзам / эфир майынан турган, коюу, жагымдуу жыттуу суюктук/.

БАЛЬЗАМИРОВАНИЕ ТРУПА өлүктүн денесин катыруу /сактоочу заттарды өлгөн адамдын ткандарына чирип кетпегендей кылып, сиңиртип коюу. Өлүк катыруу биринчи жолу байыркы египеттерден башталган/.

БАЛЬЗАМИЧЕСКИЕ ПОВЯЗКИ бальзамдык таңуу /денедеги теринин оорусунда же кээ бир хирургиялык ооруларда дене ириндеп кетпегендей кылып, дагы атайын ириңдетүүгө мүмкүндүк бербеген бир зат сиңдирип таңып коюу/.

БАЛЬНЕОЛОГИЯ бальнеология /минералдык суулардын тутумун окуп, алардын климаттык жана деңиздеги шартында адамга тийгизген таасирин билүү/.

БАЛЬНЕОТЕРАПИЯ бальнеотерапия /минералдык сууларды денеге сүрткөндө, аны ичкенде же кээ бир оорулардын алдына

ала болтурбоо максатында аларды колдонгондо кандай таасир бере тургандыгын талдап изилдөө, окуу жолу/.

БАНТИ СИНДРОМ банти синдром /боордун бөрчке айлануусу менен көк боордун чоңоюп оруган учуру/.

БАРАБАННЫЕ ПАЛЬЦЫ бармактардын учунун жоонокшу/бронхдор кеңейип кеткенде жала өпкөдөгү ириң оорусу узакка созулганда байкалуучу колдун манчаларынын учунун көлөмү жагынан чоңоюп кетиши/.

БАРБАМИЛ барбамил/уйкуну келтирип, уктатуучу дары/.

БАРЕСТЕЗИЯ барестезия /денеңин бир жерин басканды кты, кысканды кты сезүү абалы/.

БАРИЙ барий /рентген нуру өтпөгөн касиети бар химиялык зат. Медициналык практикада оорунун атын табуу үчүн кеңири колдонулат/.

БАРОКАМЕРА барокамера /өтө кысылып бекиген, ичинде өтө төмөнкү же жогорку басымдагы абасы болгон жай, камера.Ушундай шартта адамдын жашоо мүмкүнчүлүгү кеңири изилденип жатат/.

БАРОТРАВМА баротравма /атмосфералык басым жогору же төмөн болгондугунан жаралануу. М.:катуу дабыштан кийин кулактын тарсылдагынын жарылышы/.

БАРРЕ-МАССОНА БОЛЕЗНЬ Барре-Массон оорусу /теринин терең катмарындагы ткандардан өсүп чыккан шишик. Ал көбүнчө беш манчанын тырмагынын алдында өтө көп кезигет/.

БАРТОЛИНИТ бартолинит /аялдын жыныстык органынан бартолин деп аталган безинин сезгенип оорушу/.

БАТОМЕТР батометр /лабораториялык изилдөө жүргүзүү үчүн сууну тереңдигинен алып чыгуу/.



БАЦИЛЛА бацилла /формасы узун тартып, микроскоп менен караганда таякча окшош көрүнгөн микробдор/.

БАЦИЛЛА И.БОРДЕ, О.ЖАНГУ Борде-Жангу бацилласы /көк жөтөл оорусун пайда кылуучу бацилла. Ал микробдорду биринчи тапкан окумуштуунун наамында аталат/.

БАЦИЛЛА Р.КОХА Кохтун бацилласы /немец бактериологу 1843-1910. туберкулёздун таякчасы. Таякча 1882-жылы табылып, туберкулёзго чалдыктыруучу бацилла, туберкулездун таякчасы же Кохтун бацилласы деп аталган. Микробактерияны ачкан окумуштуунун наамында да аталат/.

БАЦИЛЛОНОСИТЕЛЬ организмде бацилланын болушу/организмде жугуштуу оорулардын бацилласы болуп, аларды кезек-кезеги менен айланага чыгарып бирок анч менен өзү оорубаган адам/.

ЕВАМБА ЛИХОРАДКА Евамба Лихорадкасы /1941-жылы табылган вирус оорусу. Биринчи жолу Уганда өлкөсүндө Евамба аймагында табылган. Медицинада өтө аз изилденген оорулардын бири/.

БЕЗАЛКОГОЛЬНЫЕ НАПИТКИ алкоголсуз ичимдиктер /алкоголсуз ичимдиктерге мөмөлөрдүн маңызы, жашылчалардын суюктугу кирет/.

БЕКА САРКОИД Бек Саркоиди /беттеги, оозду н тегерегинде тери туберкулез оорусуна чалдыкканда тиш ачылып адамдын нонрынгандай абалдагыдай көрүнүшү. Бул ооруну 1899-жылы Бек деген окумуштуу жазган/.

БЕЛАЯ ГЛИНА ак баткак /дарыларга түспөл бере турган баткак. Салмагы миллиграммдык дарыга ак баткак кошуп бир грамдык кылып жасоо/.

БЕЛИ бели /аялдардын жыныстык мүчөлөрүнөн бөлүнүп чыккан ак суюктук/.

БЕЛКОВАЯ ВОДА белок суусу /ичи өткөн балдарга жана дайыма эле кусуучу балдарга берилүүчү суу. Кайнаган сууга чаңгыт кылып жумуртканын агын аралаштырат,ошентип белок суусу ичүүгө даяр болот/.

БЕЛКОВАЯ ДИСТРОФИЯ белоктун алмашуусунун бузулушу/адамдын денесиндеги ар түрдүү оорулардын кесепетинен пайда болуп, организмдеги белоктун ткандагы жалпы саны азайгандыктан келип чыккан дарт/.

БЕЛКОВОЕ МОЛОКО белок сүтү /дары катары колдонулуучу сүт. Анын составында сүт канты жана туз азыраак болот. Эмчектеги балдардын тамак сиңирүүсү бузулганда кеңири колдонулат/.

БЕНЗИДИНОВАЯ ПРОБА бензидиндик баамдоо /карындын маңызында, сийдикте, заңда пайда болгон канды бензидин заты аркылуу баамдоо, тактоо/.

БЕНЗИПИРЕН бензипирен /лабораториянын шартында ракты, шишикти жасалма түрдө пайда кылуучу химиялык зат/.

БЕРЕМЕННОСТЬ БРЮШНАЯ болочок түйүлдүк /түйүлдүктүн ич көңдөйүндө эркин гана жылып жүрүү менен бойна болуусу/.

БЕРЕМЕННОСТЬ ВНЕМАТОЧНАЯ жатындан сырткары бойна бүткөндүк

БЕРЕМЕННОСТЬ ДВОЙНОЙ эгиз бала бойна бүткөндүк

БЕРЕМЕННОСТЬ МНИМАЯ жалган бойна болуучулук/аялдын бойнда болбосо деле, бойнда бардай сезилип, ичи чоңоюу менен башка дагы кош бойлуулук белгилердин пайда болушу/.

БЕРЕМЕННОСТЬ ТРУБНАЯ жатындын түтүкчөсүндө бойна болуучулук /болочок түйүлдүк өз жайынан орун албай, жатындын түтүгүнө бүтүп, бойна болуу/.

БЕРЕМЕННОСТЬ ЯИЧНОВАЯ жатындын жумурткасында бойна болуучулук /аялдын урукт.к безиндеги графов ийлаакча деген



жеринен түйүлдүк өсүп,бойна болуу/.

БЕРИ БЕРИ бери бери /организмде витамин $B_I$ жоктугунан пайда болгон оору. Дарылабаса оору адамды шал кылуу менен аяктайт/.

БЕСАЛОЛ бесалол /белладон менен салолдун кошулмасы, жалпак булчуңдуу органдардын булчуңун бошондотууга көмөктөшөт/.

БЕХИА бехиа /жөтөлгө каршы дары/.

БИГУМАЛЬ бигумаль /безгек оорусун айыктырууда колдонулуучу негизги дарылардын бири/.

БИЛАТЕРАЛЬНЫЙ билатералдуу / эки жак, эки тараптуу.Организмдеги дарт же жөнөкөй эле өзгөрүүлөр дененин эки жагынан же эки капталынан орун алышында колдонулуучу термин/.

БИЛИАРНЫЙ билиардуу / өткө байланыштуу өзгөрүүлөр, өттөн болгон залалдар/.

БИЛИВЕРДИН биливердин / өттүн түтүмүндагы жашыл боёк заты/.

БИЛИГНОСТ билигност/ өт системасын сүрөткө тартып алуу үчүн колдонулган рентген нуру өтпөгөн зат/.

БИЛИРУБИН билирубин / өт боёгунун негизги түрү/.

БИЛОКУЛЯРНЫЙ билокулярдуу /дарттын организмдин эки жеринен орун алышы/.

БИМАНУЛЯРНЫЙ бимануляр дуу / кош колдоо , эки колу менен бирдей иштеген адам/.

БИНАУРАЛЬНЫЙ бинауралдуу /ар тарапты эки кулагы менен бирдей угуучу адам/.

БИНОКУЛЯРНЫЙ бинокулярдуу /эки көздүү; эки көзү бирдей көргөн адам/.

БИОГЕНЕЗ биогенез /организмдин өсүү жолу, тартиби/.

БИОДОЗА биодоза / күндөгү ультрафиолет нуру териге тийгенде, кызаргангa чейин алып барган чени, өлчөмү/.

БИОКЛИМАТОЛОГИЯ биоклиматология /адамдын организмине аба ырайынын, климаттын тийгизгён таасирин изилдөөчү илим/.

БИОМЕХАНИКА биомеханика /адамдын жана жаныбарлардын кыймылын окуй турган физиология илиминин бөлүгү/.

БИОЛОГИЧЕСКАЯ ХИМИЯ биологиялык химия /жандыктарда өтө турган химиялык өзгөрүштү окуучу илим/.

БИОМИКРОСКОПИЯ биомикроскопия /организмдеги клеткалардын жандуулугун микроскоп аркылуу кароо/.

БИОПСИЯ биопсия /кесилип алынган органдарды же ткандарды оорунун атын табуу максатында, микроскоп менен текшерип көрүү/.

БИОТОВСКОЕ ДЫХАНИЕ биотовчо дем алуу / бир топ дем алып туруп, бир аз убакытка дем албай, дем алуунун калыбынын бузулушу/.

БИОХИМИЯ биохимия / организмдеги өтүп жаткан химиялык процессти изилдөөчү илим/.

БИСЕКСУАЛЬНЫЙ бисексуалдуу /эркек жана ургаачы жыныстуу адамдар ; кистеке/.

БИСЕПС бисепс / эки ача, эки баштуу; булчуңдардын эки жерден башталып, эки ача болушу/.

БИССИНОЗ биссиноз /адамдардын көздөмө токуучу жайдагы чаңды узак убакытка чейин дем алуусунан пайда болгон өпкө оорусу/.

БИФУРКАЦИЯ бифуркация /эки ача, экиге бөлүнүү деген маанидеги сөз. Дем алуучу коко экиге бөлүнгөн жерин же та-



мырлардын эки ача болуп бөлүнгөн жери /.

БЛАСТОМА бластома / шишик, рак/.

БЛАСТОМИКОЗ бластомикоз / ички органдардын жана теринин грибок оорусу/.

БЛЕННОРЕЯ бленнорея /былжырлуу катмарлардан, өзгөчө көздүн тышкы катмары сезгенүүдөн кийин ириң көп агуу/.

БЛЕФАРИТ блефарит /көздүн капкычынын тегерегинин сезгениши/.

БЛЕФАРОПЛАСТИКА блефаропластика /көздүн капкычын же анын бөлүгүн калыбына келтирүүчү операция/.

БЛЕФАРОРРАФИЯ блефароррафия/ көз бир оорудан кийин көздүн жылчыгын куушируу максатында аны тигүү/.

БЛЕФАРОФИМОЗ блефарофимоз /көз жылчыгы туурасынан кууш тартып калышы/.

БЛЕФАРОХАЛАЗИС блефарохалазис /жогорку кирпиктин жогору жагындагы теринин жукаланып ылдый салаңдашы/.

БОЛЕЗНЬ К.А.БАЗЕДОВА Базедов оорусу / немец врачы ; 1799-1854 ; калкан бези чоңоюу менен катар анын кызматы күчөп иштеөдөн тиреотоксикоздун башталышы. Ал оору негизинен калкан безинин чоңоюшу, көздүн чанагынан чыга баштап тостоюшу жана жүрөктүн бат-бат кагышы менен мүнөздөлөт/.

БОЛЕЗНЬ В.БАНГА Банг оорусу / даниялык врач 1848-1932 ; бруцеллез оорусунда байкалуучу дененин температурасынын жогорулашынын кезек-кезеги менен кайталанып турушу/.

БОЛЕЗНЬ Г.БАНТИ Банти оорусу / италиялык врач, 1852-1925 ; ар түрдүү белгисиз себептерден көк боордун чоңоюшу, аз кандуулук жана боордун бөрчке айланышы. Оорулууда жогорудагыдай көрүнүштөрдүн бардыгы болсо Банти оорусу деп аталат/.

БОЛЕЗНЬ Г.БЕХЧЕТА Бехчета оорусу /турциялык дерматолог, 1889-1948; көздүн жаа сымал катмары менен алдыңкы кобулу ириңдеп, өөздүн ичинен ак чел кабыктар чыгып кошулган жана ооздогудай эле көрүнүш жыныстык органдарда байкалып, кайта-кайта кайталанган оору/.

БОЛЕЗНЬ А. БИРМЕРИ Бирмери оорусу / немец врачы, 1827-1892; өтө коркунучтуу аз кандуулук оору. $B_{12}$ витамини жетишсиздиктен пайда болгон аз кандуулук/.

БОЛЕЗНЬ С.П.БОТКИНА-Боткин оорусу / орус.терапевти 1832-1889; боордун жугуштуу сезгенчи. Сарык оорусу.Бул ооруга вирус кеместеш/.

БОЛЕЗНЬ Н.Е.БРИЛЛЯ, Д.СИММЕРСА Брилл-Симмерс оорусу /лимфа бездеринин түйүндөрүнүн чоңоюп өзгөргөн өнөкөт оорусу. Дарттын себеби белгисиз/.

БОЛЕЗНЬ Н.Е.БРИЛЛЯ Бриллдин оорусу/оорунун көрүнүшү кагылып келтенин жеңил түрүне окшош оору/.

БОЛЕЗНЬ И.Т.БУЕНА Буен оорусу /америкалык дерматолог, 1857-1941; теринин тышкы катмарына пайда болуп, жай өскөн жана катуулап кеткен теринин оорусу. Ал күчөсө, теринин рагына айланат/.

БОЛЕЗНЬ Р.БРАЙТА Брайт оорусу / англиялык врач, 1789-1858; бөйрөктүн көптөгөн оорулары. Ага сийдикте белок пайда болуу, шишик басуу жана бөйрөктүн өзүнө микроскоп менен карап көргөндө формасы жагынан бир кыйла өзгөрүүлөр мүнөздүү/.

БОЛЕЗНЬ Н.П.ВАСИЛЬЕВА,А.ВЕЙЛЯ Васильев-Вейль оорусу /курч мүнөздө кармоочу жугуштуу сары оору. Бат эле температура 40-41$^{o}$ ка жетип, балтыр жана бел ооруп, дене саргаруу



менен боор, көк боор чоңоюп кетүү. Бул ооруга мүнөздүү температура бир жумача жогорулап, анан төмөндөп 5-9 күндөн кийин кайра жогорулайт. Жугуу булагынын бири-арыс чычкандар. Булардын сийдигинен бөлүнүп чыккан лептоспироз сууга түшүп, андан ары тамак заттарына жугуп андан адамга таралат. Дартты козгоочу лептоспира деп аталган микроб/.

БОЛЕЗНЬ П.Г.ВЕРЛЬГОФА Верльгоф оорусу /немец врачы, 1699-1767; кандын тутумундагы тромбоциттердин азайышынан пайда болгон оору. Негизинен бул оору терде, былжырлуу бездө канталаган жерлер менен айырмаланат. I см$^{3}$ канда норма боюнча 200-300 миң даана тромбоцит боло турган болсо, бул оорудa анын саны он эсе төмөндөшү да ыктымал. Дененин бир жери тытылып калса, андан бир нече саатка же суткага чейин каны басылбаган учурлар да кезигет/.

БОЛЕЗНЬ К.Ф. ВЕСТФАЛЯ,С.ВИЛЬСОНА,Н.В.КОНОВАЛОВА Вестфаль-Вильсон - Коновалов оорусу /жаш адамдарда кезигүүчү боордун бардык жагынан бырыша айланып боруму. Паркинсонизм оорусуна окшош келет. Укумдан-тукумга өтөт/.

БОЛЕЗНЬ И.ГЕЙНЕ, О. МЕДИНЕ Гейне-Медине оорусу /көпчүлүгү үчтөн беш жашка чейинки балдарда кезигүүчү жугуштуу оору. Нервге таасир тийгизүүчү вирустардын залалы жүлүндөгү боз затына тийет. Ошон үчүн дененин температурасы көтөрүлүп, бат эле колу бутта алсыздык сезилет. Өзгөчө буттагы булчуңдарга таасирин тийгизип, бутту басууга жарабай шал болот. Зыяндык таасири бешинчи күнгө чейин эле белгилүү болот/.

БОЛЕЗНЬ А.ГЕНДА, А.ШУЛЛЕР, Г.А.КРИСЧЕНА Генд-Шуллер-Крисчен оорусу /оору негизинен 3-7 жаштагы балдарда болот. Баш сөөгүнүн кээ бир жери борпоң болуп рентгендик сүрөтко

тартканда кадимки эле географиялык картага окшойт. Андан башка да көзү чанагынан чыгып, божуп кодоолугу менен айырмаланат/.

БОЛЕЗНЬ Х.А.ГЕРТЕРА,О.ГЕЙНБЕРГА Гертер-Гейнберг оорусу /жаш балдарда кезигүүчү сейрек учураган оору. Ичеги-карындын бардыгын сезгентет. Мүнөздүү көрүнүшү өтө сасык жыттуу жана көп өлчөмдө заң бөлүнүп чыгат. Заң болсо боткого май аралашкандай көрүнөт/.

БОЛЕЗНЬ Е.В.ГИРКЕ Гирке оорусу / жаш балдарда углевод алмашуу бузулганда байкалуучу оору. Гликоген заты жүрөккө, боорго, көк боорго топтолот. Баланын өсүшү басаңдап, дагы боору чоңоюп, кандын тутумунда кант заты аз болот/.

БОЛЕЗНЬ Г.ГИРШСПРУНГА Гиршспрунг оорусу /Төрөлгөндөн эле жоон ичегинин калыңдыгы жана көлөмүнүн өтө чоңдугу. Бул өзгөрүш жаш балдарда кезигет. Дарылоосу операциялык жол менен жүргүзүлөт/.

БОЛЕЗНЬ Т. ГОДЖКИНА Годжкин оорусу / лимфа бездери чоңоюп, көздө температура жогорулап, өтө тердеп жана денени кычыштыруучу өнөкөт оору. Дарт негизинен лимфа бездеринин жана боордун чоңоюшу менен аныкталат. Моюндун, колтуктун, такымдын безин чоңоюшу ушул ооруга мүнөздүү болот. Оорунун пайда болуу себеби белгисиз. Арты кайгылуу бүтөт/.

БОЛЕЗНЬ Ф.Х. ГОРШЕ Горше оорусу / 1854-1918; бир үй-бүлөнүн оорусу. Организмде май заты алмашуу бузулуудан келип чыккан оору. Май көбүнчө боорго, көк боорго, лимфа түйүндөрүнө жыйналып, ал мүчөлөрдүн көлөмү чоңоюп, теринин саргыч тартышы жана аз кандуулуктун белгиси байкалышы менен айырмаланат/.



БОЛЕЗНЬ И.И.ГРАНШЕ Граншө оорусу /француз врачы, 1813-1907; бул оорудa өпкөнүн кончулук бөлүгү сезгенет. Бронхдорго сезгенч суюктуктары толот. Ал суюктуктар өпкөнүн сыртына чыкпайт/.

БОЛЕЗНЬ А.В.ГРЕФЕ Грефе оорусу /немец офтальмологу, 1828-1870; көз ылдый жакка кыймылдаганда көздүн жапкычы көз менен кошо ылдыйлабастан ордунда калышы. Ушундай учур базедово /богок/ оорусунда да байкалат/.

БОЛЕЗНИ Г.ди ГУЛЬЕЛЬМО Гульельмо оорусу /италиялык врач, 1886-1961; кандын ак кан оорусуна окшош оорусу. Бат баштaлып температура көтөрүлүү менен мүнөздөлөт. Оорунун эмнеден пайда болоору белгисиз/.

БОЛЕЗНЬ С.Т.ДАРЛИНГА Дарлинг оорусу /америкалык врач 1872-1925; адамдын жана жаныбарлардын грибок оорусу. Оору температуранын кезек-кезеги менен көтөрүлүшү, аз кандуулук, көк боордун чоңоюшу жана лейкоциттердин саны азайышы менен далилденет/.

БОЛЕЗНЬ Ф.Х.ДЕРКУМА Деркум оорусу /америкалык врач, 1856-1931; көбүнчө аялдардын ар кайсы жерлерине учураган май пайда болуп, өтө семиришы. Бул оорунун өзгөчөлүгү-ал майлуу жерлерди бармак менен басканда оорутандыкты сезет. Кадимки семирүүдөгү майды басып көрсө оорубайт/.

БОЛЕЗНЬ С.ДУПЛАЙ Дуплай оорусу /Франциялык хирург, 1836-1924; күң желик менен далынын кошулушкан жериндеги муундун сезгениши. Бул оору 40 тан жогорку жаштарда башталат. Сезгенч бир нече түргө бөлүнөт/.

БОЛЕЗНЬ Л.А.ДЮРИНГА Дюринг оорусу /америкалык дерматолог, 1845-1913; бүдүрлөр, ыйлаактар пайда болуп ооруган тери-

ни өнөкөт оорусу/.

БОЛЕЗНЬ ШЕБЕРА <u>Шебер оорусу</u> /көпчүлүгү тулку бойго жайылган теринин оорусу. Оору кызыл темгилдер менен айырмаланат. Кызыл темгилдердин ортосунда ак кеберлер пайда болуп, анын көз бирөөнүн чоңдугу тегерек топчудай көлөмгө жетет/.

БОЛЕЗНЬ Н.М.ИЦЕНКО,Г.В.КУШИНГ <u>Иценко -Кушинг оорусу</u> /колу-буттан башка тулку бойдун семиздиги, сөөктөрдүн морттугу, артериясынын басымынын жогорулугу, башынын катуу оорушу, Эркектердин жыныстык мөндөмсүздүгүнүн, аялдардын этек киринин токтошу мүнөздүү болот. Оорунун себеби көбүнчө мээнин жараланышынын же гипофиз безинин алдыңкы бөлүгүн шишик басканда байкалат/.

БОЛЕЗНЬ И.КАЛВЕ,А.Т.ЛЕГГ, ПЕРТЕС <u>Калве-Легг-Пертес оорусу</u> /көпчүлүгү улгайган эркектерде учуроочу оору. Сөөк оорусунун ич нен жоонокп, оору өнөкөткө айланганда байкалат/.

БОЛЕЗНЬ А. КАСТЕЛЛАНИ <u>Кастеллани оорусу</u> / аябай катуу жөтөлүп, бат-бат кан какыруу менен бронхдун ички бетинин сезгениши. Көп сандагы бронхдордо спирохетозду пайда кылуучу оору. Ал субтропикалык жана тропикалык өлкөлөрдө кезигет/.

БОЛЕЗНЬ Н.И. КАШИН,Е.В. БЕК <u>Кашин-Бек оорусу</u> /белгилүү гана жерде болуучу,б.а. Сибирде, Түндүк Китайда, Манджурияда кезигүүчү оору. Муундардын формасы бузулуп, урчуп,андагы кыймылдар чектелип калуучу оору. Бул көпчүлүк учурда колдо байкалат/.

БОЛЕЗНЬ Г.КИАРИ <u>Киари оорусу</u> /боордун вена тамырына кан уюп, тамырдын көлөмү кичирейип,боордун өзү чоңоюшу.Боордун кызматы начарлап, ичке сары суу толо баштаган оору/.



БОЛЕЗНЬ А.Ф. КОРОБНИКОВА <u>Коробниковдун оорусу</u>/орус психиатры; көк боор чоңоюп, ичеги-карындан кан агуу кайта-кайта кайталанып,канда тромбоцит азаю менен мүнөздөлгөн оору/.

БОЛЕЗНЬ Б.Б.КРОНА <u>Крон оорусу</u> /ичке ичегинин жоон ичегиге өтүүчү чениндеги сезгенүү оорусу. Жоон ичегиден 20-40 сантиметр алысыраак орун алган илдет/.

БОЛЕЗНЬ ЛАНГДОН ДАУНА <u>Лангдон Даун оорусу</u>/англиялык врач; адамдын дене түзүлүшү менен кошо акыл-эсинин да өспөй калышы/.

БОЛЕЗНЬ А.Т.ЛЕГГА,И.КАЛЬВЕ, Г.ПЕРТЕС <u>Легга-Кальве -Пертес оорусу</u> /төрт жаштан он алты жашка чейинки балдардын кашка жилигинин жамбашка ашташкан башынын өнөкөт сезгенүү оорусу. Сезгенүүнүн себебинен. сөөктүн урчуп калышы менен буттун кыскаруусу байкалат/.

БОЛЕЗНЬ В.И.ЛИТТЛА <u>Литтл оорусу</u> /англиялык хирург, 1810-1894; бала төрөгөндө мээсине доо кетип жаралануудан пайда болгон балдардын шал оорусу. Мындай шал бир жак өрөөндөн жана эки жак өрөөндөн тең кармайт/.

БОЛЕЗНЬ Ф.Г. ЛОБШТЕЙНА <u>Лобштейн оорусу</u> /немецтик врач, 1774-1835; туулгандан эле сөөктөрдүн өзүнөн -өзүнүн морттугу. Аны менен кошо көзүнүн тышкы кабыгы көгүш көрүнүп,кулагынын угушунун да начарлашы/.

БОЛЕЗНЬ О.Л.МЕЛЛЕРА,Т.БАРЛОВА <u>Меллер-Барлов оорусу</u> /эмчек эмбей багылган бир жарым жашка чейинки балдарда кезигүүчү,С витамины тамакта жетишсиз санда болгондугунан пайда болгон ооздун ичиндеги бүйлөлөрүнүн сезгениш оорусу. Оорулуу балдардын териси жана булчуңдары канталап, андан башка дагы ар кандай ооруларга чалдыгууга да жөндөмдүү келет/.

БОЛЕЗНЬ П. МЕНЬЕРА Меньер оорусу /француз врачы, 1799-1862; өзгөчө сезгенбей эле ооруган ички кулактын оорусу. Ал оору кулак укпоо, кулак чуулдоо жана өзүнөн-өзү эле тең салмактуулугун жоготуп, башы айлануу менен мүнөздөлөт. Бул учурда кусуу, жүрөк айлануу дагы байкалат. Оорунун себеби эмнеден экени белгисиз/.

БОЛЕЗНЬ Л. А. МИЛЬМАНА Мильман оорусу /америкалык рентгенолог, 1895; рентгендин нуру менен караганда сөөктө байкалуучу өтө жарык жерлер. Оорунун кесепетинен сөөктүн бир жери абага толуп, ал жер рентгенде тунук көрүнөт. Мындай дарт көбүнчө орто жашаган аялдарда кезигет. Бул оорунда белде жана бутта ооругандык сезилип, чайпалып басат дагы, бою жапыздай баштайт/.

БОЛЕЗНЬ О. МИНЬКОВСКОГО, А. ШОФФАРА Миньковский-Шоффар оорусу /бир үй бүлөнүн энекет сарык оорусу. Сарыктын себеби кандын тутумундагы кээ бир клеткалардын жарылышынан келип чыгат. Бул адам туулганда эле байкалышы дагы ыктымал. Дарт көк боор чоңоюу, аз кандуулук, сийдикте уробилиногендин көп өлчөмдө чыгуусу менен мүнөздөлөт/.

БОЛЕЗНЬ МОНДОРА Мондор оорусу /төшөнүн белгилүү бир чөйрөсүндө өзгөчө эмчек тушта жана ичте вена тамырларынын капталын катуулоодон вена жайгашкан чөйрөдө узун тарткан катуу бөрчтөр пайда болушу менен мүнөздөлөт. Ал бөрчтөрдөн ары теринин алдындагы чарыдарда да кезигет. Венанын капталынын катуулоо себеби ар түрдүү болот/.

БОЛЕЗНЬ МОРВАН Морван оорусу / француз врачы, 1819-1897; колдун беш манжаларынын тырмагы менен кошо чирип оорушу/.



БОЛЕЗНЬ МУРИСА Муриса оорусу /мурис-япон тилинде чоң арис чычкан дегенди билдирет. Арис чычкандар тиштөөдөн пайда болгон оору. Оору көбүнчө Кытайда, Японияда жайылган. Чычкандын тиши өткөн жеринде кызаруу пайда болот. Кезек-кезеги менен калтыроо жана булчуңдардын оорусу кыйнайт. Оору өлгөн чычкандарды жеген башка жаныбарлар аркылуу да жугууга мүмкүн/.

БОЛЕЗНЬ А. НЕЙМОННА, Л. ПИК Нейманн -Пик оорусу /оору көк боордун, боор жана лимфа бездеринин чоңоюшу менен мүнөздөлөт. Мунун эки формасы бар. Бул оорунун эки айлыктан үч жашка чейинки балдардагысы болсо, оору тез күчөп, жаш балдарды өлүмгө дуушар кылат. Жай өскөн формасы чоңдордо болот да, оору жай башталып, көпкө созулат/.

БОЛЕЗНЬ А. НЕЙССЕРА Нейссер оорусу /алдынан сезгенген оору. Гонококк микробу менен бир адамдан экинчи адамга жыныстык катнашуу мезгилинде жугуучу, жыныстык мүчөнүн былжырлуу кабыгынын сезгенүү оорусу/.

БОЛЕЗНЬ Ж. НИКОЛЯ, М. ФАВРА Николь-Фавр, төртүнчү венерикалык оору /оору тукум бездеринин дайыма чоңоюшу, ал тешилип өзгөрүлүшү менен мүнөздөлөт. Ооруга атайын чыпкадан өткөн өтө майда вирус дуушар кылат/.

БОЛЕЗНЬ В. П. ОБРАЗЦОВА, Н. Д. СТРАЖЕСКО Образцов-Стражеско оорусу / жүрөктүн өтө тез башталган инфаркт оорусу. Жүрөк булчуңунун дартка чалдыккан жерине кан айлануу жетишсиз болгондуктан келип чыгат. Ошол жер жумшап кетип, өлүк тканга айланат. Ал андан ары күчөбөсө, адамды өлүмгө алып келбейт/.

БОЛЕЗНИ ОСЛЕРА РАНДЮ ВЕБЕРА Ослер -Рандю-Вебер оорусу /туулгандан эле теринин жана былжырлуу кабыкчалардын кан т-

миры хоон болуп кеткендиктен кан агуу. Аның чылдагааны аз кандуулукка алып келүү. Тамыр көзге көрүнбээн иштики органнарда хоозурааш болгаш, олардан кан агуу өлүм коргунчулуг алдырып болур. М.: оозунуң иштинде, тамак сиңирер кадарлыында, та-барсыктан кан агуу ж.б./.

БОЛЕЗНЬ Н. ПАРКИНСОНА Паркинсон оорузу /англиялык врач, 1755-1824; убакыт өткен сайын өөрчүй берүүчү оору. Бул аде-тиде бир холдуң учу өзүнен-өзү ле кыймылдап, аңдан ары билекке өдүп база эки хол тең кыймылдаар. Кыймылдаа бардык денеге хайылып, башка чейин четет. Булчуң өтө чыыраалыының чылдагааны тии карыыш, оорулуунун арны кыймылсыз аваалда тиш-тенгенсин көрүнер/.

БОЛЕЗНЬ Н. ПЕДЖЕТА Педжет оорузу /англиялык хирург, 1814-18899; аалдарның эмчээниң үрүнүн тегерегинде чыккан өске формалыг рак. Оору эмчектиң үрүнүн тегерегинден өс-кече суктуг биышкы чигуу-биле илерээр/.

БОЛЕЗНИ Г.М. РАНДЮ, В. ОСЛЕРА Рандю-Ослер оорузу /төрүттүнгенден ээ кан тамырлар кең болуп, алардан кыймыынчарзак кан ага бээр, аас кандуулукка алып келүү. Көз көрбээн черде-ги органнардан /мыйыдан, оозунуң иштинден, тамак сиңирер кадарлыында, тавартыктан/ кан агуу коргунчулуг/.

БОЛЕЗНЬ М. РЕЙНО Рейно оорузу /француз врачы, 1834-1881; көвүнче херээжен аалдарның аразында кезиктиг эки холдуң база бут-тун чиниш түүшү. Бул оорулга оорулуунун холунуң учу, өскече тырмактарының оорулааны база алардың көгерип түүшкүн байка-лаар. Барымактар адиргенде бозарып, анаан көгерер. Оору күштелгенде барымактар карарып, анаан өзүнен-өзү түжүп, кертиле баштаар. Оорунуң чылдагааны кан тамырның кызылып база хайылдырар хендемдүүр-



лүг ынчарлааганда байкалыр/.

БОЛЕЗНЬ Г. РЕЙТЕРА Рейтер оорузу /немецтиг врач, 1888; сийдик чыгаарар түттүгнүң база көзнүң хавактарының иштики былдырлыг бетинден база муушкарлыг көк ногаан түстүг хавырындан суу чыгып, ириңниг сезиглиг. Оорунуң чылдагааны амдыызында талаш/.

БОЛЕЗНЬ РЕКЛИНГАУЗЕН Реклингаузен оорузу /мүчө кууп оорулга бир өг-бүлениң бардыгы ооң оору-биле оңай оорувчу оору. Ол бардык мүчеде чекиттерден баштап жумурткадай ар-тырдуг хемчээлдиг шыштыктар-биле демдегленер. Шыштыктар чарым-дуу хавырларындан база нервилерниң тышкы кавыындан өзүп чыгар. Кээде психикага база таасирин чедирер/.

БОЛЕЗНЬ А.И. РОЗЕНБАХА Розенбах оорузу / немецтиг врач, 1842-1923; көвүнче холдуң маңгаларының кежиниң кыдыраажын чигиши. Бул үеде температура көдүрүлбейн эзр оорубайт. Мындай оору бир жери каралангада балыктың эдине база башка этке улангаанда байкалыр ыктымал/.

БОЛЕЗНЬ В.К. РОТ, М. БЕРНГАРДТА Рот-Бернгардт оорузу /саннын сыртында, саннын сыртыкы кеш алдындагы нервиниң ай-магында кумурска чуруунганнай болуп сезилиир оорушку. Оорунуң пайда болуу чылдагааны бардык ле үеде бел-гилүү эвес/.

БОЛЕЗНЬ А. РОШ-ЛЕРИ Рош-Лери оорузу / француз врачы, 1873-1930; дененин оң база сол чак бөлүгүнде бирдей пайда болгон, анчейин кеп база чоң эвес майда май бүдүрчелери/.

БОЛЕЗНЬ СИММОНДСА Симмондс оорузу /гипофизтиң таасири-нен пайда болуп кургап, катып арыктаар. Тамакка кеңнилээр болуп, эттек кир токтолуп, карыындың майлыы соолуп чыгар, ти-

ш, чачы түшүп арыктоо. Оору гипофиз безинин алдыңкы бөлүгү начар өнүгөндөн пайда болот. Көпчүлүгү жаш аялдар төрөгөндөн кийин байкалат/.

БОЛЕЗНЬ Р.Р.СПЕНСЕРА Спенсер оорусу /ичеги-карындын бир жеринде жайылган вирустан пайда болгон оорусу. Көбүнчө ымыркай жаштагы балдарда байкалат. Өтө катуу кусат, суткасына онго жакын бат-бат заңдайт, башы айланат, кээде ичи ооруйт, бирок температура жогору көтөрүлбөйт/.

БОЛЕЗНЬ Г.Ф.СТИЛЛА, Ш.ШОФФАР Стилла -Шоффар оорусу /балдардын муундарынын оекет сезгенишинин өзгөчө түрү. Ал лимфа бездери жана көк боор чоңоюшу менен дагы мүнөздөлөт. Кезеккезеги менен азыраак температура көтөрүлүп, өтө тердөө менен өтөт/.

БОЛЕЗНЬ ТОЛОЧИНОВА, Г.Л.РОЖЕ Толочинов -Роже оорусу /туулгандан эле жүрөктүн карынчасынын оорусундагы тосмосунун кемдиги, жетишсиздиги/.

БОЛЕЗНЬ Е.ФЕЕРА Феер оорусу /швейцар врачы, 1864; өтө жаш, б.а. 5 ке чейинки балдарда байкалуучу вегитоневроз оорусу. Мында кандын басымы жогору болуп, жүрөгү ылдам кагып, кандын ичиндеги канттын саны көп болот/.

БОЛЕЗНЬ Н.Ф.ФИЛАТОВА, К.ДЮКСА Филатов -Дюкс оорусу /балдардын кызамыкка окшош оорусу; оору териси кызаруу болуу бир топ сааттарга гана созулат. Бул оорудa теринин тышкы катмары күбүлүп түшпөйт дагы лимфа түйүндөрү көппөйт/.

БОЛЕЗНЬ А.ФРЕЛИХ ФрелиХ оорусу / веналык невролог жана эндокринолог, 1871-1953; гипофиз безинин кызматы бузулушунан, көбүнчө көөдөн жак менен балтыр чеңге май көп жыйналып, жыныстык органдардын кызматы начарлап семирүү/.



БОЛЕЗНЬ ШЕНЛЕЙНА ГЕНОХА Шенлейн Генох оорусу /капилляротоксикоз оорусу, организмдеги териде пайда болгон ар түрдүү кызыл тегмилдер. Алар кызыл жүгүрүк оорусунда да байкалат. Темгилдер теридеги өтө майда кан тамырлардын капталынан кан сызылып чыгышынан келип чыгат/.

БОЛЕЗНЬ Г.В.ШЕУРМАННА Шеурманн оорусу/даниялык хирург. 1877; көбүнчө 10-16 жаштагы эркек балдарда учурай турган көкүрек менен белдин тушундагы омурткалардын формасынын бузулушу. Арттын себебине балдардын партада туура эмес отурушу же алардын оор жүк көтөрүүсү себепкер. Аягында бели бүкүр болуп калышы да ыктымал/.

БОЛЕЗНЬ К.В.ЭКОНОМО Экономо оорусу /австралиялык врач. 1876-1931; вирустун мээге тийгизген залалы. Ооруу адеп баштаганда температура көтөрүлөт. Уйку басат же, анын тескерисинче, уйку качат. Көздүн кыймылдабай да калышы байкалат. Кээде бул оорудан айыкканы менен, андан кийин колдун, буттун өзүнчө эле кыймылдап, дирилдеп калышы ыктымал/.

БОЛЕЗНЬ В.Г. ЭРБА, С.ГОЛДФЛАМ Эрба -Голдфлам оорусу /туура алалуу булчуңдуу органдарда булчуңдун алсыздыгынан байкалуучу оору. Ал алсыздануудан тамак чайнай албай, жута албай, үн чыгара албай калган учурларда кезигет/.

БОЛЕЗНЬ М. ЯФФЕ Яффе оорусу / немецтик биохимик, 1841-1911; сөөктүн кайсы бир жеринде өзүнчө эле бир тешик, көңдөй пайда болуу. Бул ооруу көбүнчө жаш ыпчааларда көп кезигет. Оорунун себеби белгисиз/.

БОДДВИНА ОПЕРАЦИЯ <u>Болдвина операциясы</u> /аялдын жатыны жана жыныстык кынын өсүп жетилбесе, анын ордуна ичке ичегиден кеп кыйып жасоочу операция/.

БОЛТАЮЩИЙСЯ СУСТАВ <u>шалкылдаган муун</u> /эки сөөктүн кошулган жериндеги муунду кармап туруучу булчуңдардын алсыздыгынан, муундан төмөнкү жагы эрксиз кыймылда болушу/.

БОРБОРИГМЫ <u>борборигмалар</u>/ичегинин ичине жел же суу толгондуктан куркуроо/.

БОРДЕ ЖАНГУ БАКТЕРИЯ <u>Борде Жангу бактериясы</u> /көк жөтөлдүн микробу; ушул автордун аты менен аталат/.

БОРМАШИНА <u>бормашина</u> / тиш оорусун дарылоочу врачтардын тишти көзөөчү, кируучу, курт жеген жериң тазалоочу машинасы/.

БОТАЛЛОВ ПРОТОК <u>Баталлов өткөөлү</u> /бала жатында жатканда өпкөнүн артерия тамыры менен колконун ортосун кошкон тамыры. Чоңойгондо ал бүтүп калат дагы анын ордуна өткөөл пайда болот/.

БОТРИОМИКОМА <u>ботриомикома</u> /ириңдетүүчү майда маклуктар пайда кылган кишикке окшош теринин оорусу/.

БОТРИОЦЕФАЛ <u>Ботриоцефал</u> /ичегидеги тасма курт оорусу/.

БОТРИОЦЕФАЛЕЗ <u>ботриоцефалез</u> /жалпы эле мите курт оорусу/.

БОТУЛИЗМ <u>ботулизм</u> / ботулин бациллалары бар тамак-ашты жегендиктен кийин оор ууланып ооруу/.

БРАДИАРТРИЯ <u>брадиартрия</u> /кара куш мээнин оорусунун кесепетинен жай сүйлөп калуу/.

БРАДИКАРДИЯ <u>брадикардия</u> /жүректүн жай согушу/.

БРАДИКИНЕЗИЯ <u>брадикинезия</u> / адамдын жалпы эле жай кыймылдоосу/.



БРАДИЛАЛИЯ <u>брадилалия</u> /таптап, жай сүйлөө/.

БРАДИПНОЭ <u>брадипноэ</u> /адамдын жай дем алуусу/.

БРАНХИОГЕННАЯ КИСТА <u>Бранхиогендик барсылдак</u> / денениң алкым, бакалоор чөнинен туура эмес өсүп чыккан ичи көңдөй барсылдак, шишик/.

БРАНХИОГЕННЫЙ РАК <u>бранхиогендик рак</u> / түйүлдүк бала чоңоё баштаганда бакалоор чемирчеги убакыт өткөн сайын жоюла баштайт, бирок кээ бир адамдарда алкым тушунан чыккан ракта бала чактагы клеткалар байкалса бранхиогендик рак делет/.

БРАХИАЛЬГИЯ <u>брахиальгия</u> /ийиндин өтө оорусу/.

БРАХИАЛЬНЫЙ <u>брахиалдуу</u> /колдун ийин жак бөлүгү; чыканактан жогору жагы/.

БРАХИЦЕФАЛИЯ <u>брахицефалия</u> /баштын шар формасындай тоголок түрү/.

БРЕВИС <u>бревис</u> / кыска, мукур/.

БРЕГМА <u>брегма</u> /чыкый сөөктөрүнүн бириккен жери/.

БРЕД <u>жөөлүү, орунсуз сөздөрдү сүйлөө, тантандоо</u> /көбүнчө жин оорусуна мүнөздүү/.

БРЕННЕРА ОПУХОЛЬ <u>бреннер шишиги</u> / аялдардын жыныстык безине чыгуучу коркунучсуз шишик. Ал көпчүлүк убактарда 41 жаштан 60 жашка чейинки мезгилде байкалат/.

БРОДИ АБСЦЕСС <u>броди абсцесси</u> /сөөктүн бир жеринде анчейин чоң эмес, ириң оорусу. Ал өнөкөт оорулардын катарына кирет/.

БРОМИДРОЗ <u>бромидроз</u> /бут өтө сасык жыт чыгарып, өзгөчө тердөө/.

БРОМИЗМ <u>бромизм</u> /тутумунда бром заты болгон дарыны көпкө ичүүдөн уулануу/.

БРОМОДЕРМА <u>бромодерма</u> / муундун, чекенин, каштын терисине кызарып шишиги таштып чыгуучу исиркек. Бул бромдун тузу аралашкан дарыны өтө көп убакытка чейин ичкен оорулуу адамдарда кездешет/.

БРОМУРАЛ <u>бромурал</u> / жанды тынчтандырып, уйку келтирүүчү дары/.

БРОНХ <u>бронх</u>/кекиртектин экиге бөлүнгөн жеринен баштап өпкөнүн эң майда бөлүкчөлөрү альвеолуна чейинки аралыктагы түтүкчөлөр/.

БРОНХИАЛЬНЫЕ СВИЩИ <u>бронхдун тешиги</u> /өпкө жарадар болгондо же көп бир оорулардан кийин бронхдордун капталы тешилип, андан дайыма аба же ириң ошол сыяктуу суюктуктар бөлүнүп чыгышы/.

БРОНХИОЛА <u>бронхиола</u>/өпкөдөгү бронхдордун бутактанып жана ичкерип отуруп бүткөн эң майда бөлүкчөлөрү/.

БРОНХИОЛИТ <u>бронхиолит</u> / бронхдордун эң майда бөлүкчөлөрү бронхиолдордун сезгениш оорусу/.

БРОНХИТ <u>бронхит</u> / бронхдун ички былжырлуу кабыкчасынын сезгениши/.

БРОНХООДЕНИТ <u>бронхоодениТ</u>/кокого жана бронхго жакын жердеги лимфа бездеринин сезгениш оорушу/.

БРОНХОБЛЕННОРЕЯ <u>бронхобленнорея</u> /бронхдордун ички катмары сезгенгенде, өнөкөт оорусунда ириңдүү какырыктын көп чыгышы/.

БРОНХОГЕННЫЙ <u>бронхогенный</u> / бронхдон чыккан бардык дарт жана ар түрдүү өзгөрүүлөр/.

БРОНХОГРАФИЯ <u>бронхография</u> /нур өтпөс заттарды бронхго куюп, аны рентген аркылуу сүрөткө тартуу/.

БРОНХОМИКОЗ <u>бронхомикоз</u> /ар түрдүү грибоктордун кесепетинен пайда болгон бронхдордун оорусу/.

БРОНХОПНЕВМОНИЯ <u>бронхопневмония</u> /бронхдун жана өпкөнүн кошулуп сезгениш оорушу/.

БРОНХОРЕЯ <u>бронхорея</u> /адамдын көп өлчөмдөгү суюк шилекей чыгарып жөтөлүүсү/.

БРОНХОСКОПИЯ <u>бронхоскопия</u> /атайын аспап менен бронхдордун ички бетин тиктөө, кароо/.

БРОНХОСПАЗМ <u>бронхоспазм</u> /бронхдордун булчуңдарынын карышуусу же тырышуусу. Бул көбүнчө бронхиалдык астма оорусунда байкалат/.

БРОНХОСТЕНОЗ <u>бронхостеноз</u> /бронхдордун көңдөйүнүн ичирейиши/.

БРОНХОФОНИЯ <u>бронхофония</u> /өпкөнү тыңшаганда табыштын катуу угулушу. Бул табыш өпкө катуулап бөрчкө айланганда угулуп калат/.

БРОНХОЭКТАЗИЯ бронхоэктазия/оорунун себебинен бронхдордун көлөмү кеңейип кетиши/.

БРУЦЕЛЛЕЗ <u>бруцеллез</u>/адамдардын жана айбандардын бруцелла бактерияларынан пайда болгон жугуштуу оорусу/.

БРЫЖЕЙКА <u>чычыркай</u>

БУБОН <u>бубон</u> /алдынан сезгенүүдө жана чума оорусунда takымдагы бездердин чоңоюп кетиши/.

БУККАЛЬНЫЙ <u>буккальный</u> / уурт, жаактын айнагына тиешелүү термин/.

БУЖИРОВАНИЕ <u>бужирование</u> /формасы түтүктөй, өткөөлү бар органдардын түтүгүнө резиналык же темир түтүк киргизип аның жолун кеңейтүүчү же анын ичиндеги суюктукту тышка чыгаруучу аракет/.

БУЛИМИЯ булимия /карын өтө ачкада тамакка тойбоочудай сезүү/.

БУЛЛА булла / дененин бир жерине барсайып чыккан, дем-пейген ичи сууга толгон шишик/.

БУРСИТ бурсит /сөөктөрдүн кошулган жери, муундардын ичиндеги жылтырак бетинин сезгениши. Ал ириңдеп кеткенде, муундун ириңдүү сезгениши деп аталат/.

БУТИМИЯ бутимия /тамак жээшти өзгөчө эңсөө/.

БУТАДИОН бутадион /ревматизм оорусунун кесепетинен пайда болгон муундардын сезгенүүсүн дарылоодо колдонулуучу дары/.

БУФТАЛМ буфталм /көзү чоң адам, алаң көз/.

# В

ВАГИНА вагина /аялдын жыныстык кини/.

ВАГИНАЛИС вагиналдуу /аялдардын жыныстык кинина байланыштуу аталуучу бардык сөздөр/.

ВАГИНИТ вагинит /аялдын жыныстык кининин сезгениши/.

ВАГИНОФИКСАЦИЯ вагинофиксация /аялдын жатынды кинидин алдынкы бетине тигип коюу/.

ВАГИТУС вагитус /жаш баланын ыйлаган үнү/.

ВАГОНЕВРОЗ вагоневроз / тармактуу нервдердин жалпы оорусу/.

ВАГОТОМИЯ ваготомия /тармактуу нервдин төмөнкү бөлүгүн, бутагын кесүү/.

ВАГОТРОПНЫЙ ваготроптуу /тармактуу нервге таасир тийги-



зүүчү дарылар, заттар/.

ВАГУС вагус /тармактуу нервдин чогултуп кыскартылган түрү/.

ВАЗА ваза /түтүк лимфа же кан тамыр/.

ВАЗЕЛИНОВОЕ МАСЛО вазелин майы /медицинада, турмуш тиричиликте колдонулуучу, тутумунда ар түрлүү заттары бар жумшак май/.

ВАЗЕЛИНОДЕРМА вазелинодерма / вазелин сыйпагандан кийинки теринин кээде сезгениши/.

ВАЗОВАЗОСТОМИЯ вазовазостомия /эркектин урук чыгаруучу түтүкчөсү бүтүп калганда, анын кеңдейүн калыбына келтирүү үчүн бүткөн жерди кесип таштап, таза жерине улоочу операция/.

ВАЗОГРАФИЯ вазография /кан тамырды атайылап дайрдап туруп сүрөткө тартуу/.

ВАЗОДИЛАТАТОРНЫЙ вазодилататордуу /кан тамырды кеңейтүүчү дары заттары/.

ВАЗОДИЛАТАТОР вазодилататор /кан тамырдын көлөмүн кеңейтүүчү нерв/.

ВАЗОДИЛАТАЦИЯ вазодилатация / кан тамырдын кеңейиши/.

ВАЗОКОНСТРИКТОР вазоконстриктор/кан тамырды куушуруучу нерв/.

ВАЗОКОНСТРИКТОРНЫЙ вазоконстриктордуу /кан тамырды куушуруучу дары заттары/.

ВАЗОКОНСТРИКЦИЯ вазоконстрикция /кан тамырлардын куушурулушу/.

ВАЗОЛИГАТУРА вазолигатура / кан тамырды байлоо/.

ВАЗОМОТОРНЫЙ вазомотордуу /кан тамырды кеңейтип жана куушуруучу заттар/.

ВАЗОМОТОРЫ вазомоторлор /кан тамырды кеңейтип, куушуруучу нервдердин бутагы/.

ВАЗОПРЕССИН вазопрессин / гипофиздин арткы бөлүгү болуп, түрлүү кан тамырларга куушурулуучу, таасир тийгизүүчү гормон/.

ВАЗЭСТОМИЯ вазотомия /эркектин урук чыгаруучу түтүгүн узунунан тилүү/.

ВАЗЭКТОМИЯ вазэктомия /эркектин жараксыз уруктук түтүгүнүн бөлүгүн кесип алуу/.

ВАКЦИНА вакцина / ооруну кабыл албоого ылайыкталган, тирүү же чала өлгөн микробдордун жана анын уу заттарынын чогултулган суюктугу/.

ВАКЦИНА БЦЖ БЦЖ вакцинасы / туберкулез оорусуна каршы эмдөөгө колдонула турган, француз окумуштуулары Кальметт жана Герен тарабынан табылган, ооруга чалдыктыруу жөндөмдүүлүгүн жоготуп, күчү кеткен туберкулездун микробу. Аны менен эмдегенден кийин организмдин туберкулез оорусуна каршылык көрсөтүү жөндөмдүүлүгү күчөйт да оору жукпоого көмөктөшөт/.

ВАКЦИНА Ж.СОЛКА Солктун вакцинасы /америкалык иммунолог, 1914; полиомиелит, шал оорусу менен оорубас үчүн эмделүүчү вакцина/.

ВАКЦИНАЛЬНАЯ БОЛЕЗНЬ вакцина оорусу / териге вакцинаны жибергенден кийин ооруксунганды сезүү. Вакцинанын түрүнө жараша ага мүнөздүү жеңил гана түрдөгү оору/.

ВАКЦИНАЦИЯ вакцинация / жугуштуу ооруларды жугузбоого, организмди чыңдоо үчүн вакцина куюу, эмдөө/.

ВАКЦИНОПРОФИЛАКТИКА вакцинопрофилактика / ооруну болтурбай алдына алуу үчүн вакцина куюу/.



ВАКЦИНОТЕРАПИЯ вакцинотерапия /вакцина менен дарылоо/.

ВАЛЬВУЛА валвула /жапкыч, канат, жүрөктүн ичиндеги жапкычына тийешелүү термин/.

ВАЛВУЛЯРИС валвулярис / жапкычтуу, бүктөлмөлүү/.

ВАЛГУС валгус /мүчөнүн, көбүнчө, буту-колдун тышына кыйшык аңтарылган учуру/.

ВАЛЬВУЛОПЛАСТИКА вальвулопластика / операциялык жол менен жүрөктүн ичиндеги жапкычынын кызматын жөнгө келтирүү максатында операция жасалуучу аракеттер/.

ВАЛЬВУЛОТОМИЯ вальвулотомия /жүрөктүн жапкычындагы тарыган тешигин кеңейтүүгө максат кылып жасалган операция/.

ВАЛЯ СИМПТОМ валь симптому /ичеги түйүлгөн мезгилде, ичегинин түйүлгөн жеринен жогору жагына жел чогулуп, ичеги көөп турган жери/.

ВАН-ГУКА ОПЕРАЦИЯ Ван-Гуктун операциясы/сийдик куюлуучу түтүктү улаштыруучу операция/.

ВАРИКОЗИС варикозис /вена тамырынын кеңейген оорусу/.

ВАРИКОЗНЫЕ ЯЗВЫ варикоздук жара /вена тамыры кеңүүдөн келип чыккан жара. Ал көбүнчө бутта байкалат/.

ВАРИКОЦЕЛЕ варикоцеле /эркектин уруктук түтүгүнүн вена тамырынын кеңейиши/.

ВАРИКС варикс /вена тамырынын аз гана кеңейиши/.

ВАРИОЛА вариола /чечек/.

ВАРИОЛИФОРМНЫЙ вариолоформдуу / дарттын чечекке окшош түрү/.

ВАРИОЛОИД вариолоид / чечек оорусунун жеңил формасы/.

ВАРИЦЕЛЛА варицелла / суу чечек/.

ВАРИЦЕС варицес /вена тамырынын жалпы кеңейиши/.

ВАРУС варус /мүчөнүн ичине ийилген учуру; м.: колдун же буттун ичине ийрилип калышы/.

ВАСКУЛЕЗНЫЙ васкулездуу /мүчөнүн кан тамырга бай, көп бөлүгү/.

ВАСКУЛИТ васкулит /кан жана лимфа тамырларынын сезгениши/.

ВАСКУЛУМ васкулум /көлөмү жагынан эң кичине кан тамыр/.

ВАСКУЛЯРИЗАЦИЯ васкуляризация /кан тамыр бутактардын жаңыдан пайда боло баштаган учуру/.

ВАСКУЛЯРНЫЙ васкулярдуу /кан тамырларга тийиштүү сөз/.

ВЕГЕТАТИВНЫЙ вегетативдүү /өсүмдүктөрдүн же ткандардын өзүнөн-өзү өсүшү/.

ВЕГЕТАЦИЯ вегетация /былжырлуу катмардагы, териндеги өзүнчө өсүп чыккан эт/.

ВЕЗИКА везика / ичи суюктукка толгон ыйлаактын же ичинде эч нерсе жок барсылдактын тышкы кабыгы. Ага өттүн тышкы кабыгы жана табарсык да кирет/.

ВЕЗИКАЛЬНЫЙ везикалдуу /табарсыкка тиешелүүлүктү билдирүүчү сөз/.

ВЕЗИКАНАЦИЯ везиканация/денеде ыйлаакты пайда кылуучу дарылар/.

ВЕЗИКО-ВАГИНАЛЬНЫЙ везико- вагиналдуу /табарсык менен аялдын жыныстык кынына байланыштуу түшүнүктү билдирүүчү сөздөр/.

ВЕЗИКО-РЕКТАЛЬНЫЙ везико -ректалдуу/табарсык менен көтөн чучукка байланыштуу түшүнүктү билдирүүчү сөздөр/.

ВЕЗИКУЛА везикула /денедеги чыбырчык, ысыркек/.

ВЕЗИКУЛЕЗНЫЙ везикулездуу /көбүнчө териндеги көп сандаган ысыркектүү чыбырчыктуу жер/.



ВЕЗИКУЛИТ везикулит /эркектин уруктук безинин сезгениши; сезгенүүнүн себеби ар түрдүү болот/.

ВЕЗИКУЛОГРАФИЯ везикулография /эркектин уруктук безинин формасын, дартын аныктоо үчүн аны рентгендик сүрөткө тартып алуу/.

ВЕЗИКУЛОТОМИЯ везикулотомия /эркектин уруктук безин дартына жараша аны тилүү же андагы топтолгон ириңди кесип чыгаруу/.

ВЕЗИКУЛОЭКТОМИЯ везикулоэктомия /эркектин уруктук безин кесип алып таштоо/.

ВЕКТОР вектор /жугуштуу ооруларды таратуучу жандыктар. М.: чымын-чиркей, кене ж.б./.

ВЕКТОР КАРДИОГРАФИЯ вектор кардиографиясы /жүрөктүн иштешинен келип чыккан күчүн жана ал дененин кайсы жерине канчалык таралгандыгын электрондук нур түтүгү аркылуу жазып алуу/.

ВЕЛУМ велум / көшөгө, парда, жапкыч/

ВЕНА вена /кан тамырдын бир түрү/.

ВЕНЕНА венена /уу/.

ВЕНЕНОЗУС венеңозус /уулуу, ууландыруучу заты бар нерселер/.

ВЕНЕНУМ вененум /жаныбарлардын уусу/.

ВЕНЕПУНКЦИЯ венепункция / кан алуу үчүн вена тамырына ийне саюу/.

ВЕНЕРИЧЕСКИЙ венералык.

ВЕНЕРОЛОГ венеролог / венералык оорулардын адис врачы/.

ВЕНЕРОЛОГИЯ венерология / венералык оорулар жөнүндөгү илим/.

ВЕНЕСЕКЦИЯ венесекция /операциялык жол менен вена тамырын ачуу/.

ВЕНЕФИЦИУМ венефициум / уу менен уулантып өлтүрүү/.

ВЕННЫЕ КАМНИ вена таштары /вена тамырынын ички бетинде пайда болгон катуу заттар, таштар/.

ВЕНОГРАФИЯ венография /атайылап даярдап, венаны сүрөткө тартуу/.

ВЕНОЗНЫЙ веналык /венага тийешелүү/.

ВЕНТРАЛЬНЫЙ вентралдуу /дененин алдыңкы бети, бет жаңдай жак/.

ВЕНТРИКУЛОГРАФИЯ вентрикулография / мээнин кобулуна же карынчасына аба жибер..п,аны сүрөткө тартуу/.

ВЕНТРИКУЛОПУНКЦИЯ вентрикулопункция /мээнин ичиндеги кобулу, карынчасы дартка чалдыкканда, кандай дарт экенлигин билиш үчүн жана аны дарылоо максатында ага ийне сайуу/.

ВЕНТРИКУЛОТОМИЯ вентрикулотомия /мээнин ичиндеги кобуллу, карынчасы дартка чалдыкканда андагы дартты алып таштоо үчүн аны кесүү/.

ВЕНТРИКУЛЯРНЫЙ вентрикулярдык /мээнин жана жүрөктүн карынчасына тийешелүү/.

ВЕНТРОФИКСАЦИЯ вентрофиксация /ичтеги жылып кеткен органдарды ичтин алдыңкы бетине тигип коюу/.

ВЕНТРОФИКСАЦИЯ МАТКИ жатындын ич көңдөйүнүн алдыңкы бетине кектеп коюу/ жатын өтө эле кыймылдап, жылып, кеткен учурда колдонулуучу операция/.

ВЕНУЛА венула / келемү жагынан эң кичине вена тамыры/.

ВЕРБИГЕРАЦИЯ вербигерация /адамдын маанисиз бир сөздү эле дайыма кайталай берүүсү/.



ВЕРМИКУЛАРИС вермикуларис /куртка байланыштуу/.

ВЕРМИФОРМИС вермиформис /формасы курт сымал органдар/.

ВЕРМИЦИДЫ вермициддер /ичегидеги мите курттарды өлтүрүүчү дарылар/.

ВЕРМУС вермус /курт/.

ВЕРРУКОЗНЫЙ веррукоздуу /мүчөгө сөөлдүн жайылган учуру/.

ВЕРТГЕЙМА ОПЕРАЦИЯ вертгейм операциясы /жатындын тегерегиндеги каптаган чели менен кошо же лимфа тамырларын да кесип алып таштаган операция/.

ВЕРТЕБРА вертебра /омуртка/.

ВЕРТЕБРАЛЬНЫЙ вертебралдык / омурткага тийешелүү/.

ВЕРТИГО вертиго /баш айлануу оорусу/.

ВЕРТИГОФОБИЯ вертигофобия /баш айланууда коркуу/.

ВЕРСИКОЛОР версиколор /ар түрлүү түстөгү ткандар/.

ВЕРСИЯ версия /жатынга жаткан баланын бир абалдан экинчи абалга козголушунда колдонулуучу термин/.

ВЕСЕННИЙ КАТАР жазгы катар / көздүн тегерегиндеги челдин жаз мезгилинде өнөкөт сезгениши/.

ВЕСНУШКИ сепкилдер

ВЕТРОГЕННЫЕ СРЕДСТВА жел чыгаруучу дарылар/ ич көпкөндө берилип,ичтеги газ чыгаруучу микробдордун алын кетирип, экинчиден ичеги=карынды күчтүү иштетип,андагы газды,желди чыгаруучу дарылар/.

ВЕТРЯНАЯ ОСПА суу чечек

ВИБИЦЕС вибицес /теридеги темгил ала кан уюу/.

ВИБРИОН вибрион /формасы үтүрдөй ийик, таякча микроб/.

ВИБРИССЕ вибриссе /мурундун таноосунун ичиндеги кыл/.

ВИБРОТРАВМА вибротравма /ткандагы жана органдагы узак-

жа силкинүүдөн кийин байкалуучу урунуп жарылуу, талкалануу жана башка өзгөрүү/.

ВИВИСЕКЦИЯ вивисекция / илимий байкоо жүргүзүү үчүн жаныбарларды сою көрүү/.

ВИВИФИКАЦИЯ вивификация /көпкө бүтпөгөн жараны батыраак бүтүү үчүн тегерегин жаңылап кесип коюу/.

ВИВУС вивус /жандуу, жаныбар/.

ВИЗУАЛЬНЫЙ визуалдуу / көрүүгө мүмкүн болгон нерселер/.

ВИКАРНЫЙ викардуу /мүчөнүн ооругандан кийинки кемтигин калпитантуучу, ордун басуучу абалы/.

ВИЛЬМСА ОПУХОЛЬ Вильмс шишиги / катындагы баланын өсүп жаткан учурунда пайда болгон бөйрөктүн шишиги/.

ВИРГО вирго /эркекке жолой элек аял/.

ВИРИЛИС вирилис /эркектик, эркекче мүнөздүү/.

ВИРИЛИСМУС вирилисмус /тулку бою жана үнү эркек сымал аял/.

ВИРУЛЕНТНЫЙ вируленттүү /майда жандыктардын,микробдордун адамга жугуучу жөндөмдүүлүгүнө тийешелүү сөз/.

ВИРУЛЕНТНОСТЬ вируленттүүлүгү /дененин бир жерине пайда болгон микроб,организмдин каршылык көрсөтүүсүнө карабастан ооруга чалдыктыруу жөндөмдүүлүгүнүн чени/.

ВИРУС вирус /жугуштуу ооруларды пайда кылуучу жандыктардын эң майдасы/.

ВИРУСОЛОГИЯ вирусология /жугуштуу ооруларга чалдыктыруучу майда жандыктар жөнүндөгү илими/.

ВИРУСЫ КОК САКИ кок саки вирусу /Нью-Йорк штатындагы Кок Саки селосунан тараган вирус. Полиомиелит



вирусуна окшогон вирустардын бир тобу/.

ВИСЦЕРАЛЬНЫЙ висцералдык /ички органдарга тийешелүү/.

ВИТА вита /өмүр/.

ВИТАЛЬНЫЙ виталдуу /өмүрүндө болгон, өмүр үчүн/.

ВИТАМИНЫ витаминдер/өмүргө керектүү көптүгү аз заттары бар заттар/.

ВИТИЛИГО витилиго /теринин ар түрдүү түскө айланышы. М.: ала/.

ВИТИОЗУС витиозус /туура эмес, натура, ката/.

ВНЕЗАПНАЯ СМЕРТЬ мурт өлүм /адамдын бир нече секундда же бир нече минутта өлүп кетиши. Себеби ар түрдүү болот/.

ВНЕШНЯЯ СЕКРЕЦИЯ суюктукту сыртка чыгаруу /организмдеги бездердин иштеп чыгарган шилекей, маңыз суюктуктары аталыш өткөөлдөр аркылуу сыртка чыгышы/.

ВНУТРЕННЯЯ СЕКРЕЦИЯ суюктукту ичке чыгаруу /организмдеги бездердин иштеп чыгарган шилекей, маңыз суюктуктарынын түздөн -түз канга же лимфа тамырларга куюлушу/.

ВНУТРИУТРОБНАЯ СМЕРТЬ ичтеги баланын төрөлөргө жакын учурда өлүшү/.

ВОДЯНКА БЕРЕМЕННЫХ боюнда бар аялдын төрөөр алдында шишип кетиши

ВОКАЛЬНЫЙ вокалдуу /үндүк, үнгө тийешелүү/.

ВОЛАТИЛИС волатилис /жеңил- желпи, оңой бууланып кетүүчү дарылар/.

ВОЛВУЛУС волвулус /ичеги түйүлүү, ичегинин чычыркайы өз огунан токсон градуска чейин толгонуусу/.

ВОЛОСАТЫЙ ЧЕРНЫЙ ЯЗЫК тилдин бир бөлүгүнө чач чыгып

жана ал жердин карарып кеткен оорусу/.

ВОМУТУРИЦИЯ вомутуриция /адамдын кускусу келип, куса албай окшуй берүүсү/.

ВОМИЦИЯ вомиция /кусуу/.

ВОССТАНОВИТЕЛЬНАЯ ХИРУРГИЯ калыбына келтирүүчү хирургия / мүчөнүн формасы жана функциясы бузулганда аны калыбына келтирүү үчүн жасалган операциялар/.

ВОСХОДЯЩАЯ АОРТА өйдө кеткен аорта /аортанын жүректүн толтосунан башталып,ал төмөн бурулган бөлүгүнө чейинки аралыгы/.

ВРАЧЕБНО-КОНСУЛЬТАТИВНАЯ КОМИССИЯ врачтык консультативдик комиссия / оорулууну дарылоочу жана алдын ала кароочу мекемеде дарылоонун сапатын жана оорулуунун жумушка жарамдуулугун текшерүүчү комиссия/.

ВРЕМЯ КРОВОТЕЧЕНИЯ кан агуу убагы /бир жерден кан аккандан баштап кан тамчылабай үзүп калган убакыттын аралыгы/.

ВРОЖДЕННАЯ СЛАБОСТЬ баланын төрөлгөндөн эле өтө начар абалы

. ВСКРЫТИЕ ТРУПА өлүктү союу /өлүктү өмнөдөн алган себебин аныктоо үчүн союп көрүү/.

ВТОРИЧНЫЙ ШОВ экинчи тигүү /кээ бир себептерден операция болгон жерди ошол эле күнү тикпей, башка күндөрдө тигүү/.

ВУЛГАРИС вулгарис/илдеттин, жугуштун жалпы жөнөкөй кадимкидей кеңири жайылган учуру/.

ВУЛНЕРАЦИЯ вулнерация /жараалануу/.

ВУЛНУС вулнус /ар кандай тышкы күчтүн таасири менен ткандын жараланышы/.



ВУЛЬВА вульва /аялдардын жыныстык мүчөсүнүн сырткы бөлүгү/.

ВУЛЬВИТ вульвит /аялдардын жыныстык мүчөсүнүн сырткы бөлүгүнүн сезгениши/.

ВУЛЬВОВАГИНИТ вульвовагинит /аялдардын сырткы жыныстык мүчөсү менен бирге кынды кошо сезгенип оорушу/.

ВЫВИХИ сөөктүн козголуп, чыгып кетиши

ВЫПАДЕНИЕ ПРЯМОЙ КИШКИ көтөн чучуктун тыш жагына түйрүлүп, түшүп калышы.

ВЫПАДЕНИЕ МАТКИ катындын түшүшү

ВЫСОТНАЯ БОЛЕЗНЬ бийиктиктин оорусу / деңиз деңгээлинен жогору жерде жашаган адамдарда, кислород жетишсиздиктен келип чыккан түтөгүү/.

## Г

ГАБИТУС габитус /адамдын дене түзүлүшүнүн сырткы көрүнүшү/.

ГАВЕРГИЛЬСКАЯ ЛИХОРАДКА гавергиль калтыратмасы – /Гавергиль АКШ дагы шаардын аты. Өтө тез башталган, дененин температурасы жогору көтөрүлүп оорутуучу жугуштуу оору. Температура көтөрүлгөндө муундар ооруп, териде кызыл темгилдер байкалат. Оорунун себеби изилденген эмес/.

ГАЛАКТОГОГИЯ галактогогдор /эмчек эмизген аялдын эмчегинен сүт чыгышына жардамдашуучу дарылар/.

ГАЛАКТОЗУРИЯ галактозурия /кант оорусундагы сийдиктеги кант затынын кээ бир бөлүктөрү пайда болуу/.

ГАЛАКТОРЕЯ галакторея /эмчектен сүт агуу/.

ГАЛАКТОЦЕЛЕ галактоцеле /сүт жолдорунун тешиги бүтүп

калуудан. ал жолдордо пайда болгон барсылдак, ичи көңдөй ийлаагча/.

ГАЛЕНОВЫЕ ПРЕПАРАТЫ гален дарылары /дарылуу заттарды чылап кайнатып, андан сыгып алынган дарылар/.

ГАЛИСТЕРЕЗ галистерез / кальций туздарынын сөөктө жоктугу. Бул өтө катуу итий оорусунда жана тамак жок ачарчылыкта байкалат/.

ГАЛЛЮЦИНАЦИЯ галлюцинация /айлана чөйрөдөгү кубулуштарды сезүү органдары аркылуу өзүндөй эмес буруп кабыл алуу; көрүнбөгөндөр көрүнүү, угулбагандар угулуу. Көбүнчө жин оорусунда байкалат/.

ГАЛЬВАНИЗАЦИЯ гальванизация /төмөнкү чыңалуудагы электрдин туруктуу тогун ооруну дарылоого колдонуу/.

ГАЛЬВАНОКАУСТИКА гальванокаустика /дарылоо катарында гальванокаутер менен тканды күйгүзүү/.

ГАМАРТОМА гамартома /өсүү өрөөсө бузулган ткандардан өсүп чыккан шишикке окшош бөрчтөр. Өз жайына жайланышпай башка ткандардан өсүп чыккан шишик/.

ГАМБУЗИЯ гамбузия /безгек оорусун таратуучу чиркейлердин жумурткасы менен тамактануучу балыктын түрү/.

ГАМЕТА гамета /жыныстык клеткалардын түрү/.

ГАНГЛИОЛИТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА ганглиолитикалык дарылар /вегетативдүү ганглийден нервдик козголууларды басаңдатуучу, дарылар/.

ГАНГЛИОМА ганглиома /нерв клеткаларынын, өзгөчө ганглийден турган шишик/.

ГАНГЛИОН ганглион / нерв клеткаларынын чогулган жери.



Бул борбордук нерв системасынан алыста нерв жипчелери тараган жерде учурайт/.

ГАНГЛИОНЕВРОМА ганглионеврома /симпатикалык нерв ганглийинен өсүп чыккан шишик/.

ГАНГРЕНА гангрена /териден ары сөөккө чейинки ткандар жараланып ириңдетүүчү микроодордун пайда болушу менен бирге ал жердин чириши жана өзү эле органдан ажырап калышы. Алар күйүктөн, үшүктөн кийин да байкалат/.

ГАРГАРИЗМА гаргаризма / оозду чайкоого ылайыкталган суюк дары/.

ГАСТЕР гастер /карын, ашказан/.

ГАСТРАЛГИЯ гастралгия /карындын себепсиз катуу оорушу. Ашказандын нерви дартка чалдыкканда байкалат/.

ГАСТРИТ гастрит /ашказандын былжырлуу катмарынын сезгениши/.

ГАСТРОДУОДЕНИТ гастродуоденит /карын менен он эки эли ичегинин былжырлуу кабыкчасынын сезгениши/.

ГАСТРОДУОДЕНОСТОМИЯ гастродуоденостомия /карын менен он эки эли ичегинин ортосун операциялык жол менен кошуу. Көбүнчө ичке ичегинин жарат оорусунда жасалат/.

ГАСТРОИНТЕСТИНАЛЬНЫЙ гастроинтестиналдуу /бардык ичеги-карынга тийиштүү/.

ГАСТРОПТОЗ гастроптоз /карындын төмөн түшүшү. Анын тегерегиндеги байламталардын бошоңдоп кетишинде байкалат/.

ГАСТРОРРАГИЯ гастроррагия/карындан кан агуу/.

ГАСТРОРРАФИЯ гастроррафия /карынга тигиш салуу, карынды тигүү/.

ГАСТРОСКОПИЯ гастроскопия /аш казандын дартын көрүү

үчүн атайын аппарат менен кароо/.

ГАСТРОСПАЗМ гастроспазм /карындын булчуңдары тырышып калуу/.

ГАСТРОСТОМИЯ гастростомия /кызыл өңгөчтөн тамак өтпөй калган учурларда, оорулуу ачкадан өлбөс үчүн тамактанууга ылайыктап операциялык жол менен карынга атайын тешик жасоо/.

ГАСТРОСУКОРЕЯ гастросукорея / карындын маңызынын өтө көп бөлүнүп чыгышы/.

ГАСТРОТОМИЯ гастротомия /карындын ичинде эмне дарт бар экендигин билиш үчүн же эрибеген нерселерди алып ташташ үчүн кесип көрүү/.

ГАСТРОЦЕЛЕ гастроцеле / аш казандын бир капталы тышка чоплуп кетиши/.

ГАСТРОЭНТЕРИТ гастроэнтерит /карын менен ичке ичегинин былжырлуу кабыкчасынын сезгениши/.

ГАСТРОЭНТЕРОКОЛИТ гастроэнтероколит /карын менен бирге жоон жана ичке ичегилердин былжырлуу катмарынын сезгенип ооруусу/.

ГАСТРОЭНТЕРОЛОГИЯ гастроэнтерология /ичеги-карындын аткарган кызматын жана оорусун изилдөөчү медициналык илимдин тармагы/.

ГАСТРОЭНТЕРОСТОМИЯ гастроэнтеростомия /карын менен ичке ичегини операциялык жол менен кошуу, жумурдун башы куушурулганда жасалат/.

ГАСТРУЛА гаструла /түйүлдүктүн өсүшүнүн үчүнчү бурулушу, стадиясы/.

ГАСТРЭКТАЗИЯ гастрэктазия / аш казандын кеңейип кетиши/.

ГАСТРЭКТОМИЯ гастрэктомия /аш казанды бүтүн бойдон алып



таштоо. Көбүнчө рак оорусунда алынат/.

ГЕБЕФРЕНИЯ гебефрения /жыныстык жетилүү мезгилинде байкалуучу жин, шизофрения оорусунун түрү/.

ГЕКТИЧЕСКИЙ гектикалык /кээ бир ооруларда оорулуунун абалы жакшырбай температурасы төмөндөбөй бир калыпта туруу учуру/.

ГЕЛИКОТРЕМА геликотрема /кулактын ички бөлүгүндөгү үлүлчөсүнүн эки бөлүгүн кошкон тешик/.

ГЕЛИОЗ гелиоз /күндүн ысыгынын урушу. Денесин ачык бөлүгүнө түздөн түз күндүн нуру тийгенде байкалат/.

ГЕЛИОКСАНТОЗ гелиоксантоз / теринин күнгө күйгөндөгү көрүнүшү/.

ГЕЛИОТЕРАПИЯ гелиотерапия /күндүн нурларын дары катары колдонуу/.

ГЕЛЬМИНТОМА гельминтома / митетердин таасиринен ткандардын шишикке окшош дөмпөйүп өсүшү/.

ГЕЛЬМИНТОЛОГИЯ гельминтология /мите курттар жана аларды адамдарга жугузган оорулары жөнүндөгү илим/.

ГЕЛЬМИНТЫ гельминттер /мите курттар/.

ГЕМАГГЛЮТИНАЦИЯ гемагглютинация /суюктуктун ичиндеги эритроциттердин бири бирине чаптанып, жабышып калуусу/.

ГЕМАНГИОМА гемангиома /көпчүлүгү жаңыдан жаралган кан тамырлардан турган шишик/.

ГЕМАРТРОЗ гемартроз /муундарга кан толуп калуу, сөөк муундан чыгып кеткенде, жарадар болгон учурда да байкалат/.

ГЕМАТОГЕННЫЙ гематогендүү /кандан чыккан, кандан пайда болгон, канга байланыштуу/.

ГЕМАТЕМЕЗИС гематемезис / кан кусуу, өпкөнүн, карын-

дын жарат оорусунда, кийин өңгөчтүн кан тамыры жоонбугун кеткенде байкалат/.

ГЕМАТИДРОЗ гематидроз /Нерв оорулуу кишилерде чанда кезигүүчү кан чыгып тердөө/.

ГЕМАТОЦИДИН гематоцидин /гемоглобиндин бөлүгү, билирубинге окшош тутумунда темир жок болот/.

ГЕМАТОКОЛЬПОС гематокольпос /этек кирдин каны тышка чыкпай кынына толуп кетиши/.

ГЕМАТОКРИТ гематокрит /кандагы ар түрдүү денечелер менен анын суюк бөлүгүнүн катнашы/.

ГЕМАТОЛОГИЯ гематология /кандын пайда болушун, аткарган кызматын, анын оорусун талдап турган илим/.

ГЕМАТОМА гематома /тканга кан чогулуудан пайда болгон шишик/.

ГЕМАТОМЕТРА гематометра /айыз канынын жатынга топтолуп калышы/.

ГЕМАТОМИЭЛИЯ гематомиэлия /жүлүнгө кан уюп калуу/.

ГЕМАТОМФАЛУС гематомфалус /киндиктин тегерегине кан уюп калуу/.

ГЕМАТОПОЭЗ гематопоэз /кандагы клеткалардын өсүп чыгуу жолу/.

ГЕМАТОРРАХИС гематоррахис /жүлүндүн тегерегине, омуртканын кобулуна кан агуу/.

ГЕМАТОПОРФИРИНОВАЯ ПРОБА гематопорфириндик баамдоо /сийдикте гематопорфирин заты бар болсо, ал адам сульфанол, трионал менен уулангандыгын аныктайт. Коргошун менен өнөкөт уулангандыгын баамдайт/.

ГЕМАТОПОРФИРИЯ гематопорфирия / туулгандан кийин эле өнөкөт уро жана капропорфин затын көбүрөөк чыгаруу менен алардын сөөккө жана териге көбүрөөк жыйналышы/.



ГЕМАТОРЕЯ гематорея / кан өтө көп агуу. Бул өзгөчө өпкөнүн туберкулез оорусунда байкалат/.

ГЕМАТОСАЛЬПИНКС гематосальпинкс /жатындан тышкары бойго бүткөндө, жатындын түтүкчөсүнө кандын чогулуусу/.

ГЕМАТОЦЕЛЕ гематоцеле /дененин бир жерине кандын жыйылып, топтолуп калышы/.

ГЕМАТОЦЕЛИЯ гематоцелия /кандын ичке толуп калышы/.

ГЕМАТУРИЯ гематурия /сийдикте кандын пайда болушу/.

ГЕМЕЛЛУС гемеллус /кош, түгөй, эгиз/.

ГЕМЕРАЛОПИЯ гемералопия /оорулуунун күүгүмдө көрө албастыгы/.

ГЕМИАЛГИЯ гемиалгия/дененин бир гана бөлүгүнүн оорушу/.

ГЕМИАНЕСТЕЗИЯ гемианестезия /дененин бир гана бөлүгүнүн сезбестиги/.

ГЕМИАНОПСИЯ гемианопсия /эки көздүн оң же сол жак бөлүгүнүн көрө албастыгы. Көбүнчө көрүү нервинин кайчылашкан жери сезгенгенде байкалат/.

ГЕМИАТРОФИЯ гемиатрофия /дененин бир жак бөлүгү же бир гана жеринин кичирейип калышы/.

ГЕМИБАЛЛИЗМ гемибаллизм /бир жак өрөөндүн, өзгөчө колдун эркисиз эле титиреп,кыймылдап турушу/.

ГЕМИГИПЕРГИДРОЗ гемигипергидроз /адамдын бир жак өрөөнүнүн гана катуу тердеши/.

ГЕМИГИПЕРТРОФИЯ гемигипертрофия / бир жак өрөөндүн же бир мүчөнүн өтө чоңоюп кетиши/.

ГЕМИКРАНИЯ гемикрания /баштын бир жак бөлүгүнүн оорушу/.

ГЕМИОПИЯ гемиопия /адамдын бир нерсенин жарымын гана көрүүсү/.

ГЕМИПАРЕЗ гемипарез /дененин бир өрөөнүнүн шал болушу. Кыймылдабай калышы көбүнчө мээге кан уюганда байкалат/.

ГЕМИПЛЕГИЯ гемиплегия /мээге кан уюганда бир жак өрөөнүн шал болуп калышы/.

ГЕМИСПАЗИМ гемиспазим /беттин булчуңдарынын бир жак өрөөнү титиреп карышуусу. Ушул учурда тилдин ооруган жагына кыйшаюсу да байкалат/.

ГЕМОГЛОБИН гемоглобин / кызыл кан денечелеринин боёчу зат. Өпкөдөн кислороддуу ткаңга, ткандан көмүр кычкыл газын өпкөгө ташыйт/.

ГЕМОГЛОБИНУРИЯ гемоглобинурия /канда кызыл кан денечелери /эритроциттер/ жарылганда, сийдикте гемоглобиндин пайда болушу. Бул көбүнчө кан куйгандан кийин, оор ууланганда жана адам күйгөндөн кийин байкалат/.

ГЕМОГРАММА гемограмма /кандын клеткаларынын көрүнүшүн белгилүү бир схемада жазуу/.

ГЕМОДИНАМИКА гемодинамика /тамырлар аркылуу кан жүгүрүүнүн закону/.

ГЕМОКУПРЕЙН гемокупрейн /кандагы эритроциттин ичинде жез кошумчасы бар белок заты/.

ГЕМОЛИЗИНЫ гемолизиндер /кызыл кан денечелеринин кабыкчаларын жарып, андан гемоглобинди бөлүп чыгаруучу заттар/.

ГЕМОЛИЗ гемолиз /кызыл кан денечелеринин кабыкчасынын айрылышы, жарылышы/.

ГЕМОЛИТИЧЕСКИЕ ЯДЫ гемолитикалык уулар/организмге киргенде кандагы эритроциттерди эритүүчү уулар/.

ГЕМОПНЕВМОТОРАКС гемопневмоторакс /көкүрөк көңдөйүнө кан аралаш жел толуу. Ал көбүнчө жарадар болгон учурларда байкалат/.

ГЕМОПЕРИКАРД гемоперикард /жүрөктүн кабына кандын жыйналышы/.

ГЕМОПТИЗИС гемоптизис /өпкөдөн чыккан канды түкүрүү. Өпкөнүн туберкулез, рак ооруларында байкалат/.

ГЕМОПТОЕ гемоптое /кан түкүрүү. Көбүнчө өпкө туберкулезго чалдыкканда байкалат/.

ГЕМОРРАГИЯ геморрагия /кан тамырлардын капталы тешилгендеги кан агуу/.

ГЕМОРРОЙ геморрой /көтөн=чучуктун төмөнкү бөлүгүндөгү вена тамырынын көңейип кетиши жана андан кан агуу/.

ГЕМОСИДЕРОЗ гемосидероз /боорго жана башка органдарга, ткандарга тутумунда гемоглобиндин темирлүү бөлүгү бар заттардын чогулушу/.

ГЕМОСПЕРМИЯ гемоспермия /эркектин уруктук ыйлаакчалары сезгенгенде анын спермасынын тутумунда кандын болушу/.

ГЕМОСТАЗ гемостаз / кан агууну токтотуу чаралары/.

ГЕМОСТАТИКА гемостатика /кан агууну токтотуучу дарылар/.

ГЕМОТЕРАПИЯ гемотерапия /канды венанын ичине, булчуңга, теринин алдына куюу менен дарылоо/.

ГЕМОТОРАКС гемоторакс /көкүрөктүн көңдөйүнө кан толуу. Бул көбүнчө көкүрөк жараланганда байкалат/.

ГЕМОТОКСИНИ гемотоксиндер /кандын ичиндеги кызыл кан денечелерин каратуучу заттар. Бул заттарды көбүнчө микробдор бөлүп чыгарат/.

ГЕМОФИЛИЯ гемофилия /кан уюу процесси начарлаганда мурундан, териден же бир жерден кан агуу/.

ГЕМОФТАЛМ гемофталм /көзгө кан уюу/.

ГЕМОХРОМАТОЗ гемохроматоз /териге боёк жыйналуудан теринин кара кочкул түстө болушу. Ал карындын алдындагы бездин жана боордун оорусунда да байкалат/.

ГЕНЕЗИС генезис /оорунун башталышы, өсүшү/.

ГЕНЕЛЯ СИМПТОМ генеля симптому / көздү басып көргөндө, анын оөүүсүнүн басаңдоосу. Ал көбүнчө жүлүн сифилис оорусуна чалдыкканда байкалат/.

ГЕНЕРАЛИЗАЦИЯ генерализация /организмге оорунун таркалып кетиши/.

ГЕНЕРАЦИЯ генерация /туулуу, тукуму өсүү/.

ГЕНИТАЛИИ гениталии /жыныстык мүчө/.

ГЕНОТИП генотип /организмдеги укумдан=тукумга берилүүчү факторлордун бардык жыйнагы/.

ГЕНУИННЫЙ генуиндүү /төрөлгөндөгү, нак өзүнүкү, кошумчасыз/

ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ МЕДИЦИНА географиялык медицина /дүйнөдө дарттын таралыш зоналарын белгилөөчү медициналык аракет/.

ГЕПАТАЛГИЯ гепаталгия /оорунун натыйжасында, боордун катуу оорушу/.

ГЕПАТАРГИЯ гепатаргия /боордун кызматынын начарлашы. Ал көбүнчө ууланганда байкалат/.

ГЕПАТИЗАЦИЯ гепатизация /өпкө сезгенгенден кийин катуу бөрч болуп калышы/.

ГЕПАРТИКОСТОМИЯ гепартикостомия /операциялык жол менен боордон тешик чыгаруу/.

ГЕПАТИТ гепатит /боордун сезгенүү оорусу/.

ГЕПАТОЛИТ гепатолит /боордогу таш. Боорго таш пайда болуу/.

ГЕПАТОМА гепатома /боордун рак, шишик оорусу/.

ГЕПАТОМЕГАЛИЯ гепатомегалия /боордун көлөмүнүн чоңоюп кетиши. Көбүнчө ууланганда байкалат/.

ГЕПАТОПАТИЯ гепатопатия /жалпы эле боордун оорусу/.

ГЕПАТОПЕКСИЯ гепатопексия /операциялык жол менен боорду кыймылсыз кылып, тигип коюу/.

ГЕПАТОПТОЗ гепатоптоз /боордун ылдый карай түшүп кетиши. Анын байланыштыруучу эттери бошоңдогондо байкалат/.

ГЕПАТОСПЛЕНОМЕГАЛИЯ гепатоспленомегалия/боордун жана көк боордун чоңоюп кетиши/.

ГЕРЕДИТАРНЫЙ гередитардуу /организмдеги өзгөрүүлөрдүн укумдан=тукумга өтүүчүлүгү/.

ГЕРМИНАЦИЯ герминация /төрөлүү, өсүү/

ГЕРОДЕРМИЯ геродермия / өтө карыган адамдын терисинин абалы/.

ГЕРОНТОЛОГИЯ герентология /биологиянын картаюнун көрүнүшүн изилдөөгө арналган бөлүгү/.

ГЕРИАТРИЯ гериатрия /улгайган жаштагы адамдардын ооруларын жана аларды дарылоонун ыгын изилдөөчү илим/.

ГЕРПЕС герпес /сасык тумоо оорусу менен ооруганда бай-

калуучу эриндеги майда чыбырчык ийиркектер, учук/.

ГЕТЕРОГЕННЫЙ гетерогендүү /дененин жаралышындагы ар түрдүүлүктүн болушу/.

ГЕТЕРОМОРФНЫЙ гетероморфдуу /негизги түрдөн өзгөчө башкача түзүлгөн ткандар/.

ГЕТЕРОНИМНЫЙ гетеронимдүү /ар башка, карама- каршы өлчөмдөгү функциялар/.

ГЕТЕРОПЛАЗИЯ гетероплазия /ткандын бир түрүнүн башка бир түрдөгү ткандан өсүп чыгуусу/.

ГЕТЕРОТОПИЯ гетеротопия /ткандардын жана органдардын өз ордунан эмес, башка бир жерден орун алышы. Дененин башка бир күтүлбөгөн жеринен көзигип калышы/.

ГЕТЕРОПЛАСТИКА гетеропластика /адамга айбандын тканын алып жамоо, тигип коюу/.

ГИАЛИТ гиалит /көздүн айнек сымал этинин сезгениши/.

ГИББУС гиббус /бүкүр далы/.

ГИБЕРНАЦИЯ гибернация /чээнге кирген жаныбарлардын уктоо абалы/.

ГИГАНТИЗМ гигантизм /бою өтө чоң зор адам/.

ГИГРОМА гигрома /муундун жанындагы кобулга суу толуп шишиши/.

ГИГРОМЕТРЫ гигрометрлер /абанын нымдуулугун аныктай турган аспап/.

ГИДРАДЕНИТ гидраденит /көбүнчө колтуктун тер бездеринин сезгениши/.

ГИДРАДЕНОМА гидраденома /тер бездеринен пайда болгон коркунучсуз шишик оорусу/.

ГИДРАМНИОН гидрамнион /катындагы баланын тегерегиндеги каканагынын көп болуп кетиши/.

ГИДРАРГИЗМ гидраргизм/адамдын узак убакыттан берки симапка ууланып жүрүүсү/.

ГИДРАРТРОЗ гидрартроз / чоң муундарга суу толуп кетүү. Бул муундун тегерегиндеги ткандардын сезгенгендигин далилдейт/.

ГИДРЕМИЯ гидремия /кандын суюк бөлүгүнүн көбөйүп кетиши/.

ГИДРОЗИС гидрозис /тердөө/.

ГИДРОЛАБИЛЬНОСТЬ гидролабильность/ баланын организминин ткандагы суусунун азайып, көбөйүшүн бир калыпта тейлей албоочулугу/.

ГИДРОМЕНИНГОЦЕЛЕ гидроменингоцеле /мээнин кабыгынын урчуюп чыгып турган жери/.

ГИДРОНЕФРОЗ гидронефроз /бөйрөктүн сийдик жыйноочу жери ; калемү жагынан чоңоюп, чоюлуп кетиши/.

ГИДРОПЕРИКАРД гидроперикард /жүрөк кабына сары суунун толуп кетиши/.

ГИДРОПИОНЕФРОЗ гидропионефроз /бөйрөктүн сийдик жыйналуучу жерине ириң аралашып кетүү/.

ГИДРОПИОУРЕТЕР гидропиоуретер /бөйрөктүн жана сийдик куюлуучу жолунун ириңдеген оорусу/.

ГИДРОПНЕВМОТОРАКС гидропневмоторакс /көкүрөктүн көңдөйүнө суу менен аба кошулуп жыйналып калышы/.

ГИДРОПС гидропс /адамдын тулку боюн сары суу басып кетүү/.

ГИДРОРЕЯ гидрорея / былжырлуу кабыкчалардан суунун өтө көп чыгышы/.

ГИДРОСАЛЬПИНКС гидросальпинкс /жатын түтүкчөсүнө суюктуктун жыйналып калышы/.

ГИДРОТЕРАПИЯ гидротерапия / ар түрлүү температуралуу сууну дары катары оорулууларга колдонуу/.

ГИДРОТОРАКС гидроторакс /көкүрөктүн көңдөйүнө суунун толуп калышы. Плевра сезгенген учурда байкалат/.

ГИДРОФОБИЯ гидрофобия /суудан өтө коркуу, чочуу. Бул көбүнчө кутурма оорусу менен ооругандарда байкалат/.

ГИДРОФТАЛМ гидрофталм /көздүн ичиндеги басым жогору болгондуктан, көздүн чоңоюп кетиши. Бул көбүнчө жаш балдардын оорусу/.

ГИДРОЦЕЛЕ гидроцеле /эркектин жумурткасына суу толуп кетүү/.

ГИДРОЦЕФАЛИЯ гидроцефалия / жүлүндүн тегерегине жана мээнин көңдөйлөрүнө суу өтө көп толуп кетүү/.

ГИДРОЦИСТОМА гидроцистома / терди тышка чыгаруучу өткөөлдүн алгы кеңейип, барсылдакка окшоп калышы/.

ГИДРЭНЦЕФАЛОЦЕЛЕ гидроэнцефалоцеле /баш сөөктүн жылчыктарынан мээнин тышка чыгып калышы/.

ГИЛУС гилус /кан жана лимфа тамырлар органдын ичине кире берүүчү жердеги эшиги, ирегеси, м.: өпкөгө, бөйрөккө, көк боорго ж.б.у.с./.

ГИМЕН гимен /кыздык белги/.

ГИМЕНОРАФИЯ гименорафия /кыздык белги тешилгенден кийинки кайра тигүү/.

ГИНАТРЕЗИЯ гинатрезия /аялдардын жыныстык кыны аркылуу эч нерсе өтпей бүтүп калышы. Ал туулганда эле байкалышы ыктымал/.



ГИНГИВИТ гингвит /тиштин түбүндөгү этинин тегерете сезгениши/.

ГИНГИВЭКТОМИЯ гингивэктомия /тиштин түбүндөгү этин кесип алып таштоо/.

ГИНЕКОЛОГ гинеколог /аялдардын жыныстык мүчөлөрүнүн ооруларын дарылай турган адис врач/.

ГИНЕКОЛОГИЯ гинекология /медицина илиминин аялдардын жыныстык мүчөсүнүн кызматын үйрөнүүчү бөлүгү/.

ГИНЕКОМАСТИЯ гинекомастия /чоңдугу жагынан эмчеги аялдыкына окшогон эркек/.

ГИНЕКОФОБИЯ гнекофобия /аялдарга жакындоодон коркуу; аларды көргүсү келбеечү эркек/.

ГИНСА МЕТОД гинсдин методу /ар түрлүү химиялык заттар аркылуу бактериялардын тышкы кабыгын аныктап алуу. Өзгөчө кара боёк же тионин менен боё/.

ГИПАКУЗИЯ гипакузия /кулактын начар угушу, көбүнчө угуу нервинин оорусунан кийин келип чыгуусу/.

ГИПАЛГЕЗИЯ гипалгезия /денедин бир жериндеги ооруну сезүү начарлоо; көбүнчө сезүүчү нерв клеткалары дартка чалдыкканда байкалат/.

ГИПГЕДОНИЯ гипгедония /жыныстык сабиры суздук/.

ГИПЕСТЕЗИЯ гипестезия /жалпы эле сезүүнүн, өзгөчө кол менен сыйпап сезүүнүн начарлашы, бул сезүүчү нерв клеткаларынын дартка чалдыккандыгын аныктайт/.

ГИПЕРАДРЕНАЛИЗМ гиперадренализм /бөйрөктүн үстүндөгү бездин,адреналин гормонун көп чыгарган учуру/.

ГИПЕРАКУЗИЯ : гиперакузия /акырын чыккан дабышты күчөтүп угуу/.

ГИПЕРАЦИДНЫЙ гиперацидлуу /аш казан маңызындагы кислотанын нормадан көптүгү/.

ГИПЕРВЕНТИЛЯЦИЯ гипервентиляция /дем алуу күчөп, бир мүнөттөгү дем алуунун санынын көбөйүшү/.

ГИПЕРВИТАМИНОЗ гипервитаминоз /организмде витаминдин нормадан жогору болушу, көптүгү/.

-ГИПЕРГЕВЗИЯ гипергевзия / даам сезүүнүн өтө өөрчүшү; даамдын бат билүү, сезгич нерв клеткаларынын абалын түшүндүрөт/.

ГИПЕРГЕНИТАЛИЗМ гипергенитализм / жыныстык мүчөнүн көлөмү өтө чоң болуп жана эрте өсүп жетилиши. Анын көлөмү жашка жараша болбостугу/.

ГИПЕРГИДРОЗ гипергидроз /тердин көп чыгышы, өтө көп тердөө терчилдик/.

ГИПЕРГИЯ гипергия / организмдин ар түрдүү таасирлерди начар кабыл алуусу/.

ГИПЕРГЛОБУЛИЯ гиперглобулия /эритроциттердин жалпы санынын көбөйүшү, ал организмге кислород жетишсиздикте байкалат. Эритроциттер бийиктикке көтөрүлгөн же өпкөсү дартка чалдыккан адамдарда көбүрөөк болот/.

ГИПЕРЕРГИЯ гиперергия /жалпы дүүлүктүргүчтөрдү, өзгөчө бактериялардын уусун организм өтө бат жана катуу сезүү катарында кабыл алуу/.

ГИПЕРЕМЕЗИС гиперемезис /кепке чейин аябай катуу кусуу/.

ГИПЕРЕМИЯ гиперемия /денени бир жерине кан толуу, кызарып калуу/.

ГИПЕРЕСТЕЗИЯ гиперестезия /ар түрдүү дүүлүктүргүчтөрдү сезүүнүн күчөшү/.

ГИПЕРИНОЗ гипериноз /канда фибриногенин затынын көбөйүшү. Аккан кандын бат эле уюп калышы/.

ГИПЕРКАЛИИИ гиперкапния /артериялык кан тамырда көмүр кычкыл газынын нормадан көптүгү/.

ГИПЕРКЕРАТОЗ гиперкератоз /улгайган адамдарда байкалуучу теринин катуулашы/.

ГИПЕРКИНЕЗ гиперкинез /буту -колдун эрксизден эле дайыма дирилдеп кыймылдап турушу. Борбордук нерв системадагы кыймыл борборунун иши туура болбогон учурда байкалат/.

ГИПЕРЛЕЙКОЦИТОЗ гиперлейкоцитоз /улгайган адамдарда байкалуучу теринин катуулашы/.

ГИПЕРКИНЕЗ гиперкинез /буту-колдун эрксизден эле дайыма дирилдеп кыймылдап турушу. Борбордук нерв системадагы кыймыл борборунун иши туура болбогон учурда байкалат/.

ГИПЕРЛЕЙКОЦИТОЗ гиперлейкоцитоз /лейкоциттердин санынын өзгөчө көбөйүшү. Анда дененин бир бөлүгүндө кандайдыр бир сезгенүү бар экендигине күнөм саналат/.

ГИПЕРМЕНОРРЕЯ гиперменоррея / этек кирдин өтө көп келиши/.

ГИПЕРНЕФРОМА гипернефрома /бөйрөк үстүндөгү бездин тышкы катмарынан чыккан шишик, рак/.

ГИПЕРОСМИЯ гиперосмия / жыт сезүү сезиминин өтө күчтүү өөрчүшү/.

ГИПЕРОСТОЗ гиперостоз /ар түрдүү сезгенүүнүн натыйжасындагы сөөктүн жоонозушу/.

ГИПЕРПАРАТИРЕОЗ гиперпаратиреоз /калкан безинин жанындагы бездин организмдеги кальций, фосфор алмашуу процессине тийгизген өзгөчө таасири/.

ГИПЕРПИРЕКСИЯ гиперпирексия /дененин ысышы өтө жогору

болуу, Башкача айтканда кырк градустан жогору жылуулукта болушу/.

ГИПЕРПИТУИТАРИЗМ гиперпитуитаризм /гипофиз безинин күчтүү иштеши/.

ГИПЕРПИГМЕНТАЦИЯ гиперпигментация /теринин түсүнүн өзгөрүп карарышы/.

ГИПЕРПЛАЗИЯ гиперплазия / кээ бир ткандардын клеткаларынын сан жагынан көбөйүшү/.

ГИПЕРПНОЭ гиперпноэ /бат-бат, терең дем алуучу учур/.

ГИПЕРПРОЗЕКСИЯ гиперпрозексия /айлана тегеректегилерге өтө сергек, өтө сак болуу. Бул көбүнчө жин оорусунда байкалат/.

ГИПЕРСАЛИВАЦИЯ гиперсаливация / шилекейдин, шилтин өтө көп куюлушу/.

ГИПЕРСТЕНУРИЯ гиперстенурия /сийдикте зат алмашуу процессинен кийинки керексиз заттардын көптүгү/.

ГИПЕРТЕНЗИЯ гипертензия /артериялык басымдын убактылуу жогорку санда болушу. Ал кан тамырдын капталы чыйралганда, оор жумуш кылганда жана адам ооруну, кайгы-муңдарды сезгенде байкалат/.

ГИПЕРТЕРМИЯ гипертермия / дененин өтө ысышы. Денеде жылуулук пайда болуу процесси өтө күчөп, жылуулукту чыгаруу процесси начарлоо/.

ГИПЕРТИРЕОЗ гипертиреоз/калкан безинин кызматынын өтө күчтүү иштеши/.

ГИПЕРТОНИЯ гипертония /артериялык басымдын жогору болушу. Ал кан тамырдын капталындагы булчуңдарынын чыйралышына жараша болот/.



ГИПЕРТОНИЧЕСКАЯ БОЛЕЗНЬ гипертония оорусу/кан тамырдын басымы жогору болуудан келип чыккан оору/.

ГИПЕРТРИХОЗ гипертрихоз /жүн баскан адам. Түктөрүнүн, чачтарынын өтө көп өсүшү/.

ГИПЕРТРОФИЯ гипертрофия /органды жана тканды түзүүчү элементтеринин көбөйүшүнөн анын көлөмүнүн чоңоюшу/.

ГИПЕРФУНКЦИЯ гиперфункция /организмдин катуу күчтүү иштеши/.

ГИПЕРХЛОРУРИЯ гиперхлорурия /сийдикте хлориддердин көп болушу/.

ГИПЕРХОЛЕСТЕРИНЕМИЯ гиперхолестеринемия /канда холестерин затынын көптүгү. Көбүнчө бөйрөк атеросклероз оорусуна жана боор кээ бир дартка чалдыкканда байкалат/.

ГИПЕМА гипема /көздүн алдыңкы кобулуна кандын уюшу/.

ГИПНОЗ гипноз /кандын уюшунун начарлыгы. Кандын уюшу көп себептерден начарлайт/.

ГИПНОГОГИ гипногогдор / уйку келтирүүчү дарылар/.

ГИПНОЗ гипноз /адамдын уктайсың деген сөзүнө ишенүүсүнөн пайда болгон анчейин терең эмес уйку/.

ГИПОВИТАМИНОЗ гиповитаминоз /организмде витаминдин аздыгы, жетишпестиги/.

ГИПОГАЛАКТИЯ гипогалактия / эмчектен сүттүн аз бөлүнүп чыгышы/.

ГИПОГАСТРИК гипогастрик / төштүн сөөгүнүн алды, ашказандын тушу/.

ГИПОГЕНИТАЛИЗМ гипогенитализм /жыныстык бездердин начар иштеши, өсүп жетилбегендигин аныктоочу абал/.

ГИПОГИДРОЗ гипогидроз /тердин аз, начар чыгышы/.

ГИПОГЛИКЕМИЯ <u>гипогликемия</u> /кандагы канттын өлчөмүнүн төмөндөп кетиши/.

ГИПОГЛОБУЛИЯ <u>гипоглобулия</u> /кандын ичиндеги эритроцит-тердин санынын азайышы. Бул көбүнчө аз кандуулукта байкалат/.

ГИПОДЕРМОКЛИЗИС <u>гиподермоклизис</u> /теринин алдына суюктукту өтө көп куюу/.

ГИПОКАПНИЯ <u>гипокапния</u> /кандагы көмүр кычкыл газынын азайышы/.

ГИПОКСЕМИЯ <u>гипоксемия</u> /кандагы кислороддун азаюусу. Бул дем алуунун ирети жана жалпы эле кандын айлануу шарты бузулганда байкалат/.

ГИПОКСИЯ <u>гипоксия</u> /ткандагы кислороддун өлчөмүнүн азаюусу, азаюу себеби ар түрдүүчө болот/.

ГИПОМЕНОРЕЯ <u>гипоменорея</u> /этек кирдин өтө аз, начар келиши/.

ГИПОМНЕЗИЯ <u>гипомнезия</u> /адамдын унутчаак, эстөөсүнүн начарлоосу/.

ГИПОПАРАТИРЕОЗ <u>гипопаратиреоз</u> /калкан безинин жанындагы бездин кызматынын начарлашы/.

ГИПОПИОН <u>гипопион</u> /көздүн алдыңкы көбүлүнө ириңдин толуп кетиши/.

ГИПОПЛАЗИЯ <u>гипоплазия</u> /ткандын, органдын жана организмдин бүтүндөй же бөлүгүнүн өсүп жетилбестиги/.

ГИПОПРОТЕИНЕМИЯ <u>гипопротеинемия</u> / кандагы протромбиндин азайышы. Бул көбүнчө бөйрөк оорусунда, адам ачка болгондо байкалат/.

ГИПОПРОТРОМБИНЕМИЯ <u>гипопротромбинемия</u> /кандагы протромбиндин азайышы. Мында кан уюу начарлайт/.



ГИПОСИСТОЛИЯ <u>гипосистолия</u> /жүректүн жыйрылуучу күчүнүн бошоңдошу/.

ГИПОСМИЯ <u>гипосмия</u> /жыт сезүү жөндөмдүүлүгүнүн начарлашы/.

ГИПОСПАДИЯ <u>гипоспадия</u> /эркектин сийдик чыгаруучу өткөөлүнүн тышкы тешиги жыныстык мүчөсүнүн төмөнкү жагынан же чаткаяктын тушунан ачылышы/.

ГИПОСТАЗ <u>гипостаз</u> /адамдын органдарынын төмөнкү бөлүгүнө кандын толуп калышы. Акырын, жай дем алуудан өпкөнүн төмөн жагына кандын толушу/.

ГИПОСТАТУРА <u>гипостатура</u> /өсүп келе жаткан баланын өсүү темпинин начарлоо абалы. Ал көбүнчө тамак жетишсиздикте байкалат/.

ГИПОСТЕНУРИЯ <u>гипостенурия</u> /бөйректүн бөлүп чыгарган заттарын чогултуучу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашы/.

ГИПОТЕНЗИВНЫЕ <u>гипотензивдүүлөр</u> / артериялык басымды төмөндөтүүчү дарылар/.

ГИПОТЕНЗИЯ <u>гипотензия</u> / өзгөчө артериялык кандын басымынын төмөндөшү/.

ГИПОТЕНОР <u>гипотенор</u> /алакандын баш бармак туш дөңчөсү/.

ГИПОТЕРМИЯ <u>гипотермия</u> /денедин температурасы төмөндөп кетиши/.

ГИПОТИРЕОЗ <u>гипотиреоз</u> /калкан безинин кызматынын начарлашы. Анын себебинен пайда болгон оору/.

ГИПОТОНИЯ <u>гипотония</u> /артериялык басымдын төмөндөшү/.

ГИПОТРОФИЯ <u>гипотрофия</u> / тамак жетишсиздиктен ткандардын жана клеткалардын жаңыдан гана пайда болгон учурунан баштап, күндөн-күнгө кызматынын бошоңдошу/.

ГИПОФИЗ гипофиз /мээнин кошумчасы. Организмде бардык татаал кызматты аткарат/.

ГИПОФУНКЦИЯ гипофункция /адамдын организми аткарган милдетин начарлатышы, анын ишинин деңгээли төмөндөө/.

ГИПОХИЛИЯ гипохилия /карындын бууктун чыгаруусунун азаюусу/.

ГИПОХЛОРЕМИЯ гипохлоремия /кандагы хлориддердин санынын азайышы/.

ГИПОХЛОРУРИЯ гипохлорурия /сийдиктеги хлориддердин азайышы/.

ГИППУС гиппус /көздүн карегинин көлөмү бир калыпта бат кууштурулуп же жазылып, алмашып турушу/.

ГИПСОФОБИЯ гипсофобия /бийиктикке чыкканда баш айлануу, коркуу/.

ГИПУРГИЯ гипургия /оорулуунун багуу, ага жардам берүү/.

ГИРСУТИЗМ гирсутизм / чачтуу, денесин жүн баскан адам. Бул көбүнчө бөйрөктүн үстүндөгү бездин тышкы катмары дартка чалдыккан адамдарда байкалат/.

ГИРУС гирус /мээнин бырыш-тырышы/.

ГИСТЕРОГРАФИЯ гистерография /жатындын ичине рентген нуру өтпөс эритме куюп, аны сүрөткө тартуу/.

ГИСТЕРОКЛЕЙЗИС гистероклейзис /операциялык жол менен жатындын моюнунун жарылган жерин тигүү/.

ГИСТЕРОМЕТР гистерометр /жатындын көңдөйүн өлчөөчү аспап/.

ГИСТЕРОСАЛЬПИНГОГРАФИЯ гистеросальпингография/төрөбөгөн аялдын жатынынын ичине жана түтүкчөсүнө атайын эритме куюп, рентгендик сүрөткө түшүрүү/.

ГИСТЕРОТОМИЯ гистеротомия /операциялык жол менен жатынды кесүү, жаруу/.

ГИСТЕРОПЕКСИЯ гистеропексия /бир жерден экинчи жерге өзгөчө жылуучу жатынды киндиктин төмөнүрөөк жагына ичке, тигип коюу/.

ГИСТЕРОПТОЗ гистероптоз / жатындын ылдый түшүшү. Көбүнчө анын байланыштыруучу өттөрү начарлоодо байкалат/.

ГИСТЕРЭКТОМИЯ гистерэктомия /операциялык жол менен жатынды кесип алып ташто/.

ГИСТОГЕНЕЗ гистогенез / ткандардын өтө татаал өсүү процессинен кийин организмдеги кем ткандардын толукталышы айдан арки жалоо чаралары/.

ГИСТОЛИЗ гистолиз /ферменттердин таасиринен ткандардын жарылышы, талкаланышы/.

ГИСТОЛОГИЧЕСКАЯ ХИМИЯ гистологиялык химия /белгилүү бир химиялык заттар ар түрдүү клеткалардын кайсы жеринде тургандыгын аныктап изилдөөчү илим/.

ГИСТОЛОГИЯ гистология /организмдеги ткандарды билүү жөнүндөгү илим/.

ГИСТОПАТОЛОГИЯ гистопатология /ткандардын ооругандагы өзгөрүшүн билүү жөнүндөгү илим/.

ГНАТОСХИЗИС гнатосхизис / жактын эки ачалуулугу/.

ГНУСАВОСТЬ кыңкылдап сүйлөгөн ич мацка / адамдын кеңилжээринин анатомиялык түзүлүшү бузулганда байкалат/.

ГОЛОВА МЕДУЗЫ медуза баш /боорго кирүүчү вена тамырынын көбүшүнөн киндик түштагы вена тамыры көгөрүп чыңалып жоонокшу. Ал боор берчке айланганда же боорго кирүүчү вена тамырына кан уюганда байкалат/.

ГОЛЬДЖИ АППАРАТ гольджи аппараты/ клетканын ичиндеги

торчо аппарат. Ал клетканын ичиндеги нерселерге окшош өзүнче бир кызмат аткар турганлыгы дадылдениp жатат/.

ГОМОГЕННОЙ _гомогендүү, бир түрлүү_ / тутуму кана түзүлүшү боюнча бир түрлүү ткандар же заттар/.

ГОМОПЛАСТИКА _гомопластика_ /ткандарды же органдарды бир кишиден өскинчи кишиге операциялык кол менен кесип алып жабыштырып жамоо, же тигүү/.

ГОМОСЕКСУАЛИЗМ _гомосексуализм_ /өз жынысташ адам менен жыныстык катнаш. Эркек эркек менен, аял аял менен жыныстык катнашуу/.

ГОМФОЗ _гомфоз_ /мык окшош бекитүү. Сөөк сынганда бири=бирине аштоо, өзгөчө алдыңкы өөк сынганда бири=бирине кыноо/.

ГОНАГРА _гонарга_ /туура эмес зат алмашуу процессинен пайда болгон тизе муунунун оорусу/.

ГОНАРТРОТОМИЯ _гонартротомия_/ тизенин муунун операциялык жол менен ачуу/.

ГОНАДОТРОПНЫЙ _гонадотроптуу_ / жыныс безине таасир келтирүүчү дарылар/.

ГОНИОКАМПСИС _гониокампсис_ /тизе муунунун бир жагына кыйшайып кыймылдабай калышы/.

ГОНИТ _гонит_ / тизе муунунун сезгениши/.

ГОНОКОКК _гонококк_ /гонорреа оорусун козгоочу, формасы шар түрүндөгү кокк-микробу/.

ГОНОРЕЯ _гонорея_ /адамдын жыныс мүчөсүнүн жолун сезгентүүчү жугуштуу оору. Бул дартка гонококк микробу себепкер болот/.

ГОРДЕОЛУМ _гордеолум_ /тирсек. Көз кабыгынын четиндеги кирпиктин май безинин ириңдеп кетиши/.



ГОРМЕТОНИЯ _горметония_ /шал болоор алдындагы колдун же буттун сенек болушунун өзгөчө түрү/.

ГОРМОН _гормон_ /ички бездердин чыгарган суюктугу. Алар көбүнчө канга кошулуп, анан организмге таасирин тийгизет/.

ГОРМОНОТЕРАПИЯ _гормонотерапия_ /гормондор менен дарылоо/.

ГОСПИТАЛИЗАЦИЯ _госпитализация_ /оорулууну дарылоо үчүн ооруканага жаткыруу/.

ГОСПИТАЛЬ _госпиталь_ / оорукана/.

ГЛАБЕЛЛА _глабелла_ /эки каштын ортосундагы жүнү жок жери/.

ГЛАНДУЛА _гландула_ /без/.

ГЛИКЕМИЯ _гликемия_ /кандагы канттын өлчөмү, м.: гипергликемия-канда канттын көптүгү, гипогликемия - аздыгы/.

ГЛИКОГЕН _гликоген_ /жаныбарлардын крахмалы полисахарид болуп адамдын организмине жыйналат. Өзгөчө боордо көп болот. Боор гликогендин кампасы деп аталат. Керек учурда канга боор бөлүп берип турат/.

ГЛИКОГЕНЕЗ _гликогенез_ /гликогендин пайда болуу жолу/.

ГЛИКОГЕНОЗ _гликогеноз_ /адамдын төрөлгөндө эле байкалуучу оорусу. Бул углеводдордун алмашуу процесси бузулганда байкалат. Боордо гликоген көп болгондуктан, ал көлөмү жагынан чоңоёт. Балдардын өсүшүнө тоскоолдук болот/.

ГЛИКОГЕНОЛИЗ _гликогенолиз_ /гликогендин майдаланышы, анын глюкозага өтүшү/.

ГЛИКОЗУРИЯ _гликозурия_ /кандагы канттын өлчөмүнүн көптүгүнөн сийдиктеги канттын көптүгү. Кант оорусунун мүнөздүү белгиси/.

ГЛОБУЛИН _глобулин_ /белоктун кеңири жайылган бөлүгү/.

ГЛОБУЛУС глобулус /шар формасындагы дарылар/.

ГЛОМЕРУЛА гломерула /бөйрөктүн ичиндеги майда кан тамырлардан түргөн жипче чогулган бөлүгү/.

ГЛОМЕРУЛОНЕФРИТ гломерулонефрит /бөйрөктүн ичиндеги түргөн жип сымал жипчелеринин сезгениши/.

ГЛОМЕРУЛОНЕФРОЗ гломерулонефроз /бөйрөктөгү түргөн жип сымал жипчелери жана сийдик чыгуучу каналдары менен бирге сезгениши/.

ГЛОССАЛГИЯ глоссалгия /тилдин оорушу, сыздашы/.

ГЛОССИТ глоссит /тилдин сезгениши/.

ГЛОССОПИРОЗ глоссопироз /тилдин ачышкандыгын сезүү/.

ГЛОССОПЛЕГИЯ глоссоплегия /тилдин кыймылдабай калышы/.

ГЛОУКОМА глоукома /көздүн ичиндеги басымынын көбөйүп оорусу/.

ГЛЮКОЗА глюкоза /жүзүм канты/.

ГОШЕ БОЛЕЗНЬ Гоше оорусу /липоид заттынын алмашуусу бузулганда байкалуучу, боордо, көк боордо жана лимфа түйүндөрүнө липоид заттарынын бөлүгү жыйналып калган учуру/.

ГРАВИДИТАС гравидитас /боюна болгондук, кош бойлуулук/.

ГРАНУЛА гранула /клеткалардын кээ бирөөнүн протоплазмасындагы урукчалар/.

ГРАНУЛЕМА Л.АШОФА,В.Т.ТАЛАЛАЕВА Ашоф -Талалаев гранулемасы/кызыл жүгүрүк оорсундагы дененин ар кайсы жеринин шишинки тартып көрүнүшү. Ал ар бир алты айда же бир жылдан көбүрөөк убакытта кезек-кезеги менен өсөт/.

ГРАНУЛЕМАТОЗ гранулематоз /дененин ар кайсы жериндеги кээ бир оорулардан кийинки пайда болгон майда берчтер/.

ГРАНУЛОМА гранулома /дененин бир жеринде кээ бир сезгенчтерден кийинки катуу чердин пайда болушу/.

ГРАНУЛОЦИТ гранулоцит / ак кан денечелеринин, лейкоциттердин ичинде майда чекиттери, урукчалары/.

ГРАНУЛОЦИТОПЕНИЯ гранулоцитопения /канда майда чекиттүү лейкоциттердин азайышы/.

ГРАНУЛЯЦИЯ грануляция /кесилген жана жарадар болгон жердин кызыл эти өсүп, мурунку калыбына келиши/.

ГРАФОСПАЗМ графоспазм / кагаз жазуучу катчылардын колунун, баш бармактан, аты жокко чейинки үч манжасынын тырышып калышы/.

ГРИЗЕЛЯ БОЛЕЗНЬ Гризель оорусу /оз омурткага бекүүчү булчуңдар тырышып калуудан омуртканын өзү кийшаю менен бирге моюндун да бир жагына кийшайып калган оорусу/.

ГРИПП грипп/ катуу кармоочу, вирустун кесепетинен пайда болгон жугуштуу оору/.

ГРИТТИ ШИМАНОВСКОГО ОПЕРАЦИЯ Гритти Шимановский операциясы /бутту тизеден өйдө кескенде, кашка жилик тизе муунунун жакын жеринен таарылып ташталат дагы, кашка жиликтин калган учуна томукту жалпак кесип туруп жабыштырып коёт.Оментип ал бутка талнич протезин кийгизүүгө ыңгайлуу болот/.

ГРУДНАЯ ЖАБА мыкчыган көкүрөк оору / капысынан кармоочу,төштүн арк жагында катуу ооругандыкты сезүүчү оору/.

ГРУДНАЯ АОРТА көкүрөк аортасы / аортанын жүрөктөн башталып ичке кирүүчү чеги, боор этке чейинки аралыгы/.

ГУММА гумма /ар кайсы органда котон жаранын үчүнчү стадиясында байкалуучу, томпойгон катуу нерсе/.

Д

ДАКРИОАДЕНИТ дакриоаденит /жаш чыгуучу бездин сезгенүүшү/.

ДАКРИОМА дакриома /жаш баштыкчасынан өсүп чыккан шишик/.

ДАКРИОПС дакриопс /жаш чыгаруучу бездердеги ичи желге толуп пайда болгон көбүк, барсылдак/.

ДАКРИОРРЕЯ дакриоррея /көздөн жаш өзгөчө көп чыгуу/.

ДАКРИОЦИСТИТ дакриоцистит /жаш баштыкчасынын сезгенүүшү/.

ДАКТИЛАЛГИЯ дактилалгия /кызыл жүгүрүк оорусундагы манчалардын муунун кармалангаанда сезилүүчү колдун салааларынын сыздап оорусу/.

ДАКТИЛОГРИПОЗ дактилогрипоз /манчалардын кичирейип калышы/.

ДАКТИЛОСПАЗМ дактилоспазм /бир же бир нече манчалардын карышып калышы/.

ДАЛТОНИЗМ далтонизм /кээ бир боёктун түрлөрүн ажырата тааный албоо. Ал туулгандан эле байкалышы ыктымал/.

ДАМУАЗО ЛИНИЯ Дамуазо сызыгы /көкүрөктүн көңдөйүнө суу толгон плеврит оорусундагы, суунун көкүрөктөн орун алуу сызыгы автордун атында аталат/.

ДАРСЕНВАЛИЗАЦИЯ дарсенвализация / электрдик жогорку чыңалуучу турукоуз токту оорулууну дарылоо максатында колдонуу. Муну биринчи жолу колдонгон Ж.А. Дарсенвал болгон. Француз врачы /1851-1940/.

ДДТ дихлор дифенил трихлорэтан /көпчүлүк учурда курт=кумурскаларга кыруучу таасир берүүчү өтө уу зат. Биринчи жолу 1974 -ж. синтезделип алынган/.





ДЕБИЛ дебил /дарым акылдуу адам, делбе/.

ДЕВИТАЛИЗАЦИЯ девитализация /жанын өлтүрүү, м.:тешилген тишке келген нервдин бутагын кесип таштоо же дары менен аны ууландырып коюу/.

ДЕГЕЛЬМИНТИЗАЦИЯ дегельминтизация /оорулуу организмден мите куртту дары менен айдоо же аны жуктурбоо чаралары/.

ДЕГЕНЕРАЦИЯ дегенерация /органдын же ткандын түзүлүшү өзгөрүү менен алардын аткарган функциясы дагы башкача өзгөрүү/.

ДЕГИДРАТАЦИЯ дегидратация /денени суу баскандагы шишүүдөн ажыратуу/.

ДЕГИСТИВЫ дегистивдер /тамак сиңирүүгө көмөктөшүүчү дары заттар/.

ДЕЗИНСЕКЦИЯ дезинсекция /курт=кумурскаларды кырып жок кылуу/.

ДЕЗИНТОКСИКАЦИЯ дезинтоксикация /организмдеги уунун күчүн кетирүү/.

ДЕЗИНФЕКЦИЯ дезинфекция /жугуштуу оорута чалдыктыруучу микробдорду физикалык жана химиялык жол менен жок кылуу/.

ДЕЗОДОРИРУЮЩИЕ СРЕДСТВА дезодоруучу дарылар /жагымсыз житти кетирүүчү заттар/.

ДЕЗОРИЕНТАЦИЯ дезориентация / оорулуу адам кайда жүргөнүн жана кайсы маал экенин билбей калган абалы. Көбүнчө жин ооруларында байкалат/.

ДЕЙТЕРАНОПИЯ дейтеранопия /адамдын туулгандан эле жашыл түстү көрө албоосу/.

ДЕКАЛВАНС декалванс /терини түлөтүүчү, чачты түшүрүүчү дарылар/.

ДЕКАЛЬЦИФИКАЦИЯ декальцификация /оорунун себебинен организмде кальцийдин жоголо оошташы. Ал сөөккө жана тишке таасирин өтө тийгизет/.

ДЕКАПИТАЦИЯ декапитация /ичтеги өлгөн баланын мойнунан кесип, башын бир бөлөк, өзүн бир бөлөк чыгаруу/.

ДЕКАПСУЛЯЦИЯ декапсуляция / органдарды тышкы кабыгынан ажыратуучу операция. М.: бөйрөктү тышкы кабынан ажыратканда сийдик бөлүнө баштайт/.

ДЕКОКТ декокт /өсүмдүктүн керектүү дарысын сууга кайнатып алуу/.

ДЕКОЛОРАЦИЯ деколорация /ткандардын түсүн өзгөртүү/.

ДЕКОМПЕНСАЦИЯ декомпенсация /бир калыбынан бузулуу, м.: жүрөктүн кагышы ылдамдоо же анын тескерисинче жай кагуу/.

ДЕКОМПОЗИЦИЯ декомпозиция /жаш балдардын тамак сиңирүүсү өтө бузулуудан келип чыккан арыктоосу/.

ДЕКОНТАМИНАЦИЯ деконтаминация /жугуштуу жуктурбоочу, уулууну ууландырбоочу чаралар/.

ДЕКОРТИКАЦИЯ декортикация /тигил же бул органдын тышкы кабыгын операциялык жол менен алып таштоо/.

ДЕКРЕМЕНТ декремент / жогорку температуранын, оорунун күчү төмөндөгөн учуру/.

ДЕКСТРОКАРДИЯ декстрокардия /жүрөктүн нормадагыдай сол жактан эмес, оң жактан орун алышы/.

ДЕКУБИТУС декубитус / кыймылдабай, узак убакытка созулуп ооруп жаткан адамдын жамбашынын, аркасынын оюлуп кетиши/.

ДЕКУССАЦИЯ декуссация /негизинен нерв жипчелеринин бир жерден кайчылашып өтүшү/.

ДЕЛИРИЙ делирий/оозуна келген сөздү дөөрүп, маанисиз



сүйлөө. Бул көбүнчө жин ооруларында, кээ бир ууланууда жана башы жарадар болгондо байкалат/.

ДЕЛЮЗИЯ делюзия /сезими бир калыпта болбой, дөөдүрөп оозуна келгендерди сүйлөй берген учур/.

ДЕМАРКАЦИЯ демаркация /өлүү ткань менен тирүү ткандын ортосундагы бөлүнгөн чеги, сызыгы/.

ДЕМЕНЦИЯ деменция /мээнин жетишпегенинен кийин пайда болгон кем акылдуулук/.

ДЕНГЕ денге /айлана чөйрөдөгү жаныбарлардан жугуучу вирустан пайда болгон оору. Оорута мүнөздүү белги-мээнин кабыгынан, муундардан сары суу сызылып чыгарылышы менен белгиленет/.

ДЕНДРИТ дендрит /нерв клеткаларынын цитоплазмасынын түш тарапка жайылган тармагы, урчугу/.

ДЕНТАЛИС денталис /тиш, тишке байланыштуу/.

ДЕНТИН дентин /тиштин негизги бөлүгү/.

ДЕНТИФИКАЦИЯ дентификация /тиштин жаралышы, пайда болушу/.

ДЕНТИЦИЯ дентиция /тиштин өсүп чыгуу процесси/.

ДЕНУДАЦИЯ денудация /органдын кабыгын сыйруу, аарчуу жылаңачтоо/.

ДЕНУТРИЦИЯ денутриция /азык затынын тамактын жоктугунан тамактануунун начарлашы, тамаксыз арыктоо/.

ДЕПЕРСОНАЛИЗАЦИЯ деперсонализация /өзүн-өзү адам деп эсептебөө/.

ДЕПИГМЕНТАЦИЯ депигментация /туулганда тери түсү кадимкидей болуп, кийин убактылуу же өмүр бою оңу өзгөрүп кетүүсү, ала/.

ДЕПИЛЯТОРИЙ депиляторийлер /чачты түшүрүүчү дарылар/.

ДЕПИЛЯЦИЯ депиляция /оорутанда көрктөнүп,жасанып, чачты алдырып таштоо/.

ДЕПРЕССИЯ депрессия /жин оорулуу адамдарда байкалуучу дайыма сабырсыз суздук, көңүлү чөккөн учур/.

ДЕПРЕССОР депрессор /булчуңду алсыздандырып,кан тамырлардагы басымды илдийлатуу менен журөктүн кагышын басаңдатуучу дарылар/.

ДЕРАТИЗАЦИЯ дератизация /кемирүүчү жаныбарларды кырып жок кылуу, м.: чычкан,арс чычкандар/.

ДЕРВИНАЦИЯ дервинация /кызарган жерди азайтып, сезгенген жерди кичирейтүүчү дары заттары/.

ДЕРКУМА БОЛЕЗНЬ деркум оорусу /дарт катары семирүү, майлар теринин алдына же дененин башка жерине урчуюп чогулушу. Мындай оору көбүнчө орто жашаган аялдарда учурайт/.

ДЕРМАТИКИ дерматиктер /тери ооруларын айыктырууга көмектешүүчү дарылар/.

ДЕРМАТИТ дерматит /теринин сезгениши/.

ДЕРМАТОЗ дерматоз /жалпы эле теринин оорулары/.

ДЕРМАТОЗООНОЗ дерматозооноз /айбандарда жашаган мителер адамга өтүп, терисин дартка чалдыктыруу. М: котур/.

ДЕРМАТОЛОГ дерматолог /тери оорулары боюнча адис-врач/.

ДЕРМАТОЛОГИЯ дерматология /медицыналык илимдин тери ооруларын дарылоочу жана иликтөөчү бөлүгү/.

ДЕРМАТОМА дерматома /теринин урчуюп,өскөн шишиктери/.

ДЕРМАТОМИЦЕТЫ дерматомицеттер /терини оорута чалдыктыруучу грибоктор/.

ДЕРМОГРАФИЗМ дермографизм /катуу жана мокок нерсе ме-



нен терини чийгенде кызарган так калуу. Нерв системасынын абалын текшергенде жасалат/.

ДЕРМОИД дермоид /бир же бир нече шишиктер. Аларды кескенде ичинен тырмак жана чач чыгат/.

ДЕРМОТРОПНЫЙ дермотроптуу /дарынын жана башка заттардын териге таасирин тийгизүүсү же аны дартка чалдыктыруучусу/.

ДЕСЕНСИБИЛИЗАЦИЯ десенсибилизация /организмдеги сенсибилизацияны жоготуу. Ичкен дарыны көтөрө албай,ага өтө катуу реакция берүүчү,организмдин абалын башкача буруу/.

ДЕСИКАЦИЯ десикация / бир нерсени суудан ажыратуу,кургатуу/.

ДЕСКВАМАЦИЯ десквамация /теринин түлөшү, теринин тышкы катмарынын клеткаларынын сыдырылып түшүшү/.

ДЕСМУРГИЯ десмургия /жарадар болгондо денени кантип байлоону, таңууну үйрөтүүчү окуу/.

ДЕСТРУКЦИЯ деструкция/клетканын жана ткандардын түзүлүшү бузулуп майдалануу/.

ДЕСЦЕНДЕНТНЫЙ десцендеттүү /мүчөнүн бөлүгү кайра өөдө кайрылбай төмөн баштангани. М.: толтонун жана жоон ичегинин башталгыч бөлүгү/.

ДЕТРИТ детрит /бирчаланган ткандардын калдыктары/.

ДЕТСКАЯ СМЕРТНОСТЬ балдардын өлүмү /статистика боюнча бир жашка чейинки балдардын өлүмү/.

ДЕТСКИЕ БОЛЕЗНИ балдардын оорусу /оору жалгыз гана балдарда учурап, чоңдор аны менен оорубаса, балдардын оорусу аталат/.

ДЕТСКИЕ ПЛОЩАДКИ балдар аянтчасы /Советтер Союзунда уюшулган балдардын ден соолугун чыңоочу жана тарбиялоочу жай.

Ал көбүнчө жай айларында уюштурулат/.

ДЕТСКИЕ ПРИЕМНИКИ балдарды кабыл алуучу жай/ үч жаштан баштап, он жаш жашка чейинки кароосуз калган балдарды кабыл алуучу мекеме/.

ДЕТСКИЕ УЧРЕЖДЕНИЯ балдар мекемелери/кылган кызматы боюнча балдарды дартка чалдыктырбаска алдын ала чара көрүүчү, окуу тарбия иштерине багытталган мекеме/.

ДЕТСКИЙ САНАТОРИЙ балдар санаторийи /балдарды дарылоочу, ооруга чалдыгууга каршы чараларды көрүүчү жай. Оорунун түрүнө жараша ал бир топ бөлүккө бөлүнөт/.

ДЕТУМЕСЦЕНЦИЯ детумесценция / шишиктин көлөмүнүн кичирейиши/.

ДЕФЕКЦИЯ дефекция /чоң даарат ушатуу, заңдоо/.

ДЕФЕКТОЛОГИЯ дефектология /бор бордук нерв системасынын дартынан келип чыккан, кулагы начар уккан, көзү чала көргөн, акыл-эси начар балдарды өстүрүү жана тарбиялоо жөнүндөгү илим/.

ДЕФЕРВЕСЦЕНЦИЯ дефервесценция /оорулуунун температурасы төмөндөп, калыбына келип, калтыроонун токтошу/.

ДЕФЕРЕНТИТ деферентит /эркектин урук чыгаруучу жолунун сезгениши/.

ДЕФЛОРАЦИЯ дефлорация /кыздык белгисинен ажыратуу-зордуктоо/.

ДЕФЛУВИУМ дефлувиум / дененин бир жеринде болгон чачтын, туктун убактылуу түшүп калышы/.

ДЕФОРМИРОВАННЫЙ турпаты бузулган / жагымсыз көрүнүүчү дененин бөлүгү/.

ДЕФОРМИРУЮЩИЙ деформациялоочу /турпатын, келбетин өзгөр-



түүчү абал/.

ДЕХЛОРИРОВАНИЕ ВОДЫ сууну хлордон ажыратуу /ичө турган суунун хлору нормадан жогору болуп кеткен учурда, андагы хлорду азайтып нормага келтирүү. Ал ар түрлүү жолдор менен жүргүзүлөт/.

ДЕЦИДУА децидуа /жатындын ичиндеги түйүлдүктү курчаган катмар/.

ДИАБЕТ диабет /сийдик көп болуп, андагы канттын саны жогору болгон оору. Бул көбүнчө уйку безинин функциясы бузулганда байкалат/.

ДИАГНОЗ диагноз /оорунун атын аныктоо, билүү/.

ДИАГНОСТИКА диагностика /ооруну билип, атын туура коюп, анын белгилерин эске алуучу илим/.

ДИАЗОРЕАКЦИЯ ЭРЛИХА эрлихтин диазореакциясы /мурун даярдалган бул реактивди сийдикке кошкондо, ал кызыл түскө айланса, сийдиктин ээси ич келте, туберкулез, кызамык менен ооруйт деп эсептелинет/.

ДИАЛИЗ диализ /атайын жабдуулар аркылуу эритменин ичинен туздарды бөлүп алуу/.

ДИАПЕДЕЗ диапедез /ак жана кызыл кан денечелери таза эле тамырлардын капталынан тышка сызылып чыгып кетиши. Көбүнчө адам уулуу зат менен ууланганда байкалат/.

ДИАРЕЯ диарея /ич өтүү ; суюк жана бат-бат заңдоо.Бул дизентерия оорусунда, ичегинин туберкулез оорусунда мүнөздүү белгинин бири болот/.

ДИАРТРОЗ диартроз /эки сөөктүн бири-бирине муундар аркылуу биригиши, эки сөөк бири-биринен кичине гана жука көңүл менен ажырап турат/.

ДИАСТАЗ диастаз /сөөктөрдүн жана булчуңдардын бири-биринен алыстап кетиши/.

ДИАСТЕМА диастема /кашка тиштин аралыгынын өтө алыстыгы/.

ДИАСТОЛА диастола /жүрөктүн булчуңу бошоңдоодон. анын ичине кан толуучу учур /.

ДИАТЕЗ диатез / тигил же бул ооруга чалдыгуула өзгөчө сезгич организм/.

ДИАТЕРМИЯ диатермия /электрдин төмөнкү чыңалуучу жогорку жыштыгын,токторун терең жаткан ткандарды жылытууга колдонуу/.

ДИАТЕРМОКОАГУЛЯЦИЯ диатермокоагуляция /электрдин жогорку жыштыктагы тогу менен ткандарды күйгүзүү. Операциянын убагында ушундай күйгүзүүдөн аккан кан токтойт/.

ДИАФАНОЛ диафанол /катуу ткандарды жумшартып,микроскопко көрүү үчүн колдонулуучу саргыч түстөгү суюктук/.

ДИАФАНОСКОПИЯ диафаноскопия /мурундун жана таңдайдын жанындагы коңулдарды, оозго киргизген электрдин жарыгы аркылуу карап көрүү/.

ДИАФИЗ диафиз /жумуру сөөктөрдүн ортоңку бөлүгү/.

ДИАФОРЕЗ диафорез /тердин көп чыгуусу, терчил адам/.

ДИАФОРЕТИЧНЫЕ СРЕДСТВА тердетүүчү дарылар

ДИАФРАГМА диафрагма /боор эт.Көкүрөктүн көңдөйү менен ичти экиге бөлүп турган ич жана көкүрөк көңдөйүнүн пардасы/.

ДИВЕРГЕНЦИЯ дивергенция /шооланын негизги түз жолдон бурулуусу. Көздүн көрүүсү түз болбой, оң же сол жагы менен көрүү/.

ДИВЕРТИКУЛ дивертикул /ичи көңдөй органдардын капталынын сыртка урчуюп чыгышы, М.: кызыл өңгөч, ичеги табарсык/.



ДИВЕРТИКУЛА И.Ф.МЕККЕЛЯ Меккелдин туюк учу /немецтик анатом жана эмбриолог, 1781-1833. Кээде ичке ичегинин жамбаш оюгунун тушундагы бөлүгүндө кезигүүчү, узундугу укумдай келген ичегинин эки ача бөлүнүп кеткен жеринин туюк уч жак бөлүгү/.

ДИГЕСТИЯ дигестия /тамак сиңирүү/.

ДИГИТАЛЬНЫЙ дигиталдуу /колдун манжаларына байланыштуу/.

ДИЕТА диета /оорулуу жана таза адамдардын мүнөздөп тамактануу эрежеси/.

ДИЕТЕТИКА диететика /оорулуу жана таза адамдардын мүнөздөп тамактанышы жөнүндөгү илим/.

ДИЕТОТЕРАПИЯ диетотерапия /оорулууларды ар түрлүү тамактын түрлөрү менен дарылоо/.

ДИЗАКУЗИЯ дизакузия /дүлөй, керең/.

ДИЗАРТРИЯ дизартрия /адамдын тил менен тиштер тыбыштарды айта албай сүйлөөсүнүн бузулуусу/.

ДИЗАРТРОЗ дизартроз /тескери жаралган, жалган муун/.

ДИЗЕНТЕРИЯ дизентерия /өзгөчө микробдун бактериянын кесепетинен пайда болгон ичегинин жугуштуу оорусу/.

ДИЗЕРГИЯ дизергия /амчек эмбеген баланын кээ бир оорулар менен тез ооруп туруучу абалы/.

ДИЗЕСТЕЗИЯ дизестезия /кээ бир сезүүлөрдү тандай албоо. М.: жумшакты катуу деп эсептөө ж.б. Бул нерв ооруларында байкалат/.

ДИЗОНТОГЕНЕЗ дизонтогенез /ткандардын туура эмес, кемтик өсүүсү/.

ДИЗОСМИЯ дизосмия /адамдын житти арандан зорго билүүсү; жыт аңкоосу бузулуу/.

ДИЗОСТОЗ дизостоз /сөөк системасынын өсүшүнүн бузулушу/.

ДИЗУРИЯ дизурия /борбордук нерв системасынын, табарсыктын оорусунун натыйжасында, күч менен заара кылуу/.

ДИКА РЕАКЦИЯ Дик реакциясы /адам кызамык оорусун кабыл алабы деп билиш үчүн, териге куюлган стрептококктун уусу/.

ДИКРОЦЕЛИОЗ дикроцелиоз /боордо жана өттө жашаган мите. Бул оору кээ бир өлкөдө анда-санда учурап калышы ыктымал/.

ДИКТИОМА диктиома /көздүн тор катмарынын эпителий клеткасынан чыккан коркунучтуу шишик оорусу/.

ДИКТОРИЯ дикторня /жүрөк бир эле каккан убакта тамырдын эки жолу кагылышын билүү, бирөө катуу, экинчиси солгун, күчсүз.Бул жүрөк оорусунда байкалат/.

ДИЛАТАЦИЯ дилатация /денедеги көңдөйлөрдүн, жылчыктардын кеңейиши/.

ДИЛИТАТОР дилитатор /булчуңду бири-биринен ажыратуучу, кеңейтүүчү аспап, көздүн карегин чоңойтуучу дары/.

ДИНИТРОБЕНЗОЛ динитробензол /сийдиктеги 17 кетостероиддердин санын аныктоого керек болуучу химиялык зат. Муну химиялык өндүрүштө иштеген жумушчулардын динитробензол менен ууланганын сийдигин текшерип билет/.

ДИОДЦИД диоддид /линза нурду кабаттандыруу күчүнүн бирдиги. Бул бирдик көздүн көрүү кубатын өлчөө бирдигине алынган/.

ДИПИЛИДОЗ дипилидоз /үй жаныбарларында кеңири жайылып, андан адамга жугуп, ичегиде башталуучу мите курт оорусу.Бул оору менен адамдар жалпысынан аз оорушат. Бул кээде жаш балдарда кезигип калышы ыктымал/.



ДИПИРАЗИН дипиразин /организмге тийгизген таасири көп түрлүү дары. Ал бирде денени жалпы эле тынчтандырса, бирде ичтеги мите куртту тышка чыгарууга көмөктөшөт/.

ДИПЛЕГИЯ диплегия /дененин эки жагынын тең шал болушу. Бул көбүнчө мээ илдетке учураганда байкалат/.

ДИПЛОБАЦИЛЛА диплобацилла /эки же кошоктолгондой болгон бацилла/.

ДИПЛОКОККИ диплококк / эки же кошоктошкондой болгон кокктор, формасы тоголок кошоктошкондой болгон микробдор/.

ДИПЛОПИЯ диплопия /бир нерсенин экидей болуп көрүнүшү. Бул көздү кыймылдатуучу булчуңдарынын шал болуп калган учурунда байкалат/.

ДИПЛОЭ диплоэ /сөөктүн ортонку катмары, кемиги/.

ДИПСОМАНИЯ дипсомания /аракечтин бир ичкенде бир күнү же жумадан-жумага чейин ичкен учуру/.

ДИРЕКТОСКОП директоскоп /кекиртектен баштап, көкүрөктүн жогорку бөлүгүнө чейин карап көрө турган аспап/.

ДИСБАЗИЯ дисбазия /күч менен жана дагы тектеренден басып калуу/.

ДИСГЕВЗИЯ дисгевзия /чыныгы даамды биле албоо. Көбүнчө жин оорусунда байкалат/.

ДИСГЕРМИНОМА дисгерминома /көпчүлүгү эркектердин жана аялдардын жыныстык безинен өсүп чыккан коркунучтуу шишикке жакын шишик. Кыздарда пайда болгон мындай шишикти операциялык жол менен алып ташташанда айыгат/.

ДИСГИДРОЗ дисгидроз /нормадагыдай эмес тердөө. Өзгөчө ысык мезгилде буттун салааларынын тердеши/.

ДИСКЕРАТОЗ дискератоз /теридеги төрөлгөндө эле байкалуу-

чу жана кармап көргөндө катуу болгон бөлүгү/.

ДИСКИНЕЗИЯ дискинезия /кыймылдын ылдамдыгынын бузулушу, м.: эт баштыкчасында таш пайда болгондо, анын кыймылдоо тартибинин бузулушу/.

ДИСКОРИЯ дискория /көздүн карегинин көлөмүнүн өзгөрүшү, өзгөчө туурасынын узун болушу/.

ДИСЛАЛИЯ дислалия /адамдын кээ бир тамгаларды тили келип айта албоосу, сөз сүйлөө тартибинин бузулуусу/.

ДИСЛОКАЦИЯ дислокация /бир жерден экинчи жерге жылуу, орун алмашуу аракети, м.: сынык сөөктөрдүн өз ордунан жылып кетиши/.

ДИСМЕНОРЕЯ дисменорея /этек кирдин оору менен коштолуусу/.

ДИСПАНСЕР диспансер / поликлиника жана ооруканасы болуп, оорулууну алгачкы мезгилде дарылап, ага алдын ала чараларды жүргүзүүчү атайын мекеме/.

ДИСПАНСЕРИЗАЦИЯ диспансеризация /ооруну алдын ала аныктап, оорулуулардын абалын текшерүүчү чаралар. Ал таза адамдарга да жүргүзүлөт/.

ДИСПАРЕУНИЯ диспареуния /жыныс катнашуу мезгилиндеги ачуу сезүү/.

ДИСПЕПСИЯ диспепсия /адамдын тамак ичүүгө көңүл бөлбөй, тамак сиңирүү процессинин бузулуусу/.

ДИСПЛАЗИЯ дисплазия /клеткалардын туура эмес өсүүсү/.

ДИСПНОЭ диспноэ /мээдеги дем алуу борборунун кызматы бузулгандыктан, дем алуунун кыйындашы, дем кысылуу/.

ДИССЕМИНАЦИЯ диссеминация /дарттын бир жерде эле тура бербестен анын жайылуусу, м.: туберкулез, рак ооруларынын алгач



пайда болгон жеринен экинчи жерге көчүшү/.

ДИССИМУЛЯЦИЯ диссимуляция /өзүн тазамын деп эсептөө, ооругандыгын жашыруу. Бул жин ооруларда байкалат/.

ДИСТАЛЬНЫЙ дисталдуу/борбордон алыс, дененин ортосунан бөлөк орун алган организмдеги өзгөрүүлөр/.

ДИСТЕНЗИЯ дистензия /чоюлуу, көлөмү көбөйүү, м.: муунга суу толуп кеткенде, муундун көлөмүнүн көөп, чоңойгондой болуп көрүнүшү/.

ДИСТИЛЛЯЦИЯ дистилляция /сууну бууга, бууну сууга айландыруу/.

ДИСТИРЕОЗ дистиреоз/калкан безинин функциясынын бузулушу/.

ДИСТОНИЯ дистония /булчуңдардын жана кан тамырларынын чымыр абалынын өзгөрүшү. Алар чымыр же шалаакы болуу/.

ДИСТОПИЯ дистопия /ткандардын жана органдардын өз ордунан эмес, башка жерден өсүп чыгышы жана орун алышы/.

ДИСТОРСИЯ дисторсия/муундун байланыштарынын мертинишн/.

ДИСТРАКЦИЯ дистракция /сөөк сынганда, муун чыкканда аны толгон ордуна жайгаштыруу/.

ДИСТРОФИЯ дистрофия /ткандардын, органдардын жана организмдин тамактануусунун бузулушу. Бул эмчектеги балдардын тамак сиңирүүсү бузулганда да байкалат/.

ДИСФАГИЯ дисфагия /тамактын булчуңу тырышуудан, оорудан жана кызыл өңгөчтүн кээ бир оорусунан адамдын тамак жута албоосу/.

ДИСФАЗИЯ дисфазия /мээнин негизи деп аталган жердеги дарттын натыйжасында, сөз сүйлөөнүн бузулушу/.

ДИСФОНИЯ дисфония /тамак оорудa үндүн чыгышынын бузулушу/.

ДИСХЕЗИЯ дисхезия /заң катып калуудан күч менен жан-

ооругандыкты сезип жандоо/.

ДИХРОМАТОПСИЯ дихроматопсия /адамдын кээ бир түстөрдү көрө албаган учуру/.

ДИХРОМИЯ дихромия /кээ бир оорулардын кесепетинен теринин өңү-түсүнүн өзгөрүүсү/.

ДИСЦИЗИЯ дисцизия /мүчөнү экиге бөлүү, кесүү/.

ДИСЦИТ дисцит /омурткалардын муундарынын арасындагы жалпак чемирчектердин сезгенип оорушу/.

ДИТЕРИХСА ШИНА дитерихс шакшагы /кашка жилик жамбашка айталкан муунунан же андан ылдыйраак жеринен сынганда оорулууну алып жүрүү үчүн ылайыкталып, зымдан атайын тордолгон шакшак/.

ДИУРЕЗ диурез /сийдик пайда болуу жана аны чыгаруу процесси. Бөлүнүп чыккан сийдиктин өлчөмү/.

ДИУРЕТИЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА сийдик чыгарууга жардамдашуучу дары заттары

ДИФЕНИЛАМИН дифениламин / битти жоготуучу, битке каршы дары/.

ДИФТЕРИЯ дифтерия /тамакты, колкону ак кабык басып ооруткан жугуштуу оору. Аны менен көбүнчө жаш балдар көбүрөөк ооруйт/.

ДИФФУЗИЯ диффузия /бири-бирине тийишип турган эки заттын биреөнүн экинчисиндеги затка өтүп кетүүсү, м.: газдардын эритмеге өтүшү/.

ДИФФУЗИЯ диффузия /ар түрдүү дапылардын белгилүү чеги жок жайылуусу, сиңүүсү/.

ДИХЛОРАМИН дихлорамин /дезинфекциялоочу зат/.

ДИХЛОРЭТАН дихлорэтан /наркоз катары колдонулуучу дары/.



ДИХОТОМИЯ дихотомия / туура эки бөлүккө же эки ачага бөлүнүү/.

ДИЭНЦЕФАЛОН диэнцефалон /баш мээнин ортоңку бөлүгү/.

ДИЭТА М.И.ПЕВЗНЕРА Певзнердин диэтасы /советтик терапевт, денемин ичиндеги органдардын дартына жараша көп ооруларды бир калыпта мүнөздүү тамактар берип дарылоо жолу/.

ДОЗА доза /бир жолу ичүүчү же ийне менен сайып оорулууга берилүүчү дарынын чендеми/.

ДОЗИМЕР дозимер /электрдин, нурдун, үндүн организмге тийген күчүн өлчөөчү аспап/.

ДОЛАБРА долабра /жарадар болгон учурда, колду бутту бурама формасында таңуу/.

ДОЛИХОЦЕФАЛ долихоцефал /башы сүйрү, соку баш адам/.

ДОЛОР долор /ооруу, дене сезгенгендиктин негизги белгиси/.

ДОНОР донор /канын башка биреөнө куюу үчүн берген адам/.

ДОРСАЛЬНЫЙ дорсалдуу /адамдын жону, арка жагы/.

ДОРСОВЕНТРАЛЬНЫЙ дорсовентралдуу/организмдеги бардык өзгөрүүлөрүнүн жон жактан курсак жагына оошу/.

ДРАКУНКУЛЕЗ дракункулез /теринин алдынан орун алган мите/. Бул көбүнчө меридианга жакын турган өлкөлөрдүн элдеринде байкалуучу илдет болуп саналат/.

ДРАСТИКА драстика /күчтүү жана ичти бат эткерүүчү дарылар/.

ДРОМОТРОПНЫЙ дромотроптуу /нерв аркылуу козголуу өтүүнүн ылдамдыгына таасир берүүчү дарылар/.

ДУГЛАСОВА ПРОСТРАНСТВО Дугласов кобулу /аялдардын кетөн

чучугу менен жатынынын ортоосуна жайгашкан кобул/.

ДУКТУС дуктус /бир орган менен экинчи органдын ортосундагы байланыш түтүкчө, өткөөл/.

ДУОДЕНАЛЬНЫЙ дуоденалдуу /карындын уландысы, ичегинин башталышындагы 25 сантиметрге жакын келген ичегинин аралыгы/.

ДУПЛИКАТУРА дупликатура /ичтеги жылтырак кабыкчалардын кош каттуулугу/.

ДУРМАН мендубана /уругу менен жалбырагында гиосциамин жана скополамин деген алколоид заты бар чөп. Медицинада кээ бир колдонулат/.

ДУШ ШАРКО Шарко душу/жогорку басымдуу сууну ар түрдүү калыңдагы түтүкчөлөр аркылуу өткөрүп анны дененин бөлүкторүнө чачыратып кээ бир оорууну дарылоо/.

ДЫХАНИЕ К.БИОТА Биота дем алуусу /француз врачы,1878. Кезек-кезеги менен жарым минутка чейин дем албай, андан кийин бат-бат дем алуунун башталуусу. Мындай дем алуу көбүнчө мээге шишик пайда болгондо, ага кан уюганда, канга тышка чыгуучу керексиз заттар толуп кеткенде байкалат/.

ДЫХАНИЕ А.КУССМАУЛЯ Куссмауль дем алуусу / — Немец врачы,1822-1902. Акырын жай гана,өтө терең, шуулдата үн чыгара дем алуу. Диабет оорусу өтүшүп кеткенде, оорулуу ушундай дем алууга дуушар келет/.

ДЫХАНИЕ И.ЧЕЙН,В.СТОКСА Чейн-Стокс дем алуусу/ кезек-кезек дем алуу. Дем алуу токтоо бир минутадан көбүрөөк болуп, анан кайра дем алуунун күчү калыбына келет да,кайра дем алуу начарлап токтоого жакындайт/.



# Е

ЕВСТАХИИТ евстахиит /евстахий түтүгүнүн былжырлуу кабыкчасынын сезгениши. Түтүк кулак менен оозду бириктирип турат/.

# Ж

ЖАНЕ МЕТОД Жане методу /сийдик чыгаруучу жолдогу гонорея оорусун дарылоо максатында аны марганцовка суюктугу менен өтө көпкө жуун/.

ЖЕЛУДОЧНЫЕ ФИСТУЛЫ аш казанга жасалган тешик /операциялык жол менен аш казандын ичин айлана чөйрө менен байланыштыруу,ага тешик жасоо. Аш казанга рак оорусу пайда болгондо, кызыл өңгөчтөн тамак өтпөй калган учурда тамактандыруу максатында аш казанга тешик жасалат/.

ЖЕНСКИЕ БОЛЕЗНИ аялдардын оорусу /аялдардын жыныстык мүчөлөрүндөгү бардык оорулар/.

ЖИРОВЫЕ НЕКРОЗЫ майдын чириши /көпчүлүк учурда уйку безинде кездешүүчү, бездин белгилүү бир жеринин чирип, эрип кетүүсү/.

ЖЕЛУДОЧЕК МАЛЫЙ ПО ПАВЛОВУ Павлов жасаган кичине карын /орус физиологу. Карындын суюктук чыгаруу кызматын изилдөө максатында, иттин карынынын түбүн кан тамыр жана нервдери менен кошо кесип алат. Ошол кесилген карындын бөлүгү Павлов жасаган кичине карын деп аталат/.

ЖЕЛЕЗА В.КУПЕРА Купер бези /англиялык анатом,1666-1709. Буурчактай болгон эки без. Алардын чыгарган суюктугу сперма /урукка/ кошулуп эрендикти туюот/.

ЖЕЛЕЗА Р.ВИРХОВА Вирхов бези /немецтик патолог, 1821-1902. Сол жак акырек сөөктүн артында чоңойгон без. Без ичтеги органдардын: аш казандын, кызыл өңгөчтүн, кээде ичегинин рак

оорусунда ал мүчөлөрдөн рактын клеткалары жайылган учурун далилдөөчү учур деп эсептелинет/.

# З

ЗАБОЛЕВАЕМОСТЬ дартка чалдыгуу /элдердин бардыгынын же алардын бөлүгүнүн жашына, жынысына, кесибине жана аймакка карата белгилүү бир оору менен оорушунун эсеби/.

ЗАБРЮШИННОЕ ПРОСТРАНСТВО ич челинин артындагы көбүл /ичеги-карынды каптаган челдин омуртка жак бөлүгүндөгү жайы-гы, көбүлү/.

ЗАВОРОТ КИШОК ичегилердин түйүлүп калышы /анын түйүлүү себеби жана түйүлүшү көп түргө бөлүнөт/.

ЗАЕДА жамажай /ооздун эки кычыгына кээ бир мите же микроб таасир тийгизүүдөн пайда болгон оору. Оздун кычыктары кесилип кетет. Бул оору менен көбүнчө тилин тышка чыгарып, жалаңып жүрүүнү адат кылып алган адамдар оорушат/.

ЗАГЛОТОЧНОЕ ПРОНСТРАНСТВО кулкундун артындагы көбүл

ЗАГЛОТОЧНЫЙ АБСЦЕСС кулкундун артындагы көбүлга ириңден толуп кетиши

ЗАИКАНИЕ кекеч

ЗАКАЛИВАНИЕ ОРГАНИЗМА организмди чыноо /организмди суук-ка, ысыкка атмосфералык басымы төмөндөшүнө чыдамдуулукка көнүктүрүү/.

ЗАКИСЬ АЗОТА азоттун закиси /наркоз катары колдонулуучу газ/.

ЗАКРЫТЫЕ ПОВРЕЖДЕНИЯ жабык жараланып /тышынан каптап турган тери же былжырлуу кабык жараланбай, адамдын ичиндеги мүчөнүн же ткандардын жараланышы. Ал көбүнчө денеге тыштан



катуу нерсе урунганда байкалат/.

ЗАНОС занос /аялдардын боочок түйүлдүк жумурткасы жатында же анын түтүкчөсүндө өлүшүнөн келип чыккан оорук-сунуу абалы/.

ЗАПОРЫ ичегидеги заңдын катып калышы, ич катуу

ЗАРОДЫШ түйүлдүк

ЗАСТОЙНЫЙ СОСОК ЗРИТЕЛЬНОГО НЕРВА көрүү нервинин сезгенч-сиз эле шишиши/.

ЗАЩИТНЫЕ ПРИСПОСОБЛЕНИЯ коргонуу жөндөмдүүлүгү /жаныбар-лардын жана адамдардын айлана чөйрөдөгү жагымсыз таасирлерине каршылык жасоого көнүшү/.

ЗИГМОИДИТ зигмоидит /кулак, чыкы сөөгүнүн угуу үрчүгүн-дагы клеткасынын ириңдеши/.

ЗЕРНИСТЫЕ ШАРЫ бүртүктүү шарлар /мээдеги өлүк ткандарды, кан тамырлар аркылуу сыртка жагына чыгарып туруучу өзгөчө чоң клетка/.

ЗИМАЗА зимаза /спирт ачыта турган ферменттердин тобу/.

ЗНАХАРСТВО дарымчылык /оорулуу адамдарды дарылоого укугу жок адамдардын, дарыгерлиги; табып-тамырчылык, эмчи-домчулук/.

ЗОБ богок

ЗОБНАЯ ЖЕЛЕЗА богок бези /төш сөөгүнүн артында көкүрөк-түн алдыңкы катмарында орун алган без/.

ЗОНДИРОВАНИЕ зонддоо /зонд куралы аркылуу көбүлдүн ичинде, узундугунун ичинде эмнелер бар экендигин изилдөө/.

ЗОНЫ Г.А.ЗАХАРЬИНА,Г.ГЕДА Захарьин -Гед зоналары /ички органдар дартка чалдыкканда, ошол органдардын тушундагы тери-

де ооруганды оозуу ар бир мүчөнүн оорушунда теринин тушу ооруу анын анатомиялык көлөмүнө карата болот/.

ЗООНОЗ зооноз /айбандардан кишилерге жуга турган жугуштуу ооpу/.

ЗООТОКСИН зоотоксин /жаныбарлардын уусу. Буларга аарынын, жыландын, музоо баштын, чаяндын уулары кирет/.

ЗООФИЛИЯ зоофилия /кан сооруучу курт-кумурскалардын, адамдардын же айбандардын каны менен тамактанышы/.

ЗРИТЕЛЬНАЯ ПАМЯТЬ көргөндү элестетүү/көргөн нерсесин экинчи жолу элестете билүү/.

ЗРИТЕЛЬНЫЕ ОРГАНЫ көрүү органдары -көз / кээ бир жаныбарларда көз гана көрүү органы болуп эсептелбестен, башка мүчөлөрү менен да көрө алат/.

ЗУБНАЯ КИСТА тиш кобулу /тиштин түбүнө жакын сөөктөрдө пайда болгон кобул/.

ЗУБНЫЕ БОЛЕЗНИ тиштердин оорулары

ЗУБНЫЕ ПРОТЕЗЫ тиш протездери/кемтик тиштиноордун калыбына келтирүү/.

ЗЫБЛЕНИЕ келкулдөк / ичинде суюктук бар ичи көңдөй мүчөлөрдүн боорунa эки колду такап, колдун бирөөнү кыймылдатса чулкулдагандай болуп сезгениш/.

И

ИДИОТ идиот /кем акыл адам/.

ИДИОПАТИЧЕСКИЙ идиопатикалык /денеге өзүнчө өсүп чыккан, себепсиз пайда болгон бардык оорулар, өзгөрүүлөр/.

ИДИОСИНКРАЗИЯ идиосинкразия / туулганда эле же кийин кээ бир заттардын тамак аркылуу организмге кириши же ийне аркылуу сайганда организмде болушу ага жакпастык.М.: Кээ бир тамактын тутумундагы зат, кээ бир кишиге бөрүжатышты пайда кылыш/.



ИДИОТИЗМ идиотизм /адамдын туулгандан эле, же кийинчерээк акылынын жок болушу/.

ИЗЖОГА зарна /кызыл өңгөчтүн тушу көйгандыкты сезип, жүрөгү айланып туруу абалы. Бул зарна көбүнчө, ашказандын маңызында кычкылдуулугу көп болгондо сезилет/.

ИЗОКОРИЯ изокория /эки каректин узун туурасынын бирдей өлчөмдө болушу/.

ИЗОЛЯТОР изолятор /жугуштуу оору менен ооруган оорулууларды жана ага кунөм саналган адамдарды башкалардан бөлүп коюучу жай/.

ИЗОЛЯЦИЯ изоляция /жугуштуу ооруларды жана жинди ооруларды башкалардан бөлүү, жалгыздатуу/.

ИЗОМЕТРОПИЯ изометропия /эки көздүн жарыкты бирдей чагылдырышы/.

ИЗОМОРФНЫЙ изоморфтуу /тышкы формасы жагынан бирдей органдарды салыштырганда айтылат/.

ИЗОСТЕНУРИЯ изостенурия / салыштырма салмагы төмөн сийдик бөлүп чыгаруу. Бул бөйрөктүн оорусунда байкалат/.

ИЗОТОПЫ изотоптор /бир эле химиялык заттын ар түрдүүлүгү. Ядросу бирдей заряддуу, бирок атомдук салмагы ар башка. Алардын көпчүлүгү радиоактивдүү келип, медицинада кеңири колдонулууда/.

ИКОТА ыктытуу /боор эттин кезек-кезеги менен жыйрылуусунан пайда болгон көрүнүш/.

ИКТЕРУС иктерус / дененин саргарып кетиши. Бул көбүнчө сарык оорусунда жана боор дартка чалдыкканда байкалат/.

ИЛЕИТ илеит /ичке ичегинин эң акы бөлүгүнүн сезгениши/.

ИЛЕОСТОМИЯ илеостомия /операциялык жол менен ичке ичеги-

ни тешип коюу. Бул кепчүлүгү ичегиден жел чыгаруу максатында жасалуучу операция/.

ИЛЕУС илеус /ичегиден эч нерсе өтпөй калуу. Ошондо ич көөп, жел да чыкпай калат/.

ИЛЛЮЗИЯ иллюзия / айлана чөйрөнүн кубулушун бурул кабыл алуу. Кулакка болгон добуштан башка дагы добуш угулуу, көзгө болбогон өлөкөттөр көрүнүү.Бул жин оорусунда байкалат/.

ИМБЕЦИЛЬНОСТЬ имбецилдүү /баланын төрөлгөндөн кийинки кем акылдуу болуп калышы. Кирди-чыкты эси бар бала/.

ИМБИБИЦИЯ имбибиция /суюктукта эриген заттардын клетка же тканга сиңиши/.

ИММОБИЛИЗАЦИЯ иммобилизация /мууну же сынган сөөктөрдү кыймылдатпай таңып коюу, шакшактоо/.

ИММУНИЗАЦИЯ иммунизация /организмдин күчүн күчөтүп,оорууну кабыл албагыдай кылып эмдөө/.

ИММУНИТЕТ иммунитет /организм оорутуучу микробдорду кабыл албоочулугу. Анын жуккан микробдорго каршы күрөшүүнүн күчтүүлүгү/.

ИММУНОЛОГИЯ иммунология / организмдин ооруну кабыл албоочулук мүмкүндүгүн изилдөөчү илим/.

ИММУНОТЕРАПИЯ иммунотерапия /биологиялык дарылар-вакцин, сыворткалар менен дарылоо/.

ИМПЕТИГО импетиго/теринин адегенде мелтүрөп, анын ордуна карт пайда болгон жугуштуу оорусу/.

ИМПЛАНТАЦИЯ имплантация /тканды бир жерге жабыштырып тигип коюу. Оорулуу органдын ордуна таза органды алмаштыруу/.

ИМПОТЕНТ импотент /жыныстык катнашууга жөндөмсүз,жарамсыз эркек/.



ИМПРЕССИЯ импрессия /бир органды жанындагы башка органдын кысуудан калган тагы/.

ИМПУБЕРТАС импубертас /жыныстык өсүүгө өсүп жетилбөө/.

ИМПУЛЬС импульс /тамырдын кагышы, согушу, жүрөктүн согушу менен бир мезгилде болот/.

ИНАНИЦИЯ инаниция /узак убакытка чейинки тамактын жетишсиздигинен, ачарчылыктан арыктоо/.

ИНВАГИНАЦИЯ инвагинация /ичегинин жана органдардын бирибирине кирип, кептелип калышы/.

ИНВАЗИЯ инвазия /ооруга чалдыктыруучу микробдордун организмге кириши. Жугуштуу оорунун башталышы/.

ИНВЕРСИЯ инверсия /органдардын оң эмес, толгонуп калышы/.

ИН ВИВО ин виво /медициналык илимий байкоо пробиркада эмес,адамдын денесинде жүргүзүлүшү/.

ИНВИТРО инвитро /илимий байкоо адамда эмес, пробиркада жүрүшү/.

ИНВОЛЮЦИЯ инволюция /кадимки чоңойгон ткандардын, органдардын кайра калыбына келиши. М.: жатындын бала төрөлгөндөн кийинки абалы/.

ИНГАЛЯЦИЯ ингаляция /дарыны, газды, бууну басымдын жардамы аркылуу чачыратып дем алдыруу/.

ИНГЕСТИО ингестио /тамакты ичип-жеш, жутуу процесси/.

ИНГИБИТОР ингибитор /химиялык реакцияны, физиологиялык аракетти токтотуучу же кечтетүүчү зат/.

ИНГРЕДИЕНТ ингредиент /татаал дарынын ичиндеги заттардын бир бөлүгү/.

ИНДИГЕСТИЯ индигестия /тамак сиңирүүнүн жалпы бузулушу. Ал казандын кызматынын бир аз гана бузулушу/.

ИНДИКАН индикан /индоксилглюкурон кислотасы. Ал боордун оорусунда канда көп болот/.

ИНДИКАНЕМИЯ индиканемия /канда индикан затынын пайда болушу. Бул бөйрөк оорусунда байкалат/.

ИНДИКАНУРИЯ индиканурия /ичегиде белок заттарынын чиришинен. индикан затынын сийдикте көп болушу. Ичегиден эч нерсе өтпөй калганда, сарык оорусунда жана ич келте оорусунда ичегидеги белок заттары көп чирийт/.

ИНДИКАЦИЯ индикация /дарылоонун жөнү; дартка жараша дарылоону чектөө/.

ИНДИКАЦИЯ СРЕДСТВ ПОРАЖЕНИЯ уулантуучу заттарды аныктоо /адамдардын организми жана жаныбарлар уу заттар менен канчалык уулангандыгын аныктоочу аракет. Уу заттарды аныктоо негизинен согуш убагында жүргүзүлөт дагы ага каршы чаралардын көлөмү уунун күчүнө жараша болот/.

ИНДИФФЕРЕНТНЫЙ индифференттүү /дарынын эффектсиз, эч нерсеге таасирсиз, маанисиздиги/.

ИНДОЛЕНТНЫЙ индоленттүү /дененин бир жеринин кызаргандыгын, шишигендигин кармап көргөндөгү оорубастыгы/.

ИНДУРАЦИЯ индурация /бириктиргич ткандардын өсүшүнүн натыйжасында. бир жерди кармап көргөндө катуулап калышы/.

ИНЕРТНОСТЬ инерттүү /араң кыймылдоо, жалкоо, алсыз/.

ИНКАПСУЛЯЦИЯ инкапсуляция /ткандын же органдын тышын кабыкча, же чел каптоо/.

ИНКАРЦЕРАЦИЯ инкарцерация /ич көңдөйүнүн кобулуна ичегинин капталып, кирип калышы/.

ИНКОМПЕНСАЦИЯ инкомпенсация /калыбына келтире албоо;



оорунун учурунда органдын функциясынын бузулушунун калыбына келбей болбоостугу/.

ИНКРЕТОРНЫЙ инкретордуу /кээ бир бездер суюктугун/гормонун/ тышка чыгарбай, канга кошушу. Көпчүлүк гормондор канга кошулобайт/.

ИНКРУСТАЦИЯ инкрустация /ткандар чиригенде же дене жараланганда денеге кирип калган нерселердин сыртына, кальций туздары чогулуп, катуу болуп калышы/.

ИНКУБАЦИЯ инкубация /жугуштуу оорунун микробдору организмге киргенден баштап. оорунун биринчи белгилери байкалганга чейинки мезгили/.

ИНКУРАБИЛИС инкурабилис / дарылоого мүмкүн болбогон учур. Бул оору өтүшүп кеткенде байланат/.

ИННЕРВАЦИЯ иннервация /ткандарды жана органдарды нервдик тейлөө. Чоң нерв тамыры бутактанып, органдарга баруучу нервдер/.

ИНОКУЛЯЦИЯ инокуляция /лабораториялык шартта жаныбарларга дарт жуктуруу максатында ийне сайып же жөнөкөй жуктуруу/.

ИНОПЕРАБИЛЬНЫЙ инопорабилдүү /илдетти операциялык жол менен айыктырууга мүмкүн болбогон, өтүшкөн учуру/.

ИНОРОДНЫЕ ТЕЛА денеге бөтөн нерсе /организм үчүн бөтөн деп эсептелүүчү буюм же анын бөлүгү денедеги тешиктер аркылуу же мүчөнүн кебин бузуп, дененин бир жеринен орун алышы. М.: денеге атылган ок, тикенек кирүү/.

ИНСЕКТИЦИДЫ инсектициддер /курт-кумурскаларды кыруучу химиялык уу заттар/.

ИНСОЛЯЦИЯ инсоляция/ күндүн нурун дарылык максатка колдонуу/.

ИНСОМНИЯ инсомния /уйкусу келбей, уктай албоо/.

ИНСПЕКЦИЯ инспекция /оорулууну текшерип, дартын табуу үчүн карап чыгуу/.

ИНСПИРАЦИЯ инспирация /дем алуу, өпкөгө жел толуу,өпкөнүн көлөм жагынан чоңоюп көбүшү/.

ИНСТИЛЛЯЦИЯ инстилляция /дары заттарды аз-аздан тамчылатып куюу методу/.

ИНСУЛИН инсулин /карындын алдындагы бездин чыгарган суюктугу-гормону. Бул кант оорусун дарылоодогу негизги дары/.

ИНСУЛОМА инсулома /карындын алдындагы уйку безге чыккан шишик/.

ИНСУФФЛЯЦИЯ инсуффляция /көкүректүн көңдөйүнө аба киргизүү, дарыны ооз мурунга үйлөө, ичеги-карынга оорунун атын аныктоо максатында жел толтуруу/.

ИНТАКТНЫЙ интактуу /эч нерсе болбогон, жарылып бөлүнбөгөн ткань/.

ИНТЕРАРТИКУЛЯРНЫЙ интерартикулярдуу /эки муундун ортосундагы бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТЕРВЕРТЕБРАЛЬНЫЙ интервертебралдуу /омурткалардын арасынан орун алган өзгөрүүлөр/.

ИНТЕРКОСТАЛЬНЫЙ интеркостальный /кабыргалардын арасынан орун алган бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТЕРЛОБАРНЫЙ интерлобардуу /эки бөлүктүү органдардын ортосундагы бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТЕРЛОБУЛЯРНЫЙ интерлобулярдуу /эки бөлүкчөлүү органдардын ортосундагы бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТЕРМЕДИУС интермедиус /бардык өзгөрүүнүн эки органдын ортосунда болуу абалы/.



ИНТЕРМЕНСТРУАЛЬНЫЙ интерменструалдуу /мурунку этек кири менен кийинки этек киринин ортосундагы мезгил/.

ИНТЕРМИССИЯ интермиссия /оорунун, температура жогорулоонун, алсыроонун убактылуу токтогон учуру/.

ИНТЕРНИСТЫ интернистер /ички оорулардын врачы, терапевдер/.

ИНТЕРОРЕЦЕПТОР интерорецептор /организмдин ички чөйрөсүнөн кабыл алынган сезүүлөр ички органдардын ишинин бузулушун борбордук нерв системага жеткирүүчү нервдери/.

ИНТЕРПОЗИЦИЯ интерпозиция /сынган сөөктөрдүн арасына жумшак ткандардын кирип калышы/.

ИНТЕРРЕНАЛИЗМ интерренализм /экинчи мезгилде пайда болуучу,жыныстык белгилердин эрте пайда болушу. Ал кыздардын бөйрөгүнүн үстүндөгү бездин оорусунан байкалат/.

ИНТЕРСЕКСУАЛЬНОСТЬ интерсексуалдуу /эркектик жана аялдык жыныс мүчөсү бар адам /кистеке/.

ИНТЕРСКАПУЛЯРНЫЙ интерскапулярдуу /далынын ортосундагы бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТЕРСТИЦИЙ интерстиций / ткандардын арасындагы бош жер, кобул/.

ИНТЕРТРИГО интертриго /теринин бүктөлүшүндөгү дайыма тердөөчү жерлер/.

ИНТЕРЦЕЛЛЮЛЯРНЫЙ интерцеллюлярдуу /клеткалардын арасынан орун алган өзгөрүү/.

ИНТЕСТИНАЛЬНЫЙ интестиналдуу /ичеги, ичеги менен байланыштуу, ичегиге тийешелүү/.

ИНТИМА интима /лимфа жана кан тамырлардын ички катмары/.

ИНТОКСИКАЦИЯ интоксикация /тигил же бул оорунун кесепети-

нең организмдин ууланышы/.

ИНТОКСИКАЦИОННЫЕ ПСИХОЗЫ интоксикациялык психоздор/психиканын бузулушуна тыштан түшкөн уу себепкер болгон учурлары/,

ИНТРААБДОМИНАЛЬНЫЙ интраабдоминалдуу /дарттын ичтин ичинде, ичеги-карындын арасындагы ич аркылуу пайда болушу/.

ИНТРААРТИКУЛЯРНЫЙ интраартикулярдуу / сөөк, муундун ичи аркылуу өтүүчү өзгөрүүлөр/.

ИНТРАВАСКУЛЯРНЫЙ интраваскулярдуу /лимфа жана кан тамырлардын ички катмарындагы бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАВЕНОЗНЫЙ интравеноздуу /венанын ичине дары жиберүүгө байланыштуу/.

ИНТРАВИТАЛЬНЫЙ интравиталдуу /тирүү кезде, өмүрүндө болгон бардык аракет/.

ИНТРАКАРДИАЛЬНЫЙ интракардиалдуу /жүрөктүн ичи аркылуу өтүүчү бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАКРАНИАЛЬНЫЙ интракраниалдуу /баш сөөктүн ичиндеги бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАКУТАННЫЙ интракутандуу/теринин ичинде болгон бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАЛЮМБАЛЬНЫЙ интралюмбалдуу /бел омурткаларынын ичинде болгон бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАМУРАЛЬНЫЙ интрамуралдуу /ичи көңдөй органдардын ички капталындагы бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАМУСКУЛЯРНЫЙ интрамускулярдуу /булчуңдун ичиндеги бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАОКУЛЯРНЫЙ интраокулярдуу /көздүн ичиндеги бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАПЕРИТОНЕАЛЬНЫЙ интраперитонеалдуу /ичтин чел кабыгынын бардык өзгөрүүлөрү/.



ИНТРАСПИНАЛЬНЫЙ интраспиналдуу/ омуртканын жүлүн тешигинин ичиндеги бардык өзгөрүүлөрү/.

ИНТРАТЕКАЛЬНЫЙ интратекалдуу /жүлүндүн кабыгынын ичиндеги бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАТОРАКАЛЬНЫЙ интраторакальный /көкүрөктүн көңдөйүнүн ичиндеги бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАУТЕРИННЫЙ интраутериндүү /жатындын ичиндеги бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТРАЦЕЛЛЮЛЯРНЫЙ интрацеллюлярдуу/клетканын ичиндеги бардык өзгөрүүлөр/.

ИНТУБАЦИЯ интубация /наркоз берүү үчүн же бронхдорду карап көрүү үчүн кекиртекке атайын түтүк киргизүү/.

ИНФАНТИЦИДИУМ инфантицидиум /бала өлтүрүү, жаңы төрөлгөн баланы өлтүрүү/.

ИНФАНТИЛИЗМ инфантилизм /дененин, мүчөнүн бардык жагынан өспөй калышы/.

ИНФАНТИЛЬНЫЙ инфантилдүү /баладай, балдарыныкы, кичинекей балдарыныкындай/.

ИНФАНТИЛЬНАЯ МАТКА өсүп жетилбеген жатын

ИНФАНЦИЯ инфанция /эки жашка чейинки жаш бала/.

ИНФАРКТ инфаркт /кан тамырдын бүктөлүп калышынан мүчөнүн бир бөлүгүнүн эзилиши, жумшап кетиши. Кан тамыр бүтөлүү, өзгөчө, жүрөктө болсо, өмүргө өтө коркунучтуу/.

ИНФЕКТАРТРИТ инфектартрит /жугуштуу оорулардын микробдорунан пайда болгон муундардын сезгениши/.

ИНФЕКЦИОННЫЕ ПСИХОЗЫ инфекциялык психоздор /психиканын бузулушуна жугуштуу оору себепкер болгон учур/.

ИНФЕКЦИЯ инфекция /ооруга чалдыктыруучу жугуштуу микробдор/.

ИНФЕКТИЛИС инфектилис /тукумсуздук, урукоуздук/.

ИНФЕСТАЦИЯ инфестация /митенин организмге жаныбардардан кириши, кугушу/.

ИНФИЛЬТРАЦИЯ инфильтрация / денеге ар түрлүү заттардын ткандардын кириишинен көөп калышы/.

ИНФРАКЛАВИКУЛЯРНЫЙ инфраклавикулярдуу /акырек сөөгүнүн алдында жайгашкан бардык өзгөрүүлөр/.

ИНФРАКОСТАЛЬНЫЙ инфракосталдуу /кабырганын алдында жайгашкан бардык өзгөрүүлөр/.

ИНФРАКЦИЯ инфракция /сөөктүн сырткы кыртышына чейин толук эмес сынышы/.

ИНФРАПАТЕЛЛЯРНЫЙ инфрапателлярдуу /томуктун алдында орун алган бардык өзгөрүүлөр/.

ИНФУЗ инфуз /дарыболуучу нерселерден дарысын сууга кайнатып алуу/.

ИНФУЗИЯ инфузия /суюк дарыларды көп өлчөмдө теринин алдына, көтөн чучукка куюу/.

ИНЦИЗИЯ инцизия /кесүү, чийүү, тилүү/.

ИНЪЕКЦИЯ инъекция /дарыны ийне сайуу аркылуу организмге жиберүү, берүү жолу/.

ИОНОГАЛЬВАНИЗАЦИЯ ионогальванизация / туруктуу электрдик токтун жардамы аркылуу дары заттарын организмге өткөрүү, киргизүү/.

ИПОХОНДРИЯ ипохондрия /өзүнүн оюнда өзүн, оору деп эсептөө. Башка айтканга такыр көнбөө. Бул көбүнчө жин оорусунда байкалат/.

ИПРИТ иприт /ууландыруучу зат. Муну согуш убагында элдерди ууландыруу үчүн немецтер 1917-жылы 12 -июнда колдонушкан/.



ИРИДЕРЕМИЯ иридеремия /туулгандан эле көздүн көк жаа сымал кабыгынын жоктугу/.

ИРИДОДИАЛИЗ иридодиализ / көздүн көк жаа сымал кабыгы бекиген жеринен кирпиктин отине карай сыйрылышы/.

ИРИДОКОЛОБОМА иридоколобома /туулгандан эле көздүн көк жаа сымал кабыгынын эки ача болушу/.

ИРИДОПЛЕГИЯ иридоплегия /көздүн көк жаа сымал кабыкчасынын боштугунан көздүн кыймылдабастыгы/.

ИРИДОТОМИЯ иридотомия / жасалма карек жасаш үчүн көк жаа сымал кабыкчаны бир чекиттен тегерете тилүү/.

ИРИДОХОРИОИДИТ иридохориоидит /көздүн көк жаа сымал жана гамырлуу кабыгынын сезгенүүсү/.

ИРИДОЦИКЛИТ иридоциклит /көздүн көк жаа сымал кабыгы менен кирпик этинин экөөнүн тең сезгениши/.

ИРИДЭКТОМИЯ иридэктомия /көз тунарганда көздүн көк жаа сымал кабыгынын бөлүгүн кесип алып таштоо/.

ИРИС ирис /көздөгү көк жаа сымал кабык/.

ИРИТИС иритис /көздүн көк жаа сымал кабыгынын сезгениши/.

ИРРАДИАЦИЯ иррадиация /ооруунун коңшу органдарга жайылып тарашы/.

ИРРИГАЦИЯ ирригация /атайын аспап менен жарага суюк дарыны куюп, жууп туруу/.

ИРРИГОСКОПИЯ ирригоскопия /оорунун атын табуу үчүн жоон ичегиге нур өтпөс суюктук куюп, рентгендик карсодон өткөрүү/.

ИСКУССТВЕННЫЕ БОЛЕЗНИ өзү жасап алган оорулар/денсиин бир жерин өзү айрып коюп, андан ары жара болуп ириңдеп кетиши. Бул жасалма оору катары эсепталет/.

ИСТМУС истмус /борчук бөлүктүү органдардын эки бөлүгүн

кошкон жердеги ичке жери/.

ИСТОРИЯ БОЛЕЗНИ <u>оорунун тарыхы</u>/ооруканада дарыланып жаткан оорулуулардын оорусунун журушун байкап, анын абалын баалоочу документ/.

ИХОР <u>ихор</u> /жарадан бөлүнүп чыккан кан аралаш ириң/.

ИХТИИЗМ <u>ихтиизм</u> /балыктын этин жегендеги уулануу/.

ИХТИОЗ <u>ихтиоз</u> /балыктын терисине окшош, териси чоң какачтуу адам; теринин какач басуу. Бул төрөлгөндө эле же бир жашка чейин пайда болуп, өмүр бою кала берет/.

ИШЕМИЯ <u>ишемия</u> /кан тамыр аркылуу дененин бир бөлүгүнө кандын аз барышы/.

ИШИАЛГИЯ <u>ишиалгия</u> /отургуч нервинин тушу оорусу/.

ИШИАС <u>ишиас</u> /бел кочуктун оорусу, куюш/.

ИШУРИЯ <u>ишурия</u> /өзүнчө заара кыла албай, табарсыкка сийдиктин толуп кетиши/.

## Й

ЙЕЮНОСТОМИЯ <u>йеюностомия</u> / ичке ичегини операциялык жол менен тешип коюу/.

ЙОД <u>йод</u> /галогендер тобунун элементи/.

ЙОДИЗМ <u>йодизм</u> /йод менен уулануу/.

ЙОДОЛИПОЛ <u>йодолипол</u> /рентген нурун өткөрбөгөн зат/.

ЙОДОДЕРМА <u>йододерма</u> /йоддон пайда болгон теринин оорусу/.

## К

КАВЕРНА <u>каверна</u> /өпкөнүн ичиндеги көңдөйү. Өпкөнүн туберкулез же абсцесс деп аталган ириң ооруларында пайда болгон кобул, көңдөй /.

КАВЕРНИТ <u>кавернит</u> /эркектин жыныс мүчөсүндөгү кобулдарынын



сезгениши/.

КАВИТАЦИЯ <u>кавитация</u> /дененин бир бөлүгүнө дарттын себебинен оюк, чуңкур пайда болуу/.

КАВУМ <u>кавум</u> /дарттын себебинен, көбүнчө өпкөнүн ичинде пайда болгон көңдөй, кобул/.

КАЗЕОЗНЫЙ <u>казеоздуу</u> /оорудан кийин ткандар агарып эзилип, сүзмөдөй болуп дененин бир жерине жыйналып калышы/.

КАЗИУСТИКА <u>казиустика</u> /сейрек кездешүүчү оорулар. Оорунун өзгөчө болушу/.

КАКОСМИЯ <u>какосмия</u> / бир нече жыттанбаса деле, сасык жыт жыттанат деп эсептөө. М.: <u>Бул көбүнчө мурундун капиллярлары сезгенгенде байкалат</u>/.

КАЛКАНЕОДИНИЯ <u>калканеодиния</u> /согончоктун сыздап ооруушу. Бул согончок сөөгү сезгенгенде байкалат/.

КАЛОРИМЕТРИЯ <u>калориметрия</u> /организмдеги өтүп турган химиялык процесстин натыйжасында дене бөлүп чыгарган жана өзүнө сиңирип алган жылуулукту өлчөө/.

КАЛЬКАРИУРИЯ <u>калькариурия</u> /сийдик аркылуу кальций туздарынын бөлүнүп чыгышынын көбөйүшү. Бул кальций затынын алмашуу процесси бузулганда байкалат/.

КАЛЬКУЛЕЗ <u>калькулез</u> / бөйрөктө, табарсыкта, өткө таш пайда болуу. Организмде минералдык зат алмашуу процесси бузулганда байкалат/.

КАЛЬЦЕКС <u>кальцекс</u> / суук тийгенде пайда болгон ар түрлүү ооруларды дарылоочу татаал комполуу дары/.

КАЛЬЦИНОЗ <u>кальциноз</u> /узак убакытка мрамор чаңын дем алуудан пайда болгон өпкө оорусу/.

КАЛЬЦИФИКАЦИЯ <u>кальцификация</u> /эрибеген кальций туздары

ткандарга жайналып ал ткандардын катуулашы/.

КАМБИАЛЬНЫЕ ТКАНИ камбиалдык ткандар/адамдын жана жаныбарлардын физиологиялык процессинде картайып, өлгөн ткандарды толуктоочу өтө активдүү ткань/.

КАМЕРА СЧЕТНАЯ эсептөө камерасы/кандын түтүмүндөгү,жүлүндүн суюктугундагы клеткалардын белгилүү өлчөмдөгү суюктукта канча экендигин саноочу аспап/.

КАМПАЛОН кампалон /уйдун боорунан жасалган, адамдардын боору ооруганда дарылоочу дары/.

КАМПИМЕТРИЯ кампиметрия /көздүн көрүү аймагын түз жерде, жалпактыкта аныктоо/.

КАНДИДАМИКОЗ кандидамикоз /грибокалардын кээ бир түрү пайда кылган теринин, тырмактын, былжырлуу кабыкчанын жана ички органдардын оорусу/.

КАНИТИЕС канитиес /чачка ак түшкөн учур/.

КАНКРОИД канкроид /теринин жараттуу рагы.Көбүнчө улгайган адамдарда учурайт/.

КАНЦЕР канцер /коркунучтуу шишик- рак/.

КАНЦЕРОГЕННЫЙ канцерогендүү /рак шишигинин өсүшүнө көмөктөшүүчү зат. Аларга: таш көмүрдүн чайыры, никель торий, мезоторий, заттары, рентгендин жана күндүн нурунун түрлөрү кирет/.

КАНЮЛЯ канюля / дарылоо максатында дененин көңдөйүнө жана тамырга коюлган түтүк же ийне/.

КАПИЛЛЯРНОЕ ДАВЛЕНИЕ капиллярдын басымы /капиллярдык өтө майда кан тамырлардагы кандын басымы/.

КАПИЛЛИЦИЙ капиллиций /баштын чач каптагач жери/.

КАПИЛЛЯРНЫЙ капиллярдуу /өтө назик, чачтай ичке кан тамырдын көлөмү/.



КАПИЛЛЯРОСКОПИЯ капилляроскопия /атайын даярдалган аспап менен теридеги эң майда артериялык кан тамырлар, капиллярларды карап көрүү/.

КАПИЛЛЯРОТОКСИКОЗ капилляротоксикоз капилляр кан тамырларынын капталынан кан сызылып чыга бере турган оору/.

КАПИСТРУМ капиструм / баштын алдыңкы эзги менен кошо таңуу/.

КАПОЗИ СИНДРОМ капози синдрому/көбүнчө балдарда байкалуучу кулактын кырына, мойнуна, ийин тушка чыккан ортосу төмөн тартылган ыйлаакча. Аны вирус пайда кылат дагы жугуштуу оорулардын катарына кирет. Кээде котур оорусуна кабылдырат/.

КАПСУЛА капсула / органдын же бактериянын ... капталган кабыгы, сыртынан өзгөчө капталган кабыктуу дары/.

КАПСУЛИТ капсулит /көз кабыктарынын ичинен бирөөнүн гана оорусу/.

КАРАНТИН карантин /жугуштуу ооруну жайылтпоо максатында медицина- санитардык жана администрациялык чаралар/.

КАРБОГЕН карбоген /бештен жети процентке чейинки көмүр кислотасы менен токсон бештен, токсон үч процентке чейинки кислороддун кошулмасы. Дем алуу борборуна таасир берүү үчүн колдонулат/.

КАРБУНКУЛ карбункул /көбүнчө моюнга жана далы тушка топтолуп чыккан чоң чыйкандар. Ал майды тышка чыгаруучу бездердин оорусуна чалдыкканда байкалат/.

КАРДИАЛГИЯ кардиалгия / жүрөктүн катуу сыздап оорушу/.

КАРДИОГРАФИЯ кардиография /жүрөктүн жыйрылуу кызматын каттоочу ык, метод/.

КАРДИОЛИЗ кардиолиз /жүрөктү тегерегиндеги жабышкан челдерден бошотуучу операция. Кээ бир перикард оорусунан кийин жасалуучу операциялардын бир түрү/.

КАРДИОЛОГ кардиолог/жүрөк оорулары боюнча адис-врач/.

КАРДИОЛОГИЯ кардиология /жүрөк жана кан тамыр оорулары жөнүндөгү илим/.

КАРДИОПАТИЯ кардиопатия /жүрөктүн булчуңундагы ооруну толук аныктабаган учурдагы божомолдогон жалпы эле жүрөк оорусу/.

КАРДИОПЛЕГИЯ кардиоплегия /жүрөктүн какпай, токтоп калышы/.

КАРДИОРЕКСИС кардиорексис /жүрөк жарылуу. Ал жүрөк булчуңунун өтө бачым жумшашынан келип чыгат/.

КАРДИОСКЛЕРОЗ кардиосклероз /жалпы кан тамырлардын склероз оорусунан пайда болгон, жүрөктүн булчуңдарынын склероз оорусу/.

КАРДИОСПАЗМ кардиоспазм /аш казандын кызыл өңгөч менен кошулган тушундагы булчуңдары өтө жыйрылуудан кызыл өңгөчтөн тамак өтпөй калуу. Ошону менен бирге, андан жогорку кызыл өңгөч чоюлуп кетиши/.

КАРДИОТОНИЧЕСКИЕ ЛЕКАРСТВА кардиотоникалык дарылар/жүрөк булчуңдарын карууга келтирүүчү дарылар/.

КАРДИОФОБИЯ кардиофобия / жүрөгү оорубаса деле, жүрөгүм оорулуу деп коркуу/.

КАРДИОЦЕНТЕЗ кардиоцентез /жүрөккө ийне сайуу/.

КАРДИЯ кардия /карындын башталыш бөлүгү. Кызыл өңгөчтүн карынга кошулган тушу/.

КАРЕЛЛЯ МЕТОД Карелл методу /ар түрлүү ооруларды жалгыз



гана сүт берүү менен дарылоо. Сүттү күндөн- күнгө көбөйтүп берүү жолу ушул методго ылайыкталган/.

КАРИЕС кариес /сөөк ткандарынын, өзгөчө тиштин бузулушу; м.:курт жеген тиш/.

КАРИОКИНЕЗ кариокинез /ядронун түз эмес, кыйыр бөлүнүшү/.

КАРИОЛОГИЯ кариология /клеткалар жөнүндөгү илим. Азыркы күндө кариология, цитология термини менен алмаштырылган/.

КАРМИНАТОВНЫ карминатовдор /алардын ичегисине жел толгондо аны чыгаруучу, айдоочу дарылар/.

КАРНИФИКАЦИЯ карнификация /өпкөдөгү илдеттин кесепетинен, өпкө бөрчкө айланып кеткен учуру. Ал өпкөнүн бардык бөлүгүнө жайылбастан, өпкөнүн бир аз жеринде гана болуу менен мүнөздөлөт/.

КАРОТИН каротин /ичке ичегиде гидролитикалык бөлүнүүдөн пайда болгон боз бары түстөгү А витамини/.

КАРОТИНЕМИЯ каротинемия /канда каротин затынын көбөйүшү. Ушул учурда теринин саргарып кетиши ыктымал/.

КАРПАЛЬНЫЙ карпалдуу /колдогу, алакандагы, манчадагы бардык оорулар/.

КАРТИЛАГИНОЗНЫЙ картилагиноздуу / кечир, чемирчектүү/.

КАРТОФЕЛЬНАЯ БОЛЕЗНЬ картошка оорусу / нандын бузулган учуру. Ага картошка таякчасы деген микроб себепкер болот. Бышкан токочтун ичи-эки үч күндөн кийин бузулат дагы,жыты жагымсыз жыттанат/.

КАРФАЛОГИЯ карфалогия /ич келте менен ооруганда, ойдо болбогон кыймылдарды көпкө кайталап,бир нерсеге жетүүгө умту-

луучу кыймылдар/.

КАРЦИНОЗ карциноз /рак шишигинин бардык мүчөгө таралып, жайылып кетиши/.

КАРЦИНОИД карциноид /түзүлүшү жагынан бирдей, бирок орун алган жагынан рак клеткасынын ар түрдүү болушу; м.: өпкөгө гана чүгүүчү рактын көөдө ичегиге да чыгышы/.

КАРЦИНОМА карцинома /рак, без жана калпак эпителий клеткалардан пайда болгон шишик. Өзүнүн өтө бат өсүшү менен бирге калган клеткалардан айырмаланат/.

КАРЦИНОФОБИЯ карцинофобия /адамда рак оорусу болбосо деле, андан өбк кок коркуу/.

КАСТРАЦИЯ кастрация /бычуу же биттөө. Операциялык жол менен жыныстык безди алып таштоо же анын иштешин токтотуу. Рентгендик нур менен чактап да кастрация жасоого болот/.

КАТАБОЛИЗМ катаболизм /организмдеги татаал органикалык заттардын бөлүнүшүнүн химиялык реакциясынын жыйынтыгы/.

КАТАЛЕПСИЯ каталепсия /колду же бутту ыңгайсыз бир абалга коюп койгондо, өз абалына келе албай, кыймылдабай калуу учуру/.

КАТАЛИЗАТОР катализатор /химиялык заттын реакциясын ылдамдатуучу зат/.

КАТАМНЕЗ катамнез /оору жөнүндөгү маалыматтын жыйынтыгы. Бул процессти оору айыккандан кийин оорулуудан сурoo аркылуу жыйналат/.

КАТАПЛАЗМА катаплазма /ооруган жерге жылуу нерсе коюу/.

КАТАПЛЕКСИЯ катаплексия /өтө корккондо же көпкө чейин сүйүнгөндө, булчуңдардын алы кетип, шалк жыгылып кетүү/.

КАТАР катар /былжырлуу кабыкчалардын суюктук чыгарып,



өзгөрүп оорусу. Ал дем алуу жолдорунун башталышында жана ашказанда да кезигет/.

КАТАРАКТ катаракт /чечекейи соруп катуулоодон көздүн тунарышы. Көбүнчө улгайган адамдарда учурайт/.

КАТЕТЕР катетер /суюктук чыгарууга ылайыкталган түтүк/.

КАТЕТЕРИЗАЦИЯ катетеризация /денеден суюктук чыгаруу үчүн өзгөчө табарсыкка түтүктү киргизүү/.

КАУДАЛЬНЫЙ каудалдуу /дененин төмөнкү куйрук жагынан орун алган өзгөрүүлөр/.

КАУЗАЛГИЯ каузалгия /өтө катуу сыздап оорую. Көбүнчө жарадар болгондо сезилет/.

КАУСТИЧЕСКОЕ СРЕДСТВО каустикалык заттар /күйгүзүүчү же шылып түшүүчү дары заттар/.

КАУТЕРИЗАЦИЯ каутеризация /ткандарды күйгүзүүчү дарылар менен же электр тогунун бөлүктөрү менен кайруу/.

КАХЕКТИЧЕСКИЙ кахектикалык /оорунун залдарынан адамдын азып, арыйган арык абалы/.

КВАДРИПЛЕГИЯ квадриплегия /буту =колдун, башкача айтканда эки буттун жана эки колдун тең шал болушу/.

КВАДРИСЕПС квадрисепс /башталышы төрт жерден башталган, төрт ачалуу булчуң эт/.

КВАРТАНА квартана /дарттын башталышынын, температура жогорулашынын төртүнчү күнү/.

КВАШИОРКОР квашиоркор / көбүнчө жаш баланы жашылчалар менен тамактандырганда пайда болгон оору/.

КВЕРУЛЯНТ кверулянт /бардыгы, эч нерсе жакпаган адам/.

КЕЛЕРА БОЛЕЗНИ келер оорусу /буттагы бейбэлчек сөөгүндөгү өзгөчө өзгөрүп ооруган оору. Бул өтө сейрек кездешет.

Оору күчөгөндө аксоого мажбур кылат/.

КЕЛОИД келоид /кошуучу ткандардын чоюмороктоп өсүшүнөн пайда болгон катуу эт, тырык жер/.

КЕНИГА ОПЕРАЦИИ кенига операциясы /буту шал оорулуу бала төрөлүп жаткан учурда жана жамбаштын аштоосунан кашка жилик чыгып кетиши байкалат. Жамбаштын аштоосундагы сөөктү тилип, кашка жилик жогору жылбагыдай кылып тирөөч жасалган операция/.

КЕРАТИНИЗАЦИЯ кератинизация / кээ бир оорулардан кийинки теринин ткандарынын өзгөрүлүп катуулашы/.

КЕРАТИТ кератит /көздүн тышкы тунук кабыгынын сезгениши/.

КЕРАТОЗ кератоз /тери сезгенбей эле тышкы катмарынын калыңдап оорушу/.

КЕРАТОКОНУС кераткоконус /көздүн тышкы катмарындагы тостопо калган жери. Чел өсүп чыгуу/.

КЕРАТОЛИТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА кератолитикалык дарылар /теринин тышкы бөлүгүндөгү катуулаган катмарын ушалатып, күкүмдөтүп түшүрүүгө жардамдашуучу дарылар/.

КЕРАТОМА кератома /теринин тышкы катмарынын калыңдап шишиши/.

КЕРАТОМАЛЯЦИЯ кератомаляция /жаш балдар тамакка муктаж болуп чоңойгондо, аларда байкалуучу көздүн тышкы катмары жумшап кетүүчү оорусу/.

КЕРАТОТОМИЯ кератотомия /көзду көрсөтүү максатында, анын тышкы тунук катмарын тилүү, кесүү/.

КЕРАТОПЛАСТИКА кератопластика /көзду көрдүрүү үчүн



анын тунук кабыгына таза кабык жамап алмаштыруу/.

КЕРАТОПЛАСТИКА кератопластика /сокурларды көрдүрүү үчүн көздүн /тышкы/ тунук катмарына жасалуучу операция/.

КЕССОННАЯ БОЛЕЗНЬ кессон оорусу /жумушчулар өтө тереңдикте же суучулар суунун тереңдигинде иштегенде, басым өтө жогору болуудан пайда болгон оору/.

КЕТГУТ кетгут /кой -эчкинин ичегисинин чел кабыгынан жасалган жип, комуздун кылы/.

КЕТОЗИС кетозис /кант оорусунда организмде кетон денечелеринин көбөйүшү. Бул денедеги канттын чеҥеми көбөйгөндө байкалат/.

КЕФАЛГЕМАТОМА кефалгематома /жаңы төрөлгөн баланын башындагы пайда болгон шишик. Ал баш сөөгү менен теринин ортосуна кан куюлуп калуудан келип чыгат/.

КИАРИ БОЛЕЗНИ киари оорусу /боордун вена тамырына кан уюдан келип чыккан оору. Венага кан уюнун себеби али аныкталына элек/.

КИЛЛИАНА СРЕДА киллиан тамак заты /жугушсуз микробдорду өлтүрүп, жугуштуу микробдорду өстүрүп алуу үчүн колдонулуучу атайын даярдалган микробдордун тамак заты. Ал затка, жашыл боёк, окшош химиялык затты кошуп койшат/.

КИШЕЧНЫЙ СОК ичеги чыгарган маңыз / ичегилердин бездүү кабыкчасы чыгарган суюктук. Анын түтүмүндө тамак сиңирүүчү ферменттер болот/.

КЛАССТРУМ класструм /мээнин ортосундагы боз бөлүгү/.

КЛАУДИКАЦИЯ клаудикация /сыйтып, аксап баскан учур/.

КЛАУСТРОФОБИЯ клаустрофобия / адамдын бекемделген үйдө жалгыз калуудан өтө коркуусу; м.: көбүнчө жин ооруларында

байкалат/.

КЛЕПТОМАНИЯ клептомания /дайыма бир нерсени уурдап алууну адат кылып алган адам/.

КЛИЗМА клизма /дарыны көтөн чучукка же оозуну ичегиге жиберүү/.

КЛИМАКС климакс /аз-аздап аялдардын этек кири токтой баштаган мезгил. Ал 45-50 жаш курагында байкалышы мүмкүн/.

КЛИМАТОЛОГИЯ МЕДИЦИНСКАЯ медициналык климатология /жылдын мезгилин, аба ырайынын адамга тийгизген таасирин изилдеп, үйрөнө турган медицина илиминин бир тармагы/.

КЛИМАТОТЕРАПИЯ климатотерапия /аба ырайынын өзгөрүү шарты оорулууга жагуучу жерде оорулууну дарылоо/.

КЛИНИКА клиника /жаткан оорулууларды дарылоо менен катар, студенттерди окутуу жана илим изилдөө жүргүзүүчү медициналык жай/.

КЛИНИКО-АНАТОМИЧЕСКАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ клиника -анатомиялык конференция /өлгөн адамдын оору тарыхындагы оорунун пайда болушун аныктоо; дарылоо жолдору өзү тирүү кезде кандай болгондугун талкуулоого ылайыкталып, атайын даярдалган конференция. Өлгөн адамды тирүү кезде дарылоодо же оорунун атын аныктоодо ката кеткен болсо, кийинки ооруларда андай ката кетирбөөгө далалат кылынган врачтык жыйын/.

КЛИПИРОВАНИЕ СОСУДОВ кан тамырларды буроо /кээ бир органдарга операция жасалган учурда, кан аккан кан тамырларды байлоого же тигүүгө мүмкүн болбогон кезде, аны кычкач аркылуу кысып туруп, толгоо жолу менен аккан канды токтотуу жолу/.

КЛИТОР клитор/аялдардын жыныстык мүчөсүнүн бөлүгү/.



КЛОНОРХОЗ клонорхоз /өт чыгаруу жолдоручда жана карындын алдындагы бездин өткөөлүндө кезигүүчү майда курт оорусу. Бул илдет Ырааккы Чыгышта гана кездешет/.

КЛОНУС клонус/бир же бир нече булчуңдардын тез аранын ичинде тырышып кеткен учуру/.

КЛОЭТТА ЖИДКОСТЬ Клоэтт суюктугу/ автордун атына коюлган, көтөн чучук аркылуу берилүүчү наркоздук касиети бар суюктук. Мунун тутумунда өтө көп сандаган химиялык заттар бар/.

КОАПТАЦИЯ коаптация /сөөктүн сынган сыныктарын өз ордуна жакындатуу/.

КОАГУЛЯЦИЯ коагуляция /суюк заттардын коюлуп же уюп калышы/.

КОАРКТАЦИЯ коарктация /ичи көңдөй мүчөлөрдүн бир жеринин кууш тартып калышы/.

КОБАЛЬТ кобальт /химиялык зат. Медициналык практикада аз кандуулукта кандын ичиндеги эритроциттердин өсүшүн жеңге салууга көмөктөшөт/.

КОДЕИН кодеин /апийимден алынуучу зат. Негизинен жөтөлдү басууга колдонулат. Көп убакытка чейин кодеинди ичө берсе көнүп кетип, ансыз жашай албоочудай сезилет. Кадимки эле наркомания башталат/.

КОИТУС коитус /жыныстык катнашуу/.

КОЙЛОНИХИЯ койлонихия /ийку-кайкы тырмак. Бул организмде темир заты жетишсиздиктен пайда болгон аз кандуулукта байкалат/.

КОКАИНИЗМ кокаинизм/кокаин менен дайыма ууланууу; аны алуу үчүн эртинен түшүп жин оорусуна чалдыгуу/.

КОКК кокк /формасы жагынан тоголок микробдор. Пневмония оорусунда пневмококк, гонорея оорусунда гонококк микробу ооруга дуушар кылат/.

КОКСАКИ ВИРУСЫ коксаки вирустары /бардык жагынан шал оорусуна чалдыктыруучу вируска окшош вирустардын тобу, Бул вирус Америка Кошмо Штатынын Коксаки шаарында табылган/.

КОКСАЛГИЯ коксалгия /жамбаштын тушунун оорушу. Бул көбүнчө жамбаштын аштоосу сезгенгенде байкалат/.

КОКСАРТРОЗ коксартроз /жамбаштын ашточунун сезгенүү оорусу/.

КОКСИТ коксит /жамбаштын ашточунун муунунун сезгениши/.

КОКСОДИНИЯ коксодиния /куймулчак сөөгүнүн тушунун сыздап оорушу/.

КОКЦИГОДИНИЯ кокцигодиния/куймулчактын тушу өтө катуу ооруу/.

КОЛАЦИЯ колация/даки же боз аркылуу эритмени чыпкалоо, сүзүү/.

КОЛЕННЫЙ СУСТАВ тизе мууну

КОЛИБАЦИЛЛЕЗ колибациллез /ичеги таякчаларынын микробу менен пайда болгон оорулар. Аларга холецистит, цистопиелит, колиэнтерит оорулары кирет/.

КОЛИКА колика /ичтин тушунда мыкыргандай катуу оору. Ал бат башталып, кээде куустуруп, тердетүү менен бүтөт/.

КОЛИТ колит /жоон ичегинин ички, былжырлуу катмарынын сезгениши/.

КОЛЛАГЕНОЗ коллагеноз /кошуучу ткандардын челге айланып көбөйүп өсүүсүнөн келип чыккан оору. Адамдын бир мүчөсүнөн башталып, бардык жерине таралат/.

КОЛЛАПС коллапс /айланган кандын жалпы көлөмү бат азайып, кан агуула байкалуучу кан тамырдын бош, шалаңкы болушу. Ушул учурда алсыздык сезилип, баш айланууга дуушар болот/.

КОЛЛАПСОТЕРАПИЯ коллапсотерапия /өпкөнүн тешигин, кавернасын жабуу үчүн өпкөнүн сырткы кабыгына ийне аркылуу жел киргизип кысуу. Ошондо гана тешиктин бети капшырылып бири-бирине тийишүүдөн тешик бүтөт/.

КОЛЛИКВАЦИЯ колликвация /суюктуктун суюлушу, катуу нерселердин жумшашы, эрүүсү/.

КОЛЛОДИЙ коллодий /хирургиялык практикада жараттарды таңбай эле, жараттын тегерегине коллодийди сыйпап туруп аны дагы жабыштырып, желимдеп коюуга керектелүүчү желим/.

КОЛЛАТЕРАЛИ коллатерали /кан тамырлардын негизги бутагынан бөлүнүп, айланасындагы ткандарды негизги бутактай эле тамак заттары менен жабдуучу кан тамыр/.

КОЛОБОМА колобома /адамдын туулганда эле же кийин көзүнүн көк жаа сымал катмарынын кемтиги/.

КОЛИЦИНЫ колициндер /ар түрдүү коли бактериялардан бөлүнүп алынган антибиотиктик зат. Ошол эле группадагы бактериялардын өсүшүн токтото тургандыгы далилденген/.

КОЛОН колон / жоон ичеги/.

КОЛОПТОЗ колоптоз /жоон ичегинин төмөн жакка түшүп кетиши/.

КОЛОСТОМИЯ колостомия /жоон ичегини тешип коюп, жинин тышка чыгаруу. Заң же жел чыкпаган учурда жасалуучу операциялардын бир түрү/.

КОЛОСТРУМ колострум /эмчек бездеринин чыгарган суюктугу. Кош бойлуулуктун экинчи жарымында эле эмчектен аз-аз-

дан чыга баштоочу суюктук/.

КОЛОТОМИЯ колотомия /операциялык жол менен жоон ичегини тешүү. Ал ичегиден эч нерсе өтпөй калган учурда байкалат/.

КОЛОТИФ колотиф / көбүнчө жоон ичегини гана дартка чалдыктыруучу ич келте оорусу/.

КОЛЬПЕЙРИНТЕР кольпейринтёр /бала чыгуучу жолду, кынды кеңейтүүчү аспап/.

КОЛЬПИТ кольпит /аялдын жыныстык мүчөсүнүн кынынын сезгениши/.

КОЛЬПОГИСТЕРОТОМИЯ кольпогистеротомия /төрөөлүчү баланы ич жакты кеспей эле, өзү чыгуучу жакты кесип төрөтүп алуу. Башкача айтканда төрөтү кыйын аялдарга жасалуучу операция/.

КОЛЬПОПТОЗ кольпоптоз /жатындын өтө төмөн түшүп кетиши/.

КОЛЬПОРРАФИЯ кольпоррафия /аялдын жыныстык мүчөсү төмөндөгөндө аны өөделөтүп көтөрүп тигүүчү операция/.

КОМА кома / эс-учунан танып жаткандагы абал. Бул абал төрөттөн кийин жана алкоголь менен ууланганда, өтө катуу ич өтүүдө да байкалат/.

КОМБИНИРОВАННЫЕ БОЕВЫЕ ПОРАЖЕНИЯ согуш убагындагы ар түрлүү жаралануу / душман согуш убагында ар түрлүү таасир берүүчү курал колдонгондо пайда болгон жараланууу. М.: атомдук бомбанын күчүнөн аба толкунунан жана жарыгынан иондук зарлдарынан жапа чегүү/.

КОМБУСТИО комбустио /ысыкка күйүү/.

КОМЕДОНЫ комедондор / теридеги чекиттей кара чыбырчыктар. Тер бездеринин жолу бүтөлүп анын ордуна кир жыйналуудан келип чыгат/.



КОМИССУРА комиссура /баш сөөгүнүн бири-бирине кошулган жеринин жиги/.

КОМИССУРОТОМИЯ комиссуротомия /бириккен ткандарды кесүү. Жүрөктүн эки капкычтуу капкычтарынын көзөнөгү куушурулганда, кеңейтип кесүү/.

КОММОЦИЯ коммоция /мээ козголгондогу, чайпалгандагы абал. Анда эс учун билбей, кусат жана үстүртөн дем алат/.

КОМПЛИКАЦИЯ компликация /дарылоонун натыйжасыздыгынан оорунун өзгөрүп башка бир түрүнүн байкалышы/.

КОМПОНЕНТ компонент /бир, чогуу нерсенин бөлүгү/.

КОМПРЕССИЯ ГОЛОВНОГО МОЗГА баш мээнин кысылышы /баш жарадар болгон мезгилде, мээни сынган сөөктүн бөлүктөрү кысып калган учуру/.

КОМПРЕСС компресс /дары чыланган докини дененин бир жерине такап, анын үстүнөн таңып коюу/.

КОМПРЕССИЯ компрессия /басуу, кысуу деген сөзгө тете/.

КОНВЕРГЕНТНЫЙ конвергенттүү /буюмду караганда, анын так көрүнүшүн камсыз кылуу үчүн көздүн жакындатуучу аракети/.

КОНВУЛЬСИЯ конвульсия /буту-колдун же дененин бир бөлүгүнүн эрксизден тырышып татырешы/.

КОНГЕНИТАЛЬНЫЙ конгениталдуу /тубаса/

КОНГЕСТИЯ конгестия /дененин кызарып турган жери/.

КОНГОРОТ конгорот /сенэидин боёкторунун тобу. Медицинада ткандарды микроскопко кароого даярдаганда, кандын айланып жүргөн келемүн аныктоодо да колдонулат/.

КОНДИЛОМА кондилома /былжырлуу кабыкчалардын сезгенишинен пайда болуп, төгөрөк тарткан шишиктер/.

КОНКВАССАЦИЯ конквассация / буту-колдун сөөгү жана эти

кокустуктан жанчылып эзилүүсү/.

КОНКРЕМЕНТ конкремент / ткандардагы жана көңдөйлөрдөгү катууланган бөртчөр, таштар. М: табарсыктагы, өттөгү таштар/.

КОНСЕРВАТИВНОЕ ЛЕЧЕНИЕ консервативдик дарылоо /оорулууну операциялык жол менен дарылабай, башка дарылар менен дарылоо/.

КОНСЕРВИРОВАНИЕ КРОВИ канды атайлап сактоо /алынган канды белгилүү бир шартта иштетип туруп, аны көп убакытка сактоо/.

КОНСИЛИУМ консилиум /оорулууну дарылоого багытталган бир топ врачтардын кеңешмеси. Көбүнчө оорунун аты белгисиз болгондо жана дарылоо натыйжасыз болгондо чакырылуучу жыйын/.

КОНСОНАНТНЫЙ консонанттуу /үндүү, добуштуу адам/.

КОНСТИПАЦИЯ констипация /бок катып заңдай албай калуу/.

КОНСТИТУЦИЯ конституция /адамдын организминин абалы айлана чөйрөгө ылайыкталган абалы/.

КОНСТРУКЦИЯ конструкция /тартуу, тырыштыруу, кысуу деген маанидеги сөз/.

КОНСУЛЬТАЦИЯ консультация /врачтын ооруга кеңеш берүүгө келүүсү, ооруну алдын ала болтурбоого кеңеш берүүчү медициналык жай/.

КОНСУМПСИЯ консумпсия /арыктоо/.

КОНТАГИОЗНОСТЬ контагиоздуу /жугуштуу оорунун жугуштуулугу, жугуу күчү/.

КОНТАМИНАЦИЯ контаминация /зыяндуу зат же жугуштуу оору жугуу/.



КОНТАКТ контакт /жугуштуу оорулуу менен катнашта болгон адам/.

КОНТОРСИЯ конторсия /бул омурткалардын бертинүүсүнөн бел кыймылдай албаган абал. Омурткалардын кошулган жериндеги тарамыштын байламталары үзүлгөн учурда байкалат/.

КОНТРАИНДУКЦИЯ контраиндукция /дарылоонун методдорунун туура эместигин далилдөөчү учур/.

КОНТРАКТИЛЬНЫЙ контрактуу/булчуңдун жыйрылып=жыйрылууга жана бошоңдоого жөндөмдүүлүгү/.

КОНТРАКТУРА контрактура /оорудан кийин булчуңдардын дайыма же убактылуу жыйрылып, тырышып калышы/.

КОНТРАКТУРА Г.ДЮПЮИТРЕНА Дюпюитрен сеңеги /Француз хирургу, 1778-1835; колдун манжаларынын бир тобу дайыма бүгүлүп, тырышып, кыймылсыз болуп калышы. Ал алакандагы чарымдар кууушурулуудан келип чыгат/.

КОНТРАЛАТЕРАЛЬНЫЙ контралатералдуу /дененин карама=каршысынан орун алган. Тескери орун алган дарт/.

КОНТРАЦЕПЦИЯ контрацепция /боюна болтурбоого алдын ала сактануу чаралары. Боюна болтурбоо химиялык заттарды же ар түрлүү нерселерди колдонгондо да ишке ашырылат/.

КОНФАБУЛЯЦИЯ конфабуляция /жалганды чындыкка чыгарууга максат коюп ойдурмалдуу, калп ойлогон оорулуулар_Көбүнчө жин оорусунда байкалат/.

КОНФИГУРАЦИЯ конфигурация /органдын тышкы кебетеси, келбети/.

КОНФРОНТАЦИЯ конфронтация /ооруну кимисинен =кимисине жуккандыгын далилдеп эки адамдын бири-биринен суроосу/.

КОНХОТОМИЯ конхотомия /каңылжаардын төмөнкү чемиргегин

кесип алуу операциясы/.

КОНЦЕНТРАЦИЯ концентрация /эритменин күчүнүн деңгээли. Дары аралаш суунун ичиндеги дарынын көптүгү жана аздыгы. Ошого карата эритменин күчү эсептелет/.

КОНЪЮГАТА конъюгата /эки жамбаштын ортосундагы аралык. Жамбаш чарасынын кирүүнүн аралыгы, чени/.

КОНЪЮГАЦИЯ конъюгация/ эркек жана аялдын жыныстык клеткаларынын кошулуп, түйүлдүктү пайда кылышы/.

КОНЪЮНКТИВА конъюнктива /көздү бириктирүүчү катмар. Ал көздөн баштап кирпикке чейинки аралыкка созулат/.

КОПРЕМЕЗИС копремезис /жин кусуу. Бул айрыкча ичеги түйүлгөндө байкалат/.

КОПРОЛАЛИЯ копролалия /эч себепсиз эле оозго албаган сөздөрдү айта берүүгө көндүмдүү адам. Бул көбүнчө шизофрения, оорусунда байкалат/.

КОПРОЛИТ копролит /заңдын таштай болуп катышы. Ал жалаң гана сүт менен тамактанганда көп учурайт/.

КОПРОЛОГИЯ капрология /заң жөнүндөгү илим. Андагы болгон химиялык, физикалык өзгөрүүлөрдү, биологиялык кубулуштарды байкайт. Заңдын өөсү эмне оору менен ооруп жаткандыгын да далилдейт/.

КОПРОПРАКСИЯ копропраксия /өзүнүн жыныстык мүчөсүн ачып көрсөтүү. Мындай көбүнчө жин оорусунда жана акылынан адашкандарда кезигет/.

КОПРОСТАЗ копростаз /жоон ичегиге заңдын жыйналып, катуулап жана толуп кетиши/.

КОПРОФАГИЯ копрофагия / өз богун өзү жөө. Бул көбүнчө жин оорусунда байкалат/.



КОРА кабык /мүчөнүн тышкы катмары/.

КОРБАЗИЛ корбазил /       адамга тийгизген таасири кан тамырды куушуруучу зат. Ошонун себебинен кандын басымы жогорулайт/.

КОРГЛИКОН коргликон /адамдын организмине киргенде жүрөктүн булчуңдарын күчтүү иштетүүчү дары. Бул өсүмдүктөрдүн жалбырагынан алынат/.

КОРДИАМИН кордиамин /тийгизген таасири боюнча дем алууну, жүрөк жана кан тамыр системаларынын ишин жөнгө салууга шайлыктуу зат/.

КОРДИГИТ кордигит / мунун тийгизген таасири негизинен, жүрөктүн кызматын жакшыртуу менен өпкөнүн ар түрдүү сезгенүү оорусунда да колдонулуучу дарылардын катарына кирүүчү дары/.

КОРНЕА корнеа /көздүн мүйүз сымал тунук, алдыңкы катмары/.

КОРОНАРИТ коронарит /жүрөктүн булчуңун кан менен камсыз кылуучу кан тамырдын сезгениши/.

КОРОНАРОСКЛЕРОЗ коронаросклероз/ жүрөктүн артериялык тамырларынын склерозу, катуулашы/.

КОРОНАРОТРОМБОЗ коронаротромбоз /жүрөктүн кан тамырларына кан уюп, шыкалып калышы/.

КОРПУЛЕНТНЫЙ корпуленттүү /толук, семиз адам/.

КОРРИГЕНС корригенс/ачуу же жагымсыз жыттуу дарынын ачуусун жана жытын азайтуу максатында, ага кошууга колдонулуучу заттар/.

КОРРОЗИОННЫЙ жегич /дарыны ичкенде, ал ичеги карындын былжырлуу бетин ылжыратып сыйрып кетүүчү/.

КОРРУГАТОР корругатор /булчуң жыйрылганда теринин чогу-

луп, кийрылуусу. Ал кабак чытыганда да байкалат/.

КОРТИЗОН кортизон /бөйрек үстүндөгү бездин чыгарган суюктугу-гормонунун бир түрү. Бул гормонду бездин тышкы катмары чыгарат/.

КОРТИКАЛЬНЫЙ СЛОЙ тышкы катмар /көбүнчө бөйрек үстүндөгү без менен мээнин тышкы катмарына таандык/.

КОРТИКОСТЕРОИДЫ кортикостероиддер / бөйрек үстүндө бездин бөлүп чыгарган суюктугу - гормон/.

КОРЭКТОПИЯ корэктопия /көздүн карегинин орто чөнден бир жакка жылып кетиши/.

КОСОГЛАЗИЕ кыйшык көз, чалыр

КОСОЛАПОСТЬ кыйшык бут адам

КОСОРУКОСТЬ кыйшык колдуу адам, майрык

КОСТНАЯ МОЗОЛЬ жаңыдан өсүп келе жаткан сөөк ткани /сөөк сынгал учурда сыныктын ордун толукташ үчүн өсө баштаган сөөк ткань/.

КОСТНАЯ ПЛАСТИКА сөөк пластикасы /бир жердин сөөгү жетишсиз болгондо, анын ордун толукташ үчүн башка сөөктөн кесип келип эп кыйып, жамап кошуу/.

КОСТНЫЙ МОЗГ сөөктүн чучугу /чучуктан кандын тутумундагы клеткалар өсүп чыгып, аз кандуулук болгондо кан клеткалары менен толукталынат/.

КОСТОТРАНСВЕРЗЭКТОМИЯ костотрансверзэктомия / көкүректүн ичин ачуу үчүн кабырганын арткы бөлүгүн омурткага бириккен жеринен кесип таштоо/.

КОСТЫЛИ балдак /бир бутту чолок адамдар басып жүрүш үчүн колдонулуучу атайын ылайыкталып жасалган таяк,балдак/.

КОТИЛЕДОН котиледон/бала төрөлгөндөн кийинки ичтен түш-



кен баланын тонунун жипчелери/.

КОФЕИН кофеин /организмге киргенде борбордук нерв системасына таасир берүү менен уйкуну келтирбей,жумушка жөндөмдүү келтирип, айлана чөйрөгө сергектик мамиле кылууга көмөктөшүүчү дары. Ал чайда көп болот/.

КОФЕРМЕНТ кофермент /жаныбардан алынган органикалык зат. Бир топ ферменттердин күчүн күчөтүүгө жөндөмдүү келет/.

КИНЕЗИТЕРАПИЯ кинезитерапия /дартты жай же тез кыймыл менен дарылоо.Оорулууну дайыма кыймылдоого мажбурлоо/.

КИНЕСТЕЗИЯ кинестезия/ дененин тигил же бул бөлүгүнүн узун=туура, өөдө=ылдый кыймылын сезүү/.

КИНЕТОЗ кинетоз /жолоочу жүргөндө ыңгайсыздыкты сезүүчү оору. М.: самолетто, пароходдо жүргөндө/.

КИМОГРАФИЯ кимография /рентген аркылуу көкүректөгү жана ичтеги органдардын кыймылын тартып алуу/.

КИФОЗ кифоз /көкүректөгү омурткалардын сыртка чыгып кетип, бүкүр болуусу. Көбүнчө туберкулез оорусунда байкалат/.

КРАНИАЛЬНЫЙ краниалдуу /баш сөөгүнө байланыштуу, баш жагынан орун алган бардык өзгөрүүлөр деген сөзгө барабар/.

КРАНИОКЛАСТ краниокласт /төрөттөгү тетири келген баланын башын талкалоочу аспап.Баланы төрөтүүгө такыр эле мүмкүн эмес болгон учурда колдонулат/.

КРАНИОМЕТРИЯ краниометрия/баш сөөктү ченөө/.

КРАНИОПАГ краниопаг /эки баштуу төрөлгөн бала. Бул түйүлдүктүн өсүү процесси туура эмес өсүштө учурайт/.

КРАНИОТАБЕС краниотабес /көк желке туштагы сөөктүн жумшарып кетиши. Бул итий оорусунун башталыш белгиси деп аталат/.

КРАНИОТОМИЯ краниотомия /ичтеги өлгөн баланын башын кесип,

аялды кыйналтпай төрөтүү чаралары/.

КРАНИОФАРИНГИОМА краниофарингиома /туулганда эле пайда болгон мээнин шишиги. Шишик гипофиз безинин жолунун калдыгынан өсүп чыгат/.

КРЕМАСТЕР кремастер /эркектин жумурткасын өөдө көтөрүүчү булчуң/.

КРЕНЛЕЙНА ОПЕРАЦИЯ кренлейна операциясы / көз чуңкурунун сөөгүнүн сырткы капталын кесип, көздүн түбүнө жана анын аймагындагы ткандарга операция жүргүзүү үчүн жол ачуу/.

КРЕНОТЕРАПИЯ кренотерапия / минералдык сууларды ичирип дарылоо ыгы/.

КРЕПИТИРУЮЩИЙ кычыроочу /кычырап, чытырагандай болгон дабыш. Аны өпкө ооруларында тыңшап угууга мүмкүн болот/.

КРЕТИНИЗМ эргежээл /бою кыска, кодо адамдар/.

КРИЗИС кризис /оорулуунун абалынын өзгөрүшү ; м.: температуранын жогорутадан нормага же андан да төмөн тез убакта түшүп кетиши/.

КРИЕСТЕЗИЯ криестезия /суукту өтө бат сезгич жана ага байымы жок адамдар/.

КРИМИНАЛЬНЫЙ криминалдуу /карасанатай, айыптуу аракеттер. Бул көбүнчө бойна бүткөн баланы карасанатайлык менен боюнан алдырып таштоодо айтылат/.

КРИОТЕРАПИЯ криотерапия /муздак нерселер менен дарылоо. Муздак буу коюп, муздарды денеге такоо менен дарылоо/.

КРИПТОГЕННЫЙ криптогендүү /жугуштуу оору денениң кайсы бөлүгүнөн баштап киргендигин анныктай албаган учур/.

КРИПТОРХИЗМ крипторхизм /калтадагы жумурткасынын бирөө же экөө тең жок бала. Ал баланын ичинен тышка чыга электигинин



учуру/.

КРИПТОФТАЛМУС криптофталмус /туулгандан эле көз жалкычы такыр эле жок болуп, көздүн үстүнөн тери тартылып турушу. Башкача айтканда жарпак көз адам/.

КРОВЕЗАМЕЩАЮЩИЕ ЖИДКОСТИ кандын кемтигин толуктоочу суюк дарылар /кансыраган адамдарга куйганда, калыпки эле кандай болгон суюктуктар. Аларга: полиглюкин, аминопептид, гидролизин ж.б.у.с. бир топ суюктуктар кирет/.

КРОВООСТАНОВЛИВАЮЩЕЕ СРЕДСТВА кан токтотуучу дарылар /аккан канды токтотуучу дарылар. Аларга: хлордуу кальций, викасол жана кандан жасалган дары -тромбин кирет/.

КРОВОПУСКАНИЕ кан агызуу /кандын тутумунда керексиз заттар тышка бөлүнүп чыкпай калган учурларда, бир заматта уу заттар менен ууланганда, канды дарылоо катарында чыгаруу/.

КРОВЯНЫЕ ДЕПО кандын кампасы /өзүнүн кан тамырларына кандын запасын кармап туруучу органдар боор, көк боор, өпкө болуп эсептелип, кандагы кислород затынын көлөмү төмөндөп кеткенде, запас кан алыскы органдарга бөлүнүп берилип турат/.

КРУКЕНБЕРГА ОПУХОЛЬ Крукенберг шишиги /ичеги карындарда пайда болгон рак шишигинин аялдардын жыныстык жумурткасына көчүп келиши, андан орун алып өсүшү/.

КРУКЕНБЕРГА РУКА Крукенберг колу / колдун манчалары жарадар болгон учурда аны кесип таштагандан кийин, ошол колдун каруу тушунан экиге бөлүп бир нерсени кармагыдай, кычкычтай кылып экиге бөлүп коюшун айтабыз/.

КРЫЛОВИДНАЯ ПЛЕВА көздүн сырткы катмарынан өсүп чыккан эт /формасы кумурсканын канатына окшоп, көздүн сырткы тунук катмарынан өсүп чыккан жука эт. Өсүшү токтолбосо кирөөчү ба-

сип да калат/.

КРЫМСКАЯ ГЕМОРРОГИЧЕСКАЯ ЛИХОРАДКА крымда кезигүүчү кан тамыр оорусу/1944-жылы крымда табылган бачым таралуучу жугуштуу оору. Ооруга чалдыктыруучу вирус Гиалемма деп аталган кенеде болуп анан адамдарга жугат. Дарттын башталышында ички органдардагы кан тамырлар канга толуп, көпкөлөң тартат. Жүрөк кан тамыр системасы жана ички органдар ага мүнөздүү өзгөрөт/.

КСАНТЕЛАЗМА ксантелазма /холестерин эстер деген заттын териге жайналышы. Зат алмашуу процессинин бузулгандыгын баяндайт/.

КСАНТОДЕРМИЯ ксантодермия /теринин бир жерине саргыч түстүн пайда болушу/.

КСАНТОМА ксантома /диабет оорулууда байкалуучу теринин шишик оорусу. Ал боор оорусунда да байкалат/.

КСАНТОМАТОЗ ксантоматоз /липоиддик зат алмашуу бузулуудан пайда болгон жалпы оору. Ар түрлүү органда саргарган темгилдер жайылат/.

КСАНТОПСИЯ ксантопсия /бардык буюмдар көзгө сарыдай көрүнүү. Ал көбүнчө сарык оорусунда, сантонин дарысы жана шикрин кислотасы менен ууланганда байкалат/.

КСАНТОХРОМИЯ ксантохромия /теринин жана жүлүндүн ичиндеги суюктуктун саргыч түстө болушу/.

КСЕРОДЕРМА ксеродерма /теринин кургактыгы. Балыктын терисиндей, адамдын терисинен темгилдер укаланып турушу/.

КСЕРОЗ ксероз /май бездеринин иштебегендигинен пайда болгон теринин кургактыгы. Ал арыктатып көпкө ооруган ооруларда да байкалат/.



КСЕРОСТОМИЯ ксеростомия /ооз кургоо, диабет жана калтыратуучу ооруларда жана атропин дарысын ичкенде байкалат/.

КСЕРОФТАЛЬМИЯ ксерофтальмия /тамак заттары жетишпегендиктен көздүн кургагандай көрүнүшү. Ал витамин жетишсиздиктен, көздүн дифтерия оорусунда, көпкө ачка болгондо байкалат/.

КСИФОДИНИЯ ксифодиния /чемирчектин тушундагы дайыма оорууну сезип туруу/.

КСИФОПАГ ксифопаг /эки эгиз баланын төштүн ай балкасынын тушунан биригип бирге өсүп калышы/.

КУЛЕКС кулекс /безгек таратуучу чиркейдин түрү/.

КУ-ЛИХОРАДКА ку-лихорадка /дарт биринчи жолу Австралияда байкалып, анын себепкери өтө майда кандык риккетсия экендиги аныкталган. Оорунун атын ар түрлүү аташат. Дарт чалдыккан адамда таптаза туруп эле дененин температурасы жогорулоо жана баш катуу ооруу аркылуу мүнөздүү/.

КУМУЛЯЦИЯ кумуляция /көп убакытка чейин дары ичкен оорулуулардын денесине ал заттардын аз-аздан топтолушу. Дененин дарыны бөлүп чыгаруу кызматынын начарлашында байкалат/.

КУРАБИЛЬНЫЙ курабилдүү /оорулууну айыктырууга мүмкүн болгон учур. Дарт өтүшүп кете элек мезгил/.

КУРАЦИЯ курация /оорулууга, балдарга, окуучуларга, мунжуларга кам көрүү/.

КУТИРЕАКЦИЯ кутиреакция /териде болгон бардык реакциялар. Дарыдан жана башка заттардан келип чыккан теридеги өзгөрүүлөр/.

КЮРИТЕРАПИЯ кюритерапия / оорулууну радий жана башка радиоактивдүү заттар менен дарылоо/.

Л

ЛАБИАЛЬНЫЙ лабиалдуу /эринге тиешелүү бардык өзгөрүүлөр/.

ЛАБИЛЬНЫЙ лабилдүү /организмде туруксуз, бат өзгөрүүчү бардык учур/.

ЛАБИРИНТИТ лабиринтит /кулактын ортоңку бөлүгүнүн былжыр сезгениши/.

ЛАБОРАТОРНЫЕ ЖИВОТНЫЕ лабораториялык жаныктар /илимий байкоо жүргүзүү үчүн керектелүүчү ар түрлүү жаныктар. М.: ит, коён, чычкан ж.б.у.с./.

ЛАГОФТАЛЬМУС лагофтальмус° /коён көз, бакыраң көз, көздүн капчыгы толук жабылбашы/.

ЛАДОНЬ алакан

ЛАКМУС лакмус /химиялык реакциянын абалы кислоталуу же щелочтуу шартта өтүп жаткандыгын аныктоочу зат/.

ЛАКТИМА лактима /көздүн жашы/.

ЛАКРИМАЦИЯ лакримация /көздөн жаш агуу, чыгуу/.

ЛАКТАЦИЯ лактация /бойна болгондон кийинки эки же үчүнчү айдан кийин эмчегинен куюлган суюктук -сүт/.

ЛАКТОГОГИ лактогогдор /сүттү чыгаруучу, ийдирүүчү дарылар/.

ЛАКТАЦИЯ лактация /эмчектен сүт чыгаруу; эмчекке сүт пайда болуучу учур/.

ЛАКТИФУГА лактифуга /сүт чыгарууну азайтуучу заттар/.



ЛАКТОДЕНСИМЕТР лактоденсиметр /сүттүн суюк бөлүгүнүн тыгыз бөлүгүнө катнашын аныктай турган аспап/.

ЛАКТОЗУРИЯ лактозурия / лактозанын сийдик аркылуу чыгуусу. Аялдардагы төрөр алдындагы же төрттөн кийинки күндө байкалуучу көрүнүшү/.

ЛАКУНА лакуна /денедеги анчейин чоң эмес чуңкурча,оюк/.

ЛАЛОПАТИЯ лалопатия /жалпы эле сөз сүйлөөнүн бузулушу/.

ЛАЛОФОБИЯ лалофобия/сүйлөөдөн коркуу.Бул өзгөчө кекечтерде байкалат/.

ЛАМБДАЦИЗМ ламбдацизм /үндү туура эмес чыгаруу "р" тыбышынын ордуна "л" тыбышын айтып сүйлөө. Мындай сүйлөө өзгөчө жаңыдан тил чыгып келе жаткан балдарда байкалат/.

ЛАМБЛИОЗ ламблиоз /ичегидеги мите оорусунун кесепетинен боордун, өттүн, ичегинин оорушу/.

ЛАМДОВИДНЫЙ ламдо окшош /формасы саржан окшош, эки ача сөөктөр/.

ЛАМИНЭКТОМИЯ ламинэктомия / омуртканын догосун кесип жүлүн тешигине өтүү/.

ЛАНУГО лануго /үчүнчү айда түйүлдүктүнбетине жана ичине пайда болгон түк. Ал түк бала төрөлгөндөн кийин да сакталып кала берет/.

ЛАНЦЕТ ланцет /хирургиялык бычак/.

ЛАПАРОСКОПИЯ лапароскопия. /атайын аспаптын жардамы менен ичтеги органдардагы ооруну табуу үчүн кароо/.

ЛАПАРОТОМИЯ лапаротомия /операциялык жол менен ичти жаруу, ачуу/.

ЛАРВИРОВАННЫЙ ларвированный /жашыруун, окшобогон белги

менен ооруу, илдетке диагноз коюуга кыйынчылык шарттын түзүлүшү/.

ЛАРИНГИЗМ ларингизм /тамактын булчуңдары өтө жыйрылуудан тамактан аба өтпөй бүтө калуу учуру/.

ЛАРИНГИТ ларингит /тамактын кеңекей сезгениши/.

ЛАРИНГОЛОГ ларинголог /тамак оорулары боюнча адис-врач/.

ЛАРИНГОЛОГИЯ ларингология / медициналык илимдин кулактын, кеңекейдүн түзүлүшүн жана кулак тамак ооруларын изилдей турган тармагы/.

ЛАРИНГОРЕЯ ларингорея /эч себепсиз эле оздон шилекей куюлуу. Бул өзгөчө ырчыларда байкалат/.

ЛАРИНГОРРАГИЯ ларингоррагия /тамактан кан агуу/.

ЛАРИНГОСКОПИЯ ларингоскопия /тамактын ички бетин кароо/.

ЛАРИНГОСПАЗМ ларингоспазм /бир заматтын ичинде эле тамактын булчуңдары тырышуудан дем ала албай, эстен танып калуу/.

ЛАРИНГОСТЕНОЗ ларингостеноз / дарттын себебинен тамактын тешиги бүтүп калууга чейин куушурулушу/.

ЛАРИНГОСТОМИЯ ларингостомия /дем алуу үчүн кекиртекти дайыма тешип коюу. Кээ бир оорулардын кесепетинен тамак бүтө калышы мүмкүн деп эсептеп, кекиртекти дарт турган жерден төмөн жагынан кесип тешик жасап коюу/.

ЛАРИНГОТОМИЯ ларинготомия /операциялык жол менен тамакты шара тилүү/.

ЛАРИНГОТРАХЕИТ ларинготрахеит /тамактын кекиртек менен кошо сезгенүүсү/.

ЛАРИНГОФАРИНГИТ ларингофарингит /тамактын, кулкун менен кошо сезгениши/.



ЛАРИНГЭКТОМИЯ ларингэктомия /тамакты оорусуна байланыштуу операциялык жол менен алып таштоо/.

ЛАРИНКС ларинкс /кеңекей, тамак/.

ЛАРУСАН ларусан / туберкулез оорусун айыктырууга берүүчү дары/.

ЛАТЕНТНЫЙ латенттүү / оорунун белгисиз, билинбей өткөн учуру/.

ЛАТЕРАЛЬНЫЙ латералдуу /дененин ортоңку сызыгынан арыы, четинен, капталдан орун алган илдеттер/.

ЛАТЕРОПОЗИЦИЯ латеропозиция /мүчөнүн ортоңку чектен туурасына жылып кетүүсү/.

ЛАТЕРОПУЛЬСИЯ латеропульсия /капталынан кыймылдоого ыйкемдүү мүчө. Бул көбүнчө шал оорусунда байкалат/.

ЛАТЕРОФЛЕКСИЯ латерофлексия / алдынын каптал жагына толгонуу абалы/.

ЛАТЕРОФОБИЯ латерофобия / капталына жаткандан коркуу. Айрыкча көкүрөгү жарадар болгон ооруларда байкалат/.

ЛАЦЕР лацер /ткандын жанчылып майдаланышы, тытылышы/.

ЛЕВИГАЦИЯ левигация /катуу дарыны талкалап, ундай кылуу/.

ЛЕВОРУКОСТЬ сологой / көпчүлүк кыймылды сол жак колу менен аткаруучу адамдар/.

ЛЕВУЛЕЗА левулеза /мөмө канты; ал таттуу мөмөлөрдө,балда көп болот. Муну глюкозадан да дурус деген окумуштуулардын ойлору да бар/.

ЛЕВУЛЕЗУРИЯ левулезурия /левулез затынын сийдик аркылуу чыгуусу. Нерв оорулуу адамдар, трооник кантын жана канттуу мөмөлөрдү ашык жегенде байкалат. Ошондой эле боордун жаралануусунда да байкалышы ыктымал/.

ЛЕЙКОГРАММА лейкограмма /лейкоциттерди сан жана сапат жагынан текшерүү/.

ЛЕЙКОДЕРМА лейкодерма /теринин түсү бузулуп, агаруу/.

ЛЕЙКОЗ лейкоз /кандагы ак кан денечелеринде болуучу бардык оорулар/.

ЛЕЙКОМА лейкома /көздөгү ак так/.

ЛЕЙКОНИХИЯ лейконихия /тырмакта ак чекиттер пайда болуу/.

ЛЕЙКОПАТИЯ лейкопатия / теринин түсүнүн аздыр- көптүр же такыр эле ак болуп өзгөрүп кетиши/.

ЛЕЙКОПЕНИЯ лейкопения /кандагы лейкоциттердин санынын азайышы/.

ЛЕЙКОПЛАКИЯ лейкоплакия /былжырлуу бездердин өнөкөт сезгенип оорушунан, ооздун ичинде катуу темгилдер пайда болуу/.

ЛЕЙКОПОЕЗ лейкопоэз /лейкоциттердин өсүп жетилүү жолу/.

ЛЕЙКОТОМИЯ лейкотомия /операциялык жол менен мээнин алдындагы оорулуу жерге жетиш үчүн, анын ак затын кесүү/.

ЛЕЙКОТРИХИЯ лейкотрихия /боёчу заты азайгандыктан чачтын агара башташы/.

ЛЕЙКОЦИТОГЕНЕЗ лейкоцитогенез /лейкоциттердин өсүп жетилүү жолдору/.

ЛЕЙКОЦИТОЗ лейкоцитоз /дененин орто чениндеги мүчөлөрдөгү кандын лейкоциттеринин саны, чет жакы мүчөнүн лейкоциттеринин санынан аз болушу. Лейкоцити арбын болуп кетиш дененин бир жеринде кандайдыр бир сезгениш бар экендигине күнөм саналат/.

ЛЕЙКОЦИТОЛИЗ лейкоцитолиз /ар түрлүү себептерден лейкоциттердин эриши, жарылышы/.

ЛЕЙОМИОМА лейомиома /тарамдары жалпак булчуңдан пайда



болгон шишик/.

ЛЕЙШМАНИОЗ лейшманиоз /адамдардын жана айбандардын жугуштуу оорусу. Анын митеси клетканын ичинде жашайт. Ал учуп жүргөн эң майда чымындар аркылуу таркатылат/.

ЛЕКАРСТВЕННЫЕ СРЕДСТВА дары заттары / дары үчүн колдонулуучу бардык заттар/.

ЛЕКАРСТВЕННАЯ БОЛЕЗНЬ дары оорусу / ичкен дары жакпай, андан пайда болгон оору,дары оорусу болуп саналат/.

ЛЕНДИСА ПРОБА Лендис байкоосу / эң майда кан тамыркапиллярлардын капталынан суюктуктун сыйылып чыгышын байкоо/.

ЛЕНОТИЛЫ ленотилдер /былжырлуу бездердин дүүлүктүрүүсүн азайтуучу дарылар/.

ЛЕНТИГО лентиго /туулгандан эле пайда болгон, чоңдугу таруудай кичине мең/.

ЛЕНТИКОНУС лентиконус / чечекейдин алдыңкы жана арткынын урчуюп чыгып калышы/.

ЛЕНТОЧНЫЙ ГЛИСТ тасма курт

ЛЕПРА лепра /адамдан =адамга жуккан жугуштуу оору. Ал оору көп түрлүү болот/.

ЛЕПТОМЕНИНГИ лептоменинги / мээнин жеңелүү жана жумшак деп аталган кабыгы/.

ЛЕПТОСОМ лептосом /дене түзүлүшү назик,алсыз адам/.

ЛЕПТОСПИРОЗ лептоспироз /лептоспирлерден пайда болгон жугуштуу оору. Лептоспирохета көбүнчө бакма жапайы жаныбарларда болуп, андан адамдарга жугат/.

ЛЕПТОЦЕФАЛ лептоцефал /сүйрү баштуу адам/.

ЛЕТАЛЬНОСТЬ летальность / кээ бир оорулардан өлгөндөрү-

нун саны ооругандарынын санына катышы/.

ЛЕТАЛЬНЫЙ летальный /өлүмгө алып келүүчү, өлтүрүүчү учурлар/.

ЛЕТАРГИЯ летаргия /жалган өлүм; алдын кийин төрөттөн кийинки кара басып уктаган абалы/.

ЛЕЧЕНИЕ ПО Б.В.СИППИ Сиппидей дарылоо /америкалык врач 1866-1924; аш казандын жарат оорусун дарылап, андан ары жарат чоңойбосун деген далалат менен эки саатка бир стакан жылуу, кам каймактуу сүткө куйгузгөн магнезий менен соданы кошуп ичирет. Мындай дарылоо үч айга чейин созулат/.

ЛИВЕДО ливедо / үшүгөндө теринин кызыл көк тартып кетиши/.

ЛИГАМЕНТ лигамент /чарым ткань аркылуу сөөктүн бири=бири менен байланышы/.

ЛИЕН лиен /көк боор/.

ЛИЗИНЫ лизиндер /денеде иммунитет пайда болгондо тыштан түшкөн бардык керексиз заттарды, микробдорду эритүүчү зат/.

ЛИКВОР ликвор /суюктук/.

ЛИКВОРЕЯ ликворея / узак убакытка чейин жулундун суюктугу агуу. Көбүнчө омуртка жараланган учурда байкалат/.

ЛИМБ лимб /көздөгү кырчоо аркагы/.

ЛИМОТЕРАПИЯ лимотерапия /оорулууну тамак бербей, ачка кылып дарылоо/.

ЛИМФА лимфа /капиллярдык жана лимфа тамырлардын ичиндеги аккан суюктугу/.

ЛИМФАДЕНИТ лимфаденит /лимфа түйүндөрүнүн сезгениши/.

ЛИМФАДЕНОЗ лимфаденоз /лимфа түйүндөрүнүн бардыгынын чоңоюшу/.



ЛИМФАГОГИ лимфагоги /лимфа суюктугун көбөйтүүчү дарылар/.

ЛИМФОГРАНУЛЕМАТОЗ лимфогранулематоз /лимфа түйүндөрүнүн чоңоюп шишиген, өмүргө коркунучтуу өнөкөт оорусу/.

ЛИМФАМАТОЗ лимфаматоз /лимфа ткандарынан пайда болгон өтө көп майда шишикчелер. Бул мүчөлөрдүн бардык жерлеринде байкалат/.

ЛИМФАНГИОМА лимфангиома / лимфа тамырлардан чыккан шишик/.

ЛИМФАНГИТ лимфангит /лимфа тамырлардын сезгениши/.

ЛИМФАНГИЭКТАЗИЯ лимфангиэктазия / лимфа тамырлардын дайыма кеңейиши/.

ЛИМФАЦИТОЗ лимфацитоз /канда лимфоциттердин өзгөчө көбөйүп кетиши/.

ЛИМФОМА лимфома /өзүнүн түзүлүшү жагынан лимфа ткандарына окшогон шишик/.

ЛИМФОПЕНИЯ лимфопения /кандагы лимфоциттердин сан жагынан азайышы/.

ЛИМФОСАРКОМА лимфосаркома /лимфоретикулярдуу ткандардан пайда болгон өмүргө коркунучтуу шишик, рак/.

ЛИМФОЦИТ лимфоцит /лимфо клеткалары/.

ЛИМФОЭПИТЕЛИОМА лимфоэпителиома/ кулкундагы, тамактагы лимфоиддик ткандардан чыккан коркунучтуу шишик/.

ЛИНГВА лингва /тил/.

ЛИНИМЕНТ линимент /сыйпоочу, суюк май дары/.

ЛИНИЯ Л.К.ДАМУАЗО Дамуазо сызыгы / француздук врач, 1815-1890; көкүрөктүн көңдөйүнө плевра сезгенгенде пайда болгон суюктуктун /экссудат/ үстү белгилүү бир чекте орун алып өзүнчө мүнөздүү сызыкта түзүлүшү/.

ЛИНИЯ В.РОЗЕР,А.НЕЛАТОН Розер -Нелатон сызыгы /адамдын

жамбашының алдыңкы урчугунуң кыры менен кашка чиликтиң том-
чогу жана чалбаттың кечүк жак урчугун кошкан сызыгы. Бул сы-
зыктан так ортузунда кашка чиликтиң чамбашка аттышкан башы
чайгамат. Аның башы ушул сызыктардың чөпшиниң чигип калса бир
орруга күнем саноого болот/.

ЛИОДЕРМИЯ лиодермия / нервиниң функциязы бузулуудан пай-
да болгон терениң журарып, калемү чагынан кычырейип оорушу/.

ЛИПАЗА липаза /майны эритүүчү, майдалаочу фермент/.

ЛИПЕМИЯ липемия /кандагы май затының көптүгү. Кандагы
май заты өтэ майлуу тамак чигенден кийин, бөөрдүң өнөкөт
оорузунда, бейректүн кээ бир ооруларында жана фосфор менен
ууланганда байкалат/.

ЛИПИДОГРАММА липидограмма / кандың тутумундагы липидо
протеиддерди сандык жана сапаттык жактан аныктап суреттеп
жазып чыгуу/.

ЛИПОДИСТРОФИЯ липодистрофия /организмдеги май алмашуу
процессиниң бузулушу/.

ЛИПОИДЫ липоиддер / химиялык, физикалык жагынан майга
окшош заттар/.

ЛИПОИДОЗ липоидоз /липоид заты алмашуудан келип чыккан
оору/.

ЛИПОМА липома /майдан өсүп чыккан шишик/.

ЛИПОМАТОЗ липоматоз /дененин кээ бир жерлерине май чо-
гулуп демпейүп көрүнүшү, шишиктердин пайда болушу/.

ЛИПОТИМИЯ липотимия /адамдын кыска мөөнөткө, көз ачып
жумганча естен тануусу/.

ЛИПОЦЕЛЕ липоцеле / тешик тешилген ичтеп ичеги тышка
чыкпастан, чычыркай майдын чыгып калышы/.



ЛИПУРИЯ липурия /заядикте май заттарынын пайда болушу.
Бул көбүнчө майды өтө көп жеген учурда байкалат/.

ЛИСТЕРЕЛЛЕЗ листереллез /жаныбарлардын кемирүүчүлөрүнөн
жана үй канаттууларынан адамга таралуучу оору/.

ЛИТЕЙНАЯ ЛИХОРАДКА темир эритүүчүлөр лихорадкасы /металл
эритүүчүлөрдө байкалуучу калтырап титирөө. Калтыроо үч саатка
чейин созулуп, дененин температурасы 38-40 градуска чейин
жетет. Калтыроонун себеби-металлдардан бөлүнүп чыккан бууну
дем алганда байкалат/.

ЛИТИАЗ литиаз /таш оорусу /дененин бир жерине таш пайда
болушу. Организмде зат алмашуу процесси бузулганда байкалат/.

ЛИТОГОГИ литогогдор /таш заттарын сүрүп андан чыгаруучу
дарылар/.

ЛИТОПЕДИОН литопедион /жатындагы баланын таштай болуп
калышы/.

ЛИТОТОМИЯ литотомия /ичиндеги ташты алуу максатында
операциялык жол менен табарсыкты кесүү/.

ЛИТОТРИПСИЯ литотрипсия /атайын аспап менен табарсыктагы
ташты талкалоо/.

ЛИХЕН лихен / терининн чакалай оорусу/.

ЛИЭНТЕРИЯ лиэнтерия / жеген тамак сиңбестен ич өтүү.
Ичеги өтө күчтүү кыймылга келип, ичиндегилерди тышка бат
чыгарууда байкалат/.

ЛОБАРНЫЙ СКЛЕРОЗ лобардуу склероз / мээнин кээ бир оору-
ларында байкалуучу мээнин бөлүгүнүн катуулашы/.

ЛОБОТОМИЯ лоботомия /мээнин маңдай бөлүгү менен көрүү
дөмбөгүнүн өткөргүч жипчелерин кыркып салуу. Бул кээ бир
жин оорусун айыктыруу максатында шайкештелген операция/.

ЛОБЭКТОМИЯ лобактомия /бир мүчөнүн өөлүгүн же өпкөнүн бөлүгүн алып таштагандагы операциянын аты/.

ЛОГОПЕДИЯ логопедия /сөздү туура айта албагандарды дарылоочу илим/.

ЛОКАЛИЗАЦИЯ локализация /оорунун бир жерден орун алуусун жана мүчөнүн кайсы бөлүгү дартка чалдыккандыгын тактоо/.

ЛОКУС локус /дарттын орун алган жери/.

ЛОРДОЗ лордоз / бул көбүнчө омурткалардын көкүрөк бөлүгүнүн ичин көздөй ийилиши. Омурткалардын туберкулез оорусунда байкалат/.

ЛОРДОСКОЛИОЗ лордосколиоз /омурткалардын капталына жана алдына карай ийилүүсү. Бул сөөктүн туберкулез оорусунда байкалат/.

ЛОХИИ лохии /төрөттөн кийин 3-6 жумага чейинки жатындан чыгуучу суюктук/.

ЛОХИОМЕТРА лохиометра /аялдын төрттөн кийинки жатындан чыгуучу суюктугунун кечигип чыгышы/.

ЛОХИОРЕЯ лохиорея /аялдын төрөттөн кийинки жатындан чыгуучу суюктуктун көбүрөөк бөлүнүп чыгышы/.

ЛИССОФОБИЯ лиссофобия /адамдын кутурма оору менен ооруп калам деп өтө коркуусу/.

ЛОЖНЫЙ КРУП жалган круп /тамактын кошуучу ткандарынын үн чыгаруучу калканчтарынын алды жагы сезгенүүдөн, тамак бүтүп калгандай сезүү учуру. Ал сезүү кезек=кезеги менен байкалып бат эле жанып кетет/.

ЛООЗЕРА ЗОНЫ ПЕРЕСТРОЙКИ оорулуу сөөктүн өзгөргөн жери /сөөктүн дартынын атын койгон автордун ысмына лоозера зонасы делип аталат. Сөөк өзгөрүү сөөккө тышкы таасирдин басымынан келип чыгат. Дартка чалдыккан жерде сөөк көпшөң тартып, оңой сынып кетүүгө туура келет/.



ЛЮГОЛЯ РАСТВОР люголь эритмеси / медициналык практикада кеңири колдонулуучу иод менен иоддуу калийдин кошулган эритмеси/.

ЛЮЗИТ люзит / 1918-жылы америкалык химик Льюиса тапкан эң уулу зат. Бул айрыкча согуш убагында элди кыруу үчүн колдонулат/.

ЛЮКСАЦИЯ люксация /сөөктөрдүн муунан чыгып кетиши/.

ЛЮМБАГО люмбаго /бачым пайда болгон, өтө күчтүү бел оору.Оорунун себеби белдин тушундагы омурткалардын же булчуңдардын дартка чалдыккан учурунда байкалат/.

ЛЮМБАЛЬНЫЙ люмбалдуу / бел, белдин тушуна байланыштуу бардык өзгөрүүлөр/.

ЛЮМИНАЛ люминал /адамды уктатуучу дары/.

ЛЮПОМА люпома / теринин туберкулез оорусунун бүдүрчөлөрү/.

ЛЮПОЗОРИИ люпозории / теринин туберкулез оорусун айыктырууга ылайыкталган атайын санаторийге окшош мекеме/.

ЛЮПУС люпус /теринин айрылып бүткөндөн кийинки бырыштыгы/.

## М

МАДАРОЗ мадароз /көздүн кирпиктүү жапкычынын кирпиги түшүп, сезгенген оорусу/.

МАДУРСКАЯ СТОПА мадур таманы /мадуромикоз деген грибок менен буттун кетмени, таманы ооруга чалдыгышы. Оору көпчүлүк учурда оңекот катары өтөт/.

МАЗЬ А.В.ВИШНЕВСКОГО Вишневскийдин майы/советтик хирург

1874-1948; иринделген жараттарды дарылоочу ар түрдүү дарылардан турган май/.

МАКРОГАМЕТА макрогамета /безгек мителеринин ургаачы жыныстуусу/.

МАКРОГЛОССИЯ макроглоссия /төрөлгөндөн эле, же кийин тилдин чоңоюп кетиши/.

МАКРОМАСТИЯ макромастия /чоң эмчектүү, албарс эмчек аял/.

МАКТОПСИЯ мактопсия / адамдын бир нерсени көргөндө, аны чоңойтуп кабыл алуусу/.

МАКРОСКОПИЯ макроскопия /адамдын бир нерсени лупа же микроскопсуз көрүүсү/.

МАКРОСОМИЯ макросомия /адамдын денесинин өлчөм чоңоюп өсүшү/.

МАКРОФАГ макрофаг / чоң фагоцит клеткасы. Бактерияларды камтып алып жок кылуучу лейкоциттердин эң чоңу/.

МАКРОХЕЙЛИЯ макрохейлия /эриндин өзгөчө чоңоюп кетиши/.

МАКРОЦЕФАЛИЯ макроцефалия /чоң баш адам, баштын өлчөмү чоңоюшу/.

МАКСИЛЛА максилла /үстүнкү жаак/.

МАКУЛА макула /териндеги ар түрдүү өлчөмдөгү темгил так/.

МАЛАКОАЦИЯ малакоация /дарыны тегерек топчудай формага келтирип жасоо/.

МАЛАЦИЯ малация /катуу нерсенин жумшашы/.

МАЛИГНУС малигнус /клетканын жаман өскөнү; коркунучка алып келип өсүшү. Бул көбүнчө рак клеткаларынын өсүшүнө таандык/.

МАЛЬТОЗА мальтоза /эки молекуладан турган глюкоза/.

МАЛЬФОРМАЦИЯ мальформация /формасы туура эмес майып, кемтик/.

МАЛЯРИЯ малярия / безгек/.

МАЛЯРИЯ Х.ЛАВЕРАНИА Лаверания безгеги / француздук врач, 1845-1922 ; тропикалык безгектин оорусун козголтуучу жандык/.

МАМА мама /эмчек/.

МАММОФИЗИН маммофизин /уйдун эмчегинен сыгып алган жана гипофиз безинин арткы бөлүгүнөн кошулуп жасалган дары. Жатындын булчуңу бир калыпта жыйрылып турушуна көмөктөшөт/.

МАНДИБУЛА мандибула /алдыңкы жаак/.

МАНИПУЛЯЦИЯ манипуляция /колдун чебер кыймылы.М: Бала төрөтүүдөгү жана операция жасагандагы кыймыл аракет/.

МАНИЯ мания /жин оорусунда байкалуучу оорулуунун мүнөзү. Көпчүлүк учурларда мактанчактык мүнөздө болуп, турукусуздук абалы/.

МАРАЗМ маразм /карылыктан ал кетип, мүчөлөрдүн кичирейип калышы/.

МАРЕОТИТ мареотит /сууга түшкөндө, сууга сүзүү спортундагы байкалуучу кулактын оорусу/.

МАРИБОНЕРИ БОЛЕЗНЬ мари-бонери оорусу /үй -бүлөнүн бардыгында байкалуучу нерв тамырларынын жоонокоп оорушу. Бул оору укумдан -тукумга көчөт/.

МАСКУЛИНИЗАЦИЯ маскулинизация /аялдарда кезигүүчү эркектердин жыныстык белгилеринин өсүшү/.

МАССЕТЕР массетер /жаактагы чайноого көмөктөшкөн булчуң/.

МАССОТЕРАПИЯ массотерапия /оорулуу адамды уушалап, силоо менен дарылоо/.

МАСТИКАЦИЯ мастикация / чайноо/.

МАРСУПИАЛИЗАЦИЯ марсупиализация/ ичтеги ичи көңдөй органдарды кесип, эки четин кесилген ички жалгап тигип коюу/.

МАСТИТ мастит /эмчектин сезгенишин/.

МАСТОДИНИЯ мастодиния /эмчектин сыздап оорусу/.

МАСТОИДИТ мастоидит /кулак түптүн учу сымал сөөгүнүн сезгениши/.

МАСТОПАТИЯ мастопатия /эмчектин жалпы бардык оорусу/.

МАТУРУС матурус /бышкан, өсүп жетилген/.

МАЦЕРАЦИЯ мацерация /суюктуктун таасиринен денедин катуу бөлүгүнүн жумшарышы/.

МЕГАКОЛОН мегаколон / жоон ичегинин чоңоюп жана жоонойушу/.

МЕГАЛОБЛАСТ мегалобласт /ядролуу чоң эритроцит. Ал көбүнчө кандын оорусунда байкалат/.

МЕГАЛОМАНИЯ мегаломания /өзүн өзгөчө улуу даражалуу деп көтөрүлүү. Бул көбүнчө жин оорусунда байкалат/.

МЕГАЛОНИХИЯ мегалонихия / өтө чоң тырмактуу адам/.

МЕГАЛОЦИТ мегалоцит /өзгөчө чоң эритроцит/.

МЕДИА медиа /кан тамырлардын ортоңку катмары/.

МЕДИАЛЬНЫЙ медиальний / мүчөнүн ички жагы. Борборго жакын деген маанидеги сөз/.

МЕДИАСТИНИТ медиастинит /көкүректүн ичиндеги,көкүректү бөлүп туруучу челдин сезгениши/.

МЕДИАСТИНУМ медиастинум /оң өпкө менен сол өпкөнүн ортосундагы чел, көкүректүн ортосу. Ал оң, сол алдыңкы, арткы бөлүктөн турат/.

МЕДИАТОР медиатор /нервдик козголууну аягына чыгарууга, реакцияны өткөрүүгө далдалчы заттар/.

МЕДИКАМЕНТ медикамент / дары каражаттары, дары/.

МЕДИКАМЕНТОЗНЫЙ медикаментоздуу / дарылык, дарыдан пайда болгон жана дарыга тиешелүү /.

МЕДИКАЦИЯ медикация /дарыны жазып берүү жана аны кабыл алууга кеңеш берүү/.

МЕДИНАЛ мединал / негизинен уктатуучу же жанды тынчтандыруучу дары/.

МЕДИЦИНА медицина /оорулуу жана соо адамдын түзүлүшүн окуп, ар түрлүү ооруларды алдын ала болтурбоо жана оорулууну дарылоо жөнүндөгү илим/.

МЕДИЦИНАЛЬНЫЙ медициналдуу /дарылоочу, эми тушүүчү /.

МЕДУЛЛЯРНЫЙ медуллярдуу / мээге,жүлүнгө, чучукка тиешелүү /.

МЕЗАТОН мезатон /денедеги булчуңдарды чыңалтпай, шалаңкы тарттыруучу дары/.

МЕЗАОРТИТ мезаортит /сифилис /котон жара/ оорусунан кийин колко тамырдын сезгенип оорушу/.

МЕЗАРТЕРИИТ мезартериит /артерия тамырынын ортоңку катмарынын сезгениши/.

МЕЗЕНТЕРИАЛЬНЫЙ мезентериалдуу / чычыркай, чычыркайга байланыштуу /.

МЕЗЕНТЕГИОЛ мезентериол /кичине чычыркай, курт сымал ичегинин чычыркайы/.

МЕЗЕНТЕРИУМ мезентериум /чычыркай, ичегилерди кошуп туруучу чел/.

МЕЗОДЕНИТ мезоденит / чычыркайдагы лимфа безинин сезгениши/.

МЕЗОВАРИЙ мезоварий /аялдын жумурткасынын чычыркай катмары/.

МЕЗОДЕРМА мезодерма / энтодерма менен эктодерманын ортосундагы түйүлдүк бүдүрү/.

МЕЗОКОЛОН мезоколон /жоон ичегинин чычыркайы/.

МЕЗОСАЛЬПИНКС мезосальпинкс /жатын түтүгүнүн чычыркайы/.

МЕЗОТОРИЙ мезоторий /радийдин изотобу. Мезоторий шишик ооруларын дарылоого керектелет. Ал жылтыраган боёк чыгаруу үчүн да колдонулат/.

МЕЗЭНЦЕФАЛИТ мезэнцефалит / мээнин ортоңку бөлүгүнүн сезгениши/.

МЕКОНИУМ мекониум / баланын тунгагы. Жаңы төрөлгөн баланын богу/.

МЕЛАЗМА мелазма /теринин күңүрт тарткан тактары/.

МЕЛАНОЗ меланоз /теринин боёгунун күчтүүлүгүнөн карарып кетүү. Бул боюнда бар аялдарда же кээ бир заттар менен ууланганда байкалат/.

МЕЛАНОМА меланома /ар түстүү ткандардан пайда болгон шишик оорусу. Денедеги кара ткань меңден, калдан пайда болгон шишик/.

МЕЛАНУРИЯ меланурия /меңден пайда болгон шишик оорусунда сийдиктин күрөң кызыл, же карараак тартып кетиши/.

МЕЛАНХОЛИЯ меланхолия /сабырсыз, көңүлү чөккөн, түйшүгөн абал. Бул көбүнчө жин оорусунда байкалат/.

МЕЛЕНА мелена /кызыл өңгөчтөн, ашказандан жана ичегинин жогорку бөлүгүнөн кан акканда байкалуучу заңдын кара түстө болушу. Алар каратка чалдыкканда байкалат/.

МЕНАРХЕ менархе /этек кирдин биринчи жолу келүүчү мезгили/.



МЕМБРАНА мембрана /денедеги жаргак, жука чел /.

МЕМБРАНОЗНЫЙ мембраналуу /жука челдүү, кабыктуу, жаргактуудеген маанидеги сөз/.

МЕНИНГЕС менингес /мээнин тышкы кабыгы/.

МЕНИНГИЗМ менингизм /мээнин тышкы кабыгынын сезгениш оорусунда байкалуучу көрүнүштөрдүн көпчүлүгүнө окшош ооруу/.

МЕНИНГИТ менингит /жүлүндүн жана мээнин кабыгынын сезгениши/.

МЕНИНГОКОКК менингококк / мээнин кабыктарын сезгенүүгө дуушар кылуучу кокк микробдору/.

МЕНИНГОМИЭЛИТ менингомиэлит /жүлүндүн кабыгы менен кошо сезгениши/.

МЕНИНГОЦЕЛЕ менингоцеле / баш сөөктүн кемтигине мээнин кабыгынын капталып калышы/.

МЕНИНГОЭНЦЕФАЛИТ менингоэнцефалит / мээнин тышкы кабыгынын сөөккө жакын катмарынын сезгениши/.

МЕНИСЦИТ менисцит /муундун чемирчек катмарынын сезгениши/.

МЕНОПАУЗА менопауза / этек кирдин токтолгондон кийинки мезгили/.

МЕНОРРАГИЯ меноррагия / этек кирдин көп келиши, кан агуу/.

МЕНОСТАЗ меностаз / этек кирдин эң алгы токтолушу. Андан ары такыр келбестиги/.

МЕНСТРУАЛЬНЫЙ ЦИКЛ этек кирдин келүү калыбы/аялдарда байкалуучу 21-30 күндө кайталоочу организмдин өзгөрүүсүнөн келип чыккан этек кир. Ал орточо эсеп менен 15 жаштан баштап 50 жашка чейин созулат/.

МЕНЬЕРА БОЛЕЗНЬ меньера оорусу /кулактын ички бөлүгүндө байкалуучу сезгенбей эле ооруган оору. Францияда кулак оору боюнча врач аны биринчилерден болуп байкаган. Бул ооруда таза эле адамдар түз бара жатып жыгылчудай темтеңдеп калат/.

МЕРСАЛИЛ мерсалил / сийдикти көп чыгаруучу дары/.

МЕТАБОЛИЗМ метаболизм /организмдеги бардык химиялык зат алмашуунун чордону/.

МЕТАКАРПАЛЬНЫЙ метакарпалдуу /колдогу манчалардын тырмакка чейинки чеги/.

МЕТАМИЕЛОЦИТ метамиелоцит /ичине ядро пайда болуу стадиясындагы миелоцит клеткасы/.

МЕТАМОРФОЗ метаморфоз /клеткалардын, ткандардын формасынын жана түзүлүшүнүн өзгөрүшү/.

МЕТАПЛАЗИЯ метаплазия /ткандардын бир түрдөн экинчи түргө өтүшү/.

МЕТАСТАЗ метастаз / микробдордун же рак клеткаларынын бир жерден экинчи жерге лимфа же кан тамырлар аркылуу көчүшү, жайылуусу/.

МЕТГЕМОГЛОБИН метгемоглобин /гемоглобиндеги кислород темир менен бош байланышпастан бек байланышып, кислород бошонуп тканга чыга албаганда, тканда кислороддун жетишпеген абалы/.

МЕТГЕМОГЛОБИНЕМИЯ метгемоглобинемия /канда метгемоглобиндин пайда болушу. Ал түрдүү уулуу заттар таасир бергенде байкалат/.



МЕТЕОРИЗМ метеоризм /ичке желдин толуп көбүшү/.

МЕТОД М.М.БАЛТИНА,В.КОМБЕРГ Балтин -Комберг методу /көзду тешип кирген бардык нерселер көздүн кайсы мейкиндигинде экендигин рентгендик нур менен аныктоо/.

МЕТОД А.М.БЕЗРЕДКА Безредканын методу /орус микробиологу, 1870-1940; кандын суюк бөлүгүн /сывороткаңы/ адамга экинчи кайталап куйганда, таасирин тийгизбөөчү аракет. Ал үчүн сывороткаңын жарым миллилитрин теринин алдына куюп арадан I-2 саат өткөндөн кийин калганын куят, сывороткаңы антип куйбаса, мүрт өлүмгө алып келет/.

МЕТОД А.БИРА Бирдин методу / немецтик хирург. 1861-1949; сезгенген жерге вена тамырындагы канды муунтуп токтотуу жолу менен сезгенүүнү айыктыруу. Ал үчүн сезгенүүнүн тушун жумшак даки менен буup, таңып коёт/.

МЕТОД ОКРАСКА ПО Г.Х.ГРАМУ Грамдын ыгы менен микробдорду боё /даниялык врач. 1853-1938; күнөм салалган жердеги суюктукту айнекке жугузат да, аны карбол эритмеси менен 2 минуттук боёйт анан эки мүнөткө люголь эритмеси менен чайкайт. Андан кийин 96 градустагы спирт менен оңдурат да суу менен жуут. Үч мүнөткө чейин I0 проценттүү карбол фуксин менен кызга түс берет. Эгерде грам терс микроорганизм болсо кызыл түстө, оң болсо кара түстө болот. Грам терс микроорганизмине көпчүлүгү формасы жагынан тоголок микроорганизмдер кирет/.

МЕТОД Ж.ЖАНЕ Жане методу /Француз урологу 1861; алдынан сезгенген /гонорреи/ оорулууларды айыктыруу максатында, сийдик чыгаруучу түтүгү аркылуу көп сандагы калийлүү марганец кычкылы менен жуу. Бул метод эркектерге гана колдонулат

ган/.

МЕТОД Ф.КАРЕЛЛА Карелл методу /орус врачы, 1808-1886; жүректүн алы кеткенде, кандын басымы жогорулаганда, бөйректүн иши начарлаганда өзгөчө мүнөздүү тамак менен 6-7 күн дарылоо. Адегенде тарткан сүттөн бир жумага күнүнө 150 граммдан бир килограммга чейин 3-4 жолу ичилет. Андан башка күнүнө жарым стакан мемөнүн маңыздарын ичет. Бул метод менен оорукана шартында дарылайт/.

МЕТОД А.Ж.КВИКА Квик методу / америкалык врач 1894; бул метод менен протромбин убакытын эсептейт. Ал канды уютуучу ферментти, текшерилүүчү канга кую менен эсептелинет. Ошондой эле кандын суюктугунда канды уютуучу протромбиндин санын аныктайт/.

МЕТОД С.КРИСТЕЛЛЕРА Кристеллер методу /немец гинекологу. 1820-1900; төрөт убагында эки кол менен ич туштан жатындын түбүнөн кармап, жатын жыйрылган сайын мыкчылап бала төрөөгө жардам берүү/.

МЕТОД Г.ЛИНЦЕНМЕЙЕРА Линценмейер ыгы, методу / немецтик гинеколог 1882; эритроциттердин убагам кандын ичинде белгилүү бир убакытта тунушу жана идиштин түбүнө түшүүн аныктоо-ачтоо. Анын түбүнө түшүү ылдамдыгы жогору болоо, денеенин бир жеринде сезгенч бар экендигин айгинелейт/.

МЕТОД Г.ПАПАНИКОЛАУ Папаниколау методу /америкалык врач 1883; аялдардын жыныстык кынынын ичинен алынган затты атайын боёп алып, микроскоп менен изилдеп, жумурткасынын кызматын текшерүү. Мындай текшерүү рак оорусуна күнөм саналган учурда жүргүзүлөт/.

МЕТОД В.В. СТРОГАНОВА Строгановдун методу /орус врачы. 1857-1935; талма оорусу наркотик дарылары менен дарылоо. Наркотик катары бул методдо морфин, хлоралгидрат кирет/.

МЕТОД ФИЛАТОВА Филатовдун ыгы /көздүн тышкы тунук катмарын тирүү адамга өлүктөн алып жамоо/.

МЕТОД С.ФОРЛАНИНИ Форланини ыгы /италиялык врач, 1847-1918; өпкөнүн туберкулез оорусун айыктыруу максатында, өпкө менен кабырганын ортосундагы көңдөйгө аба киргизип, өпкө дем алууга тоскоолдук кылуу менен андагы илдетти айыктыруу ыгы/.

МЕТОМОРФОПСИЯ метаморфопсия / айлана чөйрөдөгү нерселерди өзүндөй так көрө албай, бүдөмүк көрүү/.

МЕТРЕЙРИЗ метрейриз / кээ бир учурда төрөттү ылдамдатуу үчүн жатындын ичине кийрүүчү резиналык баллон/.

МЕТРИТ метрит /жатындын булчуң катмарынын сезгениши/.

МЕТРОПАТИЯ метропатия /жатындын жалпы оорусу/.

МЕТРОРРАГИЯ метроррагия /этек кирсиз эле жатындан кан агуу/.

МЕТРОТРОМБОФЛЕБИТ метротромбофлебит /жатындын вена тамырынын сезгениш оорусу/.

МЕТРОЭНТРО МЕТРИТ метроэнтрометрит /жатындын бардык катмарынын, тулку боюнун бардыгынын сезгениши/.

МЕТЭНЦЕФАЛОН метэнцефалон /кара куштун тегерегиндеги арткы мээ/.

МЕХАНОТЕРАПИЯ механотерапия /оорулууну атайын жасалган аспаптар аркылуу чөнөмй менен кыймыл аракетке келтирип дарылоо/.

МИАЗ миаз / кээ бир чымындардын жумурткасынан пайда болгон оору/.

МИАЛГИЯ миалгия /булчуңдун сорушу/.

МИАСТЕНИЯ миастения /булчуңдардын жалпы эле алсыздыгы/.

МИОТОНИЯ миотония /булчуңдардын шалбыраңкы тартылыш/.

МИАТРОФИЯ миатрофия /булчуңдун көлөмүнүн кичирейиши/.

МИГРАЦИЯ миграция /денеге тыштан түшкөн бир нерсе же илдет жайылуу, көчүү/.

МИДРИАЗ мидриаз /каректин чоңоюшу/.

МИДРИАТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА каректи чоңойтуучу дарылар

МИЕЛИН миелин /нерв жипчелериндеги миелин кабыкчасынын негизги тутуму/.

МИЕЛИТ миелит /жүлүндүн сезгениши/.

МИЕЛОБЛАСТ миелобласт /лейкоцит клеткасынын өсүүдөгү алгачкы стадиясы/.

МИЕЛОГЕННЫЙ миелогендүү /чучуктан чыккан жана андан пайда болгон бөрдүк өзгөрүүлөр/.

МИЕЛОГРАММА миелограмма / сөөктү көзөп, чучуктан алынган канды талдоодогу жазуу/.

МИЕЛОГРАФИЯ миелография / жүлүнлү рентгендин нуру аркылуу тартуу/.

МИЕЛОЗ миелоз /чучуктун клеткаларына окшош клеткалардын оорусу/.

МИЕЛОИДНЫЙ миелоиддүү /сөөктүн чучугуна окшош заттар/.

МИЕЛОМА миелома /чучуктун клеткаларынан чыккан коркунучтуу оору/.

МИЕЛОМАЛЯЦИЯ миеломаляция /жүлүндүн жумшап кетиши/.

МИЕЛОМЕНИНГОЦЕЛЕ миеломенингоцеле /жүлүндүн тышкы кабыгы менен кошо, омуртканын тешиктеринен тышка чыгып калышы/.

МИЕЛОЦЕЛЕ миелоцеле / омуртканын тешиктери аркылуу жүлүндүн тышка чыгуусу/.



МИЕЛЭНЦЕФАЛОН миеленцефалон /мээнин төрт бурч окшош арткы бөлүгү/.

МИКОБАКТЕРИЯ микробактерия / кислотага туруктуу, кыймылсыз таякчалар.М.; туберкулездун таякчалары аталат/.

МИКОЗ микоз /оорута чалдыктыруучу грибоктордон пайда болгон оору/.

МИКРОБИОЛОГИЯ микробиология /майда организмдердин түзүлүшүн, тиричилигин жана ага байланыштуу жугуштуу ооруларды, иммунитеттерди окуп үйрөнүүч, илим/.

МИКРОИНФАРКТ микроинфаркт /инфарктын аз гана жайылган түрү. Башталып бара токтоп калышы/.

МИКРОКЛИЗМА микроклизма /аз гана суюктук зарп кылып колдонуучу плизма/.

МИКРОКЛИМАТ микроклимат/ гигиеналык талап боюнча бөлмөдө, палатада, класста, мекемеде адамдарга ылайыкталып түзүлгөн метиорологиялык шарт. Үйдүн ичинде ысыкта, суукта эмес, шалаалда, үп да эмес абанын шарты/.

МИКРОКОКК микрококк /тобу менен же экиден орун алган кокктор, тоголок формадагы микробдор/.

МИКРОМЕЛИЯ микромелия /буту=колдун тубаса кыскасы/.

МИКРОМЕТРИЯ микрометрия /микроскоп аркылуу көрүнгөн нерселерди өлчөө.Өлчөө бирдигине миллимикрон колдонулат/.

МИКРООРГАНИЗМ микроорганизм / микроскоп аркылуу көрүнүүчү майда жандыктар/.

МИКРОПСИЯ микропсия/буюмдун көлөмү жана көрүнүшү жагынан кичирейип көрүнүшү/.

МИКРОСПОРИЯ микроспория /баштын чачтуу жеринин грибок оорусу/.

МИКРОСПОРОН микроспорон / тери оорусуна чалдыктыруучу грибок/.

МИКРОСФИГМИЯ микросфигмия /чоң адамдардын тамырынын кичине балдардыкындай дайыма жай кагышы/.

МИКРОФТАЛЬМИЯ микрофтальмия /көлөмү жагынан эки көздүн тең же бир көздүн нормадан кичирээк болушу/.

МИКРОЦЕФАЛИЯ микроцефалия /башы кичине, чакча баш адам/.

МИКРОЦИТ микроцит /көлөмү өзгөчө кичине эритроцит/.

МИКРОЭЛЕМЕНТЫ майда элементтер / адамдын жана жаныбарлардын организминде өтө аз санда болуучу химиялык элементтер. Аларды биогендүү элементтер деп да аташат/.

МИКРУРГИЯ микрургия / м, чөнүн эң майда бөлүгү болгон клеткаларга жасалуучу операция. Операция атайын жасалган аспаптардын жардамы аркылуу ишке ашырылат/.

МИКСАДЕНИТ миксаденит /бездин былжырлуу катмарынын сезгенип оорушу/.

МИКСОДЕМА миксодема /калкан бездинин оорусунда пайда болгон оору/.

МИКСОМА миксома /былжырлуу катмардан пайда болгон шишик/.

МИКСТУРА микстура /аралашма, чар дары/.

МИЛИАРИЯ милиария /тердегенде, температура жогору көтөрүлгөндө териде пайда болгон исиркектер. Бул өзгөчө эткел адамдарда байкалат/.

МИЛИАРНЫЙ милиардуу /көлөмү таруудай майда нерселер. Алар көпчүлүгү өпкөнүн туберкулез оорусунда кезигет/.

МИМИКРИЯ мимикрия /айлана чөйрөсү, түрү жагынан башка өсүмдүктөр менен курчалган өсүмдүктөрдүн, тукуму такыр башка жаныбарлардын ичинде жашаган жаныбарлардын, айлана чөйрөсүнө карай тышкы өңү, жашоо шартынын өзгөрүлүшү/.



МИНАКОВА ПЯТНА Минаков темгили / бат кан агуудан өлгөн адамдарда байкалуучу жүрөгүнүн жапкычтарында канталап калган жери. Ушул автордун наамында аталат/.

МИНДАЛИНА миндалина /дем алуу жолунун жогору жагындагы лимфоид тканынын жыйналган жери/.

МИНЕРАЛОКОРТИКОИДЫ минералокортикоиддер /бөйректүн үстүндөгү бездин чыгарган суюктугу. Калий менен натрийдин алмашуусуна таасирин тийгизет/.

МИНЕРАЛЬНЫЙ ОБМЕН минералдык алмашуу / организмде болуу менен бирге ал организмге кирип, бөлүп чыгаруу аппараттары аркылуу бөлүнүп чыгып туруучу органикалык түрдөгү заттардын алмашышы/.

МИОГЕЛОЗ миогелоз /булчуңдун ар кайсы жеринде катуу түйүнгө окшош нерселердин пайда болуусу/.

МИОГРАФ миограф /өзүнчө бөлүнүп алынган булчуңдун кыймылын атайын аспап менен кагазга түшүрүп алуу/.

МИОДЕГЕНЕРАЦИЯ миодегенерация /булчуңдун башкача түрдө өзгөрүшү/.

МИОДИНИЯ миодиния /булчуңдардын катуу оорушу/.

МИОЗИН миозин /булчуңдун суюктугундагы белок/.

МИОЗИТ миозит /сөөктүн тегерегиндеги булчуңдарынын сезгенип оорушу/.

МИОЗИС миозис /каректин кичирейиши. Бул көбүнчө жүлүн сифилис оорусуна чалдыкканда байкалат/.

МИОКАРД миокард / жүрөктүн булчуңу/.

МИОКАРДИОДИСТРОФИЯ миокардиодистрофия / жүрөктүн булчуңдарынын жалпы оорусу/.

МИОКАРДИОФИБРОЗ миокардиофиброз / журөктүн булчуңдарынын кошуучу ткандары көбөйүп, берчке айлануу оорусу/.

МИОКАРДИТ миокардит /журөктүн булчуңунун сезгенишi/.

МИОКАРДОЗ миокардоз / журөктүн булчуңунун сезгенбей эле ооруга чалдыгуусу/.

МИОКЛОНИЯ миоклония /булчуңдардын жыйрылышы өтө катуу болгондуктан, колу -буттун аз гана карышып кыймылдашы/.

МИОИДНЫЙ миоиддуу / денедеги булчуңга окшош, булчуңдай эттер/.

МИОЛОГИЯ миология / анатомиянын склеттин булчуңдарын окуучу бир бөлүгү/.

МИОЛЬ миоль /уйдун булчуң ткандарынан сызылтып алынган дары. Ал организмдеги кан тамырды, өзгөчө журөктүн кан тамырын жазылтууга көмөктөшөт/.

МИОМА миома / булчуңдан чыккан, пайда болгон шишик оорусу/.

МИОМЕТРИЙ миометрий /жатындын капталындагы булчуң катмары/.

МИОПАТИЯ миопатия / калпы эле булчуңдардын оорусу/.

МИОПИЯ миопия /так көрө албай калуу; көздөн өткөн нур сары такка барып кошулса, адам буюмду кадимкидей көрөт. Ал эми миопияда көздөн өткөн нур сары такка жете албай калат/.

МИОРЕКСИС миорексис /жарадар болгондо булчуңдун бузулушу/.

МИОСПАЗМ миоспазм /булчуңдардын тырышып жыйрылышы/.

МИОТИКИ миотиктер /каректи кичирейтүүчү дарылар/.

МИОТОМИЯ миотомия /булчуңду операциялык жол менен кесүү/.



МИОТОНИЯ миотония /булчуңдун убактылуу жыйрылып жана карышуу абалы/.

МИРИНГИТ мирингит /кулактын тарсылдагынын сезгенип оорушу/.

МИТИГАЦИЯ митигация /тканды жумшартуучу, дарынын күчүн көтөрүүчү/.

МИТОХОНДРИИ митохондрии /клетканын протоплазмасындагы эң ичке жипче тизилген чекиттер/.

МИТРА митра /башты бинт менен топу кийгендей таңуу/.

МИТРАЛЬНЫЙ митральный / журөктүн эки жалкычтуу капкагы, бүктөмөсү/.

МИЦЕТИЗМ мицетизм /козу карындан ууланууу/.

МНЕМАСТЕНИЯ мнемастения / эстин начарлашы. Жалпыга белгилүү датаны, окуяны эсинде тута албоо/.

МНЕМОДЕРМИЯ мнемодермия / теринин мите оорусунда кезек-кезеги менен байкалуучу, кычышуусу/.

МОГИЛАЛИЯ могилалия /кээ бир тыбышты айтып чыгара албоо, кекечтенүү/.

МОДИФИКАЦИЯ модификация / айлана чөйрөнүн таасиринен түрдүн, касиеттин өзгөрүшү/.

МОКРОТА какырык /дем алуу жолдорунан бөлүнүп, жөтөлгөндө чыгуучу шилекей аралаш суюктук/.

МОЛОКООТСОСЫ сүт соордуруучу / эмчектен сүт тарттырып алуу үчүн ылайыкталган медициналык аспап/.

МОЛОЧНЫЕ СМЕСИ сүт аралашмасы / жаныбарлардын сүтүнөн жасалган ар түрдүү тамактар. Бул балдарды эмчексиз баккандa берилүүчү тамак/.

МОЛЯРНЫЙ молярдуу /тиштин түпкү азуусуна тиешелүү сөз/.

МОНАРТРИТ монартрит /жалгыз эле бир муундун сезгениши/.

МОНГОЛЬСКАЯ ПЯТНА монгол тенгили / монгол тукумунун жаш балдарында жана жалпы эле азия элдеринин балдарындагы куймулчагынын тушундагы көгүш тарткан так, тенгил/.

МОНОКУЛЯРНЫЙ монокулярдуу / бир көздүү, бир жак көзгө тиешелүү/.

МОНОНУКЛЕАРНЫЙ мононуклеардуу / бир гана ядролуу клетка/.

МОНОПЛЕГИЯ моноплегия / булчуңдун бир группасынын же колдун, буттун биреөнүн кыймылсыздыгы/.

МОНОРХИЗМ монорхизм/адамда туулгандан эле жумуртканын жоктугу/.

МОНОФАГИЯ монофагия /бир тамакты жакшы көргөн адам/.

МОНОЦИТ моноцит / ак кан денечелердин -лейкоциттердин эң чоң клеткалуусу/.

МОНОЦИТОЗ моноцитоз /канда моноциттердин көптүгү/.

МОНОФОБИЯ монофобия /жалгыз калгандан коркуу/.

МОНОФТАЛМИЯ монофталмия /төрөлгөндө эле же төрөлгөндөн кийинки бир көздүн жоктугу/.

МОРБИЛЛИ морбилли /кызамык, өзгөчө жаш балдардын оорусу. Бул оорууну вирус пайда кылат/.

МОРБИЛЛИФОРМНЫЙ морбиллиформдуу / дененин кызамыкка окшош же кызамыктай өзгөргөн жерлери/.

МОРВАНА БОЛЕЗНЬ морван оорусу /колдун манжаларынын өзгөчө оорусу. Бул ооруга манжалар эң персени себеби, тырмактардын түшүүсү мүнөздүү болот/.



МОРГ өлүк кана / өлгөн адамдарды кабыл алып сактоочу жай/.

МОРИБУНДНЫЙ морибундуу /өлүүгө баштанган, өлүү абалындагы адам/.

МОРСКОЙ ЛУК деңиз пияз /Жер Ортолук деңизинин жээгинде өсүүчү жапайы пияз. Жүрөктүн ишине өзгөчө таасир тийгизет жана кан тамырды кеңейтүүгө көмөктөшөт. Бул пияз кээ бир кемирүүчү жаныбарларга уу болуп эсептелет/.

МОРТАЛЬНЫЙ морталдуу /өлтүрүүчү, өлүмгө алып келүүчү/.

МОРУЛА морула /түйүлдүктүн, тукумдун өсүшүнүн биринчи баскычы/.

МОРФИН морфин /апийимдин эң башкы алкалоиди. Медициналык практикада ооругандыкты сездирбөөчү дары. Ага көнүп алган адамдар морфинисттер делет/.

МОРФИНИЗМ морфинизм /дайыма морфинди кабыл алып жүргөн адамдын оорулуу абалы/.

МОЧЕКИСЛЫЙ ИНФАРКТ бөйрөктүн инфаркты / бөйрөктүн ичинде түз түтүкчөлөр менен кошо топтолгон түтүкчөлөргө сийдик бөлүнгөн учурда, катуу катмарлардын, таштын пайда болушу/.

МУКОВИСЦИДОЗ муковисцидоз /бир үй бүлөнүн бардыгы тең туулгандан эле уйку безинин берч оорусу/.

МУКОЗНЫЙ мукоздуу / шилекейлүү адам/.

МУКОИДНЫЙ мукоиддуу / шилекейдей же шилекей окшош зат/.

МУКОР мукор / көп плесендердин чогулган жалпы аты/.

МУКОПУРУЛЕНТНЫЙ мукопуруленттүү / шилекей аралаш ирин/.

МУКОЦЕЛЕ мукоцеле / барсылдактын ичине шилекейдин жыйналып калышы/.

МУЛЬТИЛОБУЛЯРНЫЙ мультилобулярдуу / көп бөлүктүү, көп бөлүкчөлүү мүчө/.

МУЛЬТИЛОКУЛЯРНЫЙ мультилокулярдуу / көп көзчөлүү, чөнөк-чөнөктүү/.

МУЛЬТИПАРА мультипара /экиден жогору, башкача айтканда, көпту төрөгөн аял/.

МУЛЬТИФОРМНЫЙ мультиформдуу /клеткалардын ар түрлүү формада болушу/.

МУЛЬТИЦЕЛЛЮЛЯРНЫЙ мультицеллюлярдуу / көп клеткалуу, көп клеткадан турган/.

МУМИФИКАЦИЯ мумификация /өлүктүн чирибей туруп, кургап калышы/.

МУСКУЛАТУРА мускулатура /булчуңдардын бардыгы, мүлдө булчуң эттер/.

МУСКУЛИНИЗМ мускулинизм /деми, дене түзүлүшү жагынан эркектик сапаты бар аял/.

МУСКУЛЬНЫЙ мускулдуу /булчуңдуу, булчуңга тиешелүү деген маанидеги сөз/.

МУССИТАЦИЯ муссипация / кээ бир адамдардын үнсүз эле эриндерин кыймылдата бериши/.

МУТАЦИЯ мутация /өңдүн жана түрдүн өзгөрүшү/.

МУТИЗМ мутизм /таптаза туруп эле үн чыкпай калуу.Бул көбүнчө коркондо байкалат/.

МУЦИЛАГИНОЗНЫЕ СРЕДСТВА шилекей пайда кылуучу дарылар

МУЦИН муцин / шилекейдин негизги тутуму/.



Н

НАЗАЛЬНЫЙ назалдуу /мурунга байланыштуу бардык өзгөрүүлөр/.

НАЗОФАРИНГИТ назофарингит /тамактын, мурундун былжырлуу кабыгынын сезгениши/.

НАНИЗМ нанизм /туурасы кадимкидей бирок узунунан өспөй калган адам/.

НАРКОЗ наркоз /адамдын айлана чөйрөдөгү кубулуштарды, ооругандыкты сезбей, уктоо абалы/.

НАРКОЛЕПСИЯ нарколепсия / уйкусак, куш уйкулуу. Уйкусу анчейин узакка созулбаган адам/.

НАРКОМАНИЯ наркомания /наркотик, адамдын башын айландыруучу дарыларды сүйүү/.

НАРКОТИЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА наркоздук дарылар /адамдарды айлана чөйрөдөгү кубулуштарды сездирбей уктатуучу дарылар/.

НАСМОРК мурундан суу куюлуу /дем алуу жолдорунун жогорку бөлүгүнүн былжырлуу кабыкчасынын муздактан сезгенүүсү/.

НАТИВНЫЙ нативний/ кошумчасыз, накта, таза, төрөлгөндөн өзгөрүлбөгөн/.

НАФТЕНОВАЯ МАЗЬ нафтен майы /нефти иштеп чыгаргандан кийин пайда болгон кара май. Ал теринин экзема оорусун дарылоого колдонулат/.

НЕАРТРОЗ неартроз / жаңыдан жаралган муун. Сөөк муундан чыгып кетип, анын ордуна жаңы муундун жаралышы/.

НЕВМЕНЯЕМОСТЬ кылган аракетин өзү билбеген абал /психика оорулуу адамдардын кылган аракетин өзү да билбей калган учур. Бул учурда юрист кылган аракетине күнө коюну таңдайт/.

НЕВРАЛГИЯ невралгия /организмдин бир бөлүгүндөгү сыздап

оорупу сезүү/.

НЕВРАЛЬНЫЙ невралдуу /нервге байланыштуу бардык өзгөрүүлөр/.

НЕВРАСТЕНИЯ неврастения /нерв системасынын кызматы алсырап начарлагандык/.

НЕВРИНОМА невринома / нерв клеткасынан өсүп чыккан бардык шишиктер/.

НЕВРИТ неврит /нерв ткандарынын сезгенип оорушу/.

НЕВРОБЛАСТ невробласт /өсүп жетиле элек, жаш нерв клеткаси/.

НЕВРОБЛАСТОМА невробластома / нервдин түйүлдүк клеткасынан пайда болгон шишик/.

НЕВРОВАСКУЛЯРНЫЙ невроваскулярдуу / бардык өзгөрүүлөрдүн нерв жана кан тамыр системасына тиешелүүсү/.

НЕВРОГЕННЫЙ неврогендуу /нерв оорусунун кесепетинен пайда болгон организмдеги бардык өзгөрүүлөр/.

НЕВРОГЛИОМА невроглиома / нерв тканынын коркунучсуз шишиктеринин бир түрү/.

НЕВРОГЛИЯ невроглия /борбордук нерв системасынын негизги орунтук ткани/.

НЕВРОДЕРМАТОЗ невродерматоз /нервге байланыштуу теринин кычышкан оорусу/.

НЕВРОДЕРМИТ невродермит /теридеги экзема оорусунун бир түрү/.

НЕВРОЗ невроз /нерв системасынын кызматынын жалпы бузулушу/.

НЕВРОЛОГИЯ неврология /нерв системасынын өсүшү, түзүлүшүн, аткарган кызматын жана оорусун окуучу медициналык



илимдин тармагы/.

НЕВРОЛИЗ невролиз /нерв тамырын тегерегиндеги катуу, бору ткандардан операциялык жол менен бошотуу/.

НЕВРОМА неврома /нерв клеткаларынан турган шишик/.

НЕВРОН неврон /нерв клеткасы бутактары менен чогуу болушу/.

НЕВРОПАПИЛЛИТ невропапиллит /көздүн көрүү нервинин алдыңкы бөлүгүнүн сезгенип оорушу/.

НЕВРОПАТИЯ невропатия /жалпы нерв системасынын оорусу/.

НЕВРОПАТОЛОГ невропатолог /нерв системасынын оорусун дарылоочу адис врач/.

НЕВРОПЛЕГИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА невроплегиялык дарылар /нерв системасынын кызматына тоскоолдук кылуучу дарылар/.

НЕВРОРЕТИНИТ нейроретинит /көздөгү көрүү нервинин уючусу менен катар, анын торчосунун кошулуп сезгениши/.

НЕВРОРРАФИЯ неврорафия / үзүлгөн же жараланган нервди кошуп тигип коюу/.

НЕВРОСИФИЛИС невросифилис /туулганда же ымыркай мезгилде байкалуучу нерв системасынын сифилис /котон жара/ оорусу/.

НЕВРОТОМИЯ невротомия / дарттын абалына жараша нервди операциялык жол менен кыйып таштоо/.

НЕВРОТОНИЯ невротония / нерв оорусунда, нервди операциялык жол менен же жөн эле кыйып коюу/.

НЕВРОТРОПИЗМ невротропизм /микробдордун нерв тканында көбөйүшү, уулардын нерв тканына таасир тийгизүүсү/.

НЕВРОТРОПНЫЙ невротроптуу /нерв тканына багытталган, нерв тканынан пайда болгон өзгөрүүлөр/.

НЕВРОФИБРОМАТОЗ неврофиброматоз /дененин бардык бөлүгүн-

дегү ар түрлүү көлөмдөгү шишиктер/.

НЕВРОХИРУРГИЯ нейрохирургия /хирургиянын нерв системасынын оорусун операциялык жол менен дарылоочу бөлүгү/.

НЕВРОЭПИТЕЛИОМА невроэпителиома /нервдин глиалдык тобунан өсүп чыккан шишик/.

НЕВРЭКЗЕРЕЗ неврэкзерез /нервди толгоп, үзүп алуу. Боор эттин өөдө көтөрүлүп турушу үчүн анын нервин мокн туштан алып кесип же бурап, сууруп алат/.

НЕВРЭКТОМИЯ неврэктомия /нервдин бөлүгүн кесип алуу/.

НЕВУС невус / туулганда эле адамдарда пайда болгон мең/.

НЕГАТИВИЗМ негативизм /айткан сөзгө мокн сунбоо, тескерисинче кабыл алуу, кежир/.

НЕДОНОШЕННОСТЬ ара төрөлгөн бала / өз маалында төрөлүп, бирок таразага тартканда салмагы аз бала, Баланын салмагы эки жарым килограммдан аз болсо, ара төрөлгөн бала деп айтылат/.

НЕЙТРОПЕНИЯ нейтропения /нейтрофил клеткаларынын санынын нормадан төмөндөшү/.

НЕЙТРОФИЛЬНЫЙ нейтрофилдүү /нейтралдуу боёктор, сиңүүчү клеткалар/.

НЕКРЕМИЯ некремия /кандын организмге керектүү сапатын жоготушу/.

НЕКРОБИОЗ некробиоз /ткандын жай чирүү абалы. Некробиоз тканга кан тамыр аркылуу тамак заттары жетишсиздиктен пайда болот/.

НЕКРОЗ некроз / кээ бир себептерден ткандын же органдын бөлүгүнүн өлүүсү, чирүүсү/.

НЕКРОСПЕРМИЯ некроспермия /эрендикте эркектик тукумдун жансыз болушу, өлүүсү/.



НЕКРОТОМИЯ некротомия /операциялык жол менен жансыз деп эсептелген сөөктүн сыныктарын алып таштоо/.

НЕМАТОДОЗ нематодоз /формасы жагынан жумуру мите курттар пайда кылган оору/.

НЕМАТОДЫ нематоддор /формасы жумуру мите курттар/.

НЕОАРТРОЗ неоартроз /операциялык жол менен жаңыдан жасалган муун/.

НЕГАЛЕНОВЫЕ ПРЕПАРАТЫ неогален дарылары / суу-спирт, же хлороформ спирт менен тазартылып өсүмдүктөрдөн алынган дары-дармектер/.

НЕОЛОГИЗМ неологизм /мазмунсуз жана ойна келген сөздөрдү айта берүү. Көбүнчө жин оорусунда байкалат/.

НЕОПЛАЗИЯ неоплазия /жаңы ткандардын өсүп чыгышы/.

НЕОПЛАЗМА неоплазма / жаңы ткандын пайда болушу, шишик оорусу ракты да неоплазма деп аташат/.

НЕРВИЗМ нервизм / физиологияда жана клиникалык иштерде нерв системасын эң башкы башкаруучу деп эсептөөсү/.

НЕРВНО МЫШЕЧНОЕ СОЕДИНЕНИЕ нерв менен булчуңдун кошулушу

НЕРВНЫЕ ВОЛОКНА нерв жипчелери /нервдин негизги өзгөнөн бутактанып тараган майда нерв жипчелери/.

НЕРВНЫЙ ШОВ нервдик тигиш

НЕРВЫ нервдер /организмдеги борбордук нерв система менен чет жакадагы нерв жипчелерин кошуучу нерв тканы/.

НЕСОВМЕСТИМОСТЬ ЛЕКАРСТВЕННЫХ СРЕДСТВ дарылардын өз ара сиңишпестиги /бири-бирине каршы таасир тийгизиши/.

НЕТРУДОСПОСОБНОСТЬ жумушка жараксыздык /организмге жарагылыштын ар түрдүү кирсиктары таасир тийгизүүдөн же оорудан тигил же бул кызматты өз адистиги боюнча биротоло же убактылуу иштей албоо/.

НЕФЕЛОМЕТРИЯ нефелометрия/суюктуктагы эриген заттын канчалык даражада эришин аныктоо/.

НЕФРИТ нефрит /бөйрөктөрдүн сезгенип оорушу/.

ПИРЕТИКИ пиретиктер / этти өтө ысытуучу, температураны жогорулатуучу дарылар/.

ПИРИФОРМНЫЙ пирифоримдуу / алмурут сымал сөөк/.

ПИРОГЕННЫЙ пирогендүү / температураны жогорулатуучу, ысытуучу).

ПИРОЗИС пирозис /зарна болуу, жүрөгү кыжылдоо/.

ПИРОПЛАЗМОЗ пироплазмоз / үй жаныбарларынан жуга турган жугуштуу оору. Мите эритроциттерде жашайт/.

ПИРОТЕРАПИЯ пиротерапия / дененин температурасын жогорулатып, ысытуу менен дарылоо/.

ПИСКАЧЕКА ПРИЗНАК пискачек белгиси /аялдын боюнда болгон учурунун алгачкы мезгилиндеги жатындын эмпек-дөмпөк болушу/.

ПИСЧАЯ БОЛЕЗНЬ жазуу оорусу /колдун булчуңдары өзгөрбөй эле жазууга мүмкүн болбогон өзгөчө оору. Бул оорунун себеби аныктала элек/.

ПИТИРИАЗИС питириазис / теринин улпактай болуп түлөгөн оорусу/.

ПИУРИЯ пиурия /сийдик аркылуу ириң чыгуу. Бөйрөк жана табарсык ириңдеп ооруганда байкалат/.

ПИЩЕВОЙ ЦЕНТР тамак борбору/ адамдын тамак керектөөсүн тейлөөчү борбордук нерв системасындагы борбор/.

ПИЩЕВЫЕ ОТРАВЛЕНИЕ тамактан уулануу/тамак заттарында ууландыруучу заттар болуу менен пайда болгон оору/.

ПИАВКИ сулук курт /кан менен тамактануучу курт. Медицыналык практикада кан тамырлардын ички бетине уюган кан чапташып калган учурда, аны суюлтуу үчүн сүлүк курт коёт. Курт теринн четүүнүн алдында канды суюлтуучу суюктук шилекейин жиберет/.

ПЛАГИОЦЕФАЛИЯ плагиоцефалия/кийшык баш адам/.

ПЛАЗМА плазма /кандын суюк бөлүгү/.

ПЛАЗМОДИЙ плазмодий /безгек оорусунун митеси/.

ПЛАНТА планта /таман/.

ПЛАНТАРНЫЙ плантардуу / таманга тиешелүү бардык өзгөрүүлөр/.

ПЛАСТИКА пластика / органдын формасын жана ишин калыбына келтирүү/.

ПЛАСТИЧЕСКАЯ ОПЕРАЦИЯ пластикалык операция /дененин формасын же функциясын калыбына келтирүү үчүн жасалган операция/.

ПЛАСТЫРЬ пластырь / чайыр өнмал, териге жабыштырып колдонулуучу дарынын түрү/.

ПЛАТИЗМА платизма / моюндагы теринин алдындагы жазы жана жалпак булчуң/.

ПЛАТИЦЕФАЛИЯ платицефалия / жалпак баш адам/.

ПЛАЦЕНТА плацента / жатындагы баланын тону, жолдошу/.

ПЛЕВРА плевра /өпкөнү, көкүрөктүн көңдөйүн каптап турган жука жылтырак катмар чел/.

ПЛЕВРИТ плеврит /өпкөнү, көкүрөктүн көңдөйүн каптап турган жука жылтырак катмарынын, челинин сезгениши/.

ПЛЕВРОДИНИЯ плевродиния/плевранын оорушу/.

ПЛЕВРОЛИЗ плевролиз/операциялык жол менен плевраны өсүп чыккан эттен бошотуу/.



ПЛЕВРОПЕРИКАРДИТ плевроперикардит /жүрөк менен плевранын кошулуп сезгениши/.

ПЛЕВРОПНЕВМОНИЯ плевропневмония/өпкөнүн сезгениши менен кошо плевранын сезгениши/.

ПЛЕВРОТОМИЯ плевротомия/плевраны ириң оорусунда каруу тилүү/.

ПЛЕКСИТ плексит / ийиндин нерв чачыштарынын сезгениши. Бул жугуштуу ооруларда жана уу заттар менен ууланганда байкалат/.

ПЛЕКСИФОРМНЫЙ плексиформдуу / формасы, чачыкандай кан тамырлар, нервдер/.

ПЛЕОЦИТОЗ плеоцитоз / жүлүндүн тегерегиндеги суюктукта клеткалардын көптүгү/.

ПЛЕТИЗМОГРАФИЯ плетизмография / тереңдиктеги органдардын, ткандардын көлөмдүк өзгөрүүсүн атайын курал менен жазып алуу/.

ПЛЕТОРА плетора /организмдеги кандын жалпы массасынын көбөйүшү/.

ПЛЮРИГЛАНДУЛЯРНЫЙ плюригландулярдуу/ өз суюктугун ичке бөлүп чыгаруучу бездерге тиешелүү болгон учурда айтылат/.

ПНЕВМАТИЧЕСКИЙ пневматикалуу / абага жана дем алууга тиешелүү сөз/.

ПНЕВМАТОЗ пневматоз / дененин көө бир жерине жел кирип, толуп калуу/.

ПНЕВМОГЕМОТОРАКС пневмогематоракс / көкүрөктүн плевра көңдөйүнө абанын жана кандын пайда болушу. Бул көкүрөк жарадар болгон учурда байкалат/.

ПНЕВМОКОКК пневмококк /өпкөнү ириң жана сезгенүү ооруларга дуушар кылуучу микроб/.

ПНЕВМОКОНИОЗ пневмокониоз / таза эмес абаны дем алуудан пайда болгон өпкөнүн оорусунун түрү. Бул көбүнчө шахтерлордо кезигет/.

ПНЕВМОЛИЗ пневмолиз /операциялык жол менен өпкөнүн тегерегине өсүп кеткен этинен ажыратуу. Өпкөнүн туберкулез оорусунда кейири колдонулат/.

ПНЕВМОЛИТ пневмолит /өпкөдө катуу заттын, таштын пайда болушу/.

ПНЕВМОМАССАЖ пневмомассаж / кулактын ичиндеги тарсылдагынын кыймылын калыбына келтирүү үчүн, атайын аспап аркылуу жел үйлөтүү/.

ПНЕВМОМЕДИАСТИНОГРАФИЯ пневмомедиастинография /көкүрөктүн көңдөйүндөгү өпкөнү эки бөлүккө бөлүп, жүрөк жана кан тамырлар менен чектешкен чел кабыкты изилдөө максатында жел үйлөтүп рентген аркылуу сүрөткө тартуу/.

ПНЕВМОНИЯ пневмония /өпкөнүн сезгениши, өпкөнүн кайсы бөлүгү дартка чалдыкканына жараша ар түрдүү сезгенүүлөр учурайт. Сезгенүүгө пневмококктордон башка вирустар да себепкер болушат/.

ПНЕВМОНЭКТОМИЯ пневмонэктомия /эки өпкөнүн бир жагын кесип алып таштоо; өпкө рак, туберкулез жана ириң ооруларга чалдыкканда жасалуучу операция/.

ПНЕВМОПЕРИКАРД пневмоперикард / жүрөктүн кабына абанын пайда болушу. Көбүнчө жарадар болгон учурларда байкалат/.

ПНЕВМОПЕРИТОНЕУМ пневмоперитонеум /ичке желди үйлөтүп, боор этти өөдө көтөрүү. Өпкөнүн туберкулез оорусун дарылоодо жана өпкөгө операция жасаган учурда да колдонулат/.

ПНЕВМОПЕКСИЯ пневмопексия / өпкөнү көкүрөктүн көңдөйүнүн



сырткы капталына тигип кошуу операциясы/.

ПНЕВМОРЕН пневморен /дарттын далилдөө максатында тегерегиндеги кобулга аба жиберип, бөйректүн абалын текшерүү/.

ПНЕВМОТАХОГРАФИЯ пневмотахография /дем алган жана дем чыгарган учурдагы абанын агымынын көлөмүн каттоо/.

ПНЕВМОТЕРАПИЯ пневмотерапия /өпкөдөгү илдетти сурук же кошу аба менен дем алдырып дарылоо. Муну атайын уюштурулган жайларда аппарат аркылуу дарылашат/.

ПНЕВМОТОМИЯ пневмотомия /дарылоо максатында өпкөнү кесүү. Көбүнчө өпкөнүн ириң оорусунда, аны сыртка чыгаруу максатында кесилет/.

ПНЕВМОТОРАКС пневмоторакс /көкүрөктүн көңдөйүнө аба жыйналып калуу. Мындайча өпкө ооруп же жарадар болуп тешилгенде байкалат/.

ПНЕВМОЦЕФАЛИЯ пневмоцефалия / баш сөөктүн ички көңдөйүнө абанын толуп калышы. Ал кокустуктан жыгылып баштын сөөгү сынган учурда байкалат/.

ПРИАПИЗМ приапизм/ эркектин жыныстык мүчөсү, жыныстык катнашуудан кийин дале чыңалган абалда турушу. Дарттын себеби белгисиз/.

ПРОПЕДЕВТИКА пропедевтика / сабактын курсу башталаарда берилүүчү сабак/.

ПРОПЕРДИН пропердин / адамдын канынын суюктугундагы белоктун бөлүгү. Микробдорду өлтүрүүгө, вирустардын уусун азайтууга жөндөмдүү/.

ПСАММА псамма /ичи катмарланган акиташка окшош зат менен курчалган сейрек учуроочу шишик/.

ПСЕВДОПЕЛАДА псевдопелада / кээ бир адамдарда чачта

учурап, чач түшүүдөн такыр баш болуу/.

ПОБОЙ дененин урулган жерлери / дененин бир жери урулганда оорушандыкты сезип, азыраак шишип, кызарып калган учуру/.

ПОВОРОТ ПЛОДА В МАТКЕ ПО Ж. БРЕКСТОН-ГИКСУ жатындагы баланы Брекстон-Гикстей айландыруу/ төрөт башталларда бала жатында туура жатпаса, аны нормадагыдай ушул ыктай, кол менен айландырууга туура келет. Ал ык автордун атында айтылат/.

ПОВЯЗКА таңуу/жараттын дарылоо максатында, ар түрдүү дарыларды жабыштыруу менен анын үстүн даки менен таңып коюу/.

ПОДАГРА подагра /зат алмашуу бузулганда байкалуучу муундардын өзгөчө оорусу/.

ПОДАЛГИЯ подалгия/буттун кетменинин оорушу. Каз тамандуу адамдарда көбүрөөк байкалат/.

ПОДДИАФРАГМАЛДЫК АБСЦЕСС диафрагманын алдындагы абсцесс / боор эттин алдындагы кобулда пайда болгон ирин/.

ПОДОФИЛЛИН подофиллин /Түндүк Америкада өскөн өсүмдүктөн жасалган, аны ичкенде заңды жумшартууга көмөктөшүүчү дары/.

ПОЗОЛОГИЯ позология /дарыны ичкенде канчалык көтөрө тургандыгын окуп үйрөнүү/.

ПОЙКИЛОЦИТОЗ пойкилоцитоз /өтө кийин аз кандуулукта байкалуучу, кандын ар түрдүү формадагы клеткаларынын пайда болушу/.

ПОЙКИЛОЦИТ пойкилоцит /келбети калыптагыдай эмес формадагы эритроцит. Эритроциттердин өсүү, өзгөрүү учурунда байкалуучу учуру/.

ПОЛЕ Г.КРЕНИГА Крёнига аймагы/немец врачы, 1856-1911;



өпкөнүн эки учундагы тилке бөлүк. Үстүнөн чертип көргөндө үндүн добушу коңур чыгат, ошол аймак Крёнига жайыгы деп аталат/.

ПОЛИАРТРИТ полиартрит /муундардын көпчүлүгүнүн сезгениши. Буту-колдордун, омурткалардын кошулган муундары ж.б./.

ПОЛИГАЛАКТИЯ полигалактия /эмчек эмизген аялдын сүттү өзгөчө көп чыгаруусу/.

ПОЛИДАКТИЛИЯ полидактилия / колдун же буттун бештен көп манжалуулугу/.

ПОЛИДИПСИЯ полидипсия /оорулуунун суу ичүү менен бирге өтө суусоосу. Бул диабет оорусунда байкалат/.

ПОЛИКЛИНИКА поликлиника / оорулуулардын врачтык жардам алууга келгендерине жана алардын үйүнө барып медициналык жардам көрсөтүүчү бардык врач-адистери бар мекеме/.

ПОЛЛАКИУРИЯ поллакиурия /адамдын бат-бат заара кылып туруусу. Заара кылууга бат-бат шиеттенүү/.

ПОЛЛЮЦИЯ поллюция /уктаган мезгилдеги эркектин өрөндүгүнүн куюлуп калышы/.

ПОЛИДИПСИЯ полидипсия /организмде суу менен туз катнашы бузулганда өтө суусоо, чаңкоо аны менен бирге сууну көп ичүү/.

ПОЛИМАСТИЯ полимастия / экиден көп эмчектүү адам/.

ПОЛИМЕНОРЕЯ полименорея / аялдын этек киринин бат-бат келиши/.

ПОЛИМЕРОЛ полимерол / тери ириңдеп ооруганда жана ал күйгөндөн кийин дарылоого тиешелүү дары/.

ПОЛИМИОЗИТ полимиозит /булчуңдардын көпчүлүгүнүн сезгениши/.

ПОЛИНУКЛЕАРНЫЙ полинуклеарлуу /көп ядролуу клеткалар/.

ПОЛИОМИЕЛИТ полиомиелит / жүлүндүн боз затынын сезгенүү оорусу/.

ПОЛИОЭНЦЕФАЛИТ полиоэнцефалит /баш мээнин боз затынын сезгенүү оорусу/.

ПОЛИП полип /былжырлуу кабыкчаларда өсүп чыга турган бүдүрчө, шишик/.

ПОЛИПОЗ полипоз /органдагы чоңдугу буурчактай көп сандагы бүдүрчөлөр/.

ПОЛИПРАГМАЗИЯ полипрагмазия /таасири карама болсо да көп сандаган ар түрдүү дарыны оорулууга жазып берүү/.

ПОЛИСЕРОЗИТ полисерозит /көңдөйлүү органдардын ички жылтырак кабыгынын бир тобунун бир убакта сезгениши/.

ПОЛИСПЕРМИЯ полиспермия /сперматозоиддин көптүгү. Көп бөлүнүп чыгышы/.

ПОЛИТЕЛИЯ полителия /эмчегинин үрпү өтө көп алл/.

ПОЛИУРИЯ полиурия / сийдикти көп чыгаруу. Сийдиктин суткалык санынын көптүгү/.

ПОЛИФАГИЯ полифагия/соргок, тамакты көп жегич алкы бузук адам/.

ПОЛИЦИТЕМИЯ полицитемия /кандагы эритроциттердин санынын өтө көп көбөйүшү/.

ПОРА пора /теринин көзөнөк тешиги/.

ПОРИОМАНИЯ пориомания / көчөк-көчөгү менен үйдөн безүү, турган жеринен качуу. Айрыкча жин оорусунда байкалат/.

ПОРОХОВАЯ БОЛЕЗНЬ миллиткини дарыгына чуланып оору /согуш убагындагы атылган замбиректердин түтүнүнөн пайда болгон оору/.



ПОРРИГО порриго/баштын чач чыккан жеринин оорулары; башты какач басып, анын кубулуп түшүшү/.

ПОРЭНЦЕФАЛИЯ порэнцефалия / мээ туура эмес өсүүдөн, анын үстү жагында көп сандагы бармак басымдай чуңкурчалардын пайда болушу/.

ПОСЛЕОПЕРАЦИОННЫЙ ПЕРИОД операциядан кийинки мезгил /оорулууга операция жасалып, ал айыгып үйүнө кеткенге чейинки убакыттын аралыгы/.

ПОСЛЕРОДОВЫЙ ПЕРИОД төрөттөн кийинки мезгил /бала төрөлгөндөн баштап, аялдын жыныстык мүчөлөрүнүн жана ага байланыштуу денедеги бардык убактылуу өзгөрүүлөр жана өз калыбына келген убакыттын аралыгы/.

ПОСЛЕРОДОВЫЙ ПЕРИОД төрөттөн кийинки мезгил /бала жаны түшкөндөн баштап эле алгы мезгил деп эсептелген же боюнда үчүнчү мезгил, баланын түшкөндөн кийинки учуру/.

ПОСТЭМБРИОНАЛЬНОЕ РАЗВИТИЕ эмбриондон кийинки өсүш /организмдин төрөлгөндөн кийин өсө баштаган учуру/.

ПОСТИТ постит /эркектин жыныстык мүчөсүнүн баш терисинин сезгениши/.

ПОСТМОРТАЛЬНЫЙ постморталдуу / адам өлгөндөн кийин, өлүктүн денесиндеги өзгөрүүлөрү/.

ПОСТНАТАЛЬНЫЙ постнаталдуу /төрөттөн кийинки он, он беш күндөн кийинки мезгили/.

ПОСТОЗНЫЙ постоздуу /денесин жылтырап, шишиги тартып көрүнгөн жери/.

ПОСТТРАВМАТИЧЕСКИЙ посттравмалык /дене жаралангандан кийинки мезгил/.

ПОСТФЕБРИЛЬНЫЙ постфебрилдүү /оорулуунун денеси калты-

рап-титиреөдөн кийинки абалы/.

ПОТОГОННОЕ ЛЕЧЕНИЕ тердетип дарылоо /тердетүү максатына ылайыкталган дарылоо/.

ПОТТА ПЕРЕЛОМ потта сыныгы / жото жиликтин кызыл ашыкка аштоочу муунунун жогору жагындагы эки урчугу сынуу менен, буттун сырт жагына чыгып кетиши/.

ПРЕВЕНТИВНЫЙ превентивдүү /оору, кырсык болтурбоо үчүн алдын алуучу, эскертүүчү, сактануучу учур/.

ПРЕДИСПОЗИЦИЯ предиспозиция / организмдин өтө сезгеничтигинен белгилүү бир оору менен бат эле ооруп калуучу абалы/.

ПРЕЗЕРВАТИВ презерватив /оору жуктурбоого, аялдын бойна болтурбоого колдонулуучу, эркектин жыныстык мүчөсүнө кийгизүүчү атайын жасалган жука резина/.

ПРЕКАНЦЕРОЗНЫЙ преканцерлүү /рак оорусу пайда болоор алдындагы абал/.

ПРЕКОМА прекома / эстен тануунун башталышы. Эстен тануу кант оорусу күчөгөн учурда жана боор оору катуу кармаган учурда байкалат. Булардын башталуу учурундагы абал прекома/.

ПРЕКОРДИАЛЬНЫЙ прекордиалдуу / жүрөктүн алды жагы, сөөгүнүн тушу/.

ПРЕМЕДИКАЦИЯ премедикация /дары менен операцияга даярдоо. Операция жасалаар алдында, оорулуунун нерв системасын жөнгө салуу үчүн андан мурун дары берүү/.

ПРЕДМЕНСТРУАЛЬНЫЙ ПЕРИОД этек кир, айыз башталардын алдындагы мезгил

ПРЕДОПЕРАЦИОННЫЙ ПЕРИОД операциядан мурунку мезгил /оорулуу ооруканада болуп, операцияга даярдап, терини кесе



баштаганга чейинки мезгилдин аралыгы/.

ПРЕДСТАРЧЕСКИЕ ПСИХОЗЫ улгайгандардагы психоз /адамдардын 40-50 жаш курбалында байкалуучу психоз оорусу/.

ПРЕНАТАЛЬНЫЙ пренаталдуу /ичтеги баланын төрөлөөргө жакын мезгили/.

ПРЕПАРАТЫ АНАТОМИЧЕСКИЕ анатомиялык препарат /окуучуларды окутууга же илимий изилдөөгө ылайыкталып, өлгөндөн кийин денесинин бир бөлүгүн кесип алып, формасын тирүү кездегидей кылып сактоо/.

ПРЕПАТЕЛЛЯРНЫЙ препателлярдуу / томуктун алдындагы жайык/.

ПРЕПУЦИУМ препуциум /эркектин жыныстык мүчөсүнүн башынын тегерегиндеги териси. Бул бүрүк адамдарда байкалат/.

ПРЕСБИАКУЗИС пресбиакузис / адам картайган убакта, жашы улгайгандагы кулагынын угушунун катуулашы, керең болушу/.

ПРЕСБИОПИЯ пресбиопия / адам карыганда жакынкы буюмдарды көрө албастыгынын байкалышы/.

ПРЕСЕНИЛЬНЫЙ пресенилдүү / улгайган адам картаяр алдындагы жаштын өлчөмү/.

ПРЕСЕНИУМ пресениум /алтымыш менен алтымыш беш жаштагы курбалдагы адамдар/.

ПРЕЦИПИТАЦИЯ преципитация /дарыны тунутуу/.

ПРИВЫЧНЫЙ ВЫКИДЫШ баланын өнөкөт катары бойдон түшүшү /бойна бүткөндөн кийин, белгилүү бир убакытта бойнан түшүп калышы/.

ПРИЗНАК А.ГЕЧАРА Гечаранын белгиси /немецтик гинеколог.. 1830-1914; кош бойлуулукту аныктоочу белги. Кош бойлуулуктун үч айга чейинки мезгилинде жатындын денеси менен моюнунун ортосундагы жумшак аймак пайда болуу. Жатынды эки кол менен кысып көргөндө, анда туурасынан кеткен кыр пайда болуу/.

ПРИЕМ К.КРЕДЕ Кредениин ыгы /немецтик гинеколог. 1819-1892; өзү түшө баштаган баланын тонун шылдам түшүрүү үчүн ич жактан жатындын түбүн эки кол менен кармап, шыдыр арт жагынан кысып. басуу/.

ПРИЗНАК И.Г.ДЭПСИНА Дэпсин белгиси / швейцардык врач. 1814-1931; көкүректүн бөлүгүндөгү үчүнчү омуртканын тушун адам бүйлөп жатканда асман көрүп тыңшаса, көкиректин эки ачасындагы без туберкулез оорусуна чалдыкканда жана ошол тушта шишик пайда болгондуктан, өзүнчө бир дирилдеген добуш угулат. Оору балдарда болсо, ал добуш андан жогорку омурткалардын тушунан да угулат/.

ПРИЗНАК Е.Х.ЛАСЕГА. Ласега белгиси /француз врачы. 1816-1883; бутту тизеден бүкпөй, алдын карай жылдырганда сандын арты куймулчакка чейин оорушу. Бул белги куяң оору пайда болгондо байкалат/.

ПРИЗНАК А.ПОПОВА Поповдун белгиси / болгар дерматологу 1891; тырмактын одурайып түлөп, ушалануучу оорусунда, тырмактын жанындагы теринин коктугу/.

ПРОБА Р.БАРАНИ Барани баамдоосу /венгердик врач.1876-1936; кулактын ичиндеги улулчосуно муздак /$20^{o}c$ суу куйганда баш айланат, тең салмактуулукту жоготот дагы көзү суу куюлбаган жакка карап кыйшаат. Ал эми /ысык $42-47^{o}c$/



суу куйганда, көз суу куйган жакка карап кыйшаят. Кулактын улулчосу ооруганда суу куйган жакта жогору жактагыдай өзгөрүүлөр байкалбайт/.

ПРОБА Е.ЛЕГАЛЯ Легал баамдоосу /немецтик врач. 1859-1922; сийдикте ацетон жана акцето уксус кислотасын аныктоочу химиялык реакция/.

ПРОБА С.Ж.МЕЛЬЦЕРА, В.ЛАЙОНА Мельцера-Лайон баамдоосу /америкалык врачтар. 1851-1920; өт чыгаруучу дарыларды оозон жиберген түтүк аркылуу куйганда, кара түстөгү өт чыкса норма деп, ал эми ал чыкпаса, өт жолдорунда шишик же таш бар деп күнөм саналат/.

ПРОБА Ф.Ф.СЕЛИВАНОВА Селиванов баамдоосу /орус химиги 1895; заарада фруктоза заты болгондугун аныктап баамдоо. 5 миллилитр заарага бирдей көлөмдөгү 25 проценттүү туз кычкылдыгынын эритмесин куюп жана бир топ тоголок резорцин салып жибергенде, эгерде фруктоза болсо, заара кызыл түскө айланат/.

ПРОГЕНЕЗ прогенез /өтө жаш мезгилде жыныстык өсүү; м.: балдардын же кыздардын мезгилден мурун жыныстык өсүп жетилүү учуру/.

ПРОГЕНИЯ прогения / алдыңкы ээктин алды жакка өтө чыгып турушу, кемшир ээк/.

ПРОДРОМ продром / оору башталаарын билгизген белги/.

ПРОЗОПАЛГИЯ прозопалгия /ар түрлүү себептен пайда болгон беттин тушунун оорушу/.

ПРОЗЭНЦЕФАЛОН прозэнцефалон /алдыңкы мээ, мээнин алдыңкы бөлүгү. Ал бир нече бөлүктөрдөн турат/.

ПРОКАЗА проказа /өтө жугуштуу жана коркунучтуу бат жайыла

турган түштүк ал:актардагы кеп учуроочу оору/.

ПРОКСИМАЛЬНЫЙ проксималдыг / деңеге чоок орнашкан деңениң ортузунга чанаша турган илдет; мүче/.

ПРОКТАЛГИЯ прокталгия / көтен -чучуктуң тегерегиниң катуу ааржыы/.

ПРОКТЕЙРИЗ проктейриз /төрээр үезинде солгун кыйрыл-ган херээженниң бурунгуларын чыйраалдыр максаттыгда, аллардың көтен=чучуунга кийрип кел тийилете турган резина баштык/.

ПРОКТИТ проктит / көтен=чучуктуң ичкии билдирлиг кат-марының сезенинии/.

ПРОКТОСПАЗМ проктоспазм / көтен=чучуктуң катуу кыйры-лыыш/.

ПРОКТОСТАЗ проктостаз /заңның көтен =чучукка кеп чыы-налып, сыртка чыкпайн калыыш/.

ПРОКТОСТЕНОЗ проктостеноз / аарыгның кезээнтинден ке-төн=чучуктуң тарыыш. Кушурулушу, колему кичирейиши/.

ПРОЛАПС пролапс /ички органнарның ичинден херээженниң тыш-ка чыга калуусу . М.: херээженниң хана көтен-чучуктуң ылдый түжүжү/.

ПРОЛИФЕРАЦИЯ пролиферация /ч-нөкей белүнүү менен ке-бейген чаңы клетка/.

ПРОМИСКУИТЕТ промискуитет /хүгүрүк аламдарның. ар кым-менен ылгавай хинныстыг катнажуусу/.

ПРОМЫВАНИЕ УХО кулактың ичин чуур / кулактың ичи кул-куга толуп калганда, аны атайын даярдалган суг менен шприц арткылаар чуур/.

ПРОНАРКОН пронаркон /наркоз катары колдонуучу химия-лыг зат. Аның эриттезинден 5 граммчы булчуңга куйса, адам 15 минутка чейин уктаар/.



ПРОНАЦИЯ пронация /холду ичине кайруу/.

ПРОПЕРДИН пропердин /кандиң суюгунуң тудумундагы про-теин белогу/.

ПРОПРИОРЕЦЕПТОР проприорецептор/мүчениң терең чаткан ткандарындагы сезиг нерв кииттелериниң башталыыш/.

ПРОПУЛЬСИЯ пропульсия / тиниг койсо эле алдыга кылып, же бети менен кыгылып кетүү. Айрыкча мээниң аарыында байка-лаар/.

ПРОСТАТА простата / эр кижиниң хинныстыг бези. Бул табарсык-тың түвүнге чалгашкан/.

ПРОСТАТИЗМ простатизм / эр кижиниң хинныстыг бези өзүүдеп, күч менен кыйналып заара кылуусу/.

ПРОСТАТИТ простатит / эр кижиниң хинныстыг бездиниң сезе-ниши/.

ПРОСТАТОРЕЯ простаторея / сийдик менен кожо хинныстыг бездиң суюктугунуң чыгыыш. Бул бездиң өткээлүнүң булчуңна-рының күчү начарлаганда учурайт/.

ПРОСТАТЭКТОМИЯ простатэктомия / эр кижиниң хинныстыг бе-зин алып таштаар; хинныстыг без чоонзудан сийдик холун кызы-руп туттугуузунга учурайт/.

ПРОСТИТУЦИЯ проституция / аллардың өз деңезин хинныстыг катнажууга сатуусу/.

ПРОСТРАЦИЯ прострация /өте бөр хүгүштүг аарыглардан кийинки өте арыктаар/.

ПРОТАНОПИЯ протанопия / аламдарның кээ бир үеактарда, өзгече, кызыл түстү көре албаазы/.

ПРОТЕАЗА <u>протеаза</u> /белок заттарын майдалап, ажыратуучу фермент/.

ПРОТЕЗ <u>протез</u> /дененин жасалма бөлүгү. Бул кемтик дененин бөлүгүн толуктоо катары жасалат. М.:чолок колдун,кемтик тиштердин ордун толуктоо катары коюлат/.

ПРОТЕИН <u>протеин ,жалпы белок</u> /кандын суюк бөлүгүндөгү протеиндин саны 7-8 процентке жетет. Анын 4-5 процентин альбумин жана 2-2,5 процентин глобулин деген белоктук заттар түзүшөт/.

ПРОТЕИНОТЕРАПИЯ <u>протеинотерапия</u> / оорудан кийин алсызданган организмди күчүнө келтирүү максатында, башка белоктук затты дары катары берүү/.

ПРОТЕОЛИТИЧЕСКИЙ <u>протеолитикалык</u> /белок заттарын ажыратуучу фермент. Протеолитикалык фермент белоктук реакцияны аминокислотага чейин ажыратат/.

ПРОТОРГОЛ <u>проторгол</u> /күмүштүн эритмеси ; эритме сезгенүүгө каршы гана дезинфекциялоочу касиетке ээ/.

ПРОТРАГИРОВАННЫЙ <u>протрагированный</u> / узакка созулган оорунун абалы,ууланган учуру/.

ПРОФИЛАКТИКА <u>профилактика</u> / ооруну, кокустукту болтурбай алдын алуучу чаралар/.

ПРОФУЗНЫЙ <u>профуздуу</u> / өтө күчтүү, өтө көп, өзгөчө кийин/.
М.:кандын тез арада көп агышы же оорулуунун ичи өтө бат өтүп чыгышы/.

ПРУРИГИНОЗНЫЙ <u>пуригиноздуу</u> /дарынын кесепетинен дененин кычышуучу, дүүлүгүүчү учуру/.

ПРУРИГО <u>пруриго</u> /өтө кычыштыруучу тери ооруларынын тобу/.



ПСАММОМА <u>псаммома</u> /өтө сейрек учуроочу, катмар-катмар акиташтуу шишик/.

ПСАММОТЕРАПИЯ <u>псаммотерапия</u> / ысык кумду дары катары колдонуу/.

ПСЕВДОАРТРОЗ <u>псевдоартроз</u> /сөөктүн сынгы толук бүтпөгөндө пайда болгон, сынган сөөктөрдүн кыймылдоочу жери/.

ПСЕВДОГЕРМОФРОДИТИЗМ <u>псевдогермофродитизм</u> /толук эмес кыз теке,Эркек сымал кыз текеде жыныстык без эркектикине окшош калып, экинчи жыныстык белгилери /үнү ичке чыгып, сакал муруту жок болуп/ аялдарга окшоп кетет. Аял сымал кыз текеде анын тескерисинче болот/.

ПСИХОФАРМАКОЛОГИЯ <u>психофармакология</u> / дары заттарынын жогорку нерв системасына тийгизген таасирин окуп үйрөнүү/.

ПСОРИАЗ <u>псориаз</u> /теринин түлөгөн кызыл темгилдүү өнөкөт оорусу/.

ПТЕРИГИЙ <u>птеригий</u> /көздүн сырткы катмарынан эт өсүп чыгуу/.

ПТИАЛИН <u>птиалин</u> /шилекейдеги фермент. Крахмалды жана гликогенди декстрин жана мальтозага айландырат/.

ПТИЛОЗ <u>птилоз</u> /кирпиктин кирпилип түшүшү/.

ПТОЗ <u>птоз</u> / көздүн жапкычынын үстүнкү жагынын илдийлап, көздү жаап калышы/.

ПТОМАИН <u>птомаин</u> /өлүктүн уусу/.

ПУБИОТОМИЯ <u>пубиотомия</u> /төрөт жолун кеңейтүү максатында, аялдын жамбаш сөөгү бири-бирине жакындап бириккен жерин алды жагынан кесүү/.

ПУЛЬВЕРИЗАЦИЯ <u>пульверизация</u> / ооруган жерге дарыны жел

менен бүркүү; өпкөнүн тереңдигине басымы катуу желдин жардамы аркылуу керектүү дарыларды үйлөтүп киргизүү/.

ПУЛЬВИНАР пульвинар /мээдеги көрүү дөңчөсүнүн арткы бөлүгү/.

ПУЛЬМОНАЛЬНЫЙ пульмоналдуу /бардык өзгөрүүлөрдүн өпкөгө тиешелүүсү, өпкөдө болгондугун аныктай турган учур/.

ПУЛЬМОНЭКТОМИЯ пульмонэктомия /өпкөнүн бир жагын кесип, алып таштоо. Ал өпкөнүн рак жана туберкулез жана башка оорууларында жасалат/.

ПУЛЬПА пульпа / тиштин ичиндеги жумшак бөлүгү/.

ПУЛЬПИТ пульпит /тиштин жумшак бөлүгүнүн сезгениши/.

ПУЛЬСАЦИЯ пульсация /кан тамырдын жагындагы шишиктер бир калыпта кыймылдап, былкылдап туруу/.

ПУЛЬСИРУЮЩИЙ пульстануу / жүрөктүн кагышына байланыштуу кан тамырлардын кагышынын өөдө- ылдый болуп лукулдап турушу/.

ПУЛЬС пульс / жүрөктүн кагышы. Муну тамырды кармап билет/.

ПУНКЦИЯ пункция /ийне сайып дененин көңдөйлөрүнүн ичиндеги суюктуктарды түтүк аркылуу сордуруу/.

ПУРГАТИВЫ пургативдер /ичти өтө өткөрүүчү дарылар. Мындай дарыларды адамдын ичи катып калганда колдонулат/.

ПУРГАЦИЯ пургация /ичти бошотуучу жана ичегидегилерди аңтарып ичиндегилерди чыгаруучу дарылар/.

ПУРПУРА пурпура /кан тамырлардын көпшөктүгүнөн, борпоңдугунан пайда болгон териндеги кызыл ала тёмгилдер/.

ПУРПУРА Е.Г.ГЕНОХА Генох тёмгилдери /немецтик педиатр; жаш балдарда учуроочу терисинде пайда болгон кызыл ала тёмгилдер. Бир нерсеге уулануунун натыйжасында майда кан тамырлар жарылуу. Бул ооруу кусуу, ич ооруу, ичегиге кан куюлуу, муундар ооруу, температура жогору көтөрүлүү менен мүнөздөлөт/.

ПУРУС пурус /таза, нагыз/.

ПУС пус /ириң/.

ПУСТУЛА пустула /денедеги ириңдүү ыйлаак/.

ПУСТУЛЕЗНЫЙ пустулездуу /ириңдүү /.

ПУСТАМЕН пустамен / ак күрп, тери агарып түлөө/.

ПУТРИДНЫЙ путриддуу / дененин бөлүгүнүн өлүп чирүүсү, жыттанып чирүүсү/.

ПУЭРИЛИЗМ пуэрилизм / чоң адамдардын жин оорусунда баладай сүйлөп, өзүн баладай сезип калган учуру. Бул абал камакка алынып тергөө жүргүзүлгөн адамдарда да көп учурап калат/.

ПУЭРПЕРАЛЬНЫЙ пуэрпералдуу / бала төрөлгөндөн кийинки мезгили. Аял төрөгөндөн кийинки мезгил/.

ПЧЕЛИНЫЙ ЯД аарынын уусу / жумушчу аарынын чагуучу узун тумшугунан бөлүнүп чыккан суюктук/.

ПЬЕЗОГРАФИЯ пьезография/пьезоэлектрдик жөндөм аркылуу дененин бир жериндеги жараланган жерден, тыштан кирген ар түрлүү нерселерди сызуу аркылуу кагазга түшүрүү/.

ПЯТНА Н.Ф.ФИЛАТОВА;Х.КОПЛИКА Филатов -Коплик тагы /жаш балдарда кызамык башталаар алдында I-3 күн мурун ууртунун ичинде көлөмү жарым миллиметрге жеткен тегереги кызыл тарткан ак чекиттер/.

Р

РАБДОМИОМА рабдомиома /туура аркактуу, жипчелүү булчуңдун шишик оорусу/.

РАБИЕС рабиес /кутуруу. Карышкыр, түлкү, итте болуп, алар адамды капканда шилекейинен жугуучу жугуштуу оору/.

РАГАДИ рагадар /адамдын оозунун бурчунда байкалуучу кесилип кетүүлөр/.

РАДИАЛЬНЫЙ радиалдуу /сөөктөрдүн ичинен кар жиликке тиешелүү сөздөр/.

РАДИАЦИЯ радиация /бир жерден жайылуу, чачыроо. М.: күндүн жана башка нурлардын чачыроосу/.

РАДИАЦИОННАЯ ГЕНЕТИКА радиациялык генетика/ нур чагылуу процесси укумдан =тукумга кандай таасир берүү закон ченемдүүлүгүн изилдөөчү илим/.

РАДИЙ радий /өтө маанилүү табигый радиоактивдүү элемент. Аны 1898-жылы эрди=катын Кюри уранидан тапкан. Радий күчүнүн жарымын 1590-жылда гана жоготот/.

РАДИКАЛЬНЫЙ радикалдуу /мүчөнүн бир жерине пайда болгон илдетти такыр кесип алып таштап айыктыруу/.

РАДИКОТОМИЯ радикотомия / жүлүндүн арткы тарамдарын кесүү/.

РАДИКУЛИТ радикулит /омуртканын тешигине чейинки аралыктагы жүлүндүн тарамдарынын сезгениши, куяң/.

РАДИОАКТИВНОСТЬ радиоактивдүүлүк /өзгөчө радий затынын ар түрлүү альфа, бета, гамма нурларын чачыратуусу/.

РАДИОГРАФИЯ радиография /денелин бөлүктөрүн рентген же радиоактивдүү нурлар аркылуу сүрөткө тартуу/.

РАДИОДЕРМИТ радиодермит/теринин рентген жана радиоактивдүү нурларынын кесепетинен сезгениши/.

РАДИОЛОГИЯ радиология / рентген жана радий нурларын окуу жөнүндөгү илим/.

РАДИОИЗОТОПНАЯ ДИАГНОСТИКА оорунун атын радиоизотоп менен табуу/.

РАДИОМЕТР КЛИНИЧЕСКИЙ клиникалык радиометр /колго алып жүрүүгө мүмкүн болгон, кан тазалануу илдамдыгын белгилеген, эн салынган атом менен өлчөй турган аспап/.

РАДИЕМТЕРАПИЯ радиумтерапия /оорулууну рентген жана радий нурлары менен дарылоо/.

РАДОН радон /радийдин нур жайылтышы. Илимий тилде- радон/.

РАЗГРУЗОЧНЫЕ ДНИ тамакты аз ичкен күндөр /ар түрлүү ооруларда зат алмашуу процессин билүү үчүн тамакты тарта ичкен күндөр/.

РАЙТА СИНДРОМ райта синдрому / колтуктун астындагы кан тамырлар жана нервдер кысылуудан колдун кан тамырлары өзгөрүп, сезбей калган учуру/.

РАНЕНЫЙ жараланган / согуш убагында, ачык жаралар болгон адам/.

РАНУЛА ранула /тилдин алдындагы бездин шишиги, барсылдагы/.

РАССЕЯННЫЙ СКЛЕРОЗ чачыранды склероз /борбордук жана чет жакадагы нервдердин кээ бир жерлеринин катуулашы, өнөкөткө айланып күчөп же кайталап күчөп көзголгон оорусу/.

РАХИАЛГИЯ рахиалгия /жонндо жана омурткаларда сезилүү-
чү ооруу/.

РАХИАНЕСТЕЗИЯ рахианестезия /жүлүндүн тегерегиндеги
суюктукка дары куюу менен ооруу сезимин жоюу/.

РАХИОТОМИЯ рахиотомия / операциялык жол менен омуртка-
нын көндөйүн ачуу/.

РАХИСХИЗИС рахисхизис /төрөлгөндөн эле омуртканын кап-
талынын кемтик жаралышынын байкалышы/.

РАХИТ рахит, итий / организмде Д витамини жетишсиз
болгондуктан келип чыккан жаш балдардын оорусу. Илдеттин
пайда болушуна баланын денеси ачык күндө болбогондугу түз-
дөн-түз көмөк берет/.

РЕАКТИВ реактив / химиялык реакция жасоочу зат/.

РЕАКТИВНЫЙ реактивдүү / организмдин кызматына тийгиз-
ген таасирине анын кайра жооп бериши. Организмдин алына
жарата реакция күчтүү жана алсыз болушу да ыктымал/.

РЕАКЦИЯ Б.АБДЕРГАЛЬДЕНА Абдергальден реакциясы /швей-
цардык физиолог, 1877-1950; аялдардын боюнда бар экендигин
аныктоочу реакция/.

РЕАКЦИЯ С.АШГЕЙМ, Б.ЦОНДЕК Ашгейм -Цондек реакциясы
/аялдын боюнда бар экендигин аныктоочу биологиялык реакция.
Күнөм санаган аялдын сийдигин өсүп жетиле элек ургаачы
чычкандарга куйганда, анын организминде мүнөздүү өзгөрүү-
лөр байкалат/.

РЕАКЦИЯ А.П.ВАССЕРМАНА Вассерман реакциясы/немецтик
бактериолог, 1866-1925; кандын суюктугун изилдөө менен сифилис
оорусу менен ооругандыкты билүү. Ал реакция безгек, кара
тумоо, кайталаган тиф оорусунда оң көрсөткүчтөрдү көрсөтөт/.



РЕАКЦИЯ Р.ВЕЙГЛЯ Вейгл реакциясы /польшалык врач 1881;
кара тумоо оорусун аныктоочу реакция; аны жүргүзүү үчүн оору
адамдын канынын суюк бөлүмүнө, биттен алынган кара тумоо
оорусун козгоочу микробу кошулат; демек бул реакция Вейл
Феликс реакциясына караганда ишенимдүү жана так болот/.

РЕАКЦИЯ Е.ВЕЙЛА, А.ФЕЛИКСА Вейл -Феликс реакциясы
/кара тумоо оорусун аныктоочу реакция. Реакцияны жүргүзүү
үчүн оорулуу адамдын канынын суюк бөлүгүнө Протеус $OX_{19}$
деген микробду кошот. Бул микроб адамдын заарасынан алынган,
оору козгобой турган зыянсыз жандык/.

РЕАКЦИЯ М.ВЕЙНБЕРГА Вейнберг реакциясы /француздук
патолог. 1868-1940; адамда эхинококк оорусу бар экендигин
аныктоодо колдонула турган реакция: Аны жүргүзүү үчүн оору-
луу адамдын канынын суюк бөлүгүн алып туруп, эхинококк дар-
тынан өлгөн койдун ички органдарында пайда болгон ыйлаак-
чалардын суусун кошот. Ушул реакциянын жардамы менен эхи-
нококк оорусунун 82%-ти туура аныкталган болот/.

РЕАКЦИЯ О.ВЕЛЬТМАНА Вельтман реакциясы /австриялык
врач. 1885-1934; сезгенүү дартынын кандан пайда болгонду-
гун же болбосо анын өтүшүп, өнөкөт ооруга айланып кеткен-
дигин аныктоочу реакция. Аны жүргүзүү үчүн оорулуу адамдын
канынын суюк бөлүгүнө хлордуу кальций эритмесин кошуп туруп,
кайнак сууга салып жылытат. Дарт өнөкөткө айланганда, кандын
белокторунун уюп калышы күчөйт/.

РЕАКЦИЯ ГАЛЛИ МАЙНИНИ Галли -Майнини реакциясы /арген-
тиналык врач. Аялдардын боюнда бар экендигин аныктоочу
реакция. Күнөм санаган аялдын сийдигин эркек бакага куй-

ганда, баладан бир топ убакыт өткөндөн кийин сперматозоид куюла баштаса, ал аял кош бойлуу деп эсептелинет/.

РЕАКЦИЯ М.ГРУБЕР,Ф.ВИДАЛЯ Грубер Видал реакциясы /ич келте оорусун аныктоочу реакция; оорулуу адамдын канынын суюк бөлүгүнө ушул дартты козгоочу микробду алып, өлтүрүп туруп, кошуу жолу менен жүргүзүлөт. Эгерде адам ич келте менен оруй баштаса, биринчи жуманын аягында ошол адамдын канында ич келте микробдорун бири-бири менен жабыштырып кой турган атайы заттар пайда боло баштайт. Демек, оорулуу адамдын каны, ага кошкон өлтүрүлгөн ич келте микробун жабыштыра алат/.

РЕАКЦИЯ Г.ВАКСА,В ГЕОРГИ Вакс-Георги реакциясы/сифилис оорусун аныктоо үчүн колдонулган кандын суюктугу менен жасалуучу реакция/.

РЕАКЦИЯ Г.ВАКО,Е. ВИТЕБСКОГО Вако -Витебского реакциясы / сифилис оорусун аныктоо үчүн колдонулуучу реакция/.

РЕАКЦИЯ Р.Л.КАНА Кана реакциясы /америкалык бактериолог 1887; котон жара (сифилис) оорусуна күнөм санаган адамдардын канынын суюктугун алып жүргүзүүчү реакция. Оорууну тактоо үчүн ал вассерман реакциясы менен бирге жүргүзүлөт/.

РЕАКЦИЯ Т.КАЗОНИ Казони реакциясы/ италиялык врач. 1880-1933; эхинококк кабыкчагындагы суюктуктан териге 0,1-0,2 мл киберилет. Эгерде аны киберген адам эхинококк оорусу менен ооруган болсо, ал жерде 15 минуттан 1-3 саатка чейинки убакта кызаруу пайда болот. Кээде бир суткадан кийин да кызарат. Таза адамдарда ал киберген жерде андай кызаруу байкалбайт/.

РЕАКЦИЯ Х.МАНТУ Манту реакциясы /Француз врачы, 1877-1947; оорулуу туберкулез оорусу менен ооругандыгын аныктоо үчүн жүргүзүлгөн реакция. Алынган туберкулездун микробактериясын териге сайганда, белгилүү бир убактан кийин анда кызыл темгил пайда болсо, анда туберкулез менен оруйт деп аталат/.

РЕАКЦИЯ Г.МЕЙНИКЕ Мейнике реакциясы/немецтик врач. 1878; кандын суюк бөлүгүн изилдеп сифилис /котон жара оорусун табуучу реакция/.

РЕАКЦИЯ Р.НЕЛСОНА,М.МЕЙЕРА Нельсон -Мейер реакциясы /англиялык врачтар. Эгерде сифилис оорусун оорутуучу микробун кандын суюк бөлүгүнө кое берсе, ал кадимкидей кыймылдап жүрө берет, ал эми сифилис оорусу менен ооруган адамдын канынын суюктугуна микроб кыймылын токтотот. Ошентип, оорулуу адамды аныктоого болот/.

РЕАКЦИЯ А.И. НЕСТЕРОВА Нестеров реакциясы / советтик врач. Атайын жасалган аппарат аркылуу тере басым түзүп, майда кан тамыр /капиллярлардын/ капталы аркылуу суюктук сызылып өтүү жолдорун аныктоо/.

РЕАКЦИЯ М.НОННЕ,Ф.АПЕЛЬТА Нонне -Апельт реакциясы /жүлүндүн тегерегиндеги сууда белок заттары- глобулиндердин көбөйүшүн аныктоо. Жарым миллилитр жүлүндүн суусуна, жарым миллилитр күкүрт кычкыл аммонийдин суу эритмесин кошуп аралаштырганда, үч минуттан кийин чаңыттана баштайт. Анда глобулиндердин саны көбөйгөндүгү деп эсептелет. Бул реакция нерв системасынын бардык сифилис оорусунда, менингит оорусунда оң болуп чыгат/.

РЕАКЦИЯ К.ПАНДИ Панди-реакциясы /венгердик невролог. 1868; жүлүндүн тегерегиндеги омурткалардын көңдөйүндөгү

сууктуктан белок-глобуллндерин аныктоочу реакция/.

РЕАКЦИЯ С.ПИРКЕ Пирке реакциясы / веналык педиатр. 1847-1929; билектин ички бетиндеги териге алсызданган туберкулездун таякчасынын суюндусунон укол жасоо. Эгерде сайган адамда туберкулез оорусу бар болсо, ал жер белгилүү бир убакытта кызарып чыгат. Ошого жараша оору же соо экени байкалат/.

РЕАКЦИЯ Ф.Р. РИВАЛЬТА Ривальт реакциясы /италиялык патолог 1883; денедеги сезгенчтен пайда болгон суюктуктун экссудат же транссудат экендигин аныктоо. Экссудатта белок көп болот. Бул реакцияны жүргүзүү үчүн изилделүүчү суюктуктун бир тамчысын 3% муз уксус кислотасына тамчылатса, чаңгыт тарткан булуттануу пайда болот. Демек изилденүүчү суюктук экссудатка таандык/.

РЕАКЦИЯ Б.ШИКА Шик реакциясы /венгердик педиатр 1877; дифтерия оорусун адам кабыл алабы деген ой менен жүргүзүлгөн реакция. Дифтериянын токсинин териге куйганда ал жерге ийреакция. Дифтериянын токсинин териге куйганда ал жерге нйлаак пайда болсо, ал адам оорууга мүмкүнчүлүгү бар деп эсептелинет/.

РЕАКЦИЯ А.ЯРИШ, К.ГЕРКСГЕЙМЕРА Яриш-Герксгеймера реакциясы /адамда сифилис /котон жара/ оорусунун сезгенчине чалдыккан тканын реакциясы. Бул реакция кээде сальварсан, сымап же висмут дарыларын биринчи куйганда байкалат/.

РЕАМПУТАЦИЯ реампутация /органдын бөлүгүн кесип таштоодон кийин экинчи жолу кайталап кесүү/.

РЕАНИМАЦИЯ реанимация /адам чукулунан өлүмгө дуушар келүүчү учурларда атайын көрсөтүлгөн жардамдык чаралар/.



РЕВАКЦИНАЦИЯ ревакцинация/вакцинди кайталап куюу, берүү/.

РЕВМАТИЗМ ревматизм/кызыл жүгүрүк оорусу/.

РЕВМАТОИД ревматоид/муундун жүгүштүү сезгенч оорусуна окшош оору/.

РЕВМАТОЛОГИЯ ревматология /медициналык илимдин кызыл жүгүрүк оорусун окуучу бир тармагы/.

РЕВУЛЬСИВНЫЕ СРЕДСТВА ревульсивдүү дарылар /дененин терениндеги сезгенч оорулардын болушун алакоштуучу дарылар/.

РЕАБИЛИТАЦИЯ реабилитация / оорулуунун оорудан кийинки эмгекке жөндөмдүүлүгүнүн калыбына келиши/.

РЕГЕНЕРАЦИЯ регенерация /клеткалардын өсүшүнүн натыйжасында мурунку кемтиктин ордун толуу. Дененин кесилген жеринин клеткаларынын өсүшүнүн калыбына келиши/.

РЕГЕНЕРАЦИЯ ВОЗДУХА аба алмаштыруу / чоң үйлөрдүн алдында коргонуу максатына ылайыкталып курулган жайлардын, суу алдындагы кеменин бөлмөлөрүн жана химиялык зат бөлүнүп алынуучу бөлмөлөрдүн абасын алмаштыруу, желдетүү чаралары/.

РЕГИОНАРНЫЙ регионардуу/дененин бөлүгүнүн белгилүү аймагы/.

РЕГРЕССИЯ регрессия /клетканын алдына кайра өсүп, мурунку чыккан калыбына келүүсү/.

РЕГУРГИТАЦИЯ регургитация /белгилүү өзгөрүүлөрдөн кийин ичи көңдөй органдардын ичиндеги газ жана суюктук өз жолу менен чыкпай, кайра артына кайрылып чыгышы. М.: кызыл өңгөчтөн тамак кайра чыгып, кулгуу/.

РЕДРЕССАЦИЯ редрессация /колу-буттун жана сөөк менен булчуңдардын кыйшык бүтүшүн кан чыгарбай калыбына келтирүү жолу/.

РЕДУКЦИЯ СЛУХА угуусу оңойлотуу /угуу көнүгүүсүн өткөрүү аркылуу кээ бир кулагы катуу адамдардын угушун жакшыртуу/.

РЕЗЕКЦИЯ резекция /мүчөнүн бир бөлүгүн кесип алып таштоо. М.: карындын, өпкөнүн бөлүгүн алып таштаганда да айтылат/.

РЕЗЕРПИН резерпин /жалпы таасири боюнча борбордук нерв системасына таасир берип, негизинен артериялык кандын басымын төмөндөтүүчү дары/.

РЕЗИДУАЛЬНЫЙ резидуалдуу /калганы, арткы/.

М.: заара кылгандан кийин, табарсыкта калып калган сийдикти резидуалдуу сийдик деп аташат/.

РЕЗИСТЕНТНОСТЬ резистентность / айланадагы көрүнүштөргө, жугуштарга организмдин каршылык көрсөтүүсү, чыдамдуулугу/.

РЕЗОРБЦИЯ резорбция /сиңирүү/.

РЕЗОРЦИН резорцин /химиялык заттардан алынган өтө бат катып калуучу жумшак, тунук зат. Муну көбүнчө курт жеген тиштин көбүлүн толтуруу үчүн тиштин врачтары колдонушат/.

РЕЗУС ФАКТОР резус фактор /кээ бир адамдагы кандын өзгөчөлүгү. Адамдардын 15 проценти резус фактору сол, ал эми калгандары оң. Ушундай өзгөчө кандуулар бири -бирине кан куйганда кандын тобу боюнча келишпестик байкалат. Андай кандын куйганда өлүмгө да алып келет/.

РЕИМПЛАНТАЦИЯ реимплантация /операциялык жол менен кесип алган тканды же органды мурунку өз ордуна жамоо/.

РЕИНВЕРСИЯ реинверсия / кээде дененин бөлүгү башка жерге жылбай, мурунку өз ордуна келүү, м.:жатындын, ичегинин толгонушу/.

РЕИНФЕКЦИЯ реинфекция /жугуштуу илдеттин экинчи жолу



кайталап жугушу/.

РЕЙНБЕРГА МЕТОД Рейнберг методу / жүрөктүн кан тамыры жетишсиз болгондо, жүрөк иштөөгө көмөктөшүүсүнө ылайыкталган операция/.

РЕКАЛЬЦИФИКАЦИЯ рекальцификация / организмдеги кальций затынын кемин толтуруу чаралары/.

РЕКОМПЕНСАЦИЯ рекомпенсация / оорудан кийинки организмдин кызматынын калыптанышы/.

РЕКОНВАЛЕСЦЕНТНЫЙ реконвалесценттүү / оорудан айыга баштаган абал/.

РЕКОНВАЛЕСЦЕНЦИЯ реконвалесценция / оорудан айыга баштоо/.

РЕКРУДЕСЦЕНЦИЯ рекрудесценция /оорунун айыккан өңдөнгөнү менен кайталап башталышы, күчөшү/.

РЕКТАЛГИЯ ректалгия / көтөн-чучуктун өтө ооруşу/.

РЕКТАЛЬНОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ көтөн-чучук аркылуу изилдөө /көтөн- чучуктун өзүн жана анын жанындагы жанаша органдарды байкоо үчүн, көтөн чучуктун ичи аркылуу жүргүзүлгөн изилдөөлөр/.

РЕКТАЛЬНЫЙ ректалдуу/көтөн-чучукка байланыштуу. М.: кээ бир дарыларды көтөн-чучук аркылуу / ректально/ берүү/.

РЕКТИФИКАЦИЯ ректификация / тазаланган суюктукту экинчи кайталап тазалоо/.

РЕКТОСКОПИЯ ректоскопия /көтөн-чучукту атайын курал менен кароо. Дарттын атын билүү үчүн жасалуучу аракеттер/.

РЕКТОЦЕЛЕ ректоцеле /көтөн-чучуктун алдыңкы капталы ойлуп, чуңкурайган жери. Сык болуу менен ооругандыкты сезбейт/.

РЕКТУМ ректум /жоон ичегинин бүткөн чеги, көтөн-чучук. Түз ичеги/.

РЕКУРРЕНТНЫЙ рекурренттүү / кайталоочу, кайра кайрылуучу М.: кан тамырлар түз барып бир бутагы кайра өөдө же төмөн кайрылуусу/.

РЕЛАКСАНТЫ релаксанттар / жалпы ткандарды шалбыратуучу же сөөктү курчаган булчуңдардын чыңалуусун бошоңдотуучу дарылар/.

РЕЛАКСАЦИЯ релаксация / дененин чымырдыгын жумшартуу, шалбыратуу жалпы алсыздандыруу/.

РЕЛАПАРОТОМИЯ релапаротомия / талапка ылайыктуу ичти операциялык жол менен экинчи жолу кайра ачуу/.

РЕЛАПСУС релапсус / оорунун күчөшү басаңдагандай болгону менен кайра күчөп кайталашы/.

РЕЛУКСАЦИЯ релуксация /сөөктөрдүн муундан экинчи жолу кайталап чыгып кетүүсү/.

РЕМИССИЯ ремиссия /оорунун сезгениши, температуранын жогорулашы таптакыр сезилбей же убактылуу ооругандыгы басылып калган учуру/.

РЕН рен / бөйрөк/.

РЕНОГРАФИЯ ренография / бөйрөктү рентгендик нур аркылуу сүрөткө тартуу/.

РЕНТГЕНОГРАММА рентгенограмма /дененин бөлүгүнүн рентген нуру аркылуу сүрөткө тартылышы/.

РЕНТГЕНОГРАФИЯ рентгенография / ички органдарды же дененин бөлүгүн рентген нуру аркылуу сүрөткө тартуу жолу/.

РЕНТГЕНОЛОГИЯ рентгенология / медицинада рентгендин нурун колдонуу жөнүндөгү окуу/.



РЕНТГЕНОСКОПИЯ рентгеноскопия /рентгендик нур аркылуу кароо/.

РЕНТГЕНОТЕРАПИЯ рентгенотерапия / рентгендик нур менен дарылоо/.

РЕПАРАЦИЯ репарация /ткандын кемтиги, жетишсиздиги өсүп жетүү калыбына келүү учуру/.

РЕПЕЛЛЕНТЫ репелленттер /курт-кумурскаларга жагымсыз заттар. Алар кошулган упаны же майды денеге сыйпаса курт-кумурска чакпайт/.

РЕПЛАНТАЦИЯ реплантация /кемтик мүчөнүн бөлүгүнө экинчи жолу кайталап тканды же кемтик бөлүгүн жамоо/.

РЕПОЗИЦИЯ репозиция /сөөктөрдүн сыныктарын,муундардын чыккандарын ордуна келтирүү/.

РЕПОНОБИЛЬНЫЙ репонобилдүү /сөөктүн сыныктарынын мурунку ордуна келүүсү, оңдолуусу/.

РЕСОЛЬВЕНЦИЯ ресолвенция /башталган сезгенүүнү токтотуп, аны таратуучу дарылар/.

РЕСОЛЮЦИЯ ресолюция / денедеги сезгенүүдөн калган катуу нерселердин тарашы/.

РЕСПИРАТОРИУС респираториус /дем алууга байланыштуу бардык өзгөрүүлөр/.

РЕСПИРАЦИЯ респирация / дем алуу; дем алуудан организм кычкылтекти /кислородду/ өзүнө алып, көмүр кычкыл газын бөлүп чыгарат/.

РЕСТИТУЦИЯ реституция /организмдеги өзгөрүүлөрдүн калыбына келүүсү/.

РЕТЕНЦИЯ ретенция /баланын тону жана сийдиги кармалып, кечигип чыгуусу/.

РЕТИКУЛОЦИТ ретикулоцит / көрүнүшү желедей, торчолуу жаш эритроцит/.

РЕТИКУЛОЭНДОТЕЛИАЛЬНАЯ СИСТЕМА ретикулоэндотелиалдык система /мезанхима клеткаларынан өсүп чыгып, бардык органдарга чайылган, организмдеги суюктуктагы майда заттарды өзүнө сиңирүүчү клеткалардын тобу. Бул клеткалар денеде коргонуучу касиетке ээ болуп зат алмашууга да катышат/.

РЕТИКУЛОЭНДОТЕЛИОЗ ретикулоэндотелиоз / ретикулоэндотелиалдык системадан өсүп чыккан ткандар/.

РЕТИКУЛУМ ретикулум / нерв жипчелеринин, тамырлардын түзүлүшү торчо болушу/.

РЕТИКУЛЯРНЫЙ ретикулярдуу /көздүн катмарындагы тор окшош желелүү жер/.

РЕТИНА ретина /көздүн тор сымал катмары/.

РЕТИНИТ ретинит /көздүн тор сымал катмарынын сезгениши/.

РЕТИНОБЛАСТОМА ретинобластома /көздүн тор катмарынан өсүп чыккан коркунучтуу шишик/.

РЕТИНОПАТИЯ ретинопатия /көздүн тор сымал катмарынын жалпы эле оорусу/.

РЕТРАКЦИЯ ретракция /дененин бөлүгүнүн артына кайра кантарылуусу/.

РЕТРАНСФУЗИЯ ретрансфузия /кан аккан учурда, аны ошол эле кишинин өзүнө кайра куюу/.

РЕТРОАУРИКУЛЯРНЫЙ ретроаурикулярдуу / кулактын артындагы бардык өзгөрүүлөр/.

РЕТРОБУЛЬБАРНЫЙ ретробульбардуу /көздүн тереңинде, артындагы өзгөрүүлөр/.

РЕТРОВЕРСИЯ ретроверсия /мүчө негизги угунан бурулуп артына кайкалоо абалы/.

РЕТРОГНАТИЯ ретрогнатия / алдыңкы ээктин өсүп жетпестиги, кем ээк/.

РЕТРОГРАДНЫЙ ретрограддуу / дененин бир бөлүгүнүн артка кетүүсү же илдеттин дененин артынан орун алуусунда айтылуучу сөз/.

РЕТРОКАРДИАЛЬНЫЙ ретрокардиалдуу / жүрөктүн артынан орун алган, жайгашкан өзгөрүүлөрү/.

РЕТРОМАНДИБУЛЯРНЫЙ ретромандибулярдуу /алдыңкы ээктен ары орун алган өзгөрүүлөр/.

РЕТРОНОСАЛИС ретроносалдуу /мурундун арткы тереңинде орун алган өзгөрүүлөр/.

РЕТРОПЕРИТОНЕАЛЬНЫЙ ретроперитонеалдуу /ичтин жылтырак челинин арт жагындагы өзгөрүүлөр/.

РЕТРОПОЗИЦИЯ ретропозиция /мүчөдөгү илдеттин, мүчөнүн артынан орун алуусу, артка кайрылып калуусу/.

РЕТРОСТЕРНАЛЬНЫЙ ретростерналдуу /дарттын төш сөөгүнүн артынан орун алган, жайгашкан ууру/.

РЕТРОУТЕРИННЫЙ ретроутериндүү /дарт жатындан ары, артында туруу/.

РЕТРФАРИНГЕАЛЬНЫЙ ретрфарингеалдуу / жуткунчтан ары, тереңинен, орун алган бардык өзгөрүүлөр/.

РЕТРОФИКСАЦИЯ ретрофиксация / артына бекитүү, тигүү. М.: жатынды артына кайрып, кыймылдабагыдай тигип коюу/.

РЕТРОФЛЕКСИЯ ретрофлексия /колду же бутту кайра артына ийилтүү, кайрылтуу абалы/.

РЕТРОЦЕКАЛЬНЫЙ ретроцекалдуу /сокур ичегинин артында орун алган, жайгашкан өзгөрүүлөр/.

РЕФЛЕКС Ж.БАБИНСКОГО Бабинскийдин рефлекси /париждик невропатолог. 1857-1932; буттун таманынын сырт жагын тырмак жана ийне менен сыдырганда, буттун чоң бармагы акырындык менен өөдө жазылышы. Соо кезде ал ылдый жазылат. Ушул учурда бармак өөдө кайкаласа ооруга жүлүндүн ортосу дартка чалдыккандыгын далилдейт/.

РЕФЛЕКС К.МЕНДЕЛЯ,В.М.БЕХТЕРЕВ Мендел- Бехтерев рефлекси /буттун кетменинин үстүн атайын жасалган балка менен уруп көрүү. Таза адамдарда ошол учурда баш бармактан башка бармактар өйдө кайкалайт. Ал эми жүлүнүндө дарты бар адамдардыкы анын тескерисинче, бармактар төмөн жакка карап жайылат. Бармактардын ушундай реакциясы бул авторлордун атында аталат/.

РЕФЛЕКС Н.ОППЕНГЕЙМ Оппенгейм рефлекси / немецтик невролог. 1858-1919; буттун ич жак бетин тизеден ылдый кишы ашыкка чейин эки манча менен катуу сыдырганда, буттун манчалары өзгөчө баш бармак төмөн бүгүлбөстөн кайра кайкалайт. Мындай абал жүлүндүн ичиндеги өткөрүүчү нерв жипчелери дартка чалдыкканда байкалат/.

РЕФЛЕКС Г.И.РОССОЛИМО Россолимо рефлекси /орус неврологу, 1860-1928;буттун манчаларынын жумшак жерин атайын балка менен уруп көргөндө, бармактардын таман жакка кайрылышы. Мындай көрүнүш жүлүн дартка чалдыкканда байкалат/.

РЕФЛЕКС М.ШЕФФЕРА Шеффер рефлекси /немецтик невролог. 1852-1923;ашык тарамышты/согончоктогу/ катуу кыса кармаганда, буттун баш бармагы төмөн ийилүүнүн ордуна, жогору жагына кайкалоосу/.

РЕФЛЕКТОРНЫЙ рефлектордуу/ эрксиз, эркке баш ийбеген



учур. М.: даамдуу тамактын жытын искегенде, шилекей куюлуу/.

РЕФЛЮКС рефлюкс /кайра агуу. М.: сийдиктин төмөн эмес кайра жогору агышы/.

РЕФРАКЦИЯ рефракция / жарык нурлардын сынышы, чагылышы. Көздө чагылган нурлардын сынышы бузулуудан, көздүн алыстан жана жакындан көрүүсүнүн өзгөрүүсү/.

РЕФРИЖЕРАНЦИЯ рефрижеранция /муздатуу менен дарылоо. Дененин нсиганын төмөндөтүү/.

РЕЦЕПТ рецепт / врачтын аптекага дарыны даярдоого жана аны кантип колдонуу керектигин көрсөтүп берген жазуусу/.

РЕЦЕПТОРЫ рецепторлор /организмдеги айлана чөйрөдөгү кубулуштарды кабыл алуучу клеткалар/.

РЕЦЕПТУРА рецептура / врачтын жазган дарыларын даярдоо жана берүү, рецепти аткаруу/.

РЕЦЕССИВНЫЙ рецессивдүү /мурунку ата- бабадан калган белгилердин кийинки муундарда сакталбай жоголуусу же белгилер андан аркы тукумда начар сакталышы/.

РЕЦИДИВ рецидив /оору айыккандан кийинки кезде анын кайра кайталанышы/.

РЕЦИПИЕНТ реципиент /кан куюуда байкалуучу дайыма канын бербей, өзүнө алган адам/.

РЕДУКАЦИЯ СЛУХА редукация жолу менен уктуруу / угуу жөндөмдүүлүгү начар адамдарды, угууга тарбиялоо жолу менен уктуруу/.

РИВАНОЛ риванол / дезинфекцияга колдонуучу химиялык зат/.

РИГИДНОСТЬ ригидность /муундун кыймылынын катуулугу,

тоңдугу. Бул булчуңдун чыңалып, катуулашынан пайда болот/.

РИГИДНЫЙ ригиддүү /муундун катуу жумулбаган, бүгүлбөгөн учуру. Көбүнчө жүлүн ооруга чалдыкканда байкалат/.

РИККЕТСИОЗЫ риккетсиоздор / риккетсиялар пайда кылуучу жугуштуу оорулардын тобу. Алар кенелерден, биттерден, бүргөлөрдөн табылат. Андан башка алар кээ бир жапайы жана үй жаныбарларынан да табылат/.

РИККЕТСИЯ реккетсия /Г.Т. Реккетс деген автордун наамына коюлган -майда микробдордун, жандыктын аты. Ал майда жандыктардын классификациясында бактерия менен вирустун ортосундагы жандык. Өсүү процесси ткандардын гана ичинде өтөт/.

РИНИТ ринит /көпчүлүк убакта суук тийүүдөн пайда болгон мурундан суу куюлуп оорусу/.

РИНОБЛЕННОРЕЯ ринобленнорея / мурундун былжырлуу катмарынын ириңдеп сезгенүүсү/.

РИНОГЕННЫЙ риногендүү /ар түрлүү таасирлердин мурундан башталышы/.

РИНОЛАЛИЯ ринолалия /мурду менен сүйлөө/.

РИНОЛИТ ринолит /мурундун ичине катуу таштай берч пайда болуу/.

РИНОСКЛЕРОМА риносклерома / мурундун ичине майда чыбырчыктар чыгып, кээ бирде кан чыгууну байкоо/.

РИНОСКОПИЯ риноскопия /мурундун ичин атайын жасалган күзгү аркылуу карап көрүү/.

РИНОРРЕГИЯ ринорргия /мурундан өтө көп кан агуу/.

РИНОФИМА ринофима /мурундун учунун кызарып, чоңоюшу. Бул көбүнчө аракечтерде байкалат/.



РИСОЗИДНЫЕ ТЕЛА куруч окшош бүдүрлөр /муундун ичиндеги сезгенүүдөн кийин пайда болгон, чоңдугу ашкабактын уругуна окшош бүдүрчөлөрдүн пайда болушу/.

РОБЕНА СИНДРОМ Робен синдрому /туулгандан эле ээктин кемдиги, Аны менен кошо тилдин артка тартылышы жана таңдайдын ортосунун жарыгы, бүтпөстүгү/.

РОДОПСИН родопсин /көздүн көрүүгө жөндөмдүү тор катмарындагы таякча клеткаларында жайгашкан жарыкты сезүүчү төмгил, так/.

РОЖА тилме /теринин сезгенип кызарган оорусу/.

РОЗЕОЛЫ розеолдор / теридеги чоңдугу чекиттен чоңураак, басып көргөндө тарап кетүүчү кызыл тактар/.

РОТОТОР ротатор / аткарган кызматы боюнча органды тегеретүүчү, айландыруучу булчуңдар/.

РОТАЦИЯ ротация / муундардын тегеренүү, айлануу системадагы кыймылы/.

РОТАЦИЗМ ротацизм / кээ бир тыбыштарды айта албаган, чулдур адамдар/.

РТУТНАЯ МАЗЬ сымап майы / вазелинге кошулган сымаптуу май. Көпчүлүк учурда теридеги мите оорусун айыктырууга колдонулат/.

РУБЕЛОЛА рубелола /кызамык оорусна күнөм санатуучу теринин кызыл төмгилдери/.

РУДИМЕНТ рудимент / өсүп жетилбей калган абалдагы мүчө/.

РУДИМЕНТАРНЫЙ рудиментардуу / түйүлдүк башталганда, аягына чейин өсүп жетилбей калган учуру/.

РУМЕНАЦИЯ руменация /аш казандан кулгуп чыккан заттар-

ды чайноо, кепшөө/.

РУПИИ рупия /котон жара оорусунда байкалуучу көп катмарлуу картык/.

## С

САГИТАЛЬНЫЙ сагиталдуу / теке маңдай; адамды узунунан экиге бөлүүчү сызык/.

САДИЗМ садизм / жыныстык катнашуу мезгилинде, бирөө экинчисине денесинин бир жерине оорутандыкты сездирүү, тиштеп алуу, чымчуу тытып алуу ж.б. мыкаачылык/.

САКРАЛИЗАЦИЯ сакрализация/ куймулчак сөөккө бел омурткасынын биригип, шыкалып калышы/.

САКРАЛЬНЫЙ сакралдуу /куймулчакка байланыштуу бардык өзгөрүүлөр/.

САКРОДИНИЯ сакродиния /куймулчак туштун оорушу/.

САКРОКОКЦИГАЛЬНЫЙ сакрококцигалдуу /куймулчак сөөк менен чычаң сөөгүнө байланыштуу өзгөрүүлөр/.

САКРОКОКСИТ сакрококсит /куймулчак, жамбаш сөөктөрүнүн муунунун сезгениши/.

САКРОЛЮМБАЛЬНЫЙ сакролюмбалдуу /куймулчак менен бел омуртканын аймагында болгон бардык өзгөрүүлөр/.

САКРОЦЕЛЕ сакроцеле /эркектин жумурткасына жумшак эт өсүп чыгуу. Бул рак, туберкулез оорусунда байкалат/.

САКТОСАЛЬПИНКС сактосальпинкс / жатын түтүгүнүн тегерек, көбүнкү тартып чоңоюусу/.

САЛОНИЗМ салонизм /өнүп калган картошканы жегенде уулануу/.

САЛЬМОНЕЛЛЁЗ сальмонеллёздор /ичегидеги жугуштуу



оорулардай, кээде жугуштуу оорулар деп аталган сальмонелла жандыктары пайда кылуучу оору/.

САЛЬНИК чычыркай май

САЛЬПИНГИТ сальпингит /жатындын түтүгүнүн сезгениши/.

САЛЬПИНГОГРАФИЯ сальпингография / жатындын түтүгүнө нур өтпөс зат жиберип, рентген нуру менен сүрөткө тартуу/.

САЛЬПИНГООВАРИЭКТОМИЯ сальпингоовариэктомия /жатындын түтүгү менен бирге. жумурткасын кошо алып таштоо/.

САЛЬПИНГООФОРИТ сальпингоофорит / жатындын түтүгү менен аялдын жумурткасынын кошо сезгениши/.

САЛЬПИНГЭКТОМИЯ сальпингэктомия /операциялык жол менен жатындын түтүгүн алып таштоо/.

САЛЮЗИД салюзид /туберкулез оорусун дарылоодогу эң негизги дарылардын бири/.

САНАТОРИЙ санаторий /өнөкөт ооруларга профилактика жана дарылоо жүргүзүүчү медициналык мекеме/.

САНАЦИЯ санация /дарылоочу, дезинфекциялоочу заттар менен көңдөйдүн ичин жуу; тазалык шартты жакшыртуу чаралары/.

САНГВИНОЛЕНТНЫЙ сангвиноленттүү/ каны менен. кан аралаш канга боёлгон /.

САНИТАРНО ЭПИДЕМИОЛОГИЧЕСКАЯ РАЗВЕДКА санитардуу -эпидемиологиялык чалгындоо /өзгөчө аскердик кызматтын учурунда аскерлердин бир жерден, экинчи жерге көчүргөндө жугуш оорулары бар экендигин байкоо, чалгындоо чаралары/.

САНИТАРНЫЕ ПРОБЫ санитардык баамдоо / ар түрдүү нерселердин тазалыгын изилдөө максатында алып текшерүү/.

САНИТАРНЫЙ ИНСТРУКТОР санитардык инструктор /атайын

окуу жайларда даярдалган аскердик кенже кызматкер. Алардын милдетине, негизинен согуш убагындагы жарадар болгон жоокерлерди медициналык пунктка жеткирүү кирет/.

САНИТАРНЫЙ ПАСПОРТ санитардык паспорт /тамак заттарынын мамлекеттик стандартка туура келе турган сапаты жөнүндөгү документ/.

САПОНИНЫ сапониндер /азотсуз глюкозиддер/.

САПОНИФИКАЦИЯ сапонификация /ичеги карнындагы май,өт-дөчтүн таасиринин натыйжасында, самынга айланышы/.

САПОТОКСИНЫ сапотоксиндер /өтө уулуу, азотсуз глюкозиддер/.

САПРЕМИЯ сапремия /канга чирик заттар кошулуп, алар аркылуу организмдин ууланышы/.

САПРОФИТЫ сапрофиттер /организмдеги ден соолукка зыян келтирбөөчү бактериялар жана грибоктор/.

САРКОИД саркоид /теридеги саркома окшош шишик/.

САРКОЛЕММА сарколемма /булчуң жиптеринин тышынан ороп турган ийилчээк кошкуч ткандуу кабык/.

САРКОМА саркома /кошкуч ткандардын өсүшү. Өсүп башталганда чыккан зыяндуу шишик/.

САРКОМАТОЗ саркоматоз /кошкуч ткандардан өсүп чыккан шишиктин мүчөлөргө таралып кетиши/.

САРКОСПОРИДОЗ саркоспоридоз /жаныбарлардан жугуп, андан өлгөн адамдарды союп жатканда кокусунан гана кезигип калуучу кошумча оору. Ал дененин бардык жеринде учурашы ыктымал/.

САРЦИНА сарцина /формасы тоголок келип, узун тууранынан таңылгандай таңылчак окшош микрококктор/.



САТИРИАЗ сатириаз / катын жандуу, жүгүрүк эркек/.

САТТОНА БОЛЕЗНЬ саттон оорусу /теринин бир жеринде тегерете ак болуп, анын ичинде меңге окшош кара тактуу теринин оорусу. Кээде ал тактан буурул түстөгү кыл өсүп чыгат. Өзгөргөн жердин көлөмү бир сантиметрден ашпайт.Бул коркунучсуз/.

САТУРАЦИЯ сатурация /организмдеги кандын, ткандардын, суюктуктардын газга аралашы, сиңирилиши/.

САХАРОМИЦЕТЫ кант мицеттери /спирттик ачууну козголтуучу ачыткы/.

СВЕТОВОЕ ГОЛОДАНИЕ жарыктан жабыркоо / күндүн жарыгы же андагы нурлардын бөлүгү организмге жетишсиздиктен жалпы организмдин жарыкты керектөө жөндөмдүүлүгү начарлап, жабыркоо башталуу/.

СВИДЕТЕЛЬСТВО О СМЕРТИ адамдын өлгөндүгү жөнүндө врачтар тарабынан берилген күбөлүк кат

СЕБОЛИТ себолит /май безинде таштын пайда болушу/.

СЕБОРЕЯ себорея /май бездеринин чыгарган суюктугунун көп чыгышы/.

СЕГМЕНТ сегмент/денедеги мүчөнүн бөлүгү/.

СЕГМЕНТАЦИЯ сегментация /адамдын мүчөсүнүн майда бөлүккө бөлүнүүсү/.

СЕДАТИВНЫЕ СРЕДСТВА денени тынчтандыруучу дарылар

СЕДАТИВУС седативус / жан жай алган учур. Айлана чөйрөдөгү кубулуштарга көңүлдүн аз бурулушу/.

СЕДИМЕНТАЦИЯ седиментация суюктук тунуу, аны тундуруу/.

СЕКВЕРСТР <u>секверстр</u> /таза органдан бөлүнүп калган чирик. Бул сөөк сынганда, кулгуна оорусунда байкалат/.

СЕКЛЮЗИЯ <u>секлюзия</u> /көздүн алдыңкы кобулунун, арткы кобулунан ажырашы/.

СЕКРЕТ <u>секрет</u> / без клеткалары чыгарып, организмге белгилүү бир таасир берүүчү суюктуктар/.

СЕКРЕТИН <u>секретин</u> /ичке ичегинин былжырлуу кабыгы бөлүп чыгарган өзгөчө суюктук. Ал канга кошулганда, карындын алдындагы уйку безин суюктук чыгарууга түрткү берет/.

СЕКРЕТОРНЫЙ <u>секретордуу</u> /бездердин суюктук чыгаруучу учуру/.

СЕКРЕЦИЯ <u>секреция</u> /без клеткаларынын зат чыгаруу процесси/.

СЕКСУАЛЬНЫЙ <u>сексуалдуу</u> /бардык аракеттин, организмде болгон бардык илдеттин жыныска тиешелүүсү/.

СЕКУНДИПАРА <u>секундипара</u> /экинчи жолу төрөгөн аял/.

СЕКЦИЯ <u>секция</u> / денени кесүү, жаруу/.

СЕЛЕКЦИЯ <u>селекция</u> /талдоо, тандоо/.

СЕМИНОМА <u>семинома</u> / эркектин жыныстык безине чыккан коркунучтуу шишик оорусу/.

СЕНИЛИЗМ <u>сенилизм</u> /адамдын өз убактысынан мурдараак эрте каруусу/.

СЕНИЛЬНОСТЬ <u>сенильность</u> / улгайган адамдардын организмдеги өзгөрүүлөрү. Орточо эсеп менен 65 жаштан 75 жашка чейинки жаштагылардагы өзгөрүүлөр/.

СЕНИЛЬНЫЙ <u>сенилдүү</u> / карылыктан, улгайгандыктан/.

СЕНСИБИЛИЗАЦИЯ <u>сенсибилизация</u> /ткандардын жана башка



клеткалардын белокко өтө сезгеничтиги. Мындай абал белокторду бир нече жолу алгандан кийин байкалат/.

СЕНСОРНЫЙ <u>сенсорный</u> /сезүүчү, сезүүгө байланыштуу бардык өзгөрүүлөр/.

СЕПАРАТОР <u>сепаратор</u> /заттарды бири-биринен бөлүүчү аспап.М: сүттөн каймакты бөлүүчү аппарат/.

СЕПАРАЦИЯ <u>сепарация</u> /организмдеги болгон бардык бөлүнүү/.

СЕПСИС <u>сепсис</u> / денедеги ириң ооруларынын микробдору көбөйүп кетип, анын микробу канга өткөндө байкалуучу оору/.

СЕПТИКОПИЕМИЯ <u>септикопиемия</u> /канда ириңдетүүчү микробдордун болушу/ .

СЕПТИЦЕМИЯ <u>септицемия</u> /микробдордун кан менен кошо айланып жүрүшү/.

СЕРДЕЧНАЯ АСТМА <u>жүрөк астмасы</u>/ деми кыстыгып, бачым кармоочу жүрөк ооругандыкты сезүү/.

СЕРДЦЕБИЕНИЕ <u>жүрөктүн кагышы</u>

СЕРНАЯ МАЗЬ <u>күкүрт майы</u> / ар түрлүү мителерден чыккан теринин оорусун айыктырууга ылайыктолуп жасалган күкүрт менен вазелиндин аралашмасы/.

СЕРОДИАГНОСТИКА <u>серодиагностика</u> /кандын суюк бөлүгүн изилдөө менен оорунун атын табуу/.

СЕРОЗА <u>сероза</u> /ички органдардын сыртынан капталган жылтырак чели, катмары/.

СЕРОЗИТ <u>серозит</u> /тышы жылтырак катмарлуу органдардын тышкы катмарынын сезгениши/.

СЕРОЗНЫЙ <u>сероздуу</u>/жердиги кандын суюктугунан пайда болгон суюктук/.

СЕРОЛОГИЧЕСКАЯ РЕАКЦИЯ серологиялык реакция /кандын суюктугунда тигил же бул заттын болгондугун жана ал заттардын касиеттерин аныктоочу реакция/.

СЕРОЛОГИЯ серология /ар кайсы оорулагы кандын суюктугунун өзгөрүшүн окуп үйрөнүүчү илим/.

СЕРОПРОФИЛАКТИКА серо профилактика /.ооруну алдына алуу үчүн кандын суюктугун дары катары колдонуу/.

СЕРОПУРУЛЕНТНЫЙ серопуруленттүү / кандын суюктугунан жана дагы ириңден турган суюктук/.

СЕРОТЕРАПИЯ серотерапия . /жугуштуу ооруларды кандын суюк бөлүгү менен дарылоо/.

СЕРОФИБРИНОЗНЫЙ серофибриноздуу / кандын суюктугунан жана фибринден турган зат/.

СИАЛОДЕНИТ сиалоаденит / шилекей бездеринин сезгениши/.

СИАЛОГОГИ сиалогогдор / шилекей чыгаруучу дарылар/.

СИАЛОГРАФИЯ сиалография / шилекей бездеринин өткөөлүн рентген аркылуу сүрөткө тартуу/.

СИАЛОЛИТИАЗИС сиалолитиазис /шилекей бездерине жана анын өткөлүнө таш пайда болуп ооруган оору/.

СИАЛОРЕЯ сиалорея /шилекей куюлуу/.

СИБИРСКАЯ ЯЗВА кайрууч,куйдургу

СИГМОВИДНЫЙ сигмосымалдуу / грек тамгасынын " S " окшошу. Көтөн-чучуктан жогорку жоон ичегинин формасы гректин " S " тамгасына түспөлдөш келген бөлүгү/.

СИГМОИДИТ сигмоидит /көтөн-чучуктан жогорку сигмо сымал ичегинин сезгениши/.

СИГНАТУРА сигнатура /дарыны кандай колдонуу керектигин



көрсөткөн рецептин бөлүгү/.

СИДЕРОЗ сидероз /ткандардын жана органдардын кара тактары/.

СИДЕРОЗ ГЛАЗА көздүн сидерозу /көзгө ар кандай кыпындар жана темирлүү чаңдар кирип, анын кээ бир жерлерин карартып көрсөтүү/.

СИДЕРОСКОП сидероскоп / көздүн ичине түшкөн темирдин кыпындарын, көздүн кайсы жеринде жаткандыгын аныктоочу аспап/.

СИКАРА СИНДРОМ сикара синдрому /күлкүн менен тилдин нервинин өтө катуу оорушу/.

СИКОЗ сикоз ,безетки / теринин май бездеринин өткөлүнүн сырткы бөлүгүнө стафилококк микробдору жайналып, өзгөчө беттин терилери сезгенип бүдүр ала болуп турушу/.

СИЛИКОЗ силикоз /таза эмес аба, кварц чаңынан көпкө дем алган адамдардын өпкө оорусу. Айрыкча шахтерлордо байкалат/.

СИЛИКОТУБЕРКУЛЕЗ силикотуберкулез /өпкөнүн туберкулез оорусу менен кошо силикоз оорусу кошулган оору/.

СИМБИОЗ симбиоз / бир топ жандыктардын бирге жашап, бири-бирине эриш аркак жардамдашып жашоосу/.

СИМБЛЕФАРОН симблефарон / кирпиктин көзгө жабышып өсүшү/.

СИМПАТИКОЛИТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА симпатиколитикалык дарылар /симпатикалык нервдердин козголгучтугун акрындатуучу дарылар/.

СИМПАТИЧЕСКАЯ ОФТАЛЬМИЯ симпатикалык офтальмия /оорулуу көздүн залалынын экинчи көзгө тийиши/.

СИМПАТОГОНИОМА симпатогониома /симпатикалык нерв системасынын жанындан өсүп келе жаткан мезгилинде өсүп чыккан шишик. Мындай шишик 15 жашка чейинки жаш балдарда да учурашы ыктымал/.

СИМПАТЭКТОМИЯ симпатэктомия / кээ бир мүчөлөрдү дарылоо үчүн ага баруучу симпатикалык нервдерди кесип коюу/.

СИМПТОМ симптом /ар кайсы ооруга мүнөздүү көрүнүш/.

СИМПТОМ И.БРУДЗИНСКОГО Брудзинскийдин симптому /польшалык врач.1847-1917; оорулуу жатып турган учурда бутту тизеден же жамбаштын аштоосунан катуу бүксө, экинчи бут бүгүлүп же жазылып калышы мүмкүн. Мээ кабыгы туберкулез оорусуна чалдыкканда башты азыраак ылдый эңкейтсе, тизе бүгүлүү байкалат. Ушул көрүнүштөр жүлүндүн туберкулез оорусунда байкалып автордун атында аталган/.

СИМПТОМ Т. ВИЛЛИСА Виллис симптому /англиялык врач. 1621-1675; паралич оорусуна чалдыккан беттин нервинин бутактарынын тушундагы теринин кызарып турушу/.

СИМПТОМ Р.М.ГЭННА Генна симптому /англиялык офтальмолог. 1850-1909; көздүн тамырлуу катмарынын артериялык кан тамырларынын склерозго айланып катуулаган жеринен, вена тамырлары ийилип өткөн тушунун кууш болушу/.

СИМПТОМ М.П.КОНЧАЛОВСКОГО,М.ФУМПЕЛ,К.ЛЕЕДЕ Кончаловского-Фумпел-Лееде симптому/ скарлатина оорусунда колдун чыканактан жогору тушун 10-15 минут кысып байласа, каруунун терисинде кызарган тегмилдер пайда болот. Ошондо гана адам скарлатина ооругандыгы аныкталат/.

СИМПТОМ В.М.КЕРНИГА Кернига симптому / орус врачы. 1840-1917; жамбаш муундун кыймылдабай турган мезгилинде



отуруу үчүн тизе муунун бүгө албастыгы же отурууга далалат кылганда тизенин бир аз бүгүлүшү. Мындай учур менингит, радикулит, уремия оорусунда байкалат/.

СИМПТОМ.О.ЛЕВИ Леви симптому /австралиялык врач. 1873-1961; бир проценттүү адреналин эритмесинен 1-2 тамчыны көзгө куйса, карек чоңоёт. Ал эми карек чоңойбосо парасимпатикалык нервдин кызматы күчөп симпатикалык нервдин кызматы начарлап бара жаткандыгы белгиленет/.

СИМПТОМ А.ЛЕРИ Лери симптому /француз врачы.1875-1930; демейде колдун манчаларын жайынча кыймылдатканда кол чыканак муундан акырын бүгүлөт, ал эми бир жак шал болгон учурда андай бүктөлүү болбойт/.

СИМПТОМ П.И. МЕБИУС Мебиус симптому/немецтик невролог. 1853-1907; богок оорусунда көздүн көрүүсү көргөн нерсенин өлчөмүн бир жерге чогулта албоо. Оорулуунун жакынкы буюмду карап турганда, бир көзү тыш тарапка бурулуп кетиши менен көргөн буюмдун сөлөкөтүн чогултуу жөндөмдүүлүгү бузулат/.

СИМПТОМ Н.В. НИКОЛЬСКОГО Никольскийдин симптому /орус дермато- венерологу.1858-1940; териси чакалай оорусу менен ооруган адамдардын терисинин тышкы көрүнүшү таза эле өңдүү көрүнгөнү. Ал көрүнгөн жерин бармак менен басып көргөндө, үлпакка окшош укаланып турушу/.

СИМПТОМ В.С.ОЛИВЕРА,А.КАРДАРЕЛЛИ Оливер -Кардарелли симптому /калкан чемирчегинин төмөн жагын эки манча менен кармап турганда жүрөктүн ар бир урушу силкинип турушу, толто тамырдын ийилген жеринин катмары урчуйп тышка чыгып кет=

кендигин аныктайт/.

СИМПТОМ Ф.И.ПАСТЕРНАЦКОГО Пастернацкийдин симптому/орус врачы, 1845-1902; кабыргадан төмөн, капшытты колдун кыры же атайын жасалган балка менен уруп көргөндө, ошол жердин оорушу. Ооруу өнөкөт аппендиците, бөйрөктө таш пайда болгондо жана ал туберкулезго чалдыкканда байкалат/.

СИМПТОМ Л.ПИСКАЧЕКА Пискачектин симптому /веналык - гинеколог, 1854-1932; аялдын бойлуу болгондо, жатынын сүйрү формадан тоголоктураак формага өтүшү. Түйүлдүк жатындан жабышкан жери дөмпөйүп көпкөлөң тартып турушу. Ушул учур бойго бүтүүнүн алгачкы мезгили деп, орточо эсеп менен эки ай чамасы деп болжолдонот/.

СИМПТОМ Т.РОВЗИНГА Ровзинг симптому /даниялык врач, 1862-1927; муштумду түйүп туруп ичтин сол жак төмөн жагын басып, өөдө жылдырганда ичтин оң жак төмөн жагы ооруу. Бул көрүнүш бат кармаган сокур ичеги сезгенүүдө байкалат/.

СИМПТОМ М.Г.РОМБЕРГА Ромберг симптому /немецтик невролог, 1795-1875; көздү жумуп, эки бутту тийиштирип кошо туруп турганда чайпалып тура албоо. Бул көрүнүш карп куш мээ оорута, жүлүн сифилис оорусуна чалдыкканда жана нервдердин көпчүлүгү сезгенген ооруларда байкалат/.

СИМПТОМ П.П. СИТКОВСКОГО Ситковскийдин симптому /орус хирургу; ич ооруган адамды сол жамбашына жаткырса, ичинин оң жак капталы ылдый жакка тартылып оорушу. Бул сокур ичеги оорусуна мүнөздүү/.

СИМПТОМ Ф.ХВОСТЕКА Хвостек симптому /веналык врач. 1835-1884; кыймылдатуучу нервдердин ичинен өзгөчө бет нервинин сезгектиги. Атайын жасалган балка менен ооруунун уурт тушка уруп көргөндө, ошол жердин булчуңунун тартылышы байкалат/.



СИМПТОМ К.ШТЕЛЬВАГА Штельвагдин симптому/австриялык офтальмолог, 1823-1904; Базедова оорусунда оорулуунун көзүн бат-бат кыпындатышы/.

СИМПТОМАТИЧЕСКИЙ симптомдук /оорута мүнөздүү көрүнүш/.

СИМПТОМАТОЛОГИЯ симптоматология /оорунун мүнөздүү көрүнүш белгилерин, алардын пайда болушун окуучу илим/.

СИМПТОМОКОМПЛЕКС АДАМС-СТОКСА-МОРГАНЬИ Адамс-Стокс-Морганьи симптомокомплекси/ушул симптомокомплексте жүрөктүн кыймылы токтоп же акырындайт. Анын менен кошо дем алуу бузулуп, талма кармагандай диртилдеп эстен танат. Ушундай абал жүрөктүн карынчасы менен анын үстүндөгү кобулуна баруучу нервдик козголууну өткөрүүсү бузулган учурда өзгөчө байкалат. Ал күчөгөн учурда жүрөктүн /кагышы/ кызматы токтолуп, карынчалардын иштеши экинчи автоматизмине өтөт/.

СИМУЛЬТАННЫЙ симултандуу /организмдеги көп кубулуштардын бир убакта болушу/.

СИМУЛЯЦИЯ симуляция /калп эле оорумун деп даттануу/.

СИМФИЗ симфиз / чаткалк сөөктөгү эки жамбаштын кошулган жери/.

СИНАПИЗМ синапизм / өпкө сезгенип ооруганда, көкүрөктүн тушуна жылуу сууга чылап , жабыштыруучу бетине тердин дүүлүктүрүүчү зат шыбалып, мурунтан даярдалган кагаз /горчичник/.

СИНАПС синапс /булчуң менен нервдердин бири -бирине тийишкен жери/.

СИНАРТРОЗ синартроз /кыймылсыз муун/.

СИНГУЛТУС сингултус /ыктытуу/.

СИНДАКТИЛИЯ синдактилия /колдун жана буттун манчаларынын биригип өсүп калышы. Буттун ушундай өсүшү, каз таман деп аталат/.

СИНДЕСМОЗ синдесмоз /сөөктөрдүн өз ара чарым аркылуу кошулушу/.

СИНДЕСМОЛОГИЯ синдесмология / анатомия илиминин сөөктөрдүн кошулушун окуучу бир бөлүгү/.

СИНДРОМ синдром/ оорута мүнөздүү белгилердин бир тобу/.

СИНДРОМ В.Н.АДИ Ади синдрому /англиялык невролог. 1886-1935; сифилис менен оорубаса деле, тизе менен толорсуктун рефлекси жок болуп, көздүн кареги жарыкка чагылышканда бирдей кеңейе бербестиги/.

СИНДРОМ А.АЙЕРСА Айерсанын синдрому/ аргентиналык врач, 1861-1918; өпкөнүн артериясы склероз оорусуна чалдыкканда өзгөчө көгөрүп, ал тургул эңү карарып кеткен учур. Ушундай көрүнүштү өпкөлүк жүрөк деп аташат. Көбүнчө оору өлөөр алдында байкалат/.

СИНДРОМ Д. АРЖИЛЬ РОБЕРТСОНА Аржиль Робертсон синдрому /шотландык врач, 1837-1909; көздүн карегинин жарык тийгенде жайылып жана кайра жыйрыла албастыгы. Буюмдарды көрүүсү кадимкидей болот. Айрыкча жүлүндү жана мээни сифилис оорусу кабыркатканда байкалат/.

СИНДРОМ Х.Е.БРОУН -СЕКАРА Броун -Секар синдрому /1818-1894; жүлүндүн бир жагы жарадар болгондо же анда шишик пайда болгондо, колу-буттун булчуңу карышуу, өрөөн шал болуу жарадар болгон жакта байкалат. Ошол эле оорудa оорууну жана температураны сезбеген учур оо жакта байкалат/.

СИНДРОМ С. ГАНЗЕРА Ганзера синдрому /немец психиатры,



1853-1931; эсин жоготуунун өзгөчө формасы. Ал акыл-эске күчтүү элестер таасир тийгизгенде байкалат. Суроого оорулуу эч нерсе түшүнбөгөндөй ошонун тегерегинен жооп берет. Бул учур көбүнчө соттолгон адамдарды эркинен ажыратканда байкалат/.

СИНДРОМ Г. ГИЛЛЕНА И.А.БАРРЕ Гиллен -Барре синдрому /француздук невролог, 1876; жүлүндүн туш-тушка кеткен нерв жалпы сезгенип оорушу менен буту-колдун кансыз болуп, сезими начарлап шал болушу. Ал кээде мээнин сезгениши менен коштолот. Оорунун себеби вирустан деп айтылат/.

СИНДРОМ И.Ф.ГОРНЕРА Горнер синдрому /швейцариялык офтальмолог. 1831-1886; эгерде көкүрөктүн көңдөйүндөгү омурткаларга жакын жердеги мүчөдө шишик пайда болсо, алар симпатикалык нервдерди кысат. Ошонун натыйжасында, каректин көлөмү кичирейип, көздүн үстүңкү жапкычы түшүп, көз ичин карай кирип турган абалда турушу/.

СИНДРОМ Г.ГРАДЕНИГО Градениго синдрому /италиялык врач. 1859-1926; кулактын ириң оорусу. Көздү кыймылдатуучу нервдин тамырынын сыртына ириң чогулуп же шал болуп, жаактын жогору жагы оорyy менен айырмалануучу учур/.

СИНДРОМ Р.М.ЗУДЕКА Зудек синдрому / немецтик хирург, 1866-1938; сезгенүүдөн же жарадар болуудан кийин бойбелчек жана шакшак сөөктөрдүн көлөмү кичирейип кеткен оору, ушул автордун наамында аталат/.

СИНДРОМ М.КАПОШИ Капоши синдрому /веналык дерматолог, 1837-1902; дененин бардык бөлүгүнө чыккан исиркек. Бат басталган жугуштуу оору. Көбүнчө бул балдарда байкалат. Оору температура көтөрүлүү менен башты оорутат. Ит өтүп, исиркек-

тер кулактын калканына, бетке, моюнга жана ийин кирчоосуна кайнлат. Ооруну өтө майда вирус козгойт/.

СИНДРОМ С.С.КОРСАКОВА Корсаков синдрому /орус психиатри, 1854-1900; нерв сезгенүү менен коштолгон психоз. Жакынкы өткөн же кечээ күнкү болуп өткөн окуяларды эстей албоо; Убакытты жана жүргөн жеринин атын айта албоо. Кээде өткөн окуяны такыр эстей албоо. Мээ алкоголь, суутек же кучала менен ууланганда байкалат. Мээ сезгенгенде же анда шишик пайда болгондо да сезилет/.

СИНДРОМ М.ЛЕРМУАЙЕ Лермуайе синдрому /француз отоларингологу, 1858-1927; кулак үкпөөнүн күчөшүндө тез арадан ичинде пайда болгон баш айлануудан кийин кулактын акырындык менен уга баштаашы/.

СИНДРОМ Р.ЛЕРИША Лериш синдрому/француз хирургу. 1879-1955; жолто тамырдын аякы бүткөн жеринин ичинде кандын уюп калышы/.

СИНДРОМ В.ЛЕФФЛЕРА Леффлер синдрому /швейцар врачы 1887; өпкөнүн бөлүгүнүн сезгениши, ал сезгенген жерде кандагы эозинофиль клеткалары көп болуп, аны менен катар канда да эозинофилдин көптүгү. Бул көрүнүш бронхиалдык асма, бөрү жатыш ооруларында көбүрөөк кезигет/.

СИНДРОМ Е.ЛИБМАНА,Б.САКСА Либман -Сакса синдрому /жүрөктүн ички катмарынын өзгөчө сезгениши.Бул оору теринин кызарып оорушунун бир түрүнө жакындайт/.

СИНДРОМ И.З.ЛОРЕНСА,Р.Х.МУНА,А.БИДЛЯ Лоренс-Мун-Бидля синдрому /көздүн тор катмарынын түсү өзгөрүп сезгениши. Ошону менен бирге семиртип, жыныстык органдарынын өтпөй калышы жана кем акылдуулугу/.



СИНДРОМ Ф.МАРШАНДА,Р.ВАТЕРГАУСА,К.ФРИДЕРИХСЕНА Маршанда -Ватергаус-Фридерихсен синдрому /он жашка чейинки балдарда бат башталып ооруучу бөйрөк үстүндөгү бездин кызматынын начарлап оорушу. Дененин температурасы жогорулап кусат, ичи өтүп, ич ооруйт диртилдеп, калтырайт дагы булчуңдары тырышат. Көгөрүп, денесинде кызыл так пайда болуп, эси оойт дагы аз убакыттын ичинде чала өлүмгө алып келет/.

СИНДРОМ Ж.Б.МАРФАНА Марфан синдрому /француз врачы. 1852-1942; төрөлгөндөн эле эки көздүн, кулактын, жүрөктүн, туура эмес жаралышы жана өз ордунан жылып кетиши. Чечегейдин, жүрөктүн, карынчанын ортосундагы пардасынын кемдиги, манчаларынын өзгөчө узундугу ушул синдромго мүнөздүү/.

СИНДРОМ Ж.Б.МЕЙГСА Мейгс синдрому /америкалык хирург. 1892; аялдын жумурткасына бөрч окшош эт пайда болуп чыгышуу. Аны менен бирге ички көкүрөктүн көңдөйүнө суу толуу менен мүнөздөлгөн дарт/.

СИНДРОМ И.МИКУЛИЧА Микулич синдрому / немецтик хирург. 1850-1905; бир мезгилдин ичинде шилекей жана жаш чыгаруучу бездердин шишип кетиши. Алар кармап көргөндө көпчүлүгү оорубайт. Мындай шишиктер туберкулез, сифилис, лимфогрануломатоз ооруларында учурайт/.

СИНДРОМ А.МЮССЕ Мюсса синдрому /француздук акын.1810-1857; жүрөктүн колко тамыр капкачынын өтө жетишсиздик кемдигинен, жүрөк каккан сайын, аны менен кошо баштын кийт-кийт дап кыймылдап туруушу/.

СИНДРОМ Л.СМЕРЕДАНА Смередан синдрому/француздук

хирург. 1871; операциядан 5-6 сааттан кийин эмчек жашындагы балдарда байкалуучу чукул жогору көтөрүлгөн /40 градуска чейин/ температура, өңү өтө кубаруу, деми кыстыгуу башталса, баланы өлүмгө алып келүүгө мүмкүн. Эгерде өз убагында чара колдонулса, өлүм оолактатыш ыктымал/.

СИНДРОМ Ж. ПЕДЖЕТА, Л. ШРЕТТЕРА Педжет-Шреттер синдрому /моюн туштагы кабырганын урчуюп өскөн жери ал же жарадан кийинки тырык болуп өскөн жерлери алдындагы вена тамырларды кысуудан келип чыккан колдогу вена тамырлардын каны буулуп, колдун көгөрүп көрүнүшү/.

СИНДРОМ И.Л.ПЕЙЦА, Г.ЕГЕРСА Пейца-Егерса синдрому /немец врачтары. Адамдын бетинде, өзгөчө ооздун жана мурундун таноосунун тегерегиндеги майда меңдердин, бүдүрчөлөрдүн өсүшү. Алар ошондой эле ичеги-карындын ичиндеги былжырлуу кабыкчасынын ичине өсүп чыгуу/.

СИНДРОМ ПЕЛЛИЗИ пеллизи синдрому / буту-колу кыска, тулку бою узун болуу менен денесинин жана жыныстык белгинин эрте өсүшү. Бул мээнин көрүү дөмпөгүнүн жанындагы уркуйган дене деп аталган жеринде шишик пайда болгондо байкалат/.

СИНДРОМ Х.С. ПЛАММЕРА, П.П.ВИНСОН Пламмер-Винсон синдрому /$B_2$ витамини жетишсизиктен пайда болуп, жутканда тамак ооруну, аз кандуулукту, ооздун ичиндеги былжырлуу кабыкча жылма тартып тилде ачышууну сезүүчү оорусу. Тилдин өзгөчө эки капталы өтө жылма болуп жалтырак тартып калат/.

СИНДРОМ Л.ВЕЙМГЕЛДА Веймгелд синдрому /немецтик врач. 1871-1938; карын өтө тойгондо, боор өт өөдө жылганда же ич көпкөндө байкалуучу жүрөк оорушу сезүү/.

СИНДРОМ Г. ФАНКОНИ Фанкони -синдрому /швейцариялык педиатр,



1872; бир үй бүлөнүн тукумдарынын бардык жаш балдарында байкалуучу башынын кичинелиги. Андан башка аз кандуулук, терисиндеги темгилдер байкалып жана кумурткаларынын чоңдугу/.

СИНДРОМ А.Р. ФЕЛТИ Фелти синдрому / америкалык врач. 1895; көк боор менен лимфа түйүндөрү чоңоюп, эритроциттердин тунуу убакыты ылдамдоо менен коштолгон, муундардын өнөкөт сезгенч оорусу/.

СИНЕРГЕТИЧЕСКИЙ синергетикалуу / булчуңдардын кыйрылуусунан колу-бутта бири-бирине көмөктөшүүчү кыймылдын пайда болушу/.

СИНЕРГИЗМ синергизм /колу-буттагы бири-бирине көмөктөшкөн жалпы кыймыл аракет/.

СИНЕХИЯ синехия /бир мүчө экинчиси менен өт өсүү аркылуу биригүүсү/.

СИНИВИЯ синивия /муундун суюктугу, майы/.

СИНКАНТ синкант/ көздүн бурчунун жабышып өсүшү/.

СИНКИНЕЗИЯ синкинезия /булчуңдардын бири-бирине көмөктөшкөн кыймылдоо учуру/.

СИНКЛИТИЗМ синклитизм / төрөлүүчү баланын баш сөөгү менен энесинин жамбаш сөөгүнүн шайма-шай келиши/.

СИНКОПА синкопа /мээге кан жетпегендиктен бат эле эстен танып калуу учуру/.

СИНОВИТ синовит / муундун жылтырак катмарынын сезгениши/.

СИНОВЭКТОМИЯ синовэктомия /муундун ичиндеги жылтырак катмарын такыр же бир аз гана бөлүгүн алып таштоо/.

СИНОПТОФОР синоптофор / көздүн кыйшык болуп калышынан, көздүн көрүү жөндөмдүүлүгүн аныктоочу жана аны дарылоочу аспап/.

СИНОСТОЗ синостоз /сөөктөрдүн бири=бирине сөөк аркылуу биригиши,м.:куймулчак/.

СИНТОМИЦИН синтомицин /бактерияга карши дары. Бул синтездик жол менен алынган/.

СИНУС синус /көңдөй, куыш коңул/.

СИНУСИТ синусит / денедеги ар түрдүү кобулдардын сезгениши. М.:мурундун капылжаары/.

СИНУСТРОМБОЗ синустромбоз /мээнин катуу кабыгындагы вена коңулдарына кан уюу/.

СИНУСФЛЕБИТ синусфлебит /мээнин катуу кабыгындагы вена коңулдарынын сезгениши/.

СИНХОНДРОЗ синхондроз /сөөктүн чемирчек менен кошулган жери/.

СИРИНГОМИЕЛИЯ сирингомиелия /жүлүндүн ортосуна эт өсүп, андан кийин узунунан кобул пайда болгон өнөкөт оору/.

СИРОП сироп /канттын өтө таттуу эритмеси/.

СИРОТИНА КУКОВЕРОВА СИМПТОМ сиротина куковерова симптому /колду өөдө көтөргөндө толто тамырдын тушунда угулган өзгөчө үн. Үндүн угулушу толто тамырдын склероз оорусуна чалдыкканын айгинелейт/.

СИСТОЛА систола / жүрөктүн булчуңунун жыйрылыш учуру. Ушул учурда жүрөктүн ичиндеги кандар тамырлар аркылуу жылат/.

СИТИЕРГИЯ ситиергия / тамак жеөдөн баш тартуу/.

СИСТИОМАНИЯ систиомания / адамдын кезек=кезеги менен тамакты өзгөчө жегиси келүүчү сезими.Алкы ачылуу/.

СИТИОФОБИЯ ситиофобия /тамак жегенден коркуу/.

СИФИЛИДЫ сифилиддер / сифилис оорусунун кесепетинен, териде жана былжырлуу бездердеги өзгөчө көрүнүштөрү/.

СИФИЛИС сифилис / көбүнчө жыныстык катнашуудан жуккан жугуштуу өнөкөт оору, котон жара/.

СИФИЛОГЕННЫЙ сифилогендүү / сифилистин кесепетинен пайда болгон бардык өзгөрүүлөр/.

СИФИЛОДЕРМА сифилодерма / теринин сифилис оорусу/.

СИФИЛОМА сифилома / сифилистен пайда болгон жалпы шишик/.

СИФИЛОФОБИЯ сифилофобия / сифилисти жуктуруп аламбы деп өтө коркуу/.

СКАБИЕС скабиес / котур, мите курттан пайда болгон теринин жугуштуу оорусу/.

СКАЛЬПЕЛЬ скальпель /хирургдар кесүүгө колдонгон бычак/.

СКАПУЛЯРНЫЙ скапулярдуу /далыга байланыштуу бардык өзгөрүүлөр/.

СКАРИФИКАЦИЯ скарификация /дарылоо максатында, терини бир нече чийүү, жадөө.М.:терилеги ийлаактын суусун чыгаруу үчүн да колдонулат/.

СКАРЛАТИНИФОРМНЫЕ БОЛЕЗНИ кызамык сыяктуу оорулар /дарттын формасы кызамыкка окшошкон жугуштуу оорулар/.

СКАТОМА скатома /көздүн бир бөлүгү көрбөө/.

СКВАМА сквама /өтө жука сөөк. Теринин тышкы катуу катмары да кошулат/.

СКЕЛЕТ скелет / этинен ажыратылган жылаңач сөөк/.

СКИАСКОПИЯ скиаскопия /көздүн чагылыштырышын карап изилдөөчү ык,метод/.

СКИРР скирр /катуу бөрчтөй шишик, рак/.

СКЛЕРА склера / көздүн тышкы ак чели/.

СКЛЕРАДЕНИТ склераденит /лимфа бездеринин сезгенип,аны кармап көргөндө катуулашы/.

СКЛЕРЕМА склерема /жаңы төрөлгөн баланын терисинин төрөлгөндө эле катууланып төрөлүшү/.

СКЛЕРИТ склерит /көздүн тышкы катмарынын сезгениши/.

СКЛЕРОДЕРМИЯ склеродермия /тери катуулап жана андан ары терең жайылып оорутан өнөкөт оорусу/.

СКЛЕРОЗ склероз /кошуучу ткандардын өсүшүнөн, ткандардын жана органдардын катуу тартып, дартка чалдыгышы/.

СКЛЕРОМА склерома / дем алуу жолдорундагы былжырлуу катмарлардын өнөкөт оорусу/.

СКЛЕРОТИЧЕСКИЙ склероздук /склерозго байланыштуу оорулар/.

СКЛЕРОТОМИЯ склеротомия /көздүн тышкы катмарын кесүү, тилүү/.

СКЛЕРЭКТОМИЯ склерэктомия /көздүн ичиндеги басым жогорулаганда көздүн тышкы кабыгынан тилке кесилип алынып таштоо/.

СКОЛЕКС сколекс /ичеги-карында кезигүүчү кээ бир мите, тасма курттардын башы/.

СКОЛИОЗ сколиоз /омурткалардын капталына карай кыйшайышы.Бул туберкулез оорусунда байкалат/.

СКОПОЛАМИН скополамин / көздүн карегин кеңейтүүчү дары/.



СКОРАЯ ПОМОЩЬ МЕДИЦИНСКАЯ медициналык тез жардам

СКОРБУТ скорбут /С витамини жетишсиздиктен пайда болгон цинга деп аталуучу оору/.

СКОТОМА скотома /көз менен караганда, караган буюмдун бир бөлүгүнүн көрүнбөй калышы. Бул көрүнүш ар түрдүү себептерден келип чыгат/.

СКРОФУЛОДЕРМА скрофулодерма / теринин туберкулез оорусу/.

СКУБАЛУМ скубалум /катыган бок/.

СКЛЕРЭКТОЗИЯ склерэктозия /көздүн тышкы катмарынын тышына урчуюп чыгышы/.

СЛЕПОЧНЫЕ МАТЕРИАЛЫ калыпка колдонуучу материалдар /ээктеги тиштердин кемтигин толуктоо үчүн тиши жок адамды тиштетип, анын көбүн алууга колдонулуучу заттар/.

СМЕГМА смегма /эркектин жыныстык мүчөсүнүн май бездеринин чыгарган суюктугу/.

СМЕШАННЫЕ ОПУХОЛИ аралашкан шишик /шишикти кесип алып, микроскоп менен караганда ал ар түрлүү ткандардан турушу/.

СНОВИДЕНИЕ түш көрүү

СОВКАИН совкаин /ооруган жерди баса турган дары. Аны көпчүлүк учурда омуртканын көңдөйүнө жибергенде, ооруган жерди басат жана башка наркозсуз эле ошол дары жиберген жердин чөйрөсүн кесип операция жасоого болот/.

СОЛВЕНЦИИ солвенция / шилекейни, бронхадордон белүнүп чыккан сүктүктү, суюлтуучу дарылар/.

СОЛИТАРНЫЙ солитарлыг /белүнген, өзүнче, жалгыз /.

СОЛЯРИЙ солярий / дененi күнге кыйгызуучу, күн ваннасын алуурга ылайыкталган жай/.

СОМАТИЧЕСКИЙ соматиканык /тулку бот, денеге хамаарылыг сөөздер/.

СОМНАМБУЛИЗМ сомнамбулизм / адамдын түн ичинде уктап чыдырда туруп, элирип баспышаан кежээрү/.

СОМНИЛОКВИЯ сомнилоквия / соо эле адамдын уктап чыдып сүйлеши/.

СОМНОЛЕНТНОСТ сомнолентност /уйкуга бериллии,оорунган уйку басуу/.

СОННАЯ БОЛЕЗНЬ уйку оорузу / кенчүлүк учурда майда кандыктар адамды чакканда жуккан, узак үбакытка уктоочу ооруу/.

СОНОРНЫЙ сонорлуг /үндүг, ыжыкылдак дабыштыг/.

СОПОР сопор /иидеттин кессепетинен өтө катуу уктоо, сеткилдин бузулушун баяндайт/.

СОСУДОСУЖИВАЮЩИЕ СРЕДСТВА кан тамырны кызыраруучу дарылар /кан тамырнын капталындагы булчуңнарга чыңгалтып таасир тийгизүүден аның кадемин кичирейтирүүчү дарылар. Ооонуң натыйжазында тамырдагы кандын базымы хөгөрүлдейт/.

СОСУДОРАСШИРЯЮЩИЕ СРЕДСТВА кан тамырны чоңгалтыруучу



дарылар/кан тамырлардын капталындагы булчуңнарга шалбыратып таасир тийгизүүден анын көлемүн чоңойтуучу дарылар. Ошонун натыйжасында тамырдагы кандын басымы төмөндөйт/.

СПАЗМ спазм / кээ бир булчуңдардын өтө күчтүү жана бачым кармап карышып, тырышып калышы/.

СПАЗМОГЕННЫЙ спазмогендүү /тырышууга алып келүүчү учур/.

СПАЗМОЛИЗ спазмолиз /тырыштырууну жумшартуучу зат/.

СПАЗМОЛИТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА тырыштырууну солдактатуучу же акырындатуучу дарылар

СПАЗМОФИЛИЯ спазмофилия /үч жашка чейинки балдардын оорусу. Балдар калтырап-титиреп талма өнденүп оорушат/.

СПАЗМАСТИЧЕСКИЙ спазмдуу/булчуңдарды тырыштыруучу,карыштыруучу /.

СПЕРМА сперма / жыныстык катнашууда эркектен чыккан суюктук, эрендик.Анда урук жана эркектик бездин чыгарган суюктугу болот/.

СПЕРМАТОГЕНЕЗ сперматогенез /сперматозоиддердин өсүп, пайда болуу процесси/.

СПЕРМАТОЗОИД сперматозоид / эркектин жыныстык клеткасы/.

СПЕРМАТОРЕЯ сперматорея / жыныстык катнашсыз эле сперманын куюлуп калышы/.

СПЕРМАТУРИЯ сперматурия / эрендиктин сийдик аркылуу чыгышы/.

СПЕРМАТОЦЕЛЕ сперматоцеле / эркектин жумурткасынын үстүнкү жагына пайда болгон ичи спермага толгон ыйлаакча/.

СПЕРМАТОЦИСТИТ сперматоцистит / эркектин урук ыйлаакчаларынын сезгениши/.

СПЕРМИН спермин / буканын куулугунун жака көк боорунун

суктугунан химиялык жол менен алынган зат. Мурун ааддардын көп оорусун айыктырууга колдонулган/.

СПИКА спика /мууну сегиз цифрага окшош, эки тегерек формалуу кылып таңуу/.

СПИНАЛГИЯ спиналгия / далы ортодогу омурткаларды ургулап же сыйпап көргөндө ачуу өтө оорушу. Бронхдун сезгенишi. Бул туберкулезго чалдыккан учурунда байкалат/.

СПИНАЛЬНЫЙ спиналдуу /омурткага, же жүлүнгө тиешелүү сөздөр/.

СПИННАЯ СУХОТКА сифилистен пайда болгон жүлүн оорусу

СПИРАЛЬНЫЙ спиралдуу ,/дене түзүлүшүндө формасы бурамадай ыылдуу нерселер/.

СПИРИЛЛА спирилла / формасы толгонгон, буралгандай бактерия/.

СПИРИЛЛЕЗ спириллез /спирилла деп аталган микробдордон пайда болгон оору/.

СПИРОМЕТРИЯ спирометрия / өпкөнүн дем алган, дем чыгарган абасын өлчөө/.

СПИРОХЕТА А.БОРРЕЛЯ Борреллдин спирохетасы /француздук бактериолог. 1867-1936; кайталама келте оорусун козготуучу формасы ийри-муйру жандык/.

СПИРОХЕТА спирохета /денеси чубалган, узун кыймылдуу бактерия/.

СПИРОХЕТОЗ спирохетоз / спирохетадан пайда болгон оору. к. СПИРОХЕТА/.

СПЛАНХНОЛОГИЯ спланхнология /анатомия илиминин ичеги-карынды дем алуу жолдорун жана сийдик жолдорун окууга арналган бөлүгү/.

СПЛАНХНОМЕГАЛИЯ спланхномегалия /ичтеги органдардын клеткалык курулушу өзгөрүлбөй, башка бир себептер менен ашык келемүнүн чоңоюп кетиши/.

СПЛАНХНОПТОЗ спланхноптоз /ичтеги органдардын төмөн түшүшү, жылдыйлап кетиши/.

СПЛЕНИЗАЦИЯ спленизация / өпкөнүн көк боорго окшош катуулашы, берчке айланышы/.

СПЛЕНИТ спленит /көк боордун сезгениши/.

СПЛЕНИН спленин / уйдун көк боорунан алынган белоксуз дары. Кыйналтып өтүүчү талгактын тушунда ааддарды дарылайт. Ошондой эле азоттук зат алмашуу процесси бузулганда да колдонулат/.

СПЛЕНОМЕГАЛИЯ спленомегалия /кандын оорусунда жана башка жугуш ооруларда көк боордун чоңоюп кетиши/.

СПЛЕНОПТОЗ спленоптоз / көк боордун жылдыйлап жылып, ордунан козголушу/.

СПЛЕНОТОМИЯ спленотомия / ичиндеги дартты алуу үчүн көк боорду кесүү/.

СПЛЕНЭКТОМИЯ спленэктомия / көк боорду операциялык жол менен алып таштоо/.

СПЛЕТЕНИЯ НЕРВНЫЕ нервдин чачышуусу / нерв кипчелеринин ар тараптан кошулуп чачылкан, тоголоктошкон жери/.

СПОНГИОЗ спонгиоз /теринин тышкы кыртышынын суу чыгып сезгенген оорусу/.

СПОНГИОЗНЫЙ спонгиоздуу / майда тешиктүү, сөөктүн кемигиндей болгон нерселер/.

СПОНДИЛАРТРИТ спондилартрит /омурткалардын арасындагы муун-

дардын сезгениши/.

СПОНДИЛАРТРОЗ спондилартроз/ омурткалардын муундары менен кошо өзүнүн да өзгөрүшү/.

СПОНДИЛЁЗ спондилёз / омуртканын кетилип өзгөрүп ооруган өнөкөт оорусу/.

СПОНДИЛИТ спондилит / омурткалардын сезгениши/.

СПОНДИЛОЗ спондилоз / омурткалардын сезгенүүсүз эле оорулары/.

СПОНДИЛОЛИЗ спондилолиз / омуртканын ийри капталынын экинчи омурткага жабышуучу муундук бетинин кемтик болуп калышы/.

СПОНДИЛОЛИСТЕЗ спондилолистез /омуртканын өз огунан алдына жылып кетиши/.

СПОНТАННЫЙ спонтандуу / эч себепсиз өзүнөн -өзү пайда болгон оорулар/.

СПОРА спора / кээ бир өсүмдүктөрдүн жана бир клеткалуу организмдердин жыныссыз көбөйүшү үчүн түйүлдүк клеткасы/.

СПОРОДИЧЕСКИЙ спородикалык /анда=мында өзгөчө, кезек=кезеги менен пайда болгон оорулар/.

СПОРОТРИХОЗ споротрихоз /теринин тереңинен орун алган грибок оорусу/.

СПРУ спру / тропикалык жана субтропикалык өлкөлөрдө кезигүүчү ич өтүп, тил ооруп, аз кандуулукка алып келүүчү оору/.

СТАНДАРТИЗАЦИЯ ЛЕКАРСТВЕННЫХ СРЕДСТВ дарыларды белгилүү бир ченемге келтирүү

СТАРЧЕСКОЕ СЛАБОУМИЕ жаш улгайган учурдагы кем акылдуулук, ныжуу

СТАФИЛАКОККОВАЯ ИНФЕКЦИЯ стафилакокк микробу жугузган оору

СТАФИЛИТ стафилит /кемекейдеги кичине тилдин сезгениши/.

СТАФИЛОДЕРМИЯ стафилодермия /стафилококк деп аталган микробдон пайда болгон теринин оорусу/.

СТАФИЛОКОКК стафилококк / чокмороктоп чогулган шар түрүндөгү бактериялар. Көбүнчө ириң ооруларын пайда кылат/.

СТАФИЛОМА стафилома /көздүн тунук катмарынын алдына карай урчуюп чыгышы/.

СТАЦИОНАРНЫЙ стационардуу /адамдардын кыймылы аз болуп, бир жерде тынчтанган абалда болушу/.

СТЕАТОЗ стеатоз /май тээп, шишүү/.

СТЕАТОМА стеатома /май безиндеги чогулуп үюган май/.

СТЕАТОПИГИЯ стеатопигия / кээ бир адамдын куйругунун өтө чоң майлуулугу, жамбашына өтө көп майдын чогулуусу/.

СТЕАТОРЕЯ стеаторея / заңда майдын санынын өтө көп болушу. Бул уйку безинен чыккан ферменттин жоктугунда байкалат/.

СТЕКЛОВИДНОЕ ТЕЛО илээшкен суюк тунук зат /көздүн арткы катарында болуп, нур чагылууга көмөктөшүүчү илээшкен суюк зат/.

СТЕНОЗ стеноз /өткөөлдөрдүн, көңдөйлөрүнүн тешиктеринин көзөнөгүнүн тарышы/.

СТЕНОКАРДИЯ стенокардия /жүрөк мыкчыгандай сезүү. Жүрөктүн кан тамырлары начар иштегенде байкалат/.

СТЕНОТИПИЯ стенотипия /кол булчуңунун көнүгүүсүнө жараша жазуучу, машинаны ылдам басуучу адамдар/.

СТЕНТОНА СИНДРОМ стентона синдрому /тиштин түбү саргарып, жалтырак катмары бозоруп, өтө кетилген тиштин оорусу/.

СТЕРДЖА -ВЕБЕРА-КРАББЕ СИНДРОМ Стерджа-Вебера-Краббе синдрому/ кан тамырдан өсүп чыккан шишик бир жак бетте болуп,

анаи кездун кан тамырына залал келтирип, андан ары ошол ереендегу мээнин жумшак катмарынын кан тамырынан өсүп чыккан шишик ушул авторлордун атында аталат/.

СТЕРЕОАГНОЗИЯ стереоагнозия /адам бир нерсени сыйпаса да көрбөй туруп, аны биле албаган абал/.

СТЕРИЛИЗАЦИЯ стерилизация /микробдорду жоготуу; алар ар түрлүү жолдор менен ишке ашырылынат. Тукумун өөрчүтпөс максатында, жыныстык бездерден суюктуктун чыгышына тоскоолдук кылуу чаралары/.

СТЕРИЛЬНАЯ стерилдүү /төрөбөгөн аял/.

СТЕРИЛЬНЫЙ стерильный /организмде микробдун жоктугу; уруксуз адамдар ушундай деп аталат/.

СТЕРИНЫ стериндер /липоид тобуна кирүүчү заттар/.

СТЕРКОБИЛИН стеркобилин /ичегиде билирубин затынын азгөрушү/.

СТЕРКОТОРАКС стеркоторакс /плевра көңдөйүнө заң түшүүдөн пайда болгон плевранын сезгениши/.

СТЕРНАЛГИЯ стерналгия / көкүрөктүн төш тушундагы оорусу/.

СТЕРНАЛЬНЫЙ стернальный /төш сөөгүнө тиешелүү/.

СТЕРНАЛЬНАЯ ПУНКЦИЯ төш сөөгүнө ийне салуу / сөөктөгү кандын кызматын байкоо үчүн ага ийне салуу/.

СТЕРНОТОМИЯ төш сөөктү кесүү / ичтеги өлгөн баланы. эненин денесин оорутпай алуу максатында, анын төш сөөгүн кесип майдалап чыгаруу/.

СТЕРНУТАТОРИИ стернутатория / чүчкүртүүчү дарылар/.

СТЕРНУТАЦИЯ стернутация, чүчкүрүү

СТЕРТОР стертор /ар кандай дарттын себебинен көкүрөк кыркыроо/.



СТЕРОСКОП стероскоп /дененин оорулуу бөлүгүн тыңшоочу атайын аспап/.

СТИГМАТЫ стигматтар /истерия оорусунун белгилери/.

СТИМУЛИРУЮЩИЙ стимулдаштыруучу / бир нерсеге түрткү берүүчү, эргитүүчү, жөлөк берүүчү заттар/.

СТИМУЛЯЦИЯ стимуляция /организмдеги мүчөлөрдүн кызматын кубаттандырууга, эргитүүгө ылайыкталган чаралар/.

СТОМАТИТ стоматит /ооздун ичиндеги былжырлуу катмардын сезгениши/.

СТОМАТОЛОГИЯ стоматология /медицина илиминин ооздун ичиндеги органдардын илдетин окуй турган бир бөлүгү/.

СТОМАТОРРАГИЯ стоматоррагия / бүйлөдөн кан агуу/.

СТОМАХИКИ стомахиктер /тамак жөөгө көңүлдөнттүрүп жана аны сиңиртүүчү дарылар/.

СТРАБИСМУС страбисмус /кыйшык көз/.

СТРАДАНИЯ П.ПОТТА Потта азабы /англиялык хирург 1713-1788; туберкулез оорусунан омуртканын желиши. Омурткалар кемирилип желгендиктен, оорулуунун белинин бүкүрөйүп калышы/.

СТРАНГУЛЯЦИЯ странгуляция /сыйрытмак салып муунтуу/.

СТРАНГУРИЯ странгурия / күч менен ыйынганда гана сийдиктин тамчылап. арадан зорго чыгышы/.

СТРЕПТОДЕРМИЯ стрептодермия /стрептококк микробунан пайда болгон тери оорулары/.

СТРЕПТОКОККИ стрептококктор/формасы тегерек сымалдуу тоголок микробдор- кокктор.Бул көп ооруга чалдыктырууга жөндөмдүү/.

СТРЕПТОМИЦИН стрептомицин / көпчүлүк микробдорго таасирин тийгизүүчү антибиотик. Туберкулез оорусун дарылоодогу негизги дары/.

СТРЕПТОЦИД стрептоцид /бир топ микробдорго өлтүрүүчү таасирин тийгизген дары/.

СТРИДОР стридор /алкымдын көңдөйү, бронхдордун көңдөйү ичкерип калуудан, дем алганда ышкырган үндүн добушунун чыгышы/.

СТРИКТУРА стриктура / өткөөлдөрдүн жана тешиктердин көңдөйүнүн жарым жартылай тарышы. М.: ичеги, кызыл өңгөч ж.б.у.с./.

СТИЛЛА БОЛЕЗНЬ стилла оорусу /балдардын муундарынын өзгөче мүнөздүү жугуштуу оорусу/.

СТРИХНИЗМ стрихнизм /стрихинин менен ууланyу/.

СТРОМА строма /ткандын же органдын негизин түзгөн зат/.

СТРОФУЛУС строфулус /жаш балдардын терисинин кычытма оорусу. Негизинен көкүрөктө жана колу-бутта байкалат/.

СТРУМА струма /калкан безинин чоңоюшу, богок/.

СТРУМИТ струмит /калкан безинин сезгениши/.

СТРУМОЗНЫЙ струмоздуу / богокко байланыштуу өзгөрүүлөр/.

СТРУМЭКТОМИЯ струмэктомия / операциялык жол менен богокту же анын бөлүгүн алып таштоо/.

СТУПОР ступор /адамдын селдейип калган абалы/.

СТУПРУМ ступрум / зордуктоо/.

СУБАКУТНЫЙ субакутный / оорунун башталышы бат эмес- же созулуу эмес экөөнүн ортосундагыдай оорушу/.

СУБАРАХНОИДАЛЬНЫЙ субарахноидалдуу /мээнин желе кабыгынын алдынан орун алган өзгөрүүлөр/.

СУБАЦИДНОСТЬ субацидду / аш казандын маңызындагы кислоталуулугунун аздыгы/.

СУБДЕЛИРИУМ субделириум /адамдын анчейин көп эмес, узакка созулбаган дээрүүсү/.



СУБДИАФРАГМАЛЬНЫЙ субдиафрагмалдуу /боор/ эттин алдындагы көкүрөк көңдөйү менен ичтин пардасынын алдындагы өзгөрүүлөрү/.

СУБДУРАЛЬНЫЙ субдуралдуу / мээ кабыгынын алдынан орун алган өзгөрүүлөр/.

СУБИКТЕРУС субиктерус / сарыктын жеңил түсү/Денесин анчейин сары болуп кетпестиги/.

СУБИЛЕУС субилеус /ичегиден тамак заты жаңыдан гана ары өтө албай турган учуру/.

СУБИНВОЛЮЦИЯ МАТКИ жатындын ийилүү абалы /төрөттөн кийинки жатындын өз калыбына келе албастыгы/.

СУБКОРТИКАЛЬНЫЙ субкортикалдуу /мээнин кыртышынын алдынан орун алган өзгөрүүлөр/.

СУБКУТИС субкутис /теринин алдындагы чарым/.

СУБЛЕЙКЕМИЯ сублейкемия /ак кан оорусу. Ак кандын /лейкоциттин/ саны анчейин аз болбогон учуру/.

СУБЛИМИС сублимис /денеде үстүртөн орун алган көрүүгө, дарылоого ыңгайлуу дарт/.

СУБЛИНГВАЛЬНЫЙ сублингвалдуу /тилдин алдында орун алган өзгөрүүлөр/.

СУБЛЮКСАЦИЯ сублюксация /сөөктүн муундан толук эмес чыгуусу/.

СУБМАНДИБУЛЯРНЫЙ субмандибулярдуу /ээктин алдында, астынкы ээктин алдында /.

СУБОКЦИПИТАЛЬНЫЙ ПРОКОЛ кара күш сөөгүнүн төмөн жагына ийне салуу

СУБПЕРИОСТАЛДУУ субпериосталдуу / сөөктүн сырткы чарымынын алдындагы өзгөрүүлөр/.

СУБСЕРОЗНЫЙ субсероздуу /жылтырак кабыкчанын алдындагы өзгөрүүлөр/.

СУБСКАПУЛЯРНЫЙ субскапулярдуу /далынын алдындагы өзгөрүүлөр/.

СУБСКРИПЦИЯ субскрипция / дарыны кандай формада жасоо керектигин белгилеөчү рецептин бөлүгү/.

СУБСТАНЦИЯ субстанция /зат/.

СУБЛИНГВАЛЬНЫЙ сублингвалдуу /тилдин алдындагы өзгөрүүлөр/.

СУБФЕБРИЛЬНЫЙ субфебрилдүү/ дененин температурасынын анчейин жогору эмес, 38 градуска чейинки ысышы/.

СУГГЕСТИЯ суггестия /бир адамга бир адамды ишендирүү. Бул жин ооруларды дарылоодо колдонулат/.

СУДАЦИЯ судация /тердөө/.

СУИЦИДИУМ суицидиум /башка киши колдуу эмес, өзүн-өзү өлтүрүү/.

СУККУЛЕНТНЫЙ суккуленттүү /маңыздуу, суулуу/.

СУЛЬФАМИДОТЕРАПИЯ сульфамидотерапия /сульфамид дарылары менен дарылоо/.

СУЛЬФАНИЛАМИДНЫЙ СРЕДСТВА сульфаниламид дарылары / кээ бир бактериялардын өсүшүн токтотуу менен алардан пайда болгон дартты айыктыруучу дары/.

СУЛЬЦБЕРГЕРА -ГЕРБЕ БОЛЕЗНЬ Сульцбергер -Гербе оорусу /чанда учуроочу, белгисиз себептен пайда болуучу теринин нервинин оорусу. Ал ушул автордордун атына аталган/.

СУПЕРАКУТНЫЙ суперакуттуу / өтө тез ооруучу, ооруга чалдыктырган оорулар/.



СУПЕРИНФЕКЦИЯ суперинфекция /жугуштуу оорудан айыга электе, экинчи ирет кайталап жугуу/.

СУПЕРФИЦИАЛЬНЫЙ суперфициалдуу/терең эмес, үстүртөн/.

СУПЕРЦИЛИАРНЫЙ суперцилиардуу /каштын тегерегиндегилерге тиешелүү өзгөрүүлөр/.

СУППОЗИТОРИЙ суппозиторий / бир аз гана жылуулукта эрип кете турган катуу өңдүү дарынын түрү/.

СУППРЕССИЯ суппрессия / оорунун журушун, өсүшүн токтотуу/.

СУППУРАТИВНЫЙ суппуративдүү / ириңдөөчү, ириң пайда кылуучу микробдор/.

СУППУРАЦИЯ суппурация / ириңдөө, ириң агуу/.

СУПРАВАГИНАЛЬНЫЙ суправагиналдуу / аялдын кынынын жогору жагынан орун алган бардык өзгөрүүлөр/.

СУПРАКЛАВИКУЛЯРНЫЙ супраклавикулярдуу / акырек сөөгүнүн үстүндөгү өзгөрүүлөр/.

СУПРАМАЛЛЕОЛЯРНЫЙ супрамаллеолярдуу /кызыл ашыктын үргүгүнүн үстүндөгү өзгөрүүлөр/.

СУПРАОРБИТАЛЬНЫЙ супраорбиталдуу /көз чарасынын жогору жагында орун алган өзгөрүүлөр/.

СУПРАПАТЕЛЛЯРНЫЙ супрапателлярдуу /томуктан жогору/.

СУПРАРЕНАЛЬНЫЙ супрареналдуу / илдеттин бөйрөктүн үстүнөн орун алган учуру/.

СУПРАСКАПУЛЯРНЫЙ супраскапулярдуу/далынын үстүндө болгон өзгөрүүлөр/.

СУРДИТАС сурдитас /керең, дүлөй/.

СУРДОМУТИТАС сурдомутитас /дудук/.

СУРДОПЕДАГОГИКА сурдопедагогика /кулагы зорго угуучу керең балдарды тарбиялоо жана окутуу жөнүндөгү илим/.

СУСПЕКТИВНЫЙ суспективдүү /организмдеги өзгөрүүлөрдүн күмөндүү, болоор-болбостугу/.

СУСПЕНЗИЯ суспензия / эң майдаланган дарынын суюк түрү/.

СУСПЕНЗОРИЙ суспензорий /мүчөнү өөдө көтөрүүгө ылайыкталган байлоо, таңуу/.

СУСТАВНАЯ МЫШЬ муун ичиндеги бөрч /муундун ичине катуу ткань же чемирчек пайда болуп, анын ичинде бош эле жылып жүрүшү/.

СУТУРА сутура /төрөлгөндө эле пайда болгон денедеги тигиш/.

СУФФОКАЦИЯ суффокация /муунтуу/.

СУФФУЗИЯ суффузия /канталап калуу. Бул бир жерди катуу нерсеге уруп алганда байкалат/.

СУХОЖИЛЬНЫЙ ШОВ тарамыштын тигиши

СФЕНОИДАЛЬНЫЙ сфеноидалдуу / сөөктөгү шынаа сымал урчук/.

СФЕРОЦИТОЗ сфероцитоз / канда тегерек, сүйрү формадагы эритроциттердин пайда болушу/.

СФИГМОБОЛОМЕТРИЯ сфигмоболометрия /кан тамырлардын кагыш толкунунун көлөмүн өлчөө менен жүректүн кыймылын өлчөө ыгы/.

СФИГМОГРАММА сфигмограмма /тамырдын кагуу толкунун жазуу/.

СФИГМОГРАФИЯ сфигмография /артериялык тамырдын кагышын курал менен жазып алуу/.

СФИГМОМАНОМЕТР сфигмоманометр / артериялык басымды өлчөөчү аспап/.

СФИГМОМАНОМЕТР С.РИВА -РОЧЧИ Рива-Роччи сфигмоманометри италиялык врач.1863-1937; формасы жалпак эки кат, түпк үйлө-



гөндө жел толуучу резинаны каруугa байлап, бир жагы сымап мамилүү куту аркылуу туташтырып, кандын басымын өлчөөчү аспап/.

СФИНКТЕР сфинктер /көтөндүн бүйрүмөсүн, табарсыктын тешигин кысуучу, жабуучу булчуңдар/.

СХИЗОФРЕНИЯ схизофрения /шизофрения жин оорусунун бир түрү/.

СЫВОРОТКА А.А. БОГОМОЛЬЦА Богомольцтун сывороткасы /советтик патофизиолог. 1881-1946; жаныбарларга сөөктүн чучугу, көк боор эндүү эте күчтүү белок куюп, алардан алынган сывороткасы организмдин жалпы алын күчөтүү катарында колдонуу. Ал көбүрөөк куюлса, клеткаларды өлүмгө алып келиши да ыктымал/.

## Т

ТАБАКОЗ табакоз /узак убакытка чейин тамекинин чаңын дем алуудан пайда болгон өпкө оорусу/.

ТАБЕС табес / жүлүндүн оорусунан кийин буттун сезүүсү бузулуп, басуу калыбынан жаңылышы/.

ТАБЛЕТКА таблетка / дарынын катуу жалпак жана тегерек формасы/.

ТАКАЯСУ СИНДРОМ такаясу синдрому /кээ бир адамдарда учуроочу тамырынын кагышынын билинбестиги. Айрыкча кан тамырлардын оорусунда байкалат/.

ТАКТИЛЬНЫЙ тактилдүү /дене бир нерсеге тийгенде сезүү/.

ТАКТИЛЬНЫЙ ГАЛЛЮЦИНОЗ тактилдүү галлюциноз /жин оорусунда байкалуучу, денесине бир нерсе тийгендей же ар түрдүү майда жандыктар жөргөлөп жүргөндөй сезилүүгө даттануу/.

ТАЛАЛГИЯ талалгия / согончоктун таман жагынын оорусу/.

ТАЛАМУС таламус /мээдеги көрүү дөңчөсү/.

ТАЛАМЭНЦЕФОЛОН таламэнцефолон /ортоңку мээнин бир бөлүгү/.

ТАЛАССЕМИЯ талассемия /бир үй-бүлөдө төрөлгөндө эле пайда болгон, кандагы эритроциттердин жарылышынан келип чыккан аз кандуулук/.

ТАЛАССОТЕРАПИЯ талассотерапия / деңизге киринүү, анын климаттык шарттарын дарылоого колдонуу/.

ТАЛАССОФОБИЯ талассофобия /суудан, деңизден коркуу/.

ТАЛИПЕС талипес /майпаң буттуу адам/.

ТАЛИПОМАНУС ТАЛИПОМАНУС /кийшык манчалуу, алаканы каруу жакка ийилген колдуу адам/.

ТАЛЬМА ДРУММОНДА ОПЕРАЦИЯ Тальма-Друммонд операциясы /ичке суу толо баштаганда, андан арылтуу максатында, чычыркай майды ичтин алдынкы бетине тигип коюу операциясы/.

ТАМПОНАДА тампонада /денедеги көңдөйлөргө же операция жасалган жараланган жерлерге даки чүпүрөктөрдү шыкап коюу. Көбүнчө кан агууну токтотуу максатында шыкалат/.

ТАМПОНАДА СЕРДЦА жүрөк тампонадасы / жүрөк кабына суюктук же кан толуп кетүүдөн жүрөктү кысуу/.

ТАНАТОЛОГИЯ танатология / өлүм жөнүндөгү окуу. Адам өлөөр алдында кандай өзгөрүүлөргө дуушар болду, аны өлтүрбөй алып калууга мүмкүн беле деген суроонун тегерегиндеги илимдик окуу/.

ТАНАТОФОБИЯ танатофобия /канынын басымы жогору оорулуу адамдардын мүрт өлүүдөн коркуусу/.

ТАРСАЛГИЯ тарсалгия /буттун шыйбылчагынын алдындагы сөөктөрүнүн оорусу/.



ТАРСИТ тарсит /көздүн үстүнкү жапкычынын чемирчегинин сезгениши/.

ТАРСЭКТОМИЯ тарсэктомия /буттун шыйбылчагынын сөөктөрүнүн учун операциялык жол менен алып таштоо/.

ТАТУИРОВКА татуировка /теринин алдына ийине менен боёкту кийрип, ар түрлүү тамгаларды жана сүрөттү түшүрүү/.

ТАХИКАРДИЯ тахикардия /жүрөктүн бат-бат согушу, жүрөктүн согушун тамыр аркылуу эсептегенде бир минутанын ичинде норма 60 деп, андан жогорку сандагы жүрөктүн кагышы тахикардия деп аталат/.

